КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда
УДК 372. 882 (575.2)(043.3)

БАЙТИКОВА БАКТЫГУЛЬ БАТЫРБЕКОВНА

ОКУТУУ ӨЗБЕК ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи: Педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Муратов Абдикарим Жаркынбаевич**

Ош – 2017

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ
Изилдөө тууралуу жалпы маалымат …… 3

I ГЛАВА
ОКУТУУ ӨЗБЕК ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ЖАЛПЫ ТЕОРИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ
1.1. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы ……12
1.2. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабияты окуу программасына, окуу китептерине анализ
1.2.1 Кыргыз адабияты боюнча окуу программасынын мазмуну ……...20
1.2.2. Окуу китептеринин абалы боюнча талдоо жүргүзүү .……... 31
1.3. Кыргыз адабиятын өзбек мектептеринде үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү 42
1.3 1. Өзбек тилдүү мектептердин 5-классында жомокторду окутуунун өзгөчөлүктөрү ……..45
1.3.2. Көркөм текстти автордун позициясы менен байланышта интерпретациялоонун жолдору жана ыкмалары …… 54
1.3.3. Салт ырларын окутуу – кыргыз элинин турмушун окутуу ……...67
1.3.4. Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу ……...75
1.3. 5. Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабияты предмети боюнча класстан тышкаркы иштерди жана ийримде иш алып баруунун жолдору.....87
I ГЛАВА БОЮНЧА КОРУТУНДУ ……...95

II ГЛАВА
ӨЗБЕК МЕКТЕПТЕРИНДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ӨЗБЕК АДАБИЯТЫ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТА ОКУТУУ МЕТОДИКАСЫ
2.1. Өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптары, принциптери ……..... 97
2.1. 1. 5-класста Ч. Айтматовдун өмүрү-чыгармачылыгын окутуу……....106
2.1.2.5-класста Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» чыгармасын окутуу.114
2.1.3.6-класста Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасын окутуу....120
2.2. Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутууда өзбек жана кыргыз адабиятын интеграциялап үйрөтүүнүн жолдору, ыкмалары ……...126
II ГЛАВА БОЮНЧА КОРУТУНДУ ……...153
III ГЛАВА
Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары ……155
III ГЛАВА БОЮНЧА КОРУТУНДУ ……..168
ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР ……..169
КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ……....171

КИРИШҮҮ

Инсанды ар жактуу өстүрүү жана тарбиялоо, анын өз алдынча калыптануусуна салым кошуу – мектептин негизги маселелеринен болуп калды. Жогорудагы маселелерди чечүүнүн булагы катары адабият жана адабият сабагы чоң роль ойнойт. Анткени, адабият сабагынын негизги милдеттеринин бири болуп адамды инсан кылып калыптандыруу, руханий дүйнөсүн байытуу болуп эсептелет жана «...коомдун өзүн-өзү таанып-билүүсүндө, өткөндөрдү эске түшүрүүсүндө, жаштардын аң-сезимин гумандаштырууда, эне тилдин байлыктарын өздөштүрүүсүндө эбегейсиз чоң кызмат аткарат. Ааламдашуу процесси аябай тездик менен жүрүп жаткан учурда, адамзат өз баскан жолун кайра-кайра аңдап үйрөнүүгө барбаса, туюкка кептелери дайын болуп турган, маданияттардын диалогунун зарылдыгы күн өткөн сайын актуалдашып жаткан азыркы шартта мектепте өтүлүүчү адабият предметине өзгөчө милдет жүктөлгөн» [102:7].

Изилдөө ишинин актуалдуулугу. Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин мамлекеттин тили – кыргыз тили болуу менен 2004-жылы 12-февралда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамын кабыл алды. Ал мыйзамдын 1-главасынын 1-беренесинде: «Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат» деп айтылып, 5-главанын 18-беренесинде мындай жазылган: «Окутуу расмий же башка тилдерде жүргүзүлгөн мектепке чейинки мекемелерде, жалпы орто билим берүүчү мекемелерде (мектептерде, лицейлерде, гимназияларда), кесиптик башталгыч билим берүү мекемелеринде окутуунун бардык учурунда мамлекеттик тилди окутуу жана үйрөтүү камсыз кылынат. Окутуу расмий жана башка тилдерде жүргүзүлгөн кесиптик орто жана жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди окутуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген көлөмдө жүзөгө ашырылат.

Жалпы билим берүүчү мекемелерде (мектептерде, лицейлерде, гимназияларда) мамлекеттик тил боюнча жазуу жүзүндө класстан класска көчүрүү, бүтүрүү, ал эми кесиптик башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларында кирүү жана бүтүрүү экзамендери милдеттүү түрдө киргизилет» [82:3,4,46].

Ошондой эле, мамлекеттик тилге болгон мамиле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 2-июнундагы «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы жөнүндөгү» №119 Жарлыгына [83:29] ылайык, мамлекеттик тилди натыйжалуу өнүктүрүү жана тил саясатын жүргүзүү менен «Кыргыз тили улуттар аралык мамилелердин тили болушу керектигин» баса белгилөө менен мамлекеттик тилди окутуу боюнча бир топ милдеттерди койду. Коюлган талаптар кайсы гана тармакта болбосун, өзүнүн милдетин так аткарышы зарыл. Ал милдеттердин бири – билим берүү жана агартуу тармагында мамлекеттик тилди окутуунун заманбап усулдарын пайдаланууга негизделген билим берүүнү, окуу-усулдук комплекстерди иштеп чыгуу, окуу сааттарынын санын көбөйтүү, котормо ишин жана көп тилдүүлүк боюнча мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана башка ушул сыяктуу маселелерди жетекке алды. Ошентип, бүгүнкү күндө мамлекеттик тилдин мектептерде, анын ичинде улуттук (өзбек, тажик, орус) мектептерде окутуу жагы бир нече этаптарды басып өтсө да, кыргыз адабиятын окутуу маселеси өз деңгээлине чыга албай аксагандай туюлат. Себеби, учурда өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу боюнча адистердин аздыгы, кыргыз адабияты боюнча окуу китептери менен толук кандуу камсыз болбогондугу, мугалимдерге кыргыз адабиятын окутуу боюнча окуу-усулдук колдонмолордун жетишпестиги илимий ишибизди жазууга түрткү берди. Демек, ушул өңүттөн алып караганда, өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу маселеси ишибиздин актууалдуулугун айгинелейт.

Улуттук мектептерде, анын ичинде окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методдору жөнүндө

алгачкы диссертациялык эмгектер болуп С.К. Рысбаевдин, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу боюнча Ү.Б.Култаеванын, К.Добаевдин, С.Зарылбекованын, өзбек мектептеринде окуучулардын кеп маданиятын үйрөтүү боюнча А.Акматованын, Б. Абдухамидованын жана алиппени окутуу боюнча М.Шарипованын эмгектерин айтсак болот. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун теориялык маселелери боюнча түздөн-түз эмгектер жок болсо да, бул маселеге К.Акматов, К.Кимсанов, Т.Колдошев, С.Момуналиев, А.Муратов, А.Мурзакметов кайрылган.

Ал эми кыргыз адабиятын окутуу методикасы орус адабиятын окутуу илиминин (Л.С.Айзерман, Г.И.Беленький, Ф.И.Буслаев, В.И.Водовозов, В.В.Голубков, Н.И.Кудряшев, Т.Ф.Курдюмова, А.А.Липаев, В.Г.Маранцман, Н.Л.Молдавская, В.А.Никольский, В.П.Острогорский, З.Я.Рез, М.А.Рыбникова, В.Я.Стоюнин ж.б.) негизинде өнүгүп келген. Кыргызстандагы окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты предметин окутуунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыкпагандыктан, бул предметти окутуунун көп маселелерин советтик учурда орус адабиятын улуттук (окутуу орус тилинде жүргүзүлбөгөн) мектептерде окутуу боюнча адистер иштеп чыккан, практик мугалимдер колдонуп келген жана азыр да пайдаланып жаткан илимий концепцияларга, педагогикалык-методикалык принциптерге жана алдыңкы тажрыйбаларга таянып, аларды андан ары өркүндөтүү милдети коюлду. Советтик доордо адабиятты искусство катары түшүнүү, кабыл алуу багытында адабиятчылар, психологдор, философтор (В.Асмус, Ю.Борев, Л.Выготский, Е.Маймин, О.Никифорова, А.Салиев, П.Якобсон ж.б.) методологиялык негиздүү ойлорду айтышса, адабиятты окутуу аркылуу окурмандарды тарбиялоо, жаштардын эстетикалык табитин көтөрүү багытында методисттер (Г.И.Беленький, Т.Г.Браже, Н.И.Кудряшев, Т.Ф.Курдюмова, В.Г.Маранцман, Н.Д.Молдавская, З.Я.Рез ж.б.) илимий концепцияларды иштеп чыккан.

Бөтөн тилдүү окуучуларга башка элдин адабиятын үйрөтүү, тагыраагы, союздук республикалардын улуттук мектептеринде орус адабиятын окутуу проблемалары бир катар окумуштуу-методисттердин (М.М.Абдувалиева, М.Н.Беглиева, Е.А.Есаян, Б.Ф.Инфантьева, Д.А.Клумбите, Е.Г.Колпакова, И.К.Кунгурова, А.Г.Лосев, И.Х.Майорова, А.А.Немсадзе, Р.Б.Нуртазина, А.В.Рыжеволова, М.И.Стаменова, И.Е.Токарская, Е.К.Францман, Б.А.Ходжибаева, С.В.Хрол, Л.А.Шейман, С.Н.Юзбашева ж.б.) изилдөөлөрүнүн өзөктүү темасына айланган. Булардын ичинен кыргыз мектептеринде орус адабиятын окутуу боюнча Л.А.Шеймандын окуу китептери, методикалык колдонмолору ошол кездеги жалпы союздук, ал гана эмес эл аралык деңгээлде жогору бааланган. Мына ушул эмгектер кыргыз адабиятын өзбек тилдүү аудиторияда окутууга жол көрсөтөрүн бул предметти окутуу багытындагы алгачкы тажрыйбалар көрсөттү.

Ошондой эле, кыргыз адабиятын кыргыз мектептеринде окутуу боюнча илимий эмгектердин (Б. Алымов, С.Батаканова, К. Иманалиев, И. Исамидинов, Н. Ишекеев, Н. Кангелдиев, С. Момуналиев, А. Муратов, В. Мусаева, С.Рысбаев, С.Сакиева, Н. Шнейдман, ж.б.) жоболорун да өзбек тилдүү окуучуларга кыргыз адабиятын окутуу ишинде пайдаланууга болорлугу биздин ишти жазуу процессинде тастыкталды.

Соңку жылдарда орус, өзбек, тажик тилдүү мектептерге кыргыз тили жана адабияты предметтери атайын сабак катары киргизилип, алар боюнча окуу-нормативдик материалдар, методикалык колдонмолор жазылды (Б.Абдухамидова, М.Абдыкадырова, А.Акматова, Т.Аширбаев, З.Дербишова, К.Добаев, Ү.Култаева, А.Максутова, С.Момуналиев, А.Мусаев, А.Муратов, С.Рысбаев, Т.Үсөналиев, Ж.Шериев, М. Шарипова ж.б.), бирок бул материалдар да биз кайрылган проблема боюнча изилдөөлөрдүн аз санда болуп жаткандыгын көрсөтөт.

Көрсөтүлгөн иштерде биз кайрылган тема – өзбек мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун илимий-методикалык негиздери атайын иликтөө

максатында алынбаган, андыктан да ал проблеманы эң алгачкылардан болуп колго алып отурабыз.

Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы:

Диссертациялык эмгек Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы, Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасынын 2011-2014-жылдардагы негизги илимий-изилдөө иштеринин планы менен байланышат.

Изилдөөнүн максаты – окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты предметин үйрөтүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык проблемаларын үйрөнүү, талдоо жана жыйынтыктоо, аларды жалпылоо.
2. Окуу программаларына, окуу китептерине анализ жүргүзүү, алардын оң жактарын жана кемчилдиктерин көрсөтүү, себеп-натыйжаларын аныктоо.
3. Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрүн жана окутуунун эффективдүү ыкмаларын жана жолдорун аныктоо, өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптарын, принциптерин, ыкмаларын мектеп практикасына сунуштоо.
4. Сунуш кылынган илимий-методикалык жоболорду жана натыйжаларды тажрыйбада текшерүү.

Изилдөөнүн объектиси: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептеринде кыргыз адабиятын 5-9-класстарда үйрөтүү процесси.

Изилдөөнүн предмети: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептеринде кыргыз адабияты сабактары.

Изилдөөнүн божомолу:

Окутуу өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасын өркүндөтүүгө болот, эгерде:

- кыргыз адабиятын окутуунун илимий-теориялык, методологиялык, педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык негиздери туура аныкталса;
- кыргыз адабияты менен өзбек адабиятынын окшоштуктары, бөтөнчөлүктөрү, стили, принциптери окутууда эске алынса;
- көркөм чыгармалар аркылуу кыргыз-өзбек элинин башынан өткөн тарыхый-маданий шарттары, улуттук менталитети байланыштуу каралса;
- окутуу технологияларын ишке ашырууда кыргыз адабияты предмети башка предметтер менен интеграцияланып, чыгармаларды талдоо процесси окуучулардын өлкө таануучулук, этномаданий, тилдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталса.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык проблемалары талданып, жыйынтыктары жалпылангандыгы, окуу программаларына, окуу китептерине анализ жүргүзүлгөндүгү жана өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрүнө токтолуу менен окутуунун эффективдүү ыкмалары жана жолдору сунуш этилгендиги, өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып, интеграциялап окутуунун дидактикалык талаптары, принциптери иштеп чыгылгандыгы жана кыргыз адабиятын окутуунун методикалык системасын колдонуунун натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, мектеп мугалимдерине сунушталгандыгы.

Изилдөөнүн практикалык мааниси:

Изилдөөдөн келип чыккан негиздемелер, тыянактар, сунуштар өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот. Изилдөө ишиндеги материалдар жогорку окуу жайларындагы улуттук мектептерде кыргыз адабиятын окутуу адистиги боюнча мамлекеттик стандартка ылайык окуу пландарын, окуу китептерин түзүүгө жана бул адистик боюнча кесипкөйлөрдү: студенттерди, мугалимдерди

даярдоодо жана билимин өркүндөтүү курстарында лекциялык, семинардык сабактардын мазмунун тереңдетүүгө жана жалпы эле таалим-тарбия берүү тармагын жакшыртууга көмөктөшөт.

Коргоого коюлуучу негизги жоболору:

- өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятынан окулуучу чыгармалар салыштырып окутуу аркылуу интерпретацияланса жана интрегацияланса окутуунун мазмуну байыйт жана сапаты жогорку баскычка көтөрүлөт;
- өзбек тилдүү мектептердин окуучулары кыргыз адабиятын окуу аркылуу жашап жаткан өлкөсүнө урматтоо, сыйлоо сыяктуу мекенчилдик сезими жогорулат жана улуттар аралык мамилелер чындалат;
- өзбек окуучуларынын кыргыз адабиятын окуу аркылуу сөз байлыгы, кеп ишмердүүлүгү, дүйнө таанымы, руханий дүйнөсү байып, ой жүгүртүүсү өсөт;
- үйрөнүлүп жаткан чыгармалар аркылуу өзбек адабиятынын чыгармалары менен салыштыруу, анализдөө жана тилдик каражаттарга баа берүү компетенттүүлүктөрү калыптанат.

Изденүүчүнүн жекече салымы өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятынын жалпы теориялык проблемалары жана кыргыз адабияты менен өзбек адабиятын байланышта окутуунун методикалык системасы учурдагы талаптарга ылайык эң алгачкы жолу иштелип чыккандыгы, педагогикалык экспериментте текшерилип, анализденип, педагогикалык процесске сунушталгандыгы менен аныкталат.

Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)

Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык жыйындарда баяндамалар жасалган, илимий-методикалык макалалар жазылган жана иш ОшМУда, республикалык симпозиумдарда талкууланган.

Изилдөөнүн эксперименттик базасы:Ош облусунун Кара-Суу районунун Ч.Айтматов атындагы окуу-тарбия мектеп-комплекси, №94 Т.Алтыбаев орто

мектеби, Араван районунун А.Саломов, Ош шаарындагы №23 Панфилов атындагы орто мектептери.

Эксперимент үч этапта жүргүзүлдү.

Биринчи этап (2008-2010-ж.ж.) Ош шаарындагы №39 Октябрдын 70 жылдыгы атындагы окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен окуучуларга анкета таратуу аркылуу алардын оозеки жана жазуу жумуштары анализденип, мугалимдердин тажрыйбасы үйрөнүлдү. Ошондой эле, берилген теманын негизинде адабият таануу, философия, эстетика, педагогика, адабиятты окутуу методикасы боюнча эмгектер талданып, аталган мектептерде окуучулар жана мугалимдер менен аңгемелешүү жүргүзүлүп, окуучулардын кыргыз адабиятын, маданиятын, тилин канчалык деңгээлде билерлиги, кызыгуусу калыптандыруучу эксперимент аркылуу аныкталды.

Экинчи этапта (2011-2013-ж.ж.) мектептерде үйрөтүүчү эксперимент өткөрүлүп, окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун биз сунуш кылган методикалык система менен үйрөнүүнүн натыйжалуулугу текшерилди.

Үчүнчү этапта (2013-2016-ж.ж.) жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжалары калыпка салынып, анализденди. Жыйынтык пикирлер системага салынды.

Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:

Илимий иштин негизги материалдары жана өзөктүү жоболору 2008-2014-жылдардын арасында республикалык эл аралык илимий-практикалык конференцияларда атайын баяндама катарында окулган. Диссертациянын негизги мазмуну 9 илимий журналда чагылдырылып, 2 окуу-усулдук колдонмодо берилген. Ошондой эле, автордун 18 жылдык илимий-педагогикалык тажрыйбасы жалпылаштырылган.

Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү: Эмгектин жалпы көлөмү–185 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 149, таблицалар – 7, тиркемелер – 4.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, проблемалуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, методдору аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого алып чыгуучу негизги жоболору, натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

Биринчи глава «Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык проблемалары» деп аталып, өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуу тарыхына, кыргыз адабияты окуу программаларына, окуу китептерине анализ жүргүзүлөт жана кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрү көрсөтүлөт.

Экинчи глава «Кыргыз адабиятын өзбек мектептеринде өзбек адабияты менен байланышта окутуунун методикасы» деп аталат. Бул главада өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптары, принциптери жана кыргыз адабиятын окутууда өзбек жана кыргыз адабияттарын интеграциялап үйрөтүүнүн жолдору, ыкмалары жөнүндө айтылат.

Үчүнчү главада иштин мазмунунда көрсөтүлгөн теориялык маселелер эксперименталдык иликтөөгө алынып талданат жана жыйынтыктары чагылдырылат.

Жалпы жыйынтыкта изилдөөнүн мазмуну боюнча негизги корутундулар жана алардан келип чыккан сунуштар айтылат.

Эмгектин аягында **пайдаланылган адабияттардын** тизмеси көрсөтүлдү.

I ГЛАВА. ОКУТУУ ӨЗБЕК ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕРДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ЖАЛПЫ ТЕОРИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ

1.1. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы

Кыргыз эли илгертен эле өзбек калкы менен жанаша жашап, каны-жаны сиңишип калган элдерден. Алардын жашоо-тиричилиги, каада-салты, үрп-адатында окшоштуктар миңдеп саналат. Айрым бир саясий кырдаалдарды эске албаганда эки элдин ынтымагы кылымдардан бери уланып, кыз алып, кыз берген жакын калктардан.

Окумуштуу-этнограф А. Мурзакметов «Эл достугу – деңиз» макаласында: «Кыргызстандын түштүгүндө кыргыздар менен өзбектер илгертен ирегелеш жашап, базары да, мазары да чогуу болуп, тили менен дини бир болгондон улам кыз алышып, беришип, кудалашкандар арбын. Муну билип эле жүргөн менен, маданиятыбыздын да өтө жакындыгына өзбек элинин фольклорун, тагыраак айтканда, өзүмдүн багытым боюнча каада-салттарын, ырым-жырымдарын жана ишенимдерин жыйноо учурунда толук ынандым. Тилекке каршы, көпчүлүктүн, айрыкча жаштардын мындан кабары жок, атайын изилдөөлөр да жүргүзүлгөн эмес» деп айтат [107:12,13].

Кыргыз эли менен өзбек элинин бала тарбиялоодогу окшоштук жактары миңдеп саналат. Мисалы, кыргыз элинде тамактанып бүткөн соң балдар колун дасторконго аарчыса, «Мындай кылган болбойт, дасторконго кол аарчыган бала кийин кедей болуп калат, ал эми оозун аарчыса калп сүйлөгөн киши болот», - деп тыюу салышкан. Мындай тыюулар адептүү болууга, ошондой эле дасторконду таза кармоого үйрөтүү болгон. Өзбек элинде мындай учурда кол аарчыган балдарды карызга батасың, бирөөгө сөзүң өтпөй калат деп айтышкан.

Кыргыз эли илгертен отко, сууга, дегеле жаратылыштын кубулуштарына аяр мамиле жасап келишкен. Алсак, отту ыйык деп билүү, отту теппөө ишеними бүгүн деле өз күчүн жоготпой келет. Кыргыздарда да, өзбектерде да от күйгөн жерди тебелеп-тепсөө же күйүп жаткан отту буту менен тебүү

адепсиздикти билдирип, отту тепкен адам буту оорукчан болуп калат деген ишеним жашаган.

Бүгүнкү күндө да өзбек элинде келинди үйгө көчүрүп келгенде от жагуу ырымы сакталган. Анткени алар жаңы келген келинге жамандыктар жабышып келген болсо, аны от аркылуу тазалоону туура деп эсептешкен.

Жогоруда сөз болгондор – кыргыздар менен өзбектердин элдик педагогикасындагы, рухий маданиятындагы айрым гана мисалдар.

Ал эми жазуучу Ч. Айтматов өзбек калкынын кичипейилдүүлүгү жөнүндө «Эрте келген турналар» чыгармасында мындай деп сүрөттөйт: «Арабасын чайханачы тамырына көздөтүп коюп, атасы уулун базар аралатты. Оболу атасынын тааныш өзбектери менен учурашып чыгышты. «Ассалоому алейкум. Бул менин уулум!» – дейт Бекбай. Өзбектер орундарынан тура калып, колдорун бооруна алып, Султанмураттын саламын урмат менен алик алышат. «Өзбектер кичипейил калк келет», - дейт атасы корстон. – «Көрдүңбү, сени бала деп санабай, урмат көрсөтүп жатышат...» [10:253].

Эки элдин коңшу жашап, маданияты, тиричилиги бирге болгону менен акыркы жылдарда ынтымагына доо кетип, айрым бир «журт бузарлар» элдин тынч жашоосун саясий оюнга айлантышты. Эки элдин кылымдан келе жаткан биримдиги заматта ыдырап, алардын курмандыгына айланышты.

Бул боордош калктардын 90-жылдардагы араздашуусун улуу жазуучу Ч.Айтматов мындай эскерет: «Өзбекстандын Президенти Ислам Каримов менен алгач ирет 1990-жылы кездештим. Ош окуясы... ойдо жок жерден эки улуттун араздашуусу ойгонуп, өзбек менен кыргыз ортосундагы кан төгүлгөндө чыдап тура албадым.

...Ташкент аба бекетине келип конорум менен, алгач кабарлашканым Өзбекстан Жазуучулар союзунун биринчи катчысы Адыл Якубов болду. Баарыбыз ошол жерде жолугушуп, чукулунан кеңешме өткөрдүк.

Боордош эки калк бири-бири менен жакалашып жатыптыр. Жаатташууну кандайча токтотуп, байкоосуздан дүрт этип тутанган өрттү канткенде өчүрөбүз, мына баарыбызды туңгуюкка такаган ушул маселе болду» [8:249].

Жогорудагы жазуучу эскерген окуянын аягы тынчып, эки эл тынчтыкта жашап турганда, бул жара кээ бир саясий ишмерлер тарабынан кайра козголуп, 2010-жылы эки элдин ортосунда чыр чыкты. Айтайын дегенибиз, бул кагылышуу аркылуу эки элдин жаштарынын арасында бири-бирине салкын көз караштарын жаратып, көкүрөктөрүндөгү жара айыкпай, кекенүүнү пайда кылды. Ошентсе да, эки элдин аксакалдары, өкмөт адамдары эки элди ынтымак-ырашкерликке чакырышты. Түпкүлүгүндө дини бир, тили тектеш эл бири-бирине жанаша жашап келишкен жана мындан ары да жашай бермекчи. Бирок, мындай саясий кырдаалдардын билим берүү процессине зор зыянын алып келе турганын баса белгилемекчибиз.

Эки элдин маданиятынын, каада-салтынын, үрп-адатынын окшоштуктарын үйрөтүүчү, ынтымак-ырашкерликке тарбиялоочу сабактардын бири бул – адабият сабагы. Адабият сабагы аркылуу өзбек окуучулары улуу кыргыз элинин даанышмандыгын, кеменгер калк экенин, сүйлөгөндө сөзгө чечен, көркөм сөзгө бай экендигин жана байыркы, тарыхы терең калк экенин билишет. Ошондой эле, өздөрү туулган жерге (кыргыз жерине) урмат-сый менен мамиле кылууга жана өз Мекенинин патриоту болууга тарбияланышат.

Мезгил өтүп, коом өзгөргөн сайын мамлекеттик тилге өзгөчө көңүл бөлүнүп, бөтөн тилдүү аудиторияга мамлекеттик тилди окутуу маселеси курч коюлуп жатат. Учурунда мамлекеттик тилди улуттук мектептерде окутуу маселеси оор маселе болсо, бүгүнкү күндө бул маселе оң жагына чечилип, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө ар тараптуу камкордуктар көрүлдү.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө Мыйзамы» [82], Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча Жарлыгы [83], Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын мамлекеттик тилди өркүндөтүү боюнча программасы мугалимдердин, окумуштуулардын алдына көптөгөн милдеттерди койду.

Улуттук мектептерде (өзбек, тажик, орус) кыргыз тилин жана адабиятын окутуу кыргыз эли эгемендүүлүк алган жылдардан бери киргизилип, алгач

окутуу маселесинде бир топ кыйынчылыктардын болгону баарыбызга белгилүү. Анткени, өз учурунда адистердин жетишпестиги, атайын окуу китептеринин, окуу куралдарынын, окуу программаларынын жоктугу же шашылыш иштелип чыккандыгы бул предметтерди окутууда чоң көйгөйлөрдү жаратты. Ошентсе да, окумуштуулар да, улуттук мектептерде (орус, өзбек, тажик) кыргыз тилин, кыргыз адабиятын окуткан мугалимдер да бар мүмкүнчүлүктөрүн аябай, улуттун өзгөчөлүктөрүнө карай окуу программаларын, окуу китептерин этап менен түзүп чыгышты.

Т. Үсөналиев бул мезгил тууралуу мындай деп жазат: «Орус тилинде окутуу жүргүзүлгөн мектептерде 1989-жылдардан баштап кыргыз тилин алгач жылаңач, жайдак баштап, канаты сынган өрдөктөй өзүн жалгыз окуттук. Ошол эле кезде орус адабияты, орус тили кош бирдикте кыргыз мектептеринде окутулуп келди. Кечинен болсо да, араң он чакты жылдардан кийин кыргыз адабияты окутууга киргизилди. Ага атайын саат бөлүнүп, жогорку жактан көрсөтмө берилген соң, кубануу менен кабыл алынып, мектепте жайдак жерден окутула баштады. Алгач мугалимдер табылган эле ар кайсы көркөм чыгарманы окутуп келишкен. Предмет катары минтип окутууга жарабайт эле» [138]. Орус класстарындагы кыргыз адабиятын окутуудагы көрүнүш өзбек, тажик мектептеринде да кайталанып, мугалимдер кыргыз адабиятын окутууда көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушту.

«Окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун концепциясында» мындай айтылат: «1988-жылдан баштап, орус, өзбек жана тажик мектебинде кыргыз тилин окутуу, адегенде, кош тилдүүлүктү калыптандыруу ишинен баштап, атайын программа жазылып, окуу китебин даярдоого киришилген. 1989-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндөгү Мыйзам бул ишти андан ары улантууга шарт түзгөн. Ошону менен бирге, бул тараптан тажрыйбасы жок кыргыз педагогикалык коомчулугу орус, өзбек, тажик мектептеринде кыргыз тили сабагын окутууга кандай мамиле кылынууга тийиш? – деген суроону алдыга койгон.

Биринчиден, мыйзамдык негизде, бул сабак мектепте милдеттүү түрдө өздөштүрүлүүчү окуу предметинин бири катары эсептелүүгө тийиш. Ал бара-бара республикабыздагы түрдүү элдердин өз ара байланышын, пикир алышуусун жүзөгө ашыруучу, анын рухун жакындаштыруучу негизги каражат, тактап айтканда, улуттардын өз ара макулдашуусунун данакери, интернационалдык сезим-туюмдардын алиппеси болор өзгөчө сабак катары каралуусу керек» [122].

Чын эле, 1989-жылы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзам жарыяланып, аны ишке ашыруу боюнча мамлекеттик иш-чаралар иштелип чыккан. Аталган мыйзамдын аткарылышына байланыштуу мамлекеттик деңгээлдеги документтер: «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин андан ары өркүндөтүү жөнүндөгү» Президенттин Указы (1999.20.01), Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин андан ары өркүндөтүү маселелери жөнүндөгү Токтому (1999. 07.04), 2000-2010-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин андан ары өркүндөтүү программасы жөнүндөгү Жарлык (2000.20.09.) жана бул иш-чаралардын аткарылышы тууралуу документтер кыргыз тилинин кадыр-баркын көтөрүп, анын окуп үйрөнүү зарыл экендигин айгинелеп турат.

Ошентип, кыргыз тили окуу предмети катары орус мектептерине эле эмес, Кыргызстанда жашаган улуттун өкүлдөрү окуган өзбек, тажик тилдүү мектептерге да киргизилди.

Республиканын аймагында иштеп жаткан 2016 мектептин 224 өзбек мектеби, анын ичинде нукура өзбек жана аралаш (кыргыз, орус, өзбек) мектептер да бар. Алардын баарында кыргыз тили окуу сабактарынын катарында 1990-жылдан тартып окутулуп келе жатат. Бул жөнүндө А. Акматова мындай деп жазат: «... 1993-жылы II-III класстар, 1997-жылы IV-IX класстар үчүн «Кыргыз тилинин программасы», анын негизинде II класс үчүн, А. Назаров жана Т. Аширбаевдер 1999-жылы III класс үчүн (2001) “Кыргыз тили”, Т. Аширбаев, А. Кадырова, Г. Ашимбаеванын «Кыргыз тили» VII класс үчүн окуу китептери жарык көргөн [12].

Өзбек мектептеринде кыргыз адабияты окулганга чейин бул предметтин милдеттерин кыргыз тили предмети аткарып келди. Кыргыз тили окуу китептеринде грамматикалык темаларга байланышкан көнүгүүлөрдөн башка кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, каада-салтын, ошондой эле акын-жазуучулардын кыскача өмүр-баяндарын, чыгармаларын камтыган тексттер киргизилип, негизинен өлкө таанытуучулук принцибине таянды. Мисалы, Т. Аширбаев, А. Кадырова, Г. Ашимбаеванын авторлугундагы «Кыргыз тили» VII класс үчүн окуу китебинде [18]: «Ак калпактын касиети», «Ала - Тоо», «Түшүм майрамы», «Күлазык», «Устукан тартуу», «Көөкөр» сыяктуу тексттер жана А. Жакыпбековдун "Теңири Манас" романынан, Ч. Айтматовдун жана башка акын-жазуучулардын чыгармаларынан үзүндүлөр камтылган.

Өзбек элинин тили кыргыз элинин тилине тектеш жана жакын болгону менен фонетикалык жана артикуляциялык жактан айырмаланат. Ошондуктан да өзбек мектептери үчүн түзүлгөн «Кыргыз тили» окуу китептеринде кеп өстүрүү маселесине басым жасалды.

1993-жылы эң алгачкы нормативдик документ «Кыргыз тилинин программасы» түзүлүп, өзбек мектептеринде кыргыз тилин I баскычта окутууга II-III башталгыч класс үчүн арналган, андан кийин 1997-жылы II баскычта кайра эле жогорудагы окумуштуу-авторлор тарабынан IV-IX класстар үчүн «Кыргыз тилинин программасы» [71] иштелген.

Кийинчерээк, 2007-жылы окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин I-XI класстары үчүн окумуштуулар Т. Аширбаев, С. Рысбаев, З. Тагаева, А. Акматова, Б. Абдухамидова тарабынан «Кыргыз тилинин программасы» кайрадан оңдолуп, толукталып иштелип чыкты [76]. Бул программада окутуу үч баскычка ажыратылып, ар бир баскычтын өзүнө тиешелүү болгон бөтөнчөлүктөрү, милдеттери аныкталды.

Жогоруда белгилегендей, адабият сабагы кыргыз тилинин ичинде окутулуп, адабиятты окуткан сааттын эсеби кыргыз тилине берилди.

1999-жылы өзбек мектептеринин V-IX класстары үчүн Ж.Шериев, С. Момуналиев тарабынан «Кыргыз адабиятынын программасы» [70] түзүлдү.

Бул программаны түзүүдө кыргыз мектептеринин адабиятты окутуу программасы негиз кылып алынды жана өзбек мектептеринин программалары менен салыштырылып иштелди. Окуу программасы түзүлгөнү менен окуу китептеринин жоктугу, ошол учурдагы мугалимдерге көптөгөн түйшүктөрдү туудурду. Айрым чыгармалар дээрлик өтүлбөй калды. Китеп маселеси, окуу-усулдук колдонмолордун жоктугу өзүнчө маселе болсо, бөтөн тилдүү аудиторияда кыргыз тилин, адабиятын окутуучу адистердин жетишпестиги дагы бир көйгөйлүү маселелердин бири болду.

2004-жылы С. Момуналиевдин авторлугунда окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн “Кыргыз адабияты” (хрестоматия) [93] түзүлүп, мектептерге таркатылды. 2008-жылы жогорудагы автор тарабынан өзбек мектептеринин 6-классы үчүн “Кыргыз адабияты” (хрестоматия) [94] окуу китеби жарык көрдү.

2008-жылы А. Муратов жана К. Акматов тарабынан окутуу өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн «Кыргыз адабиятынын программасы» [72] иштелип чыкты. Түзүүчүлөр бул программанын түзүү зарылдыгын төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт: «...1999-жылы Жээналы Шериев жана Сатканбай Момуналиев тарабынан түзүлгөн 5-9-класстар үчүн кыргыз адабиятынын программасы колдонулуп келген. Ал эми 10-11-класстар үчүн кыргыз адабиятынын программасы алиге чейин түзүлгөн эмес эле.

...Программа, биринчиден, дүйнөлүк билим берүү жана окутуу тармагындагы соңку жетишкендиктерди эске алып, азыркы талаптарга ылайыкталды. Экинчиден, бул нормативдик документ өзбек, тажик мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу багытындагы алгачкы топтолгон тажрыйбалар, мугалим-практиктердин пикир-сунуштары эске алынуу менен бир кыйла жөнөкөйлөштүрүлүп иштелди.

Үчүнчүдөн, 2007-2008-окуу жылына сунуш этилген жаңы окуу планына ылайык сааттардын бөлүштүрүлүшүнө карап материалдар бир кыйла конкреттештирилип берилди. Кыргыз адабияты предмети 5-9-класстарда

жумасына эки, 10-11-класстарда жумасына бир сааттан окутуулууга негизделгендиктен материалдар ошого карап жайгаштырылды» [72:3].

Бул программа альтернативалуу программа катары кабыл алынып, өзбек мектептеринин мугалимдерине таркатылып, айрым мугалимдер С. Момуналиевдин программасы менен, айрымдары А. Муратов, К. Акматов түзгөн программалар менен иштей баштады. Ошондой эле, кээ бир мугалимдер А. Муратовдун, Б. Кыдырбаеванын [74] авторлугундагы орус, өзбек, тажик мектептери үчүн түзүлгөн хрестоматия-окуулуктары менен окута башташты. Натыйжада, мектептерде эки программаны тең колдонуучулар болду.

2011-жылы окумуштуу С. Момуналиев тарабынан өзбек мектептеринин V-XI класстары үчүн «Кыргыз адабиятынын программасы» толуктоолор менен пайдаланууга сунушталды [73].

2012-жылы өзбек мектептери үчүн С. Момуналиевдин авторлугунда 7, 8, 9-класстары үчүн кыргыз адабияты хрестоматия-окуулугу сунушталып, пайдаланууга берилди.

Өзбек мектептеринде адабиятты окутуу маселеси бүгүнкү күнгө чейин курч маселе боюнча калууда, анткени, биринчиден, мамлекеттеги экономикалык кырдаал оор болуп, акыркы он жыл аралыгындагы кыргыз тили жана адабияты мугалимдери иш таштап, башка мамлекеттерге чыгып кетишти. Экинчиден, эки элдин этникалык араздашуусунан улам көптөгөн мугалимдер өзбек тилдүү аймактарда ишин таштап, башка мектептерге которулушту же таптакыр эле кызматынан бошошту. Үчүнчүдөн, адис мугалимдердин катарын ар түрдүү адистиктеги мугалимдер жана өзбек улутундагы мугалимдер толукташты. Муну менен кыргыз тилин жана адабиятын окутуу жагы бир кыйла аксады десек жаңылышпайбыз. Жогоруда белгилегенибиздей, адабиятты окутууда окуу-усулдук колдонмолордун жоктугу же тажрыйбалуу мугалимдердин иш-тажрыйбасынын жайылтылбашы бөтөн тилдүү аудиториядагы адабиятчы мугалимге кыйынчылыктарды туудурат.

2009-жылы өзбек мектептеринде адабиятты окутуу боюнча бирин-серин айрым бир макалаларды албаганда К. Акматов, Т. Колдошов тарабынан «Элдик

оозеки чыгармаларды өзбек мектептерде окутуу» [13] аттуу усулдук колдонмо жарык көргөн. Колдонмо 2008-жылы А. Муратов, К. Акматов тарабынан окутуу өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн чыгарылган «Кыргыз адабиятынын программасынын» негизинде түзүлүп, окуу программасындагы элдик оозеки чыгармалар «Акыл Карачач» жомогу, дидактикалык чыгармалар, «Манастын төрөлүшү», «Кожожаш» эпосу, лирикалык ырларды окутуунун ыкмалары, жол-жобосу жана айрым сабактардын иштелмелери берилген.

Бүгүнкү күнү адабиятты окутуу багытынын алдында да бир топ олуттуу көйгөйлөр бар. Окумуштуулардын иликтөөлөрү боюнча да жана биздин баамыбызда да буларга төмөнкүлөр: көркөм чыгармаларды окууга болгон окуучулардын кызыгуусун жаратуу; окурмандык таасирге таянуу аркылуу окуучулардын окурмандык активдүүлүгүн ойготуу, окурмандык маданиятын жана көркөм табиттери менен эстетикалык табиттерин өркүндөтүү; кандай гана заман, коомдук түзүлүштөрдө болбосун чыгарманын эч качан жоготпоочу улуттук жалпы адамзаттык көркөм баалуулугунун маанисин сездирүү; сабактын түрдүү формаларын уюштуруу жана окутуу методдорун замандын талабына ылайык иргөө, тандоо, колдонуу; эң башкысы адамды – ар тараптуу жана гармоникалуу өнүккөн адамды калыптандыруу кирет [100:12,13]

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуу маселесинин тарыхы көп кырдуу болбосо да, өзүнүн предметине, изилдөө ыктарына, принциптерине ээ жаш илимдердин катарында. Анткени, көп улуттуу эгемендүү Кыргызстандагы ар бир атуул өз мекенинин артыкчылыктарын, тарыхын, маданиятын адабияттардын диалогунун негизинде түшүнүп, өз Мекенине болгон патриоттук сезими ойгоноруна шек жок.

1.2. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабияты окуу программасына, окуу китептерине анализ

1.2.1. Кыргыз адабияты боюнча окуу программасынын мазмуну, колдонулушу

Окуу программасы, биринчиден, адабият боюнча билим берүүнүн мазмуну жана предмет катары бүтүндүгүн аныктайт, экинчиден, ал нормативдүү документ катары мугалим менен окуучунун эмгегин, ишмердигин уюштурууга багыт берет. Айтмакчы, окуу китептери, хрестоматиялар, анын колдонмолору ж.б. педагогикалык-дидактикалык аппараттар, а түгүл илимий-методикалык китептер, изилдөөлөр да окуу программасына негизделүү менен ишке ашырылат. Мунун өзү окуу программасына коюлуучу коомдук-педагогикалык, адабий-эстетикалык талаптардын чен-өлчөмү жогору экендигин таржымалдап турат [57:116].

Учурда окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты курсу жумасына бир жолу өтүлүп, жалпы 34 саатка ылайыкталган. Алардын ар бир чейректе жазуу жумушуна 1 саат, чейректик кайталоого 1 жана жылдык кайталоого 1 саат берилет. Ал эми жалпы чыгармаларды үйрөнүү үчүн 5-11-класстарга 25 сааттан эсептегенде, бардыгы 175 саатты түзөт. Белгиленген сааттын ичинде өзбек окуучулары чыгармаларды, теориялык маалыматтарды аңдап-түшүнүп, көркөм чыгармадагы сөз маанилерин чечмелеп, мамлекеттүүлүктү кармаган элдин тилинде эркин баарлашып, сабаттуу жаза билүүгө жетишүүсү зарыл.

Жогорудагы максатты ишке ашыруу үчүн окуу программасы жана окуу китептеринин маани-мазмуну, түзүлүшү эбегейсиз кызмат аткарат. ...Окуу программасы – бул расмий мамлекеттик-педагогикалык документ. Анда билим берүү стандартына, концепциясына жана окуу планына ылайык кыргыз адабияты окуу предмети боюнча окуучулар тарабынан өздөштүрүлүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрдүн мазмунунун дидактикалык-методикалык модели аныкталат [57:6].

Өзбек мектептеринин кыргыз адабияты боюнча окуу программасы 1999-жылы Ж. Шериев жана С. Момуналиев тарабынан түзүлүп [70], Кыргыз Республикасынын Билим, илим жана маданият министрлигинин сунушу менен басмага сунушталган. Окуу ишинин өзү дайыма өнүгүп-өсүп тура турган

диалектикалык процесс болгондой эле, анын программасы да учурдун талабына ылайык улам жаңырат [57:116].

Программаны түзүүдө кыргыз мектептеринин адабиятты окутуу программасы негиз кылып алынган жана өзбек мектептеринин программалары менен салыштырылып иштелген [70:4].

Окумуштуулар программаны түзүүдө кыргыз адабияты аздыр-көптүр өзгөчөлүккө ээ эки баскычтан турарын, 5-7-класстарда окутулуучу кыргыз адабияты дарсынын чен-өлчөмү катары тематикалык-хронологиялык принцип жетекчиликке алынса, 8-11-класстарда тарыхый жагына басым жасалгандыгын белгилешет.

«Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим стандартында» «Адабиятты окуу предмети катары орус, өзбек, тажик тилдеринде окутулган мектептерде үйрөнүүнүн обьектиси – кыргыз адабиятынын туундулары (улуттук фольклор, ырчылар чыгармачылыгы, жазма акындардын, казалчылардын поэзиясы, совет мезгилиндеги жазуучулардын чыгармалары, азыркы адабият) эсептелет» [78] деп жазылат. Бул курста атайын саат бөлүнүп котормо адабияты окутулбайт, кыргыз тилинде гана ырдалган, жазылган чыгармалар үйрөнүлөт.

Окутуу бөтөн тилде жүргүзүлүүчү мектептердин окуучулары кыргыз адабиятынын тарыхын, теориясын, авторлордун биографиясын дээрлик үйрөнбөйт, алар конкреттүү адабий чыгармаларды гана талдап окуйт, предметтин максаты – окуучуларда бөтөн тилди үйрөнүү көндүмдөрүн жатыктыруу, тилдик билимин практикада текшерип көрүү жана байытуу.

Мектептин негизги курсунда (5-9-класстар) элдик оозеки чыгармачылык жана акындар поэзиясы көбүрөөк окутулса, орто мектептин курсунда (10-11-класстар) профессионалдуу жазма адабияттын чыгармалары басымдуулук кылат.

Чыгармалар төмөнкүдөй критерийлер менен тандалып алынат:

- сунуш кылынып жаткан чыгарманын идеялык тазалыгы, тарбиялык жактан маанилүүлүгү, жалпы адамзаттык нарктуулукка ылайык келерлиги, гуманисттик бийик ойлорунун орун алгандыгы;
- чыгарманын көркөм-эстетикалык салмагынын жогорулугу;
- тандалган чыгармалардын кыргыз тилин үйрөнүүгө көмөктөшүү үчүн мүмкүнчүлүгү бар экендиги, тилдик байлыктарынын молдугу жана окуучуларга ылайыктуулугу;
- чыгармалардын тек, түр, жанр, тематика боюнча көп түрдүүлүгү, кыргыз адабиятынын оозеки формасын, ырчылык өнөрдү жана профессионалдуу жазма адабиятты толук эске алгандыгы;
- окутууга тандалып жаткан чыгармалардын балдардын курак өзгөчөлүгүнө, окурмандык кызыгууларына, кабыл алуу ыңгайына ылайык келерлиги;
- үйрөнүлүүчү чыгарманын кыргыз элинин этномаданий, этнопедагогикалык, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн көбүрөөк жана туура чагылдырышы, ошолорду башка улуттун адамдары үйрөнүүгө көмөк кошуусу ж.б.

Чыгармаларды тандоодо советтик мектептин салтына бекем сиңген идеологиялык кызматын, авторлордун авторитетин, китептердин сыйлыкка татыктуу болгондугу башкы чен-өлчөм катары каралбайт. Бир топ көлөмдүү чыгармалардан үзүндү гана берилет, ал кайсыл үзүндүсү экендиги же программада, же окуу китептеринде аныкталат» деп айтылат. [70]

Түзүүчүлөр аталган программанын түшүнүк катында өзбек мектептеринде кыргыз адабиятынын дарс катары киргизилиши Кыргыз мамлекетинин Конституциясынын талабына ылайык келип чыккандыгын жана кыргызстандык ар бир атуул өз жеринин тарыхын, маданиятын, адабияты менен өнөр чыгармаларын, алардын жаратмандарынын басып өткөн өмүр жолун билдирүү максатын көздөгөндүгү жөнүндө баса белгилешет. Ошондой эле, кыргыз, өзбек элдеринин тээ илгертен тарыхы, маданияты, адабияты жагынан көптөгөн жалпылыктар бар экенин, бул предметти окуткан мугалим

адабият предметиндеги жалпылыктарды, айырмачылыктарды окутуу ишинде эске алыш керектигин айтышат. Ошону менен катар түзүүчүлөр окуу программасын түзүүдө мүчүлүштүктөргө, так эместиктерге жол берилиши жөнүндө да эскертишет.

Бирок, окуу программасы [73] 2011-жылы толукталып басмадан чыкканда мурдагы материалдар саат өлчөмү боюнча да, мазмуну боюнча да өзгөрбөй, 10-11-класстардын окулуучу материалдары менен гана толукталат.

5-класста жыл бою өтүлө турган сабактардын сааты 50 саатка пландалып, тематикалык мазмундуу жөө жомоктор, «Акыл Карачач»; «Манас» эпосунан «Манастын бала чагы»; элдик поэмалардан «Карагул ботом»; дидактикалык чыгармалар (макал-лакаптар, табышмактар); Жеңижоктун «Балалык», Токтогулдун «Үлгү ырлары»; Ы. Шайбековдун «Кайран эл»; адабий жомоктордон Т. Молдонун «Жер жана анын балдары»; Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек»; А. Осмоновдун «Толубай сынчы»; фантастикалык чыгармалардан «Үчүнчү шар»; согуш мезгилин чагылдырган чыгармалардан «Атадан калган туяк», «Алакан»; акындардын ырларынан М. Алыбаевдин «Соң-Көл», Б. Сарногоевдин «Көкөй кести», А. Осмоновдун «Эне тили» чыгармалары түзөт.

1999-жылы кыргыз адабияты предмети жумасына 2 саат окутулган, эгер мектеп компонентинен 1 саат кошуп берсе, анда 3 саатка чейин жетчү. Бул сааттар өзбек мектептеринде окуучулардын берилген чыгарманы толук түшүнүүсүнө, талдоосуна ыктуу болгон жана программага ылайык келген. Учурда адабиятка берилген сааттар кыскартылып, жумасына 1 гана саат окутулат. Ошондуктан да, практик мугалимдер айрым чыгармаларды кыскартып өтүп же болбосо таптакыр эле өтпөй калгандары кездешет.

6-класстын программасы да 50 саатка ылайыкташкан. Предметке киришүүдөн башка, элдик оозеки чыгармалардан эмгек ырларына: «Бекбекей», «Шырылдаң», «Оп майда»; каада-салт ырларынан «Алдей, алдей бөбөгүм», «Жарамазан», «Акыйнек», «Кошоктор»; элдик эпостордон «Эр Төштүк», «Манас» эпосунан «Каныкейдин Тайторуну чапканы»; адабий жомоктордон

Т.Үмөталиевдин «Күч бирдикте»; өткөн доор элестеринен А. Токомбаевдин «Күүнүн сыры», М. Элебаевдин «Бороондуу күнү», Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармалары; адам жана жаратылыш темасынан Т. Сыдыкбековдун «Көк серек», А. Осмоновдун «Кыргыз тоолору»; Ата Мекендик согуш жана тынчтык темасынан М. Элебаевдин «Улуу марш», Ж. Бөкөнбаевдин «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», Ж. Мавляновдун «Нан» чыгармалары берилет.

5-6-класстын окуучуларынын билимине жана билгичтигине коюлуучу негизги талаптар төмөнкүлөр:

- чыгармаларды формасына карап түрлөргө ажырата билүү (жомок, ыр, аңгеме ж.б.);
- чыгармаларды көрктүү окуй алуу жана түшүнүгүн айта билүү;
- чыгарманын каармандарын ажырата билүүлөрү, алар жөнүндөгү автордук ойду таба алуусу, аларга кыскача мүнөздөмө берүүгө машыгуулары;
- текстти оозеки жана жазма түрүндө бере билүүлөрү, тексттен керектүү жерлерин жатка айта алуулары;
- чыгарманын тегин, жанрын ажырата билүүлөрү, ошондой эле, чыгарманын тилин, тилдик каражаттарын ажыратып түшүнүүгө жетишүүлөрү;
- кыргыз, өзбек адабий жалпылыктар менен өзгөчөлүктөрдү ажырата танууга жетишүүлөрү ж.б.

Программадагы берилген чыгармалар 5-6-класстын окуучуларынын билгичтигине, психологиясына, кабыл алуусуна толук жооп берет. Элдик оозеки чыгармаларды, адабий жомокторду жана башка чыгармаларды өзбек адабиятындагы жалпылыктар менен салыштыра алышат. Ошондой эле, чыгармалардан үзүндүлөрдү оозеки айтып берүүгө жеңил, тилдик каражаттарды мугалим менен кошо талдай алышат. Өзбек адабияты боюнча түзүлгөн окуу программасына жакын, анткени ал программада да элдик оозеки

чыгармачылыкка, дидактикалык чыгармаларга, ошондой эле орток түрк адабиятынын материалдарына ыктайт.

7-класска өтүлүүчү сааттын көлөмү да 50 саатка ылайыкталган. Мында элдик оозеки чыгармалардан «Кожожаш», «Курманбек» эпосторуна; эл ырчыларынын чыгармаларынан: Жеңижок менен Эсенамандын айтышы, ошондой эле, Токтогулдун санат, насыят ырлары, Барпынын «Болор жигит», «Болбос жигит» санаттары; Ата мекендик согуш жана тынчтык темасынан Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар», Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры»; Ата-Журт жана анын адамдары темасынан А.Осмоновдун «Ата Журт», «Ата Журтум», Ж. Мамытовдун «Ак-Буура менен сүйлөшүү», Т. Касымбековдун «Адам болгум келет», К. Жусуповдун «Ыр сабындагы өмүр» чыгармалары берилет.

Окуу программасында 8-класска төмөндөгүдөй материалдар сунуш кылынган: кыргыз элинин көркөм мурастарынан үзүндүлөр: «Манас» эпосунан «Чоң казат», «Семетей» эпосунан «Семетейдин өз жерине кайтып келиши», «Сейтек» эпосунан «Сарыбай дөө менен болгон согуш»; элдик ырчылардын чыгармаларынан: Калыгул Бай уулунун «Акыр заман», Арстанбек Буйлаш уулунун «Тар заман», Молдо Кылыч Шамыркан уулунун «Зар заман», Молдо Нияздын «Курбанжан», «Алымкул» чыгармалары; орто кылым адабий мурастарынан: Ж. Баласагындын «Кут алчу билим»; кесипкер адабияттын адам мүнөзү темасынан Ч. Айтматовдун «Бетме-бет», А. Саспаевдин «Каныкейдин билериги» чыгармалары ж.б.

7-8-класстын окуучуларына берилген чыгармалар ар тараптуу. Өзбек окуучуларынын жаш курагына ыңгайлуу. Эки элдин башынан өткөн согуш мезгилин чагылдырган Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» жана «Бетме-бет» повесттери берилет. Бул повесттердин котормолору өзбек тилинде жарык көргөн жана окуучулар кинофильмдерин да көргөн болушу мүмкүн.

Элдик оозеки чыгармачылыктан «Кожожаш» эпосу жаратылышты сүйүүгө, кыянаттык кылбоого тарбияласа, «Курманбек» эпосу аркылуу эл-жерин сүйүүгө, душмандардан коргоо идеяларына суугарылышат. Ошондой

эле, айтыш өнөрүнүн элементтери менен таанышышат. Т. Сатылгановдун жана Барпынын санат ырлары менен таанышуу аркылуу тарбиялык нусканы кабыл алуу менен эки акындын акындык чеберчилигин салыштырууга шарт түзүлөт. Заманчыл элдик акындардын ырларынын мазмунун, тилдик каражаттарын салыштыруу да сабактын эффективдүүлүгүн арттырат. «Манас» үчилтиги жөнүндө окуучулардын аздыр-көптүр маалыматы бар, программадагы окуялардын берилиши, окуучуларга эпостогу маалыматтарды андан ары кеңейтүүгө, каармандарды талдоого, айтуучулардын сөз чеберчилиги менен таанышууга шарт түзөт.

Бирок айта кетчү бир маселе, жогоруда белгилегендей учурда адабият сабагына жумасына 1 сааттын берилгендигине байланыштуу, кээ бир эпикалык чыгармаларды өтүүдө мугалимдин өзгөчө чеберчилиги талап кылынат, антпесе программадагы айрым материалдар чала-чарпыт боюнча ачылбай, мазмуну да, идеясы да окуучуга жеткиликтүү болбой калышы мүмкүн.

Адабият сабагы аркылуу окуучулар искусствону түшүнүшөт жана турмуш мыйзамдарын көркөм дүйнө аркылуу кабылдап, жашоону көркөм, кооз экенин жан дүйнөсүндө сезе билишет. Ал эми адабий чыгармаларды эстетикалык жактан иреттеп, көркөмдөп окуусу, алардын көркөм табитин гана өстүрбөстөн, инсан катары калыптанышына чоң өбөлгө түзөт.

9-класстын программасында да сааттардын көлөмү 50 саат деп белгиленген. Мында киришүү сабагынан башка, А.Жакыпбековдун «Теңири Манас», Ж. Мамытовдун «Оңолбайыр», Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» тарыхый романы, А. Токомбаевдин «Мезгил учат» повести, Ж. Бөкөнбаевдин «Ажал менен Ар-намыс» драмасы, А.Осмоновдун «Көзүм өткүр», «Жеңишбек» поэмалары, Т.Сыдыкбековдун «Тоо балдары», Ч. Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн», А. Саспаев «Татым туз» повести, С. Акматбекованын «Аралга арноо» чыгармалары киргизилген.

10-11-класстарга берилген саат эсеби 70 саатты түзөт. 10-класста байыркы түрк адабияты жана анын өкүлдөрү М.Кашгаринин, Ж. Баласагындын, А.Жассавинин, М. Бабурдун чыгармалары жана кыргыздын

жазгыч акындары Молдо Нияздын, Молдо Кылычтын казалдары берилет. XX кылымдын адабиятына да программада 2 саат берилип, А.Токомбаевдин лирикасы, «Кандуу жылдар» поэмасы, «Жараланган жүрөк», «Өлбөстүн үрөнү» чыгармаларына 7 саат берилет. Ал эми К.Тыныстановдун поэзиясы жана драмасына, К.Баялиновдун «Ажар», «Көл боюнда» повесттерине, М.Элебаевдин лирикаларына, «Узак жол» автобиографиялык чыгармаларына 3 сааттан окутуу каралган.

11-класска төмөнкү материалдар пландаштырылган. Киришүү сабагынан башка Совет бийлигинин жылдарындагы кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптары, адабий метод жана адабий процесс түшүнүктөрү. Совет бийлиги жылдарындагы кыргыз адабияты, кыргыз жазма адабиятынын калыптанышы жана өркүндөшү, поэзия, драма жана проза жанрлары.

Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы, Т. Үмөталиевдин «Айсулуу», К.Жантөшевдин «Каныбек», А.Осмоновдун «Махабат», «Ким болду экен?» поэмалары жана лирикасы, У. Абдукаимовдун «Майдан» романы, Ч.Айтматовдун «Кылымга тете күн», «Кыямат», «Ак кеме» чыгармаларынан үзүндүлөр, Т.Абдумомуновдун «Абийир кечирбейт», С.Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмасы, Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасы, Т.Касымбековдун «Кел-кел» романы, азыркы учурдагы жаштар адабияты.

Окуу программалары жөнүндө сөз кылганда, альтернативалуу колдонулуп жаткан А. Муратов, К.Акматов тарабынан түзүлгөн окутуу өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстары үчүн түзүлгөн «Кыргыз адабиятынын программасы» жөнүндө айтпай кетсек болбойт. Бул программаны түзүүчүлөр «…2007-2008-окуу жылына сунуш этилген жаңы окуу планына ылайык сааттардын бөлүштүрүлүшүнө карап материалдар бир кыйла конкреттештирилип берилди. Кыргыз адабияты предмети 5-9-класстарда жумасына эки, 10-11-класстарда жумасына бир сааттан окутуулууга негизделгендиктен материалдар ошого карап жайгаштырылды.

Программага сунушталуучу чыгармаларды иргөөдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, улуттук менталитет эске алынды. Көркөм чыгармалардын

көтөргөн проблемасына, айрыкча таалим-тарбиялык маанилерине көңүл бурулду. Кыргыз адабиятын бөтөн улуттун балдарына үйрөтүү, кыргыз элинин көөнөрбөс мурастарын, каада-салттарын, жер кооздуктарын, Ата Журттун ажайып көрүнүштөрүн сөз кудурети менен жеткирүү, ага таазим эттирүү бул программа менен иш алып барган ар бир адабиятчы мугалимдин милдети.

Программага чыгармаларды тандап алууда биз төмөнкүдөй критерийлерди кармандык:

- сунуш кылынып жаткан чыгарманын идеялык тазалыгы, тарбиялык жактан маанилүүлүгү;
- чыгармалардын жалпы адамзаттык нарктуулукка ылайык келерлиги, гуманисттик бийик ойлорунун орун алгандыгы;
- чыгарманын көркөм-эстетикалык салмагынын жогорулугу;
- тандалган чыгармалардын кыргыз тилин үйрөнүүгө көмөктөшүү үчүн мүмкүнчүлүгү бар экендиги, тилдик байлыктарынын молдугу жана окуучуларга ылайыктуулугу;
- чыгармалардын тек, түр, жанр, тематика боюнча ар түрдүүлүгү, кыргыз адабиятынын оозеки формасын, ырчылык өнөрдү жана профессионалдуу жазма адабиятты толук эске алгандыгы;
- окутууга тандалып жаткан чыгармалардын балдардын курак өзгөчөлүгүнө, окурмандык кызыгууларына, кабыл алуусуна ылайык келерлиги;
- үйрөнүлүүчү чыгарманын кыргыз элинин этномаданий, этнопедагогикалык, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн көбүрөөк жана туура чагылдырышы, ошолорду башка улуттун адамдары үйрөнүүгө көмөк кошуусу;
- тажик, өзбек тилиндеги мектептер негизинен Кыргызстанды Жалалабат жана Ош облустарында жайгашкандыктан аймактык өзгөчөлүктөрдүн эске алынгандыгы ж.б.» [72:3,4], -деп айтышат.

Түзүүчүлөр түзгөн программа менен окумуштуу С.Момуналиевдин өзбек мектептеринин 5-11-класстары үчүн түзүлгөн кыргыз адабиятынын программасында окшоштуктар да, айырмачылыктар да кезигет. Мисалы, А.Муратов жана К.Акматов түзгөн программада адабиятты өзбек, тажик мектептеринде окутуу жумасына 2 саат өтүүгө ылайыкташып, чейректик материалдар ажыратылып, тематикалык жактан көптөгөн чыгармалар киргизилген. Айрым бир жанрдагы чыгармалар эки жолу кайталанып, тереңдетип, бышыктап окууга шарт түзүлгөн. Мисалы, 5-класстын I чейрегинде макал-ылакаптар, жаңылмачтар, табышмактар окутулса, 7-класстын ошол эле чейрегинде кайрадан окутулат.

С.Момуналиев түзгөн окуу программасында 5-класстын I чейрегинде «Карагул ботом» поэмасы, 6-класстын VI чейрегинде Ж.Мавляновдун «Нан» аңгемеси өтүлсө, А. Муратов, К.Акматов түзгөн программада «Карагул ботом» поэмасы 9-класстын I чейрегине, Ж.Мавляновдун «Нан» аңгемеси 5-класстын VI чейрегине сунуш кылынат. Келтирилген окшоштуктар жана айырмачылыктар ондоп саналат. Бирок эки программада тең окуучулардын адабий билимин өркүндөтүү, чыгармалардын сюжети, идеясы менен таанышуу, окулган чыгарманын негизинде жазуу иштерин кыргызча жүргүзүү, оозеки айтып берүү ж.б.у.с. талаптар коюлган.

Окуу программаларынын мектепте колдонулушу боюнча учурдагы абалга көз жүгүртсөк, көп мектептерде окуу программасынын жетишпестиги же таптакыр эле жоктугу байкалды жана мугалимдер календардык планды окуу китебинин жардамы менен түзүшөт. Окуу программаларынын практикалык жактан колдонулуусу боюнча мугалимдерден анкеталык маалыматтарды алганда, төмөнкүдөй сунуштарды көрсөтүшкөн:

- программада берилген сааттардын көлөмүн стандарттын талабына ылайык келтирүү;
- жазуу жумуштарына, сөз өстүрүү иштерине берилүүчү саат эсебин тактап көрсөтүү;

- теориялык маселелерди, көркөм чыгармаларды өтүүдө мугалим колдонуучу окуу-усулдук колдонмолордун, адабияттардын, маалымат булактарынын тизмесин так көрсөтүү;

- тигил же бул чыгарманы өтүүдө күтүлүүчү натыйжалардын эффективдүү болушу үчүн колдонулуучу усул-ыкмаларды сунуштоо;

- адабий тек, жанрлар боюнча билим берүүдө эмнеге өзгөчө көңүл буруу керек экендигин көрсөтүү;

- кошумча окуу жана жаттоо үчүн материалдардын кызыктуулугуна, баланын кабыл алуусуна, психологиясына көңүл буруу;

- окуучуларга берилүүчү тапшырмалардын, суроолордун катарын жеңилден оорго карай принцибине таянып түзүү ж.б.у.с.

1.2.2. Окуу китептеринин абалы боюнча талдоо жүргүзүү

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабияты предметин окутуу аркылуу өзбек окуучуларына кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, дегеле жашоо-турмушун үйрөтөбүз. Мындай билим берүүнүн негизги каражаты жана булагы китеп болуп саналат. Китеп менен окуучулар илимий билимдерин бир системага салат жана кабыл алуусу, түшүнүүсү жеңилдейт.

Предмет боюнча окуу китептеринде программалык жана дидактикалык-методикалык чен-өлчөмдөргө ылайык илимий билимдердин айкын-так маалыматтары аныкталган, далилденген, өзөктүү түшүнүктөрү дыкаттык менен текшерилген уңгулуу категориялар таржымалданат [56:3,4].

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз тили жана адабияты предмети 1999-жылдан баштап окутулуп келе жатканын ишибиздин башында белгилеп кеткенбиз. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин, бөтөн тилдүү аудиторияга кыргыз тилин жана адабиятын окутуу маселесинде окуу китебине болгон талап олуттуу көйгөйлөрдүн бири болду. Анткени, окуу программасына дал келген бардык чыгармаларды таап, окутууга мүмкүнчүлүк болбоду. Улуттук мектептердеги (орус, өзбек, тажик) кыргыз тили жана кыргыз

адабияты китептеринин шартка жараша шашылыш чыгарылып, пайдаланууга берилгендигин танууга болбойт.

Алгач, кыргыз адабиятынын материалдары кыргыз тили предметинин ичинде сөз өстүрүү иши катары каралган (бул боюнча жогоруда айтканбыз). 2004-жылы гана С.Момуналиевдин авторлугунда 5-класстын «Кыргыз адабияты» китеби Кыргыз-Өзбек университетинин «Окуу китептерин даярдоо» борборунан даярдалып, 15000 нускада жарык көргөн. Бул китептин жарык көрүшү ошол мезгилдеги мугалимдерге да, окуучуларга да эң бир жакшы саамалыктын бири болгон. Анткени, мугалим адабият предметин өтүүдө лекция-сабактын элементтерин пайдаланып, окуучулар чыгарманы түшүнүп, аны талдоонун ордуна жазгандан жадаган болушчу.

Китептин мукабасы сапаттуу тышталып, кыргыз элинин жашоосун баяндаган сүрөт коюлган. Бул сүрөттү бир караганда кайсы бир жомоктун эпизодун да элестетишиң мүмкүн. Китепти ачканда Манастын күмбөзүнүн сүрөтү чагылдырылып, Манастын жети осуяты берилет. Мындай материалдардын берилиши кыргыз адабияты менен жаңыдан гана таанышып жаткан өзбек окуучусуна жагымдуу маанай туудурат. Эгер, мугалим китепти ачары менен дароо эле сабактын материалдарына өтпөй, мукабадан баштап тааныштырып, окуучунун кызыгуусун кыргыз маданиятынын туу чокусу болгон «Манаска» көңүл бурдурса, анда окуучуда өз Мекенине болгон сүйүү сезими ойгонору бышык. Ал эми китептин 3-бетине токтолсок, Кыргыз Республикасынын символикалары (Герб, Туу, Конституция, Гимн) жөнүндө маалыматтар киргизилген.

Китептин «Киришүү» бөлүгүнө көпчүлүк мугалимдер анчейин көңүл бурушпай, дароо эле жаңы теманы өтүүгө белсенишет. Бирок китептин жалпы мазмунуна негизги багыт берүүчү, окуучулардын адабият предметин сүйүүгө сезимин ойгото турган бөлүк мына ушул киришүү сөзүндө жатары талашсыз. Окуу китебиндеги берилген киришүү жатык тилде жазылып, баланын жаш курагына ыңгайлуу мазмунду камтыйт. Мисалы, «Сүйүктүү окуучум! Сен бүгүндөн тартып мына ушул колуңдагы «Кыргыз адабияты» окуу китеби менен

таанышасың. Бул окуулуктан кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын, ак таңдай төкмө акындарынын, жазма адабиятынын мыкты өкүлдөрүнүн көркөм дөөлөттөрүн табасың. Өзүңдүн киндик каның тамып, жашап жаткан Мекениң – Кыргызстандын бай маданиятынан кабардар болосуң.

Негизи тарыхка тереңдеп карасаң, кыргыз, өзбек, туркмөн ж.б. улуттар түбү бирге эл. Ошондуктан, булардын тили, дили, дини, карманып тутунган каада-салты, дүйнө таанымы бири-бирине өтө жакын, окшош.

…«Кыргызстан – көп улуттуу өлкө. Тагыраак айтканда, анда 80ден ашык улуттун өкүлдөрү жашашат. Бул элдер түпкү улут кыргыздар менен укугу бирдей, чектелбеген, өз тилдеринде билим алууга, сүйлөп-жазууга, каалаган кесибин алып, иштөөгө акылуу. Бул алардын конституциялык укуктары.

…Мекендин, Ата-Журттун тарыхын, маданиятын билүү, өздөштүрүү – кайсыл элден экендигине карабастан, ар бир жарандын ыйык милдети» [93:5].

Окуу программасынын талабына ылайык хрестоматия окуу китеби жеңилден оорду карай түзүлүп, жомоктор тууралуу башталат жана жомок жөнүндө кыскача теориялык маалымат камтылат. Адабият сабагында кайсыл гана тема же чыгарма болбосун, эстетикалык жактан окуучуга ырахат тартуулоосу абзел. Китептеги маалымат да дал ошондой өзгөчөлүгүн сактаган. Андан башка, өзбек адабиятынын программасына дал келип, теориялык маалыматты салыштырууга, анализдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Акылдуулуктун, чечендиктин үлгүсү болгон «Акыл Карачач» жомогу 3 саатка пландалып, окуучулардын кабыл алуусуна, түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ылайыктуу. Окуучулар жомоктогу Акыл Карачачтын, Жээренче чечендин образы аркылуу кыргыз элинин сөз чеберчилигин, акыл маданиятын, ошондой эле адептик тарбиялардын үлгүлөрүнө сугарылышат.

Хрестоматияда жомоктордон башка элдик эпостордон «Манастын бала чагы», элдик поэмалардан «Карагул ботом», дидактикалык чыгармалардан макал-ылакаптар, табышмактар киргизилип, бул элдик чыгармалар наристелердин дүйнө таанымын, сөз байлыгын кеңейтүүдө, акыл-эс, көз караштарын байытууда чоң роль ойнойт. «Манас» эпосунун балдар жашына

ыңгайлуулугу, бала Манастын портрети, алгачкы эрдиктери жаш балдардыг образды тууроо сезимин жаратат. Ал эми «Карагул ботом» поэмасында мергенчинин жаратылышка болгон адилетсиз мамилесине өтө оор жаза алышы өзбек окуучусун кайдыгер калтырбайт. Кыргыз элинин төкмөчүлүк өнөрүнөн Жеңижоктун «Балалык», Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары», Токтогулдун «Үлгү ырлары», Ысак Шайбековдун «Кайран эл» чыгармалары ак таңдай акындардын философиялык ойлорун, тарбия берүүчүлүк пафосун, адам турмушундагы жаратылыш темасын жана тарыхый-саясий көз карашын билүүгө ынтызарлантат.

Элдик жомокторду адабий жомокторго айланткан акындар менен да окуучулар 5-класста таанышууга мүмкүнчүлүк алышат. Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасындагы Мекен жана Бала, Эне жана Бала, Мекен жана Эне деген патриоттук башкы ойлор өз мекенин сүйүүгө, мекенчил болууга үндөйт. А.Осмоновдун «Толубай сынчы» поэмасы болсо кыргыз элинин саяпкерлик өнөргө өзгөчө баа бергендигин, адилеттик, адилетсиздик өкүмүн ажыратуунун жолдорун үйрөтөт. Белгилей кетчү дагы бир жагдай, чыгармада өзбек элинин «Алпамыш» эпосундагы Алпамыштын Чаар аты жөнүндө да сөз болот, поэмадагы мындай байланыш окуучулардын кызыгуусун арттырып, чыгарманы тереңден түшүнүүсүнө жардам берет.

Кыргыз адабиятынын фантастикалык чыгармасынан К.Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» аңгемеси аалам сырларын өздөштүрүүдө маанисси чоң. Согуш темасындагы Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемеси, С. Жусуевдин «Алакан» чыгармасы элибиздин тарыхый оор мезгилди өткөргөндүгүн, ошол мезгилдеги балдардын абалын көркөм тилдик каражаттар аркылуу туюууга багыттайт. Акындар М.Алыбаевдин «Соң-Көл», Б.Сарногоевдин «Көкөй кести», А. Осмоновдун «Эне тили» ырлары эл-жерди сүйүүгө, жерибиздин кооздугуна суктанууга, элдин тагдырынын ырларда берилишин аңдап билүүгө, эне тилди сүйүүгө тарбиялайт.

Биз жогоруда өзбек тилдүү мектептердин 5-классынын «Кыргыз адабияты» китебине жалпы обзор гана бердик. Жалпысынан алганда, окуу

китебинин мазмуну, илимге негизделгендиги, маалыматтарынын жеңилдиги, түшүнүктүүлүгү жана кыскалыгы, методикалык жактан өркүндөтүлгөнү жакшы, бирок китептин дагы да талапка жооп бериши үчүн төмөнкүдөй сунуштарды айтат элек:

- берилген чыгармаларды терең түшүнүү үчүн суроо-тапшырмаларды кеңейтүү. Окуучунун алган билимин бышыктоо боюнча суроолордун топтомун бөлөк, тапшырмалардын топтомун бөлөк берүү;

- тилдик каражаттардын колдонулуш өзгөчөлүгүнө басым жасоо, айрым бир сөздөрдүн түшүндүрмөсүн берүү жана окуучунун талдоосуна шарт түзүү, алардын өз эне тилиндеги сөздөрү менен салыштыруу;

- билим берүү стандартында улуттук мектептерде акын-жазуучулардын өмүрү-чыгармачылыгын кеңейтилген вариантта берүүнүн зарылдыгы жок деп айтылат, ошентсе да С.Жусуевдин, М.Алыбаевдин, Б. Сарногоевдин өмүрү-чыгармачылыгынан кыска маалыматтык справка берип койсо ашыкча болбос;

- сөздүктөрдү берүүдө бирдей шрифт өлчөмүн сактоо, айрым сөздөргө мисалдарды сүйлөм формасында берүү (себеби, окуучу сөздүн кайсыл учурда кандай мааниде колдонгондун дагы да ачык-айкын түшүнө алат). Сөздөрдүн синонимдик катарын көрсөтүү, антонимдик, омонимдик, көп мааниде колдонулушуна көңүл буруу. Китептин 88, 94, 106, 115, 127, 138, 140, 142-беттерде жарымынан көп жер боштук боюнча калып калган, мына ушул жерлерди биз сунуш кылган тапшырмалар, суроолор, кыска өмүр баяндык маалыматтар менен толуктаса болот.

Мектеп окуучуларынын кызыкчылыктары, шыктары, табигый ынтаалары, өнүгүү арымы, турмуштук пландары ар кандай жана бул жагдай окуу китебинин мазмуну менен түзүмүндө чагылдырылууга тийиш. Окуу китебинин каражаттары менен окуучулардын сабакка болгон кызыгуусуна түрткү берүүнүн зарылдыгына өзгөчө көңүл бурулат.

…Окуу китеби окуучуга карата жана өзгөчө анын окуу ишине «утурлап чыккан» психологиялык-педагогикалык жактарын эске алуу менен пландаштырылууга жана түзүлүүгө тийиш. Ошондуктан акыркы жылдардагы

эмгектерде окуу китебинин проблемасында анын психологиялык жагы биринчи планга коюлуп жаткандыгы таңгаларлык эмес [13:24].

6-класстын окуу китеби [94] 2008-жылы даярдалып, 15000 нускада басмадан чыгарылган. Мукабасы катуу тыш менен капталып, эки элдин ынтымак-ырашкерлигин даңазалаган сүрөт коюлган.

Окуу китебинде элдик оозеки чыгармачылыктан (эмгек, каада-салт ырлары), эпостордон үзүндүлөр («Эр Төштүк», «Манас» эпосунан «Каныкейдин Тайторуну чапканы»), элдик уламыштардын, баяндардын негизинде жазылган чыгармалардан (Т.Үмөталиев «Күч бирдикте», А.Токомбаев «Күүнүн сыры», М.Элебаев «Бороондуу күнү»), учурдун көркөм элестеринен (Ч.Айтматов «Биринчи мугалим»), Улуу Ата Мекендик согуш темасынан (М.Элебаев «Улуу марш», Ж.Бөкөнбаев «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», М.Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт»), жаратылыш жана согуштан кийинки мезгил темаларынан (Т.Сыдыкбеков «Көк серек», Ж.Мавлянов «Нан», Ж.Мамытов «Ак-Буурам») чыгармалар камтылган.

5-класстын окуу китебинен айырмасы 6-класстын китебинде «Киришүү» же «Баш сөз» жазылбаган. Окуу материалдары окуучулардын психологиялык абалына, кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүнө шайкеш келет. Элдик оозеки чыгармалар жана башка берилген темалар окуучулардын кызыгуусун туудуруп, өзбек адабияты менен салыштырууга ыңгайлуу. Бирок айта кетчү нерсе, 5-6-класстардын китебинде адабий-теориялык маалыматтар берилбеген. Мисалы, түзүүчү адабий тек, түр, жанр жана анын ичинде эмгек, каада-салт ырлары, эпос, адабий каарман ж.б.у.с. жөнүндө маалыматтарды жатык тилде берип койсо, өтүлүүчү материалдын мазмуну андан да артмак. Ырас, жогорудагы маселелер боюнча окуучу өз эне тилиндеги адабиятты окуп жатканда таанышат деген ой болушу мүмкүн. Ошентсе да, кыска теориялык маалымат окуучунун чыгарманы дагы терең түшүнүүсүнө жардам берет деген ойдобуз.

Адабият теориясын окутуу боюнча А.Муратов мындай дейт: «Адабият теориясын орус мектептеринде окутуу боюнча изилдөөчүлөр өспүрүмдөрдүн

көркөм чыгарманы кабыл алышынын үч деңгээлин (уровень) белгилешет. Биринчиси, констатациялоочу же фабулалык, мында кабыл алуу фабуланын жана каармандын гана чегинде болот, андан өтө албайт; экинчи деңгээл – аналитикалык, мында баланы чыгармадан сюжеттик сызык кызыктыра баштайт, каармандардын жүрүш-туруш, кыймыл-аракетине реакциясы ойгонот; үчүнчү деңгээл – эстетикалык, мындайда каарманга кызыгууну жоготпой туруп эле, чыгарманын подтекстине, көркөм деталдарга, автордук позицияга түшүнүүгө үңүлөт. Мына ушул үчүнчү деңгээлге (баскычка) жетүүдө мектептерде окутулган адабият теориясы өзгөчө жардамга келет [102:396].

7-класстын окуу китебине токтолсок, китеп 2012-жылы 16000 нускада чыгарылган. Китептин мукабасы, баракчарынын сапаты жогорку деңгээлде. Китептин «Баш сөзүндө» өтүлүүчү материалдарга аналитикалык обзор жүргүзүлүп, түзүүчү окуучуларга адабиятты сүйүү «күндүзү Күн сымал, түнкүсүн Ай сымал» жол көрсөтөрүн айтат.

Учурда, бул сөздөрдүн өтө маанилүү экендигин биз да баса белгилемекчибиз. Анткени, кезинде окуучулар китепти ыйык нерсе катары баалаган болсо, бүгүн китеп окуу маселеси өспүрүм балдарды, деги эле жалпы коомчулукту кызыктырбай калды. Өткөн кылымдын аягында Батышта башталган «китеп окуу кризиси» Кыргызстанга тез эле тарап, электрондук маданият, видеопродукциялар ар кандай мультимедия китеп менен атаандаштыкта аны алып жыгып гана калбай, тебелеп-тепсеп келе жатат. Шаарларга гана эмес Ала-Тоо аймагындагы кыштактарга дейре компьютердик оюндардын ооматы басып, өмүрү китеп окубаган өзүнчө эле бир «мультимедиялык муун» өсүп чыкты [101:167].

Окуу китебинин жалпы мазмунуна сарасеп салсак, элдик оозеки чыгармалар (эпостор «Кожожаш», «Курманбек»), эл ырчыларынан чыгармалары («Жеңижок менен Эсенамандын айтышы», Т.Сатылгановдун «Санат, насыят, үлгү ырлары», Барпы «Болор жигит», «Болбос жигит», «Жакшы кыз»), Ата Мекендик Согуш жана тынчтык темасы (Ч.Айтматов

«Эрте келген турналар», Б.Жакиев «Атанын тагдыры»), Ата Журт жана анын адамдары темасы (А.Осмонов «Ата Журт», «Ата Журтум», Ж.Мамытов «Ак-Буура менен сүйлөшүү») боюнча чыгармалар орун алган.

Өзбек тилдүү окуучуларга кыргыз элинин жалпы жашоосун, турмуш-тиричилигин таанытууда адабият предметинин ролу өлчөөсүз. Анткени, окуучу биринчиден, кыргыз элинин оозеки чыгармаларынан кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз карашын, философиялык ойлорун, саясий таанымын аңдап түшүнөт. Экинчиден, окуучулар «Кожожаш» эпосунун маани-мазмунун түшүнүү менен кыргыз элинин мергени Кожожаштын, өз тукумун сактаган Сур эчкинин, Кожожаштын акылдуу, кайраттуу аялы Зулайканын, атасы Карыптын образдарына анализ жүргүзүшөт. Экологиялык проблемаларды сууруп чыгуу менен, каргыш жана бата, сүйүү менен жек көрүү, жашоо-өлүм диалектикалары жаныбар менен адамды айырмалабай тургандыгы, бардык жаралган нерсенин жашоодо орду бар экендиги жөнүндө ой жүгүртө алышат. Эпостун көркөм-тилдик каражаттарына, сүрөттөгөн окуяларына, турмуштук көрүнүштөрүнө баа бере билишет.

Ал эми «Курманбек» эпосу аркылуу окуучулар чыгарманын сюжети менен гана таанышып калбастан, элдик чыгарманын поэтикалык курулмалары, көркөмдүк сапаты менен таанышууга шарт түзүлөт.

Акын А. Осмоновдун окшош темадагы ырларынын («Ата Журт», «Ата Журтум») маани-мазмунун салыштырууга, өзбек адабиятынын өкүлдөрүнүн жаратылыш, Мекен жөнүндөгү ырлары менен жакындык жактарын талдоого үйрөнүшөт. Өзбек адабиятында согуш темасындагы чыгармалар болсо кыргыз адабиятындагы чыгармалар менен маниси жагынан да, идеясы жагынан да дээрлик окшош. Согуштагы өспүрүм балдардын, дегеле совет кеңешинде жашаган калайык-калктын бирдиктүү иш-аракеттери ошол мезгилдеги тарыхый кырдаалды көркөм сөз менен чагылдырылганын өз эне тилиндеги адабият менен салыштырып, котормонун үлгүлөрү менен түп нускасын (Ч.Айтматовдун чыгармаларын) маанилик жактан дал келүүчүлүгүн көрсө болот.

8-класстын «Кыргыз адабияты» китеби да жогорудагы китептер сыяктуу Кыргыз-Өзбек университетинин (азыркы ОшМСУ) «Окуу китептерин даярдоо Борборунан» даярдалып, 2012-жылы жарыкка чыгып, 2013-жылы пайдаланууга берилген. Нускасы 15000. Китептин мукабасы сапаттуу тышталып, колго жеңил, кармаганга ыңгайлуу форматта. Окуу китебинин шрифттери окуганда кыйынчылык келтирбейт. Киришүүдө түзүүчү китептин жалпы мазмунунда, ага киргизилген чыгармаларга анализ жүргүзүп, окуучуларга адабият курсунун милдеттерин, тарбиялык маанисин айтат. Китептин мазмунун кыргыз элинин оозеки көркөм мурасынан: «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосунан үзүндүлөр берилет. Ошондой эле, элдик ырчылардын чыгармалары (Калыгул Бай уулу «Акыр заман», Арстанбек Буйлаш уулу «Тар заман», Молдо Кылыч «Зар заман», Молдо Нияз «Курбанжан датка», Жеңижок «Жалгыз тал менен сүйлөшүү»), орто кылым адабий мурастарынан (Жусуп Баласагын «Кут алчу билим»), бүгүнкү кыргыз адабиятындагы чыгармалардан (Ч. Айтматов «Бетме-бет», М. Гапаров «Байчечек») камтылган. Көрсөтүлгөн чыгармалар 8-класстын окуучуларынын билимдерине жана билгичтиктерине коюлуучу негизги талаптарга жооп берет. Белгилей кетчү нерсе, берилген чыгармаларды өзбек адабиятындагы акын-жазуучулардын чыгармалары менен салыштырууга мүмкүнчүлүк чоң. Мисалы, согуш темасындагы жана турмуштук чыгармалардын идеясын, берген пафосун, каармандарды, окуянын жүрүшүн салыштыруу аркылуу окутсак, окуучулардын түшүнүүсү кыйла жогорулайт.

Алсак, Ч. Айтматовдун «Бетме-бет» повестин Уткир Хошимовдун «Урушнинг сунгги курбони» чыгармасы менен, М.Гапаровдун «Байчечек» чыгармасын Абдусаид Кучимовдун «Бойчечак» чыгармасы менен салыштырып окутуу сабактын натыйжалуулугун жогорулатат.

Дагы айта кетчү бир маселе, А.Саспаевдин «Каныкейдин билериги» аттуу чыгармасы 8-класстын окуу программасында пландалган, бирок окуу китебинде берилген эмес.

9-класстын окуу китеби да окумуштуу С.Момуналиевдин авторлугунда жазылып, 15000 даана басмадан чыккан. Окуу китебинин мазмунун

А.Жакыпбековдун «Теңири Манас» романынан, Ж. Мамытовдун «Оңолбайыр» легенда-драмасынан, Т. Касымбековдун «Сынган кылыч», А. Токомбаевден «Мезгил учат», Ж. Бөкөнбаевдин «Ажал менен Ар-Намыс», А.Осмоновдун «Адамзат», «Көзүм өткүр» лирикалары, «Жеңишбек» поэмасы, Т.Сыдыкбековдун «Тоо балдары», Ч. Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн», А.Саспаевдин «Татым туз», С. Акматбекованын «Аралга арнал» чыгармалары түзөт.

Жогорудагы чыгармалар окуучулардын билгичтиктерине коюлган негизги талаптарына жооп берет. Программанын талабына ылайык түзүлгөн. Ошентсе да, жалпы китептерди (5-9-класстар) түзүүдө, материалдарды жайгаштырууда мугалимдер тарабынан төмөнкүдөй сунуштар болгон:

- окуу китебинин материалдарын жайгаштырууда жеңилден оорго карай принцибин колдонуу. Айрым бир чыгармаларды түшүнүүдө, суроолордун вариантарын түзүүдө, кошумча тапшырмаларды берүүдө бул принцип жетечиликке алынса;

- окуу китебинде предмет аралык байланыштардын системасын түзүү. Мисалы, тилдик каражаттардын колдонулушуна көңүл буруу: сөздүн стилистикалык, семантикалык, стилдик жактан колдонулганын талдоо боюнча тапшырмалар, өзбек адабиятынын өкүлдөрүнүн жазган чыгармаларына салыштыруу үчүн чыгарманын, автордун атын учкай болсо да берүү ж.б.у.с.;

- тил жатыктыруу үчүн тексттен урунттуу бөлүктөрдү бөлүп, жаттоо үчүн тапшырмаларды берүү;

- сөздүк менен иштөөдө анын түрлөрүнө токтолуу, мисалы, түшүндүрмө, котормо, антонимдик, синонимдик, омонимдик ж.б.у.с.

- чыгармадан тарбиялык идеяларды сууруп чыгып, проблемалуу суроолорду окуучулардын алдына коюу;

- адабий-теориялык маселелерге кайрылуу жана аны ыктуу пайдалануу үчүн китепке кыска маалымат жана суроолордун топтомун берүү.

Улуттук мектептерде хрестоматия окуу китебин түзүү боюнча А.Акматова өзүнүн илимий-изилдөө ишинде мындай пикирин билдирет: «Биздин

республикада кыргыз адабияты боюнча окуу китептерин түзүүнүн тажрыйбасы азырынча жетишсиз. Хрестоматия түрүндөгү окуу китептери б.а. анда адабий-көркөм тексттер менен окуу материалдары ажыратып алгыс айкалышып жана бири-бирин толуктап турган хрестоматия окуу китептери, биздин көз карашыбыз боюнча, кыйла максатка ылайыктуу билим берүү, тарбиялоо милдеттерине жол берүүчү болуп саналат» [11:120].

Чындыгында, изилдөөчүнүн бул пикири туурадыр, бирок китепсиз окугандан көрө, учурда чыккан адабият китептери улуттук мектептерде окуучулардын адабий билимин тереңдетүүдө өз салымын кошот. Өкүнүчтүүсү, бардык өзбек мектептеринде китептин тартыштыгы байкалды.

2014-2015-окуу жылында тартууланган «Кыргыз адабияты» (авт. С. Момуналиев, К.Акматов) өзбек окуучуларын да, кыргыз адабияты мугалимдерин да абдан кубантты.

Эгерде мугалим 100 пайыз жетиштүү китеп менен сабак өтсө, балдарга билим берүү бир топ жеңил болот да, окуучулар үчүн алган билими жеткиликтүү болуп ийгиликтерди алып келет. Азыркы учурда көп балдардын сабакка кызыкпай жатышканынын себеби да окуу куралдарынын жетиштүү эместигинен улам болуп жатат. Анткени окуучуларда окуу куралдары жок болсо, мугалим андан тапшырмаларды катуу талап кыла албайт. Себеби, окуучунун «Китебим жок» деген шылтоосу даяр. Андыктан, окуучулар интернет-кафелерге, оюн-клубдарга кирип, тескери таалим-тарбия алып жаткандыгы бизди түйшөлтүп келет [7:99].

Ырас, учурда окуучулардын китеп окуу жагы көйгөйлүү маселелердин бири болуп калды. Бул нерсеге мугалимдер, ата-энелер, айрыкча гуманитардык предметти окуткандар кайдыгер карабай, китеп окуунун кандайдыр жол-жоболорун, ыкмаларын таап, жапа тырмак иштесе, майнабы чыкчудай. Анткени, тажрыйбабызда (мектепте) байкалгандай, окуучулар китепканаларга кирмек түгүл, окуу китептерин толук пайдаланбай жатышы кейиштүү көрүнүш. Окуу китеби окуучулардын билимин жана окуу эмгегин өз бет

алдынча уюштуруунун негизги булактарынын бири экендигин эстен чыгарбасак.

1.3. Кыргыз адабиятын өзбек тилдүү мектептерде үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү

Кайсы гана предметти окутпайлы, окуу процессинин ичинде ал предметтин төмөнкүдөй милдеттери бар: билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү. Ал эми бул милдеттерди чечүүдө өзбек тилдүү мектептердин кыргыз адабияты предметинин мугалиминин алдында бир нече маселелер жаралат. З.Я.Рез «...окуучуга чыгарманы жеткирүүдө автордун дүйнөгө болгон көз карашын, турмуштук концепцияларын анын ою менен түшүндүрүү зарыл, ал эми андан да татаалы окуучулардын кабыл алуусуна кыйын болгон чыгарманы жеткиликтүү түшүндүрүү» [36:39] – дейт. Демек, өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутууда улуттук бөтөнчөлүктөрдү ачып берүү маселеси жатат. Окуучуга кыргыз элинин мүнөзүнүн, жашоо образынын өзгөчөлүгүнүн көркөм чыгармада берилишин мыктап үйрөтсөк, анда окуучулардын алдында кыргыз элинин философиялык, дүйнө таануу ойлору, ички дүйнөсүнүн сулуулугу, көркөм сөз чеберчилиги ачык-айкын көрүнөт. Улуттук мектептерде кыргыз адабиятын окутуу дегендик «...элдин көркөм адабияттагы улуттук бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүү, анын эркиндик үчүн күрөшүүсүн, идеяларын түшүндүрүү» [27:19]. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» чыгармасы аркылуу Толгонайдын образы менен согуш мезгилиндеги жалпы энелердин түйшүгүн, үй-бүлөлөрдөгү абалды, кичинекей кыргыз айылындагы элдин согушка карата мамилесин, Субанкул жана анын балдары аркылуу патриоттуулукту, эл-жерди сүйүү сезимин балдардын жүрөгүнө жеткире алабыз. Айрым бир автобиографиялык чыгармаларды (М.Элебаев «Узак жол», «Бороондуу күнү») окутууда жазуучунун өз мезгилине карата саясий көз карашын, элдин башындагы кыйынчылыкты автордук позициядан өткөрүп, аны көркөм баяндап берүүсү, окуучуларга белгилүү адабий инсандардын да өмүр-таржымалы оңой болбогонун билдиребиз.

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун дагы бир өзгөчөлүгү окуучуну кыргыз элинин улуттук маданияты, тарыхы менен тааныштыруу, ошондой эле аларга бул категориялардын ичинде эки элдин карым-катышы чоң экендигин билдирүү. Окуучу элдик оозеки чыгармаларды («Манас», «Эр Төштүк», «Курманбек» ж.б.) окуу менен андагы жашоо-шартты, ал-абалды билет, элдин каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары менен таанышат. Кыргыз элинин жаратылышка, айлана-чөйрөгө болгон мамилесин «Кожожаш», «Карагул ботом» поэмалары, А.Осмоновдун «Кыргыз тоолору», М.Алыбаевдин «Соң-Көл», Ж.Мамытовдун «Ак-Буура менен сүйлөшүү» ырлары аркылуу түшүнөт.

Адабий билим берүү мектепте өзүнүн башкы функциясы катары – тарбия берүү функциясын аткаруусу керек. Демек, адабий тексттер аркылуу балдардын чыгармачылыгын өстүрүү, мекенин сүйүү сезимин калыптандыруу, алардын турмуш жөнүндөгү ойлорун кеңейтүү, өз элинин патриоту болууга үндөө, сулуулукту, кооздуктуу баалоо жана башка ушул сыяктуу маселелер менен тарбиялоону башкы планга коюшубуз абзел.

Ал эми адабият сабагынын дагы башкы максаттарынын бири өзбек окуучусунун патриоттук сезимин ойготуу, эл-жерин сүйүүгө тарбиялоо болуп саналат. Эки элдин ынтымакташып жашап жаткандыгын, кылымдардан бери кыз алышып, кыз беришкен калк экенин жана бир жерди мекендешкенин көркөм чыгармалардагы образдар аркылуу ачып берсек болот. Анткени, өзбек адабиятында кыргыз элинин улуулугун, кыргыз жеринин кереметин даңктаган өзбек акын-жазуучулары бир топ болуп саналат. Мисалы, акын Турсунбай Адошбаевдин өзбек тилинде жазылган (өзбек адабияты боюнча окуу программасына кирген) «Арсланбоб шаршараси», «Олатог-лолатог», «Ок калпок», «Карогим-Уш» ж.б.у.с. чыгармалары аркылуу кыргыз жеринин кооздугун, элинин кең пейилдигин, жашап жаткан бардык улуттагы элдер менен жакшы мамиледе экендигин даңазаласак болот. Ошондой эле, окуучунун эл-жерди сүйүү сезимин ойготууда кыргыз-өзбек адабиятындагы

жалпылыктарды салыштыруу аркылуу да ишке ашырсак, сабагыбыздын мазмундуулугу артат.

Жогоруда белгилегендей, билим берүү аркылуу тарбиялоо адабият сабагында эриш-аркак ишке ашат. Адабият мугалиминин дагы бир милдеттеринин бири – өзбек окуучусунун окуу маданиятын калыптандыруу болуп эсептелет. Учурда китеп окуу маселеси бардык балдар үчүн көйгөйлүү маселе катарында. Ошентсе да, өзбек окуучусунун адабий чыгарманы окуп жатканда айрым тыбыштарды туура айтуусун талап кылуу, үнүн чыгарып окуу аркылуу каармандын кебин, эмоциясын түшүнүү, андагы көркөм тилдик каражаттарды талдай билүүсү – башкы орунда турат. Окуу аркылуу окуучу өзүнүн оюн кыргыз тилинде туура түшүндүрүүгө, чыгармадагы негизги ойго карата өзүнүн эмоциялык ойлорун билдирүүгө, андагы берилген өзөктүү окуянын канчалык маанилүү экендигин аңдап түшүнүүсү зарыл. Ошондой эле, чыгармадагы каармандардын жашоо-образы, окуя чагылдырылган мезгил (доор) өзбек окуучусун кайдыгер калтырбастан, аны баалай билүүгө, талдай алууга үйрөнүшүнө шарт түзөт.

Кыргыз адабиятын окутуунун дагы бир өзгөчөлүгү окуучунун сөздүк корун байытуу болуп саналат. Кыргыз жана өзбек тилдери тектеш болуп, көп сөздөрдү түшүнүүгө мүмкүн болгону менен анын айтылышында бир топ өзгөчөлүктөр бар. Андыктан, адабият мугалими кыргыз тилинин фонетикалык, лексикалык, морфологиялык, стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө токтолуусу кажет. Сөздөрдүн туура айтылышын жана жазылышын (эмнегедир-негедир, чачтуу-чаштуу, конбойт-конвойт ж.б.у.с.), алардын маанилеринин көп түрдүүлүгүн (синонимдердин, антонимдердин, омонимдердин, көп маанилүү сөздөрдүн, диалектизмдердин ж.б.), энчилүү, жалпы аттардын колдонулушун, сөз түркүмдөрүнүн көркөм кепте, адабий тилде колдонулуш өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү өзбек окуучусунун кыргыз кебинин байлыгын, анын колдонулуш чөйрөсүнүн кеңдигин таанууга өбөлгө түзөт.

Мугалим адабиятты окутууда адабият теориясынын маселелерин да четке калтырбоосу керек. Анткени, адабият теориясы чыгарманын мазмунун жана

формасын түшүнүүдө, анализдөөдө өтө зарыл болуп эсептелет. Окуучу чыгарманын кайсыл жанрга киргендигин, кайсыл мезгилге, учурга таандык экендигин ажырата билгени оң. Албетте, адабият теориясынын айрым маселелери менен окуучулар өзбек адабияты предметин окуп жатканда таанышат, ошентсе да кыргыз адабиятынын теориясы менен өзбек адабиятынын теориясын салыштырып кароо сабактын эффективдүүлүгүн арттырат. Мисалы, кыргыз, өзбек ыр түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, уйкаштыктарын салыштырып кароо менен ырдын канчалык көркөм, мазмундуу жазылганын билсек болот.

Демек, адабият инсанды ар тараптуу калыптандырууда эбегейсиз роль ойнойт. Өзбек окуучулары кыргыз адабиятын окуу менен кыргыз элинин жашоо-тиричилигин, дүйнөгө болгон түрдүү көз карашын, элдин жашап өткөн тарыхый урунттуу учурларын кабыл алуу менен элдин оозеки чыгармачылыгы менен таанышууга, жазма адабияттын каармандарын, тилдик каражаттарын талдоого, эне тилиндеги чыгармалар менен салыштырууга жана эң негизгиси кыргыз элинин патриоту болууга тарбияланышат.

1.3.1. Өзбек тилдүү мектептердин 5-классында жомокторду окутуунун өзгөчөлүктөрү

Элдик жомоктордун тарбиялык маанисин баалабай коюуга болбойт. Себеби аларда эл эмгекти даңазалап, жалкоолорду ашкерелеп, инсандын асыл сапаттарын түз жана өтмө мааниде баалап, ар дайым акыл-эсти, адилеттүүлүктү туу туткан.

Элдик педагогиканы жаратуунун алгачкы аракети катары жомоктор өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Жомоктордун негизги өзгөчөлүгү – ал элдик чыгарма. Дээрлик көпчүлүк жомоктордо элге мүнөздүү нравалык сапаттар: Ата Мекенди коргоо, чеберчилик жана эмгекти сүйүү, адилеттүүлүк, бекем достук, жаманга каршы күрөш чагылдырылган. Жомоктордо элдин мүнөзү, анын психологиясы, турмуштагы орду берилген.

Жомоктордун экинчи бир өзгөчөлүгү ал – фантазияга, ойлоп табуучулукка бай. Ошондой эле, угуучуларда юморду, шайырдыкты, кубанычты, күлкүнү, назиктикти ошону менен катар коркунучту, аянычты, кайгыны пайда кылган. Мындай элдик чыгармалардын үлгүлөрү баланын эң баалуу касиетин: чыгармачылык кыялды, элестетүүнү өстүрүүгө чоң шарт түзгөн.

Андан башка жомоктордун тарбиялык таасири жалгыз эле балдарга тийбестен, ата-энелердин да турмуштук көз караштарына, нравалык сапаттарына чоң таасирин тийгизген.

Илим жана маданияттын белгилүү ишмерлери жаш муунду тарбиялоодо жомокторду кеңири пайдалануу бекер жеринен сунуш кылышпаган. Улуу жазуучу Ч. Айтматов: «Жомок – адамзаттын тажрыйбасы, анын басып өткөн жолу. Тарыхый көркөм эстеликтерди кандай сактасак, жомокторду да дал ошондой сакташыбыз керек», - деп белгилеген. Өзүнүн чыгармаларында ал элдик жомокторду чеберчилик менен колдонуп келген.

Балдарды эстетикалык багытта тарбиялоодо жомоктордун эмгеги зор. Жомоктордогу каармандардын иш-аракеттеринин сулуулугу, сюжеттик көркөмдүүлүгү балдарга эбегейсиз зор суктануу, таң калууну туудурат.

Улуу педагогог В. А. Сухомлинский «Жомокторду окуу, айтып берүү, аны драмалаштыруу жана угуу – тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү» - деп айткан. Анын жүргүзгөн талдоосуна караганда III – VIII класстардагы окуучулардын жомок угуусу төмөнкүчө: 3-класста – 67 %, 4-класста – 63 %, 5-класста – 46%, 6-класста – 30%, 7-класста 23%, 8-класста – 18% [131:28].

Демек, жогорку сандардан көрүнүп тургандай, жаш өзгөчөлүгүнө карай кичинекей балдарда жомок угууга кызыгуу чоң болот экен.

Балдарга арналган аңгемелер, жомоктордун сюжеттик элементтери киргизилген чыгармаларды Орто Азия жана Казакстандын жазуучулары да жаратышкан. Кыргыз акыны Тоголок Молдонун «Турна менен түлкү». «Карышкыр менен түлкү», «Бөдөнө түлкүнү кантип алдады?» жана башка жомоктордун негизинде турмуштук сюжеттердин белгилери киргизилген.

А.Токомбаевдин «Курманбек», «Жетим» поэмаларында, К. Баялиновдун «Түлкү жана суур», «Чабалекей менен жылан» аңгемелеринде фольклордук сюжеттин негизинде адамдын адептик эң сонун сапаттары даңазаланат. Балдарды тарбиялоо ишинде жомоктор менен катар жөө жомоктордун да мааниси зор. Жөө жомоктор элдин байыркы адабий түрлөрүнүн бирине кирет. Жөө жомоктордо угуучу менен окуучуга үгүт-насаат айтуу, көңүлүн көтөрүү, жарпын жазуу максаты коюлуп, зор ынтаа менен күчөтүлүп айтылат жана апыртмалуу баяндалат. Мында элдин улуттук мүнөз-пейили, даанышмандыгы менен адеп намысынын сапаттык белгилери чагылат.

Жөө жомоктор ар кыл окуяларды камтый беришет, алар ырааттуу жана уйкаш баяндоо мазмунуна ээ болуп турат. Каармандары болсо – чечен сөзмөрдүүлүгү, сөзгө тыкан жана усталыгы, маңыздуу ширин тили менен айрымаланат.

Кайсы гана элде болбосун, эң оболу кара сөз түрүндөгү чыгармалар пайда болгон. Мындай көрүнүш кыргыз оозеки чыгармачылыгына да мүнөздүү. Жөө жомоктор жомокторго караганда, камтыган окуялары менен көлөмү жактан бир кыйла чакан келет, каармандары да аз санда болот. Ошондой эле, мазмуну менен формасы, стили менен композициясы тараптан айтуучулар үчүн да, угуучулар үчүн да бир кыйла жатык жана ыңгайлуу келет. Анткени, жөө жомокторго салыштырмалуу, жомокторду зор даярдыгы бар, жалпы маданий деңгээли бийик, камылгалуу гана айтышпаса, көрүнгөндүн колунан келе берчү иш эмес.

Педагогика жана кыргыз адабияты сабагы жөө жомоктордун өзгөчө касиеттерин белгилешет. Өзбек мектептердин башталгыч класстарында айбанаттар жөнүндөгү жомоктор камтылган. Ал жомокторду балдарга айтып берүү менен көркөм окутуу жана которуу, сөздүк иштери менен иштөө жакшы натыйжаны берет. Бул жанрды башталгыч класстардын «Кыргыз тили» сабагында окутуу чоң жоопкерчиликти туудурат. Себеби, окуучулар бир чети тил билбесе, бир чети айтууга кыйын болгон сөздөрдүн артикуляциясын жакшы өздөштүрө алышпайт. Анткени, жомоктордо туруктуу сөз айкаштар

менен стилдик формалар жыш учурайт. Ошондуктан, мектеп жашындагы кенже балдарга жөө жомокторду бир нече сыйра окутуу аркылуу гана тиешелүү сөздүк жумуштарын уюштуруп, чыгарманы бөлүмдөргө бөлүп, алардын мазмунуна карай ат коюп, тарбиялык маңызын жыйынтыктаса болот.

Ошондой эле, өзбек мектептердин башталгыч класстардын окуучуларына өзбек тилинде да окуп, өз эне тилинде да айттырып, андан кийин кыргызча вариантын салыштырса болот. Өзбек мектептердин «Кыргыз адабиятынын программасында» [73] 5-класска «Жөө жомокторго» 6 саат берилет. Учурда адабият сабагы жумасына 1 саат окутулгандыктан, жомок жөнүндө жалпы түшүнүк берүү жагы мугалимдин чеберчилигине жараша болот. Мугалим жомоктун теориялык жагын окуучуларга тааныштыруусу зарыл. Жомок жөнүндөгү маалымат менен 5-класстын окуучулары өз эне тилинде жана кыргыз адабияты [93] сабагында кеңири таанышышат.

Программанын талабына ылайык, 5-класста «Кыргыздын элдик оозеки чыгармалары. Жөө жомокторду» өтүүгө берилген сааттын алгачкы, биринчи сабагы кириш сөзү (айтып берүү ыкмасы) менен башталат. Кириш сөз катарында айтып берүү окуучуларды жаңы материалды кабыл алууга даярдайт. Айтып берүү так, окуучулардын кызыгуусун арттыра алган, активдүүлүгүн козгой турган, эмоционалдык жактан күчтүү, таасирдүү болушу керек. Сүрөттөр, иллюстрациялар, техникалык каражаттар пайдаланылат.

«Мифтердей эле жомоктор да тарыхый жактан шартташкан жанрдык форма. Ал мифтерден кийин пайда болуп, чындыктын өзгөчө сферасынан өсүп чыккан, жомоктор элдик кыялдардын өнүгүшүндөгү жаңы баскычты көрсөтүп өнүккөн жана дифференцияланган, коомдук турмуштагы өзгөрүүлөргө, эл массасынын аң-сезиминдеги эволюцияга байланыштуу жомоктордун бир түрлөрү биринчи планга чыгат. Жомоктордун эң байыркы түрлөрү – бул айбанаттар жөнүндө жомоктор жана архаикалык сыйкырдуу жомоктор; андан кийин, байыркы общиналык коомдун бузулуш доорунда жана ага байланыштуу үй-бүлөчүлүк мамилелерге карата күнөөсүз жерден кубаланган жана үйлөнүү үчүн аял издеген баатырлар жөнүндөгү жомоктор (баатырдык жомоктор) пайда

болот; феодалдык доордо таптык карама-каршылыкты көрсөткөн сыйкырдуу жомоктор ошондой эле ар түрдүү мүнөздөгү авантюралык[1]* жана турмуштук (тарыхый жана сатиралык) жомоктор чыгат; капитализмдин доорунда авантюралык жана турмуштук жомоктор акырындык менен сыйкырдуу, кереметтүү жомокторду сүрүп чыгара баштайт – бул процесс азыркы убакта да ишке ашып жатат» [65:34].

Кыргыз жомоктору да ушул жолдорду басып өтөрү шексиз, бирок элибиздин поэтикалык шыктуулугуна байланыштуу бул өзгөчөлөнгөн башкача жол болушу мүмкүн деген ой пайда болот, ошентсе да башка улуттардай эле элибиздин жомоктору да негизинен:

а) айбанаттар жөнүндөгү жомоктор;

б) кереметтүү-сыйкырдуу жомоктор;

в) турмуштук жомоктор болуп бөлүнөт.

Жомоктордун каармандары максатына жетиш үчүн булут аралап килемдер менен учушат, илбирс, жолборсторду минишет, бир түндө алтын сарайларды курушат, от аралап, таш чайнайт, атылган окту тосуп алышат, деңиздерди чөөттөй кечишет; керек болгондо өзүн жерге бир коюп айбаты күчтүү арстан болуп калышат, коркунучтуу жырткычтар бирде адам менен достошуп жардам берет, бирде касташып кыргын салышат; көз ачып-жумгуча ай-ааламды кыдырып чатырман токойлорду, аскасы бийик тоолорду аралап өтүп, жер алдына түшөт, каардуу душмандарды талкалайт, жети баштуу от бүркөн ажыдаарды, темир жандуу киши жегич дөөлөрдү жеңет.

Эмнелерди гана иштебесин, жомоктогу оң каармандар биздин көз алдыбызга кадимки эле көзгө атар мергенчи, мал баккан жаш бала, эмгегинен баар тапкан баба дыйкан, эл камын ойлогон акылдуу кыз, колунан көөр төгүлгөн уста элестейт.

Өзүнүн поэтикалык каражаттары жана сүрөттөлгөн көрүнүштөр аркылуу жомоктор өспүрүмдөргө эмненин жакшы, эмненин жаман экендигин ачат. Ак

* кызыктуу окуяны издөө жана аны баштан өткөрүү

көңүлдүүлүктү кара мүртөздүктөн, чындыкты калптан ажырата билүүгө тарбиялайт, турмуштук тажрыйбасын байытат.

Мугалимдин кириш сөзүндө өзбек окуучулары сөзсүз түрдө өз эне тилиндеги жомокторду элестетишет, аларды санап берүүгө да кудурети жетет. Бирок, мугалим эки элдин бирдиктүү жомокторун («Акылдуу кыз», «Алтын куш», «Жеке таз менен жети таз» ж.б.), элдик эпостордогу, уламыштардагы окшоштуктарын, айырмачылыктарын окуучулардын өздөрүнөн сурап, мүмкүн болушунча каармандардын кебин, оң жана терс образдардын окшоштугун, жомоктун башталышын жана аягын сурамжылоосу зарыл.

«Кыргыздын элдик оозеки чыгармалары. Жөө жомоктор» жөнүндөгү алгачкы сабак аңгемелешүү (аңгеме методу) менен бүтөт. Анда жомоктор жөнүндөгү түшүнүктөр, билимдер, фактылар системага салынат. Окуучуларга берилген суроолор так, өтүлгөн материалды өздөштүрүүгө шарт түзчүдөй болушу зарыл. Аңгемелешүү учурунда окуучулар мурда билген же укkан жомокторун эстешет, элестетишет, ойлонушат, каармандардын кылык-жоруктарынан тиешелүү жыйынтык чыгарышат, жооп издешет. Кийинки сабактын болушун чыдамсыздык менен күтүшөт.

«Акыл Карачач» жомогу программада 3 саатка пландаштырылган. Аталган жомокторду өтүүдө мугалим эске ала турган жагдайлар төмөнкүлөр: мектеп тажрыйбасы көрсөткөндөй, 5-класстын окуучулары жаш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу жомоктун нравалык багытын, эстетикалык татымын, акылмандык менен айтылган эл максатын, чакырыктарын бирдей деңгээлде өздөштүрө алышпайт. Ушул себептен өспүрүмдөрдүн көңүлү окуялардын өсүшүнө, бир түрдөн экинчи көрүнүшкө өткөн күтүлбөгөн кубулуштарга бурулуп, сюжеттик мазмуну, идеялык ою түшүндүрүлөт. Ошондо 5-класстын окуучулары жомоктордун мазмунун формасы менен байланыштуу карашат, андагы каармандардын кыймыл-аракеттерин, идеялык мазмунун бир кыйла жогорку деңгээлде өздөштүрүшөт.

Жомокту өтүүдө мугалимдин көркөм окуп берүүсү да негизги орунда турат. Бардык эле сөздөр окуучуларга түшүнүктүү болбогондуктан, аларды

өзгөчө бөлүп түшүндүрүү, сөздүк ишин жүргүзүү жомокту андан да терең түшүнүүгө шарт түзөт.

Мугалим жомоктогу бактылуу турмуш, эркиндик үчүн күрөшкөн тайманбас каармандын мүнөзүн ача турган аллегорияларга, гиперболаларга, эпитеттерге, метафораларга жана айрым сүйлөм тизмектерине логикалык басым жасап, жомоктун башталышына жана аякталышына окуучулардын көңүлүн өзгөчө буруп, алардын эстетикалык ырахаттанусуна жетиши зарыл. Ал үчүн мурдатан даярдалган, ойлонууга шарт түзүүчү проблемалык суроолор классты активдештирет жана уюштурат, сабактын жүрүшүндө айтылган айрым илимий фактыларды окуучулардын сезиминде бүтүн бир системага салып топтоштурат жана жыйынтыктайт [93:42].

«Акыл Карачач» жомогун окутуу

Сабактын максаты окуучуларга кеп маданиятынын талаптарын, чечендик өнөрдүн, акылмандыктын көркөм үлгүлөрүн үйрөтүү болуп саналат. Жомоктун ар бир этабында кептин үлгүлөрүнө көңүл буруп, окуучунун кептик, тилдик мүмкүнчүлүгүн өстүрөбүз. Алгач «чечен» деген сөздүн маанисин талкуулап, окуучудан өзбек элинин чечендерин, кепке усталарын сурап алабыз. «Чечен» деген сөздүн мааниси чечмеленип жана чечендер кимдер болору жөнүндө маалымат мугалимдин жардамы менен толукталып бүткөндөн кийин гана жомокту окуй баштайбыз.

«Акыл Карачач» жомогун окутууда жомоктун текстин бир нече этаптарга бөлүп алып, интерактивдүү ыкманын негизинде топтордо иштетсе, убакыт үнөмдөлүп, жакшы натыйжа берет.

1-топко: Жээренче чечен менен Төлөмырза.

2-топко: Жээренченин келин издеп, Акыл Карачачка жолугуусу.

3-топко: Жээренченин куда түшүүсү.

4-топко: Жаныбек хан жана Жээренче.

5-топко: Жаныбек ханды тактан түшүрүү же заалимден кутулуу ж.б.

Топтор мугалим тарабынан берилген текстти окуп, ар бир топ түшүнүгүн презентациялагандан кийин, текстке талдоо жүргүзөбүз. Талдоодо биринчи

сөздүк иши менен иштеп, айрым түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин чечмелейбиз (сөздөрдү чечмелөө боюнча сөздүк). Андан кийин гана окуучулардын түшүнүгүн бекемдөө максатында төмөнкү суроолорду берсе болот:

1. Жээренче чечен уулун эмне үчүн сынагысы келди?
2. Жээренче чечен уулуна эмне деп суроо берди?
3. Ал туура жооп бердиби же жокпу?
4. «Ат жалына казан асуу» деген сөздүн маанисин силер кандай түшүндүңөр, ал эми Төлөмырзачы?
5. «Аял жакшы болсо – эр жакшы болот, акыл оошот, ырыс жугушат» деген сөздүн мааниси эмнеде?
6. Акыл Карачачтын акылмандыгы кайсыл топтун текстинде терең ачылган?
7. Жаныбек хан Жээренчеге эмнеге асыла баштады?
8. Акыл Карачач кайын атасына эмне деп акыл үйрөттү?
9. Жомоктун аягы эмне менен бүттү?
10. Өзбек элинде ушундай акылдуу кыздар жөнүндө жомоктор барбы?

Берилген суроолор окуучунун түшүнүгүн тереңдетет жана кеп байлыгын, ой-туюмун өстүрөт. Ал эми 10-суроо окуучунун өз эне тилиндеги жомокторду эстөөгө жардам берет. Бул сурооого окуучулардын айрым жоопторунан мисал келтирсек:

Мугалим: Силер Акыл Карачачтын акылдуу, сөзгө чебер экенин билдиңер, өзбек элинин жомокторунда да акылдуулукка абдан көп маани беришкен. Өзбек элинин жомокторунда Акыл Карачач сыяктуу акылдуу кыздар жөнүндө айтылабы?

1-окуучу: Ооба, мындай жомоктор абдан көп. Мазмуну жагынан окшобосо да кыздардын акылдуулугу жөнүндө айтылат. Мисалы, «Хуснобад» жомогу. Хуснобад падышанын кызы болгон. Анын атасы апасын кечке кордочу, анткени апасы кедейдин үй-бүлөсүнөн чыккан эле. Апасынын кордугун көргөн Хуснобад: «Мен буюрса эң кедей адамга турмушка чыгам жана ошол адамды атамдын тактысына отургузамын», - дейт. Ошентип, ал

кедей жигитке турмушка чыгып, өзүнүн акылдуулугу менен атасынын тактысына олтургузган экен.

2-окуучу: Мен да ушул сыяктуу жомокту билем. Бирок ал жомок «Кедейдин кызы» деп аталат. Бул жомокто кедейдин кызы Акыл Карачачка окшошуп да кетет. Анткени ал падышанын акылсыз, колунан эч нерсе келбеген баласын окутат. Падышанын баласы аны жактырбайт, бирок кедейдин кызынан өч алыш үчүн ага үйлөнөт. Үйлөнгөндөн кийин аны аябай кордойт. Ал эми кедейдин кызы баары бир акылдуу чыгып, бүтүндөй падышачылыкты башкарып калган экен.

Мындай салыштыруулар окуучулардын арасында абдан көп айтылат. Бир гана өзбек элинин жомоктору эмес, башка элдердин акылдуу кыздар жөнүндөгү жомоктору да эскерилиши мүмкүн. Андан башка окуучулар акылдуу кыздар жөнүндө көргөн мультфильмдерди, жомоктордун көркөм тасмасын көргөндүгү жөнүндө маалыматтарды айтып, «Акыл Карачач» жомогуна образдарды салыштырышат.

Үйгө тапшырма катары ар бир топко өзүнчө тапшырма берсе болот. Мисалга, 1-топко – «Акыл Карачач жана Жээренче», 2-топко – «Төлөмырза жана Жээренче», 3-топко – «Жаныбек хандын жоруктары», 4-топко – «Акыл Карачачтын акылмандуулугу» ж.б.у.с. тапшырмаларды жазуу түрүндө да, оозеки түрүндө да аткарса болот.

Жыйынтыктап айтканда, чыгармачыл мугалим улуттук мектептерге кыргыз адабиятын өтүүдө чыгармачылык жигердүүлүк менен эмгектениши учурдун талабы. Себеби, тил үйрөтүү менен биз Кыргызстанда жашаган мекендештерибизге кылым карыткан элибиздин улуу эл экендигин, элдин тарыхын, маданиятын, ушул күнгө жеткирген тилин даңазалап, кыргыз элинин патриоту болууну үйрөтөбүз.

1.3.2. Көркөм текстти автордун позициясы менен байланышта интерпретациялоонун жолдору жана ыкмалары

Көркөм адабият коомдун өзүн таанып билүүсүндө, өткөндөрдү эске түшүрүүсүндө, жаштардын аң-сезимин гумандаштырууда, эне тилдин байлыктарын өздөштүрүүсүндө эбегейсиз чоң кызмат аткарат. Ааламдашуу процесси аябай тездик менен жүрүп жаткан учурда, адамзат өз баскан жолун кайра-кайра аңдап үйрөнүүгө барбаса, туюкка кептелери дайын болуп турган, маданияттардын диалогунун зарылдыгы күн өткөн сайын актуалдашып жаткан азыркы шартта мектепте окутулуучу адабият сабагына өзгөчө милдет жүктөлгөн.

Адабият предмети – бул көркөм текстти аңдап түшүнүү жана ошол түшүнгөндөрүн турмушунда пайдаланууга үйрөтүү предмети [103:3].

Ал эми кыргыз адабиятын өзбек мектептерде окутуу аркылуу кыргыз элинин маданиятын, каада-салтын, үрп-адатын, тарыхын кошо үйрөтөбүз. Ошондуктан, биз жогоруда белгилегендей, адабият сабагынын өтүлүшү талапка ылайыкпы, аны бүгүнкү күндө өзбек мектептерде кандай адистер өтүп жатат деген чоң суроо баарыбызды түйшөлтүп келет.

Адабият мугалими өз предмети аркылуу окуучулардын ыймандык сапатын өнүктүрүп, коомдук таанып-билүүсүн жогорулатып, сезимин калыптоого тийиш, балдар бул сабактан өз өмүрлөрүнө тутка-жөлөк болор адамдарды табат, рухий дүйнөлөрүн байытат, бул эң негизги милдеттер – сабакта чыгарманы интерпретациялоо жолу менен ишке ашат [103:3].

С. Момуналиевдин авторлугунда түзүлгөн «Кыргыз адабиятынын программасында» [73:3] 5-класска Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» поэмасын окутуу үчүн 3 саат бөлүнөт жана окуу китебинде бул поэманын толук варианты берилет.

Бул чыгарманы окутуу сабагы мугалимдин кириш сөзү менен башталат.

Мугалим сабактын кириш бөлүгүн ар тараптан тыкандык менен иштеп чыгуусу зарыл. Анткени, берилген поэманы өтүүдө автор жөнүндөгү маалымат толугу менен айтылуусу шартпы, эгер айтуу керек болсо, эмнелерге токтолуу

керек; поэманын жаралыш тарыхы, элдин жашоосу менен байланыштылуугу, окуучулардын башка предметтерден алган билимдерин айкалыштырып пайдаланса болобу; мындай мазмундагы элдик поэмалар өзбек адабиятында же элдик оозеки чыгармаларда кезигеби деген сыяктуу маселелерди чечип алса болот.

Ошондой эле, киришүү сабагында жогорудагы маселелерди чечип алуу менен гана чектелүү туура эмес, мугалимдин баяндоо кеби да башкы орунда турат. «Мугалимдин сөзү, тону, темпи, эмоциясы ырдын тонуна, темпине, угумуна, эмоциясына шайкеш, төп келгендей, окуучуларда акын ырды жаратып жаткандагыга жакын, окшош, үндөш, абалды, көңүл жайды, сезим, маанайды пайда кылгандай болушу абзел. Киришүү сабагынын мазмуну ырдын өзгөчөлүгүнө, окуучулардын ырды жараткан акын менен канчалык деңгээлде тааныш экендигине жараша болот» [99:56].

Өзбек мектептеринин 5-классында адабият сабагы өзүнчө предмет катары эми гана окутула баштагандыктан, кыргыз акын-жазуучулары жөнүндө окуучуларда маалымат аз же жокко эсе. Ошондуктан, окуу программасы боюнча кайсы гана чыгарма өтүлбөсүн анын автору менен окуучуларды тааныштыруу талапка ылайык.

Окуу программасында акын-жазуучулардын өмүр баянына атайын сааттар бөлүнбөйт, бирок кыска маалыматтык справка берүү, акындын турмушу менен тааныштыруу сыяктуу маселерди мугалим чеберчилигине жараша түшүндүрө алат. Өзбек мектептеринде чыгарманын өзүнө аз саат берилгенине карабай, өмүр баяндык кыскача маалымат беришибиз туура деп эсептелет. Ал эми акын, жазуучунун өмүр баянын кыска окутууда негизи, окуучулар эстеп калгыдай мазмунду айтышыбыз керек.

Байымбет Абдыракмандын (Тоголок Молдонун) өмүрү, чыгармачылык жолунан кабар берип, анын элдик оозеки чыгармачылыктагы жазма адабияттын өкүлү экендигин жана анын дин мектебинен окуп, эмне себептен аты Молдо аталып калышын да түшүндүрүү. Анын атасы Абдыракман, энеси Коңур карапайым адамдардан болушкан. Ал төгүп ырдай да, жаза да билген.

Кыргыз адабиятын жанрдык жактан байыткан. Балдар адабиятына, тамсил жанрына негиз салган.

Тоголок Молдо ырчы катары эрте калыптанган. Аны өзүнүн ырларында эскерет. Бирок эл арасында жамактатып ырдап жүрсө да, ой-санаасы элдик оозеки чыгармачылыкка бурулуп, негизинен «Манас» айтуу менен белгилүү болгон. Ага атактуу манасчы Тыныбек менен бирге болушу, андан бул өнөрдү үйрөнүшү таасир эткен. «Манасты» изилдеген окумуштуулардын маалыматтары боюнча Тыныбек бала Байымбеттин «Манасты» аткарып жана жазып алып жаткандыгын көрүп, ага «Тоголок Молдо» деген ат берет.

Акындын балдарга арнап жазып-жыйнаган чыгармаларына таянып, изилдөөчүлөр аны балдар адабиятынын негиздөөчүсү дешет. Ошол чыгармачылык ишмердигинин өзү аны XIX кылымдагы агартуучулардын катарына кошот. Анткени, ал жазманы колдонуу менен, жаш муундардын коомдук тарбия алышына же окуп билим алышына кам көргөн.

Акындын чыгармалары жөнүндө сөз кылганыбызда, албетте, алардын урунттуу жактарын гана алып, же ошолорго таянып жатабыз. Ал эми иш жүзүндө акындын ар бир чыгармасы полифункционалдуу, башкача айтканда, көп функционалдуу же көп маанилүү чыгармалардан болуп саналат. Маселен, «Кемчонтой», «Телибай тентек» поэмалары балдар үчүн ийкемдүү, образдары ачык, тарбиясы чоң чыгармалар болуу менен бирге, аларда балдардын тарбиясына кайчылаш келген терс мүнөздөр, кылык-жоруктар алынат [55:14].

Демек, мугалим балдарга акын жөнүндө айтып жатканда, анын чыгармачылыктагы өзгөчөлүктөрүнө токтолуу абзел.

Тоголок Молдонун өмүрү, чыгармачылык жолу менен балдар таанышкан соң, ушул акын сыяктуу өзбек балдар адабиятына чыйыр салган акын-жазуучулардын кимдер экенин суроо жана алардын чыгармалары кандай мазмунда, эмне үчүн 5-класстын окуучусу ошол акын-жазуучуларды тандап алды, мугалимдин билиши зарыл жана ал окуучуларды кубаттоо менен чыгарманы өтүүгө даярдык көрүү керек.

Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» чыгармасын өтөрдөн мурда, окуучуларга мугалим төмөнкүдөй суроолор менен кайрылат, мисалы:

1. Жердин балдары кимдер болушу мүмкүн?

2. Жамгырдын, шамалдын, оттун, суунун жерге, адамга эмне пайдасы бар?

3. Эгерде жаратылыштын бул кубулуштарынын бири жок болсо, адамзаттын жашоосу кандай болот эле?

4. Силер бул кубулуштар менен кандай мамиле жасайсыңар? ж.б.у.с. баштаса болот.

Мугалим окуучулардын оюн билип, жаратылыштын кубулуштарынын (жамгыр, суу, от, шамал) касиеттеринин адам баласына, дегеле курчап турган кең дүйнөнүн эмне кереги бардыгын билиши, окуучулардын жаратылыштын касиеттеринен канчалык кабардар экенинен маалыматка ээ болот. Алынган маалыматтар доскага жазылып туруусу зарыл, анткени чыгарма окулуп, түшүндүрүлүп бүткөн соң, окуучунун маалыматынын, сөздүк корунун кеңейгени байкалат, ошондой эле окуучулар өздөрүнүн оюнун канчалык деңгээлде ырастыгын такташат. «Лирикалык чыгармалардын текстин интерпретациялоонун биринчи этабы – текстти көркөм окуу. Текстти алгачкы жолу көркөм окуунун формалары: купуя (тынч) окуу; жамаат менен окуу; топ-тобу менен окуу бөлүнүп окуу; жеке окуу» [103:51].

Адатта, көркөм окууну биринчи мугалим окуп бериши оң, окуучуларда устатындай көркөм окууга тууроо пайда болот, экинчи жактан чыгармадагы образдарды тереңирээк түшүнүүгө шарт түзүлөт. Мугалим, башка улуттун окуучусуна чыгарманы түшүндүрүп жаткан соң, артистигин мыктап пайдалануусу керек, Тоголок Молдонун бул чыгармасын берүүдө да жамгырдын, суунун, оттун, шамалдын ички табияты көркөм окуудан ачылат.

Көркөм окуу аркылуу чыгарманын максатын ачып берсе болот, окуучу:

- чыгарма жөнүндө толук маалымат ала алат;
- чыгармадагы каармандардын мактаныч сөздөрүнүн маанисин түшүнүүгө аракет жасайт;

- ар бир каарман жөнүндө өз алдынча элестетип, ойлонууга шарт түзүлөт;
- чыгармадагы көркөм тилдик каражаттарга маани берет;
- чыгарманын тарбия берүүчүлүк жагы ачылат;
- турмушта чыгармадагы каармандарга окшош адамдар бар экендигин салыштыра алышат.

Интонация көрктүү окуунун негизги каражаты болуу менен бирге, көркөм чыгарманын идеялык мазмунун да, ошондой эле формасын чагылтат, Е.В.Язовицкий: «Туура интонация курчап турган чындыктын кубулуштарына, фактыларына, окуяларына аны окуп жаткан адам жан-дили менен берилип мамиле жасаганда жана терең өздөштүргөндө гана табылат» - деп белгилейт [149:30].

Мугалим чыгарманы көрктүү окуу аркылуу каармандардын ар кыл сезимдерин: менменсинүүсүн, мыскылдоосун, көңүл коштугун, ачууланууусун, кубануусун жана жек көрүүсүн бере алат. Ошондой эле, үндүн тону менен интонациясы аркылуу жаратылыш кубулуштарынын бири-бирине болгон мамилесин ачык көрсөтө алат. «М.А.Рыбникова: «Тон менен интонация көрктүү окуунун ачкычы», - деп атаган. Чындыгында тон менен интонацияны туура туюнтканда гана, аны менен бирге башка каражаттар: басым, үндөштүк, тыным да табылат» [99:144].

Чыгармада образдардын сүрөттөлүшү жеңил, жөнөкөй тил менен берилген, мисалы:

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап.
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөзүн баштады.
Өзүнүн **боюн көтөрүп**,
Айтар сөздөн шашпады [93:76].

Көрүнүп тургандай, Тоголок Молдо чыгарманы кириш сөз менен баштап жатат жана жамгырдын «боюнун көтөргөндүгүн», ошондой эле айтар сөзүн

шашпай айтканына бала кеп учугу алыс экендигин, жамгырдын «бой көтөргөнүнө» караганда окуянын жакшы кабардан башталбасын туят. Бирок, акындын жамгырдын канчалык касиети бар экендигин да сүрөттөгөнүн айтпаса болбойт:

…Желип өткөн жеримен
Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бир бүтүп,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тиричилик,
Жер жүзүнөн жай алган,
Элге берем тиричилик.
Жаратылган ар түрлүү
Жанга берем тиричилик.
…Жаабай койсом бир жылга,
Жандын баары кысылат.
Эки жылга жетпестен,
Элдин баары бузулат.
Саздар кургап таш болот,
Жандын төлү аз болот.
Кабыгы менен бүт куурайт,
Карагай, кайың, терек, тал,
Өнбөй калса жерде чөп,
Өлүп бүтөт барча мал.
Эгин чөп жерге өнбөсө,
Кысылып бүтөт канча мал [93:77].

Тоголок Молдо жамгырды касиетин айтуу менен анын канчалык деңгээлде керек экендигин да, эгер ал болбосо канчалык кыйын болорун да

санап өттү. Бул чыгармадагы ар бир образдын сөзүнөн кийин мугалим тыныгуу жасап, чындыгында эле чыгармадагы каармандар туура айтып жатабы, быйылкы жамгыр кандай болду, адамдын жашоо-турмушуна, жаратылышка кандай пайда, зыян жактары бар экендигин сурамжылап, аңгемелешүү катары окуучулардын пикирин билип турушу абзел. Себеби, сабактагы мындай тактык образдарды салыштырууга, анализдөөгө ыңгайлуу болот.

Чыгармадагы экинчи каарман – бул суу. Суунун сөзүн мугалим башка тондо, башка үн менен чеберчиликте окуусу шарт. Суу жамгырга жооп айтып, өзүнүн канчалык деңгээлде андан бийиктигин айтып жооп берет:

- Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
«Толтурам» - деп деңизди,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
…Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир буу
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
Дарыя, деңиз, көлдөрдөн
Сурап булут суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусусуң,
Алып келген булуттун,
Суусу турсун буусусуң.
……
Бул сөздү жамгыр укканда,
Сөз айтпастан токтолду.
Экинчи сөзү жок болду,
Эми шамалдын келди кезеги,

Үчүнчү болуп эсеби.

Шамал сууга кеп айтат [93:17].

Жогорудагыдай, суунун жашообузга канчалык зарыл экендигин, суу жөнүндөгү дидактикалык чыгармаларга кайрылып, акын-жазуучулардын чыгармаларынан да үзүндү окуп, суунун касиетин окуучуларга жеткирүү зарыл. Жеңижоктун «Аккан суусун», Барпынын «Аккан суу», «Күн», «Шамал» жөнүндөгү чыгармаларын айтып, акындардын ырларына салыштыруу аркылуу тилдик каражаттардын көркөмдүүлүгүнө да сарасеп салуу керек. Мисалы,

Жети кабат жер астын
Жарып чыккан аккан суу.
Жер ааламдын баарысын
Багып чыккан аккан суу.
Алтын канат, жез куйрук,
Балык чыккан аккан суу.
Ак кыянын боорунан
Агып чыккан аккан суу.
Өмүр отун тутантып,
Жагып чыккан суу [50:281].

Чыгарманын кийинки мазмуну шамалдын кеби менен башталып, шамал кантип сууну ар кандай абалга жеткиргендигин айтып мактана баштайт:

……
Ала-Тоо башын кураймын,
Аянып карап турбаймын.
Сага жардам кылгандан
Тартынып башым турбаймын.
Тоонун башын тунартып,
Оңой жардам кылбаймын.
Калдайган мөңгү муз кылып,
Кардын баарын жыйнаймын.
Карды жыйнап тоо кылып,

Кайратымды сындаймын.

Токсон чилде чыкканча,

Тоо башынан жылбаймын.

Кайратың сенин ушубу?

Суу аке кылба кусурду!

……

Шамалдын баркын билбейсиң,

Мактанасың, сүйлөйсүң.

Баркыңды өзүң ойлонуп,

Аян кылып жүрбөйсүң.

Менин башкача кылган өнөрүм,

Байкаймын иштин келерин.

Таң атарда сыбызгы,

Күн батарда муздак жел,

Баарысы менин колумда –

Чалкайган тиги салкын төр [93:78,79].

Поэмадагы автордун кебин бөлүп, шамалдын айткан сөзүнө окуучулардын көңүлүн буруу зарыл, эмне үчүн бу жаратылыштын кубулуштары талашып-тартышып жатышат, автор бул чыгарманы түзүү менен эмнени айткысы келди жана окуянын аягы эмне менен бүтөрү жөнүндө ойлорун билсе, чыгарманын сюжетине болгон окуучулардын кызыгуусу уламдан-улам артат. Ошондой эле жогоруда белгилегендей, Барпынын «Шамал» жөнүндөгү ырынан үзүндү келтирип, эки чыгармадагы шамалды салыштырса болот.

……..

Көрүнбөгөн кишиге

Канаты бар шамалдын.

Чакырганда келбеген

Адаты бар шамалдын.

Түшүнгөнгө өзүнчө

Санаты бар шамалдын

……..

Айдай жүргөн ой-тоого

Туманы бар шамалдын.

Тоонун ташын уратар,

Ак теректи сулатар,

Начар үйдү кулатар

Куралы бар шамалдын

Тердегенди сергиткен,

Чөксө көңүл эргиткен –

Акибети шамалдын [50:87].

Поэмадагы шамал менен Барпынын «шамалынын» окшош жактарын, Тоголок Молдонун чыгармасында шамалдын образы кандай образ экендигин окуучулар салыштыруу аркылуу билишет. Ошондой эле, башка предметтер менен байланыш жасоо да мына ушундай салыштырууда өзүнүн натыйжалуулугун берет. Анткени, окуучу алган билимдерин адабий деңгээлде, элестөө аркылуу түшүнө алат. География, биология предметтери менен байланышта карасак, жердин кайсы бөлүгүндө шамалдын катуу болушу, элдин жашоо-тиричилигине зыян же пайда жактарын фактылар менен айтууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Андан башка өзбек элинин фольклорунда шамалды токтотуу, жамгырды чакыруу боюнча элдик чыгармалар бар экендигин мисалдар менен айтсак болот. Мисалы, «Чой момо» ырын алсак, бул ырда «Чой момо» шамалдын теңири катарында бааланган. Бул ырды көбүнчө кыздар ырдашып, мөмө-жемиш бышкан маалда болгон каттуу шамалды токтотуу максатында ырдашкан. Бүгүнкү күндө бул ырды «Е, Хайдар» деп да ырдап жүрүшөт. Ошондой эле, суунун кудайы катары «Суст хотин» деген ырын мисал келтирсек, бул ырды өзбек эли суунун дыйканчылыкка жетишсиз болгондугуна байланыштуу атайын жыт чыгарып, кайыр-садага беришкен. Мисалы, ырдан үзүндү келтирсек:

Чой, чой, Чой момо

Чой момоси ўлибди,

Ўғли етим қолибди.

Боса-боса беринглар,

Босилиб қолсин бу шамол.

Уча-уча беринглар,

Училиб қолсин қув шамол.

Боса-боса беринглар.

Босилиб қолсин бу шамол. [127:6]

«Ё, Ҳайдар» ырынан мисал кылсак:

Ҳайдар, ота-онанг ўлибдир,

Моли сенга қолибдир.

Боланг сувга оқибдир,

Шамолингни қўйвор127:7]

Ошентип, мугалим чыгармадагы ар бир катышкан каарманды салыштырып окуу менен, кыргызча текстти түшүндүрүүдө урунттуу сөздөргө да басым жасай кетиши, чыгарманын автор тарабынан канчалык деңгээлде жазылганына окуучулардын кызыгуусун арттыра алат. Мисалы:

Токсон чилде чыкканча,

Тоо башынан жылбаймын.

Кайратың сенин ушубу?

Суу аке кылба кусурду! [93:82]

Поэмадагы «токсон чилде», «суу аке» ж. б. у. сыяктуу сөз айкаштары окуучуларда кандай пикир калтырганын, кандай мааниде айтылганын сурамжылоо да чыгарманы дагы да терең түшүнүүгө жардам берет.

Мугалим поэманы улантат, кезек шамалдын сөзүн угуп олтурган сууга келет да, ал да өзүнүн артыкчылыктарын кайра баяндап кирет. Суунун касиеттери түгөнгүс, суусаганда жагымдуу, баркын билген адамга абдан таттуу аккан суу. Бирок суунун сөзүн от жактырган жок, ал кайра шамалга шерик болду, анын сөзүн кубаттады:

Айтып өттүң бир катар,
Тескери айтып сөз менен,
Чарпып өттүң бир катар.
Шамал мага кызматчы,
Өчкөн болсом күйдүрөт,
Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет.
Караңгыны балкытып,
Шамдай кылып нур кылам.
……
Тоңгондорду эритем,
Үшүгөндү жылытам.
Чийки болсо бышырам,
Бышык болсо күйгүзөм.
«От адамга эрмек» - деп,
Бардык элди сүйгүзөм [93:85].

Балдар оттун да таасирин мугалим менен талкуулашты, анын пайда, зыяндуулугун анализге алышты. Бирок, эмнеге сууну шамал менен от жактырышкан жок деген сыяктуу проблемалуу суроону окуучуларга берүү керек, эмнеге бул жерде автор жамгыр жөнүндө сөз кылбайт, же ал суунун бир бөлөкчөсүбү? Окуучулар жаратылыштын бардык кубулуштарын ажырым карап, алардын адам баласына керектигин, бири-бири менен байланышта экендигин билишет, ошентсе да мугалим балдардын оюн билип алган оң. Чыгарманын аягы эмне менен бүтөрүн, автор эмне дегиси келгенин, жогоруда белгилегендей, доскага жазып туруу керек. Себеби чыгарма толук окулуп бүткөндөн кийин окуучу өзүнүн айткан сөзүнүн канчалык ырастыгын анализге алса же туура эмес экендигин билсе, чыгарманы алдын ала сезе билүүгө же жөн эле окуянын жүрүшүнө кайдыгер эместигине мугалим да, бала да бир багытта кетип баратканына ынанышат.

Ошентип, чыгарма жыйынтыктоочу кульминацияга жакындайт. Чыгарманын аягы улуу жердин сөзү менен башталат. Мына ушул кульминацияда Тоголок Молдо балдарга тарбия-таалим боло турган, маанисиси жугумдуу сөзүн айтат:

Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар [93:86].

Поэманы көркөм окуу менен мугалим акындын балдарга берейин деген таалимин түшүндүрүп кетүүсү максатка ылайыктуу, себеби чыгармада акыл-насаат берүү, мактанбоо, ынтымакка келүү ойлору эң мыкты көркөм сөз каражаты менен берилген. Демек, адабият мугалими, мындан мурунураак окуу программасында берилген дидактикалык чыгармаларга кайрылып, ынтымактуулук, сабырдуулук жөнүндө макал-ылакаптарды айттырса, мурунку өтүлгөн сабак менен жаңы өтүлгөн сабактын чыныгы мазмундук жана тарбиялык жагы, бири-бирине байланышы ачылат.

Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды.
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды.
Өзүңдөн өзүң мактанбай
Өлчөп жүргүн чамаңды.
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көмүккө түшүп камалды [93:87].

Жогорудагы поэмадан үзүндү алып, ар бир эки сапты өз алдынча карап, мисалы, окуучуларга «жалганчы», «залим», «адил», «адал», «залал», «көмүк»

сыяктуу сөздөрдүн маанилерин түшүндүрүү, сүйлөмдөрдү, дил баяндарды, эсселерди жаздыруу аркылуу окуучунун канчалык деңгээлде чыгарманы түшүнгөндүгүн билүү менен бирге таалим-тарбия сөздөрүн жазуу ишинде кантип пайдалана алды, окуучулардын сабаттулугу канчалык экендигин билсе болот.

Чыгармадагы жердин образында кеңеш берген аксакалдын, кең пейил атанын образы берилет. Ал балдарын ынтымакка, түз жүрүүгө, бирөөгө ор казбоого чакырат.

Мугалим окуучулардан элдик оозеки чыгармачылыктагы ушул сыяктуу, мазмуну окшош чыгармалардан сурап, кайрадан чыгармалардагы окуянын сюжетинин, каармандардын окшоштугун салыштырып, ошондой эле турмушта жердин балдарындай адамдар барбы, келечекте балдар кандай адам болуу керектигин элдик педагог Тоголок Молдонун чыгармасынын негизинде түшүндүрсө сабак өз максатына жетет.

1.3.3. Салт ырларын окутуу – кыргыз элинин турмушун окутуу

Өзбек мектептеринин кыргыз адабияты боюнча түзүлгөн окуу программасында [73:70] 6-класска салт ырларынан «Бешик ыры», «Акыйнек», «Жарамазан», «Кошоктор» берилет. Жалпы жонунан бул ырлардын идеялык-тематикалык мазмунун үйрөнүү үчүн 2 саат пландалган. Белгиленген 2 саат ичинде мугалимден салт ырларынын мазмунун, ыр түзүлүшүн өзбек элинин ырлары менен салыштыруу сыяктуу маселелерди окуучуларга жеткирүү талап кылынат. Окумуштуу С. Момуналиев тарабынан түзүлгөн 6-класстын окуу китебинде [94] «Каада-салт ырлары» деген чоң тема берилет. Китепке, негизинен, «Бешик ыры», «Устанын аялынын кошогу» жана «Калмергендин аялынын кошогу» киргизилген.

Салт ырларын окутууда балдарга салт ырларынын баары эле башка элдерде да барбы, анын ичинде өзбек элинде кандай деген сыяктуу суроолорду берүү менен баштоо зарыл. Анткени айрым бир салт ырлары, мисалы, кошоктор, акыйнектер өзбек элинде дээрлик айтылбайт.

Кыргыз эли да, өзбек эли да илгертен кепке бай келип, балдарын эртең менен күндүн көзү көрүнгөндөн баштап накыл кеп менен тургузуп, накыл кеп менен иш үйрөткөн. Бала төрөлүп, бешикке салынары менен бешик ыры жаңырып, бөбөктүн кызыл эт кезинен элдин обону, сөзү, тарбиясы сиңип барган. Чоң ата, чоң энелер узун түндөрдү жомок, табышмак, жаңылмач айтуу менен балдардын ой жүгүртүүсүн, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырган.

Демек, «Бешик ырын» өтүүдөн мурда балага карата эки элде окшош кандай салттар, ырым-жырымдар бар экенин окуучулардан сурамжылап, алардын билгендерин доскага жазуу керек, анткени окуучудан алынган маалыматты кайрадан толуктап, алар чындыгында эле маалыматты туура айтыштыбы же жокпу, мугалим тарабынан да, окуучулар тарабынан тактоого (анализдөөгө) шарт түзүлөт. Албетте, окуучулар балага тиешелүү ырым-жырымдарды четтен санап берүүсү мүмкүн. Мисалы, сүйүнчү айтуу, балага ат коюу – азан айтуу, бешикке салуу, тушоо кесүү жана башка. Себеби, бул ырым-жырымдардын эки элде тең окшош экендигин билебиз. Окуучулардан маалыматты алгандан кийин мугалимдин баланын төрөлүшүнө байланышкан ырым-жырымдарды толуктоосуна ыңгайлуу учур жаралат. Баланын элестөөсү жакшы болуу үчүн салтка байланыштуу ар кандай иллюстрацияларды доскага илип койсо да болот.

Жогорудагы маалыматтар толукталгандан кийин гана бешик тууралуу, бешиктин касиети, бешикте жаткан балага карата кандай «алдей» ырлары бар экендиги жана эки элде тең ырлардын негизги мазмуну эмнеге багытталгандыгын окуучулардан сурайбыз. Окуучулардан алынган жооптор доскада белгилениши абзел.

Ал эми түшүндүрүү ишинде окуучуларды 4 топко бөлүп, бешикке байланышкан маалыматтарды беребиз. Мисалы:

1-топко берилүүчү текст:

Бала төрөлгөн соң жети күндөн ашырбай, аны бешикке салышкан. Бул күнү нан бышырылып, сары май салынып, мал союлуп, айыл-апага тамак

берилген. Келгендер белек-бечкегин ала келишип, баланы алкашып, анын бешигине боорсок, таттуу, мөмө-чөмө чачышкан.

Бешик – ыйык буюм. Себеби, анда жарык дүйнөгө келген наристе жатат. Бул – баланын тазалыгы, организминин ойдогудай өсүшү үчүн тээ ата- бабалардан, касиеттүү Умай энеден калган таберик. Көчүп-конууга да ойдогудай шартташкан. Көчкөндө өз энеси өңөрөт. Жыгылып кетсе да баланын эти оорубайт. Анткени, аны бешик сактайт. Ал ошондой оңтойлуу жасалган.[108:47]

2-топко берилүүчү текст:

Кыргыздарда бешиктин эки түрү колдонулган, баланын бөлөнүшү экөөндө тең бирдей. Баланы бешикке саларда бир топ ырым – жырымдар жасалат. Адегенде жин-илдеттер жашынып калбасын дешип, бешиктин ичин-сыртын аласташкан. Жакшы тилектерин айтып, бешикти, шимекти майлашат. Оң-сол чүкөлөрдү бешикке салып, аны баш жагынан көтөрүп «бар бол», «оң бол» деп эңкейткенде чүкөлөр күлтүккө түшүп кетет. Баланы узак жашаган, көп балдарды төрөп, өстүргөн нарктуу байбичелерге бөлөтөт. Бешикке саларда бөлөгөн байбиче: «Шайтандар кач, кач, кач, ээси келди!» деп, алып барып жаткырып, «Бешик апа, бек карма, Умай эне, уйку бер», деп таңат. Бөлөп жаткан убакта ыйлаак болбосун деп, оозуна боорсок тиштеп алышкан. Жуурканы, куржуну, кабы, баштыгы болуп жети нерсени бешикке жаап, төрөгөн энесине карматат. Ал көтөрүп алып төрдөн эшикке, эшиктен төрдү көздөй жүгүнөт. Байбичелер алкап, баталарын беришет. Ошондой эле, наристе чоңойгондо эмгекти сүйсүн деген тилек менен кетмен, балта, чот баштаган жети эмгек куралын бешикке койгондугу да белгилүү. Мындан башка бөлөгөндөн кийин жакшы, тынч уктасын деп, бешиктин үстүнө тогуз уйкучу адамдын кийимин жаап койгон. [108:48]

3-топко берилүүчү текст:

Бешик ырлары дүйнө элдеринин поэзиясында кездешет. Ырас, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында кең-кесири тараган лирикалардын бири –

бешик ырлары. Ал лирикалык чыгармалардын тутумундагы каада-салт ырларына кирет.

Бешик ырлары бала ыйласа – сооротуу, ойгонсо уктатуу максатын көздөйт. ЫРдын мазмунунда эненин балага карата аруу сезимдери, жакшы ниеттери камтылат. Башкача айтканда, наристенин акыл-эстүү, өнөрлүү, баатыр, таланттуу болуп чоңоюшун, элдин керегине жараган азаматтардын катарына кошулушун каалаган улуу үмүт-тилектер образдуу чагылдырылат [108:49].

4-топко берилүүчү текст:

Өзбек элинде да баланы бешикке бөлөө – орчундуу окуялардын катарына кирет. Бул үчүн атайын бешик той кылынат. Бешикти адатта келиндин төркүнү алып келет. Элдин салты боюнча али туула элек балага атап бешикти же же кийим-кечекти алганга болбойт, бала чарчап калышы мүмкүн деп эскертет. Анткени төрөлө элек баланын тагдыры Кудайдын колундагы нерсе, Алладан улук сүйлөп, кепилдик бериштин кереги жок деген түшүнүк тартынчыктатып турат. Өзбектерде баланы бешикке салып жатканда эки жолу турмуш курган, күйөөсү менен ажырашкан аялдарды киргизген эмес.

Баланы бешик бөлөөрдө баланын энеси бир тарабына кайрак ташты, бир тарабына бөбөктү кучактап кармап туруп: «Мен баламды бөлөймүн» деп үч жолу айтып, анан кайра дагы «Таш баламды бөлөймүн» деп үч жолу кайталап туруп бөлөйт. Анан бала бешикке салынгандан тартып, өзбек келиндери күндүн кайсыл мезгили болбосун, баланы терметкен маалда алдейлеп терметет [108:68].

Тексттер окуучулардын жашына ылайык, жатык тилде болуусу кажет. Анткени окуучулар бардык эле сөздөрдү түшүнбөшү мүмкүн. Топтордо тексттер окулуп бүткөн соң, окуучулар алган билимин презентациялашат. Презентациялоодо топтор оозеки айтып берүү менен түшүнүгүн айтышса, жакшы натыйжа берет, анткени, биздин максатыбыз таанытып-билдирүү менен катар окуучулардын тилин жатыктыруу болуп саналат. Эгерде биз, СОнун кайсы бир ыкмасында презентациялоону сунуш кылсак, (мисалы, кластер,

ББББК, Веннди диаграммасы ж.б.у.с.) анда 6-класстын окуучулары убакытты туура пайдалана албай калышы мүмкүн. Ошондуктан, жогоруда белгилегендей бешикке байланышкан иллюстрациялар көбүрөөк болсо, текстти тереңирээк түшүнүүгө шарт түзүлөт.

Мугалим текстте кездешкен айрым сөздөргө басым жасап, ал сөздөрдүн маанилерин окуучуларга түшүндүрөт, мисалга, **айыл-апа, касиеттүү Умай энеден калган таберик, көчүп-конуу, күлтүк, аруу сезим, нарктуу байбичелер ж.б.у.с.**

Жогорудагы бешикке байланышкан ырым-жырымдар жана бешиктин мааниси жөнүндө топтордо талкууланып, окуучулар бири-бирине маалымат берген соң, мугалим бешик ырларынын кайсы мезгилден тарта ырдалып жүргөндүгү, кээ бир бешик ырларынын варианттарында элибиздин жашоо-шартынын өзгөргөндүгүнө карай ырдалып жүргөндүгү жөнүндө да кабар берет. Айтсак:

Алдей-алдей ак бөбөк,
Ак бешикке жат, бөбөк
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк.
Алдей, бөпөм, ыйлаба,
Менин жаным кыйнаба.
Атаң тойго кетиптир,
Ак кисе толгон эт келет.
Энең тойго кетиптир,
Эмчеги толо сүт келет [64:11]**.**

«Бешик ырынын» экинчи вариантын карап көрөлү:

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм!
Калкын багып сыйлаган,
Калк менен бирге жыргаган,
Камкор болгун бөбөгүм!

Алдей, алдей бөбөгүм,

Алдей, алдей бөбөгүм!

Илимдин кенин издеген,

Илимди тапса сиз менен,

Илими жаккан элине,

Илимпоз болгун бөбөгүм![64:12]

Келтирилген мисалдарда эки башка жашоо-шарт сүрөттөлөт. Биринчи ырда «эл жайлоодон түшө элек, менин жаным кыйнаба» сыяктуу саптар кезигет. Демек, ырдалган ыр жайлоодо же жакада ырдалган ыр. Ал эми экинчи ырда таптакыр башка мазмунда ырдалат. Эки алдей ырында тең тилеги бирдей болгону менен, экинчи ырда «илимдин кенин издеген, илимпоз болгун» сыяктуу тилектер берилет. Ошондой эле, өзбек элинин учурда ырдалып жүргөн ырларынан мисал келтирип, окуучуларга өз эне тилинде ырдатса болот. Мында окуучулар эки элдин ырдалган бешик ырларынын ырдоо мотивин (музыкасын), мазмунун, тилдик каражаттарын салыштырууга шарт түзүлөт. Мисалы:

Қизил гул тизим-тизим, алла.

Иккига кирсин қизим, алла.

Қошлари қундузгина, алла,

Бунча ширин бу қизгина, алла.

Асадда гулнинг жамоли, алла,

Бошида ипак рўмоли, алла.

Узоқлардан кўринсин, алла,

Шу қизимниг жамоли, алла.

Майин сочинг тарайин, алла,

Майда қилиб ўрайин, алла.

Парилардай келин бўлгин, алла,

Туйларингни кўрайин, алла. [127: 9]

Мугалим сабакты жыйынтыктоодо биринчи ырдын тээ илгертен ырдалып келген ыр экендигин, ал эми экинчисинде элибиздин жашоо-шарты өзгөрүп, илимге кызыгуу арткан учурду белгилеп көрсөтөт.

Окуу программасында [73] салт ырларынан «Кошоктор» берилет. Өзбек эли кыргыз эли менен жанаша жашап, салты, айрым ырым-жырымдары дээрлик окшош. Бирок кошок айтуу көптөгөн дүйнө элдерине таандык болгону менен өзбек элине таандык эмес. Ал тургай бүгүнкү күндө элибизде да бир аз солгундай түшкөндөй. Ошентсе да, жогоруда белгилегендей, өзбек окуучулары кыргыз элинин кошок айтуусун алардын жашоо шартынан улам билишет. Сабак кошоктордун жалпы маани-мазмунун, алгачкы формаларын, аткаруу манерасын, айтылыш өзгөчөлүгүн түшүндүрүү (аңгеме методу) менен башталат.

Калктын турмушунда той үлпөтү сыяктуу эле өлгөн адамды узатуу да маанилүү маселе. Өлүк узатуу алгач коллективдик формада өтсө да, бара-бара функциясы тарып, жеке факторго өтүп жатат. Ал эми кыргыздарда өлүк узатуунун салттык эрежеси негизинен кийинки учурга чейин эле аткарылып келген. Ага карата айтылуучу кошоктор да байыркы мезгилдегидей салттык, көркөм поэзиянын функциясын аткаруудан четтесе да, калк эсинде өзүнүн маани-мазмунун, алгачкы формулаларын, аткаруу манерасын, музыкалык ыргагын толук сактап калган.

Кыргыз кошокторунун мазмуну да анын өлгөн адамдын культун таануудан башат алгандыгын ачык айкындап турат. Дегеле кошоктун чыгышы, жанр катарында калыптанып, өсүп-өнүгүшү кандайдыр бир согуштагы оор жоготуу, журт адамынын, кошундун башчысынын каза болушу менен байланышы бар сыяктуу.

Согушта шейит болгон жоокерлердин ыйлап-сыктап эркектердин да кошок кошуп жоктогондугу жөнүндө «Манас» эпосу ачык маалымат берет. Дегеле салт ырларынын эпоско кириши чыгарманын өзөгүндө, идеялык багытында орчундуу орунду ээлеп турат.

Өзбек мектептердин 6-классынын «Кыргыз адабияты» китебинде [94:11,15] «Устанын аялынын кошогу» жана «Калмергендин аялынын кошогу» берилген. Биз жогоруда белгилегендей, кошокторду кайсыл учурда жана кантип айтылыш өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, окуучуларга маалымат беребиз.

Эми кошоктун өзүнө токтоло турган болсок, окуучулар кошоктун үлгүсүн мурда кайсыл кыргыз оозеки чыгармачылыгынан жолуктурганын сурайбыз. Анткени, окуучулар кошоктун айтылыш кабары менен кыргыз адабияты сабагында «Карагул ботом» поэмасын окушканда таанышкан [73]. Чыгарманын башталышы эле чалдын жоктоосунан башталат, ошондой эле Карагулдун эжесинин да кошогу берилет. Мында негизинен жоктоо катарындагы чыгарма болгондуктан, кошок тибинде айтылат. Окуучуларга төмөнкүдөй суроолор менен кайрылабыз:

1. «Кошок» жөнүндө эмне билесиңер?
2. 5-класста өткөн «Карагул ботом» чыгармасын эстегиле
3. Ал чыгармада Карагулду атасы кантип жоктойт, атасы эмнелерге көп көңүл бөлөт?
4. Бул чыгармада эжесинин иниси жөнүндө айткандарын эстегиле

Окуучулардан алынган жооптордон кийин, мугалим жогорудагы суроолорго толуктоо киргизет.

«Карагул ботом» – эркектер тарабынан аткарылган жоктоонун байыркы үлгүсү. Чыгарма калкка кеңири тарап, эл арасынан бир канча варианттары табылган. Анда тоо жандыктарынын ээси Кайберендин каргышына калып, жалгыз баласын элик деп атып алып, кайгыга баткан атанын муң–зары баяндалат. Бул чыгармада бир гана атанын кайгысы берилбей, аялынын, эжесинин жоктоосу да берилет.

Мугалим өтүлгөн теманы эске алгандан кийин окуучулар кошоктун маани-мазмунунан кабардар болуп, жаңы теманы өтүүгө багыт алат.

«Устанын аялынын кошогу» устанын кандай адам экендигин даңазалаган муң-зар ыры. Бул кошокто аялы устанын үй-бүлөгө камкор ата экендигин, эмгекчилдигин ырга кошуп, арманда калгандыгын, балдарын өзү чоңойткондугу жөнүндө айтылат. Мындай элдик чыгармаларды түшүндүрүп, көркөм окуган соң, техникалык каражаттарга кайрылып, кошоктун мотивин уктурса болот.

Ошондой эле, тилдик каражаттардын колдонулуу өзгөчөлүктөрүнө да токтолуп, устанын шаймандарынын аталышын үйрөтүү менен сөздүк ишин жүргүзүү зарыл. Мисалы:

Балка менен зер чапкан,

Бармагы менен мал тапкан.

Кычкачын кармап, зер чапкан,

Кызматы менен мал тапкан.

Көөрүгүн күндө көкүткөн,

Көмүрүн сактап бекиткен.[94:28]

Алды сызылган жана ушул сыяктуу сөздөрдүн маанисин чечмелеп, бул сөздөрдүн бүгүнкү күндөгү мааниси, алар бул устанын шаймандары менен таанышпы кыскача аңгемелешүү жүргүзсө болот. Ырдын көркөмдүк өзгөчөлүгүнө басым жасап, уйкаштыктын түрлөрүнүн, ассонанс, аллетирация сыяктуу кубулуштардын ырдагы ордун талдоо керек. Ошондой эле, *«кара бет», «шордуу күң», «туйгунум – уста», «кең пейил»* сыяктуу сөздөрдүн түз жана өтмө маанилерине карата тексттерди түздүрүп, кыргыз кебинин байлыгын өзбек окуучуларына ачуу сунуш кылынат.

Ушул сыяктуу эле «Калмергендин аялынын кошогу» да талданат. Кошокторду окутууда алардын идеялык-тематикалык мазмунун ачуу менен кыргыз элинин каада-салтындагы өзгөчөлүктөрүн, сөз чеберчилигине, адамды барктай алуусуна маани бердик. Анткени, салттык ырларды окутуу менен кыргыз элинин турмушун, тарыхын, улуулугун даңазалайбыз.

Андыктан, улуттук мектептерге кыргыз тилин жана адабиятын окуткан мугалим билимин ар дайым өркүндөтүп, талыкпай изденүүсү – бүгүнкү күндүн зарылчылыгы.

1.3.4. Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутууда интерактивдүү усулдарды пайдалануу *(А. Саспаевдин «Татым туз» чыгармасынын мисалында)*

Өзбек мектептерде кыргыз адабиятын окутууда чыгармачыл мугалимдер окулуучу адабий чыгармаларды ар кандай формада окутуп келишет. Биз да өзбек мектептеринде чыгарманы интерактивдүү жол менен окутууну сунуш кылабыз.

«Интерактивдүү» – англис тилинен которгондо «Өз ара аракетте болуу» дегенди билдирет. Интерактивдүү ыкма менен окутуу окуу процессинде өз ара байланышта болуу жана түгөйлөрдүн же топтордун өз ара аракеттениши жана кызматташтыгы.

«Окутуунун интерактивдүү методу» деген терминдин өзү педагогикада 20-кылымдын 80-жылдары пайда болгон. Советтик педагогикада ал **«кызматташтык педагогикасы»** деген наам алган. Бул аталыш советтик мектептин эң жакшы сапаттарын, орус жана чет элдик психология-педагогикалык илимдин жана практиканын жетишкендиктерин бириктирип 80-жылдардагы мугалимдер тарабынан берилген [125:4].

«Интерактивдүү ыкманын бири, – дейт С.Момуналиев, – бул окуучулардын текст менен иштөөсү болуп саналат. Мугалим биринчи кезекте акын-жазуучулардын чыгармаларынын көркөм тексттеринде камтылган идеяларды сууруп чыгып, аларды азыркы замандын кырдаал-шартына ылайык, баланын аң-сезимине таасир бере турган деңгээлге жеткирип көтөрүп чыгуу, тексттеги жана подтексттеги баалуулуктарды бала жүрөгүнө жеткирүү, көркөм сөздүн күчү менен бала дилин жараксыз жүрүм-турумдарга жеткирүүчү жолдордон бошотуу, баланын өзү менен өзүнүн, өзү менен сүрөткердин ортосундагы диалогун уюштуруу. Дал ушул диалогду уюштурууда адабият сабагы, адабият мугалими чечүүчү фигура болсо, адабий текст ошол сабак менен мугалимге жол көрсөтүүчү багыт, алардын ишин майнаптуу уюштуруунун куралы» [99:166].

Окуучуларга тексттер таркатылып, окуп чыккан соң, алар түгөйлөр, топтор же жалпы класс менен талкуу жүргүзүшөт. Окуучулар тапшырманы аткаруудан мурун текстти эч болбосо эки ирет окуп чыгышат. Биринчисинде, алар тексттеги өзөктүү идеяларды же башкы маселелерди аныктап алуулары

керек. Экинчи жолу кунт коюп, жалпы текст окулат. Бул талкуулана турган текстти жакшы түшүнүүгө жардам берет.

Окуучулардын сабакка даярдануусунда же тапшырманы аткаруусунда, окуу китебиндеги текст менен иштөөдө академик Ю. К. Бабанский мугалимге төмөнкүлөрдү сунуш кылган:

а) Тексттеги мыйзамдарды, түшүнүктөрдү, алардын мүнөздөмөлөрүн, идеяларды жана башка аныктамаларды бөлүп ажыраткыла.

б) Жаңы теманын текстин логикалык жактан аякталган бир нече бөлүктөргө бөлгүлө.

в) Жаңы окуу материалынын ар бир бөлүгүндөгү негизги ойду, сабактын жалпы жыйынтыгын жана анын башкы маанисин ойлонуп көргүлө.

г) Сабактын мазмунунун негизги суроолорун түшүнүп, окуп-үйрөнүүнүн планын белгилегиле.

Мугалим талкуу учурунда же талкуудан кийин окуучуларга төмөндөгүдөй суроолорду берсе болот.

Башталгыч класстын окуучуларына:

- Ким жөнүндө сөз болуп жатат?
- Ким эмне кылды?
- Каармандар жөнүндө силердин оюңар кандай?
- Алардын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер?
- Текст боюнча бири-бириңерге суроо даярдагыла ж. у. с.

Жогорку класстардын окуучуларына:

- Тексттин негизги идеялары эмне деп ойлойсуңар?
- Силер үчүн кайсы учурлар жаңы жана таң калыштуу болду?
- Силер эмнеге макул эмессиңер?
- Мен берген суроолого жооп тапкыла.
- Бири-бириңерге суроо даярдагыла.
- Бири-бириңердин суроолоруңардан жооп издегиле ж.б.у.с. [19:42].

Өзбек мектептердин кыргыз адабияты боюнча окуу программасында [73] А. Саспаевдин «Татым туз» чыгармасы 9-класстарга 2 саатка пландаштырылат. Мында негизги максат жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгы, аңгемедеги башкы проблема – адам менен тууган жердин өзгөчө карым-катышы экендиги жөнүндө окуучуларга кабар берүү. Тууган жердин кадырынын, татым туздун баркынын чыгармада чагылдырылышын окуучуларга **башкарып окуу стратегиясы менен өтүү** ыкмаларын сунуш кылып көрөлү.

Мугалим кириш сөзүндө Аман Саспаевдин өмүрү-чыгармачылыгы менен окуучуларды тааныштырат. Анын кыйынчылык менен окугандыгы, чыгармачылык менен алектенгендиги жана өмүрүнүн кыйын мезгилдеринин сүрөттөлүшү өзүнүн чыгармаларында берилерин баяндап берет.

Окуучуларга **«Татым туз»** чыгармасын өтөөрдөн мурда **«туз»** деген түшүнүктү чечмелөө максатында «Туз дегенди кандай түшүнөм?», «Туз эмне үчүн керек?» деген сыяктуу суроолорго жооп берүү үчүн 5 мүнөттүк эссе жаздырып, ар бир окуучунун оюн угуп, мугалим алардын түшүнүктөрүн бекемдейт жана «Бул чыгарма эмне жөнүндө болушу мүмкүн?» деп суроо коюу менен окуучуларды активдештирет. Мисалы, Кара-Суу районунун Ч.Айтматов атындагы мектеп-лицейинин окуучусу Бахромова Мухаё төмөнкүдөй маанидеги эссе жазган:

«Туз» деген сөз үч тамгадан турганы менен адамдын жашоосунда чоң мааниге ээ. Биринчиден, биз аны тамакка кошобуз, экинчиден туз адамдын ден соолугуна пайдалуу минерал зат. Кыргыз эли бекеринен «Алысты жакын кылган – кыз, тамакты таттуу кылган – туз» деп айтпаса керек. Тузсуз тамак – супсак, жегиликсиз болот. Ошондуктан да, адам баласынын жашоосунда туз абдан маанилүү деп эсептейм».

Ушундай эле темадагы эссени Кара-Суу районуна караштуу Т. Алтыбаев атындагы орто мектебинин окуучусу Калилова Барно минтип жазат:

«Туз. Бул сөздү укканда баарынын көз алдына ак түстөгү кристалл түрүндөгү же майда ун сыяктуу зат тартылат. Бирок анын керектүүлүгүнө токтолсок, ал бизге абдан керек. Себеби, туз менен биздин жасаган

тамактарыбыздын баары таттуу болот. Элестетип көргүлөчү, кайсы бир тамагыбызга туз кошулбай калды… Албетте, сиз аны жегиңиз келбейт.

Бирок, тузду ашыкча пайдалануу да адамдын ден соолугуна зыяндуу. Ал адамдын бөйрөгүнө, бооруна, көзүнө зыян келтирет деп укканмын».

Түшүнүү этабында башкарып окутуу стратегиясы менен окулса, окуучуларды өз алдынча ойлонууга, көз карашын тартынбай билдирип, чыгарманы кеңири талдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Чыгарманы тааныштыруу көркөм окуу, тыным, көйгөйлүү суроолордун коюлушу менен коштолот.

Көркөм окуу – чыгарма менен эмоционалдык-эстетикалык жактан алгач таанышуунун эң сонун жолу. Ал чыгармадагы сөзгө жандуу үн, ар кыл түс берет, балдардын элестөөсүн активдештирет, сөз искусствосунун идеялык таасирин жогорулатат, ал эми проблемалуу суроолорду коюп окуу ой жүгүртүүнү өстүрөт, көз карашты калыптандырууда ролу зор. Мугалимдин көркөм окуусу өз алдынча окуганда көз жаздымында калган окуяларды, майда көрүнүштөрдү, кыймыл-аракеттерди дааналап, тактап элестөөнү байытат.

Мугалим окулуучу текстти бөлүктөргө бөлүп алып, **тыным** жасайт. Тынымда окулган текстти талкуулап, окуучулар үчүн айрым түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин чечмелейт жана окуучуларга суроо узатат. Ошондой эле, алардын ойлорун топтоп, окулган тексттин бөлүгүн жыйынтыктайт. Анда тексттин урунттуу жерлерине токтолсок:

*Суу айрыгына жакын, саздакка чыккан кыяк чөптү ыктап **жалгыз түтүн** кыргыз жашады. Эзелтен эле жергиликтүү дыйкан уйгурлар **конуш тээп**, төшкө такай соккон корук тамдын калдыгынан башка ал жерде дагы бул күнгө чейин **төрт түтүн** уйгурдун эски тамы сакталып калган. **Уезддик шаар** мындан алысыраак жерде жайгашкан. Бирок **көндүм адат** катары ага каттаган жөө базарчылар көп деле кыйналчу эмес.*

*Элдин айтымына караганда, илгерки бир жылдары көп кыргыздар ушул жакка оор келип кайткан имиш. Ошолордон Келгинбай аттуу бир түтүн кыргыз ушул жерди мекендеп калыптыр. Ал кезде Келгинбай отуздун ортон белине келип калган жигит экен да, **оор келте оорусуна** кириптер болуптур.*

*Сапарга **шайы келбегендиктен**, анын зайыбы Оймокчон элден бөлүнүп, күйөөсүн айыктырып алууга бел байлайт. Ошентип алар чет жерди мекендегенге аргасыз болушат. Келгинбайдын туугандары **ыгым-чыгым, кепин акыретин** даярдап берип: - О, Оймокчон! Эр деп этегин кармап калдың, кор болбоссун. Ата-бабаларыбыздын арбагы колдоп, эрди элиңе кош! - деп чуркурап бата беришет* [97:207].

1-тыным. Балдар, **«жалгыз түтүн», «төрт түтүн»** дегенди кандай түшүнөсүңөр? Элдин айтымында кыргыздар кайда жашаган экен? Ал жерде ким жашаптыр жана кандай абалда экен? Ал эмне үчүн башкалар сыяктуу өз мекенине кете алган жок? Анын аялы ким? Келгинбайдын туугандары кайда кетишти жана Оймокчонго эмне деп бата беришти? Окулган абзацта эмне жөнүндө сөз болот?

Келгинбайдын тагдыры Оймокчонго тапшырылгандан кийин, кайнатасы сакалынан жашын куюлтуп туруп, көптүн алдында мындай деди: - Жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат! Маа топурак өз эл, өз жерден буюрсун. Карып калган кезимде кудай элден ажыратпасын. Неберемди энеңдин этегине салып бер, балам, жыттап жүрөйүн…

Оймокчон эмчектеги баласын кайненесине карматып, көз жашын элден жашырып сыкты. – Мобу түйүнчөктү катып кой, – деп тапшырды кайнатасы акыркы жолу, - кокус ары бурулуп кетсе, сууга эзип оозуна тамыз. Айыгып мал болчу болсо колуна бер.

Сүрдүккөн кыргыздар жөө-жалаң Мекенине сапар чегишти.

Өңү көгүлтүр тартып, эрди кеберсип, чыңалып онтогон Келгинбай жан күйөрү жалгыз Оймокчондун колунда калды. Оймокчон жанын сабап, сыркоолуу күйөөсүн тегеренди… Койгулт көзүнөн жашы мөлтүлдөп, күйөөсүнүн башын кучактап, далай түндөр уктабады [97:207].

2-тыным. Кайнатасы келинине эмне деди? Ал эмне үчүн небересин алып кетти? Оймокчонго кайнатасы эмне карматты, ал нерсе эмне болушу мүмкүн, силердин оюңар кандай? Кыргыздар кайда кетишти? Оймокчон ооруган күйөөсүн кантип карады?

Ошондой эле, жогоруда белгилегендей мугалим ар бир тынымда чыгарманын тилдик каражаттарына да көңүл бөлө кетиши зарыл. Себеби, өзбек класстын окуучулары айрым сөздөрдү түшүнбөйт, ошондой эле жазуучунун тилинин чеберчилигин да баалоо максаты турат. Мисалы, ***ыгым-чыгым, кепин-акыретин, эр деп этегинен кармап калдың, арбагы колдоп, жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат, энеңдин этегине салып бер, жыттап жүрөйүн, ары бурулуп кетсе, айыгып мал болсо*** деген сыяктуу сөздөрдүн маанилерин түшүндүрүп, убакытты туура пайдалануу менен, айрым окуучуларга сүйлөмдөрдү түздүрсө да болот.

Алектүү күндөр өтө берди... Ортодон отуз жылга жакын убакыт өтүп, Келгинбай абышка аттанган кезде, анын башына арылгыс оор кайгы түштү.

Гоминьдандык желдеттер бийлеп турган оор жылдары калың журтка келте оорусу тарады. Өлүм-житим көп болду. Далай үйдөн түбөлүккө түтүн чыкпай калды. Уезддик шаардын тегерегиндеги дөбөлөр калың мүрзөгө айланды. Өлүм күчөгөн сайын, замбилге салган өлүктү эки киши көтөрүп чыгып, туш келди жер казып көмө башташты. Кепиндик ак табылбай, жууркандын шейшебин иштетишти, элде шейшеп аттуу жоголгон соң, кээ бирөөлөр өлүктү камыштан токулган бойрого ороп, кээ бирлери жаш бедеге ороп көмө турган болушту. Бул апаат динге да таасирин тийгизди. Назирчырак, көңүл айтуулар такыр унутулду.

Дал ушул оор абал Келгинбай чалдын кемпири Оймокчонду да жалмап жолго түштү. Шордуу чал кемпирин шейшебине ороп көмдү. Көр казып жан бакан киши менен чалдын кошунасы жана өзү болуп Оймокчондун сөөгүн үч эле киши жерледи. Кемпирин көөмп, топурагын чочойтумуш болгондон кийин, чал мүрзө башында күңгүрөнүп узак отурду. Кырк жылга жакын бирге жашаган жары менен түбөлүккө коштошуу оңойбу? Жан шеригинин бүткүл жоруктары көз алдынан биринен сала бири өтүп жатты[97:208].

3-тыным. Ортодо канча убакыт өттү? Элдин башына кандай күн түштү? Эмне үчүн оорудан каза тапкандарды камышка же жаш бедеге ороп көмө баштады? Далай үйдөн эмнеге түбөлүккө түтүн чыкпай калды? Оймокчонго

эмне болду? Келгинбай кемпирин кантип, кимдер менен көмүп келди? Эмне үчүн мүрзө башында көпкө олтурду?

Бул тынымда окуучулар Келгинбайдын психологиялык абалын жүрөктөрүнөн сезүүсү кажет. Анткени, элдеги алаамат күн анын да башына түшүп, мүрзөнүн жанында көпкө олтурушу эмнени билдирет, «Кырк жылга жакын бирге жашаган жары менен түбөлүккө коштошуу оңойбу? Жан шеригинин бүткүл жоруктары көз алдынан биринен сала бири өтүп жатты. Чындыгында, ал жалгыз кемпири менен гана эмес, турмуштун жылуу койну менен да коштошуп жаткан эле» дейилет. Мугалим ушул саптарга окуучулардын көңүлүн кайра бурдуруу менен Оймокчондун күйөөсүн кантип карагандыгы, далай уйкусуз түндөр башын тегеренип, айыгууга үмүткөр кылганын айттыруу зарыл. Себеби, Оймокчондун тагдыры аркылуу ошол мезгилдеги көптөгөн аялзатынын тагдыры берилсе, экинчиден, оор тагдырды бирге өткөргөн жубайлардын бири-бирине эш болуусун, бөтөн жерде бөтөн эл менен жашагандыгы да чоң трагедиялардын бири экендигин өзгөчө белгилебесе болбос.

Ата конушуна кайта албай, чет жерде аргасыз жалгыз түтүн калгандан кийин Оймокчон бар болгону бир кыз, эки эркек төрөдү. Анын экөө жерге көмүлдү да, тагдыр касыреттүү чалга эрмек болсун деп бирин тирүү койду. Баланын аты Эшбол эле. Ал уезддик шаардан окуп жүрүп, мугалим болгон соң, башталгыч мектепте иштей баштады. Бирок үчүнчү жылы Гоминьдандык полиция жагынан кармалып, түрмөгө жабылды. Ошондогу анын кылмышы: өзүнүн Ата Мекени жөнүндө балдарга эки жолу, өз түшүнүгүндө аңгемелеп берген. «Совет жеринде силердей балдар жайкы дем алышта Кырым деген жерге барып ойнойт. Моюндарына кызыл жагоо байланышат», - деген.

...Гоминьдандык тыңчылар ошол кезде так эле ошондой сөздөрдү айткан кишилерди издеп, ал жөнүндө маалымат жеткирип, ал кесипти күн көрүүнүн айласы кылып алган. Эшбол совет эли жөнүндөгү ошол

«лекциясынан» кийин бешинчи күнү түн ичинде куралдуу желдеттер жагынан ойготулду.

...Гоминьдандык желдеттер кирип келгенде, Келгинбай чал баласынан тирүү айрылар сааты түшкөнүн сезип, аны окутканы үчүн өзүнө наалат айтып, төшөгүндө үнсүз отурду.

Жанатан жүрөксүп турган байкуш эне чалдын үнүн медет кылып, чаңырып жиберди да, чуркап жетип, Эшболдун мойнуна тарамыш колдорун ороп алды. үйдүн ичи эми киши туруп болгусуз зар менен муңга толуп кетти. Кайраттуу чал ары карап көз жашын ааарчыды. Эшбол да кайраттуу, нары эстүү жигит эле. Кандай учурда эмне кыларын жакшы билүүчү.

- Кагылайын, энеке, ыйлаба, жаным аман болсо кайра келем, - деп энесинин көз жашы менен жуулган бетинен чопулдатып өбө баштады. Курган энесинин ого бетер мууну бошоду.

- Кой, муун-жүүнү бош кудай ургур десе, амандыгын тиле анын. Келе баяккы түйүнчөгүң кайда? Туздан улук нерсе жок. Туз-даам буйруп, кайра келгиси бардыр. Келгинбай чал жашын сакалынан куюлтуп туруп, сүйлөнүп кое берди. Бирок түйүнчөгүн купуя жеринен өзү туруп алды.

- Эшен, - деди чал колу калтырап, - мына бул туздан бир кемирип алып, татып жүрчү. Ата-бабабыздын мууну ушул туз менен каткан. Өз жериңдин тузу! [97:210]

4-тыным. Келгинбай чет жерде канча балалуу болду? Эшбол деген аттын маанисин билесиңерби? Ал ким болуп иштеди жана анын кандай сөздөрүн тыңчылар желдеттерге жеткиришти? Эшболду кайсыл күнү алып кетишти жана анын ата-энеси менен коштошуусу кандай болду? Эмне үчүн Эшболго атасы туз берди?

Бул тыным Эшболдун үйдөн «барса келбеске» кетер учурун сүрөттөгөн көрүнүш. Ошондой эле, ата-эненин баласын узаткандагы психологиялык учуру сүрөттөлөт. Мында мугалим образдарга талдоо жүргүзүп кетсе, окуучулар чыгарманы андан да тереңирээк түшүнүшөт. Мисалы, Эшболдун ким экендиги, балдарга эмне деп айтканы, ошол учурдагы саясий абалдын курмандыгы

болгону, ата-энеси менен коштошкону, коштошуу мезгилинде энесине айткан сөздөрү жана атасынын баласына тузду карматкандыгы.

... Айлар өтүп жатты.

...Гоминданчылар бекем орногон Жынхы деген жерде эсепсиз кан төгүлдү. Улуттук армия калктын бошондугу үчүн бир адам чегинбестен илгериледи. Акыры Үрүмчүнүн чоң дарбазасы ачылып, Жынхы гоминданчылардан тазаланды. Мына ушул чоң кыргында Эшбол да курман болду.

...Шордуу чал баласы жөнүндөгү шум кабарды укканда эсинен танып кулап түштү.

...Жанында тургандар көз жашын булап, шору арылбаган пенденин касиретине орток болду. Узак жылдар кайгы-кападан кажыган абышка буурул чачы агарып, жаак эти соолуп, мурдакыдан бетер төшөктө томолонуп калды. Багар-көрөрүнөн айрылып, кайгы баскан кары кишинин көргөн күнү курусун.

...Көрөрү бүтүп, көмөөрү калган абышканын тиричилигине боору оорубаган киши калган жок. Келгинбай бирде соо болсо, бирде алжып сүйлөдү. Бирок татым туз салынган түйүнчөгүн колунан түшүргөн жок.

...Ал эми кээде жөөлүгөн сөздөргө аралаш өзүнүн өмүр жөнүндөгү корутундуларын да кадимкидей айтып отурду:

- Менин чоң арманым эле - Эшенди колунан жетелеп барып, эли-журтуна кошорум болчу. Эми өзүмдүн киндик каным төгүлүп, кирим жуулган жериме баратам, - деп жалдырай калат да, колундагы тузду көрсөтөт: - Мынабу Ысык-Көлдүн - мен туулган жердин тузу. Оо, кагылайын, уйгур туугандар, Эшеним экөөбүздү узатып койгула! Бизди өз жерибиздин тузу тартып баратат. Эчен жолу ач калганымда ушуну жалап тоюнганмын, эчен жолку оор күндөрдө жаныма алып жүрүп, көңүлүмө төтөп, боюма кайрат тапкам. Ушул туз жанымда жүргөндө, эли-журтумдун, бир тууганларымдын жанында жүргөндөй болом. Мен жеримди сагынып, куса болгонумда ушул туздан жалап алып, сагынчымды тараткам. Маа дүйнөдө мындан кымбат

нерсе болгон эмес. Элден, жерден ажырап, ага куса болуудан артык азап жок экен. Мен Ысык-Көлдөн келип, чабармандын камчысын жедим. Байлардын зордугун, жокчулуктун кордугун көрдүм, ошондо өлүп каламбы деп корктум! Мен көргөн кордугума ызаланбадым, элден, жерден адашканыма ызаландым! Оо, тууганлар, узатып койгулачы. Өз жеримдин тузу тартып, бизди ата конушубузга алып бараттат. Ушинткен Келгинбай кирпик какпады, даам татпады. Арадан үч күн өтпөй эле чалда куру сөөк калды [94:211**].**

5-тыным. Бул тыным чыгарманын кайгылуу көрүнүшү, Келгинбайдын жана анын жалгыз баласынын өлүмү менен аяктайт. Бирок ата-баланын өлүмү эки башка учурда өтөт. Баласынын согушта каза болушу атасына катуу тиет. Анын бир күндө эле «*буурул чачы агарып, жаак эти соолуп, мурдакыдан бетер төшөктө томолонуп калганы*», эки түрдүү күйүттү көкүрөгүндө көтөрүшү менен сүрөттөлөт. Бирок ошондой күйүттө калып, өмүрүнүн акыркы мүнөттөрүн жашап жатса да, колундагы түйүнчөк колунан түшкөн жок. Ушул эпизодду окуучулар канчалык түшүнгөндүгүн төмөнкү суроолор аркылуу бышыктайбыз: Келгинбайдын уулу кандай кыргында каза болду? Бул кабарды укkан атасынын абалын сүрөттөп бергиле. Ал эмне үчүн өмүрүнүн саналуу сааттарында колунан түйүнчөктү түшүргөн жок? Бул түйүнчөктөгү туздун мааниси канчалык?

Сабактын жыйынтыгында, сабактын башталышына кайра кайтабыз. Окуучулардын «туз» жөнүндөгү ойлорун карап көрөбүз жана чыгарма талданып бүткөндөн кийинки туз жөнүндөгү ойлорун салыштырабыз. Мисалы, мугалим тарабынан төмөнкүдөй суроолор берилиши мүмкүн:

1. Силер толук чыгарманы түшүнгөндөн кийин «туз» жөнүндөгү түшүнүгүңөр өзгөрдүбү?

2. Ошол мезгилде Келгинбайдын атасы берген татым туздун мааниси канчалык эле?

3. Эмне үчүн Келгинбай тузду өмүрүнүн акырына чейин сактады? ж.б.

Ошондой эле, бул чыгарманы өтүүдө сөздүк иши да абдан маанилүү, анткени алар жазуучунун тил байлыгынын кенендигине, өзбек тилинде тилдик

каражаттардын колдонулушуна, айтылыш өзгөчөлүгүнө маани беришет. Мисалы:

Айтылышы тыбыштык жактан айырмаланган сөздөр:

Кепин – кафан

Аманат – омонат

Чайдоос – чойнак

Казык – қозик

Көйнөк – кўйлак ж.б.

Айтылышы окшобогон сөздөр:

Келте – терлама, ич терлама

Жагоо – бўйинбоғ, галстук

Машке – овчи ит, този

Касирет – кайғу, дард-алам

Жөөлүгөн – бемаъни гаплар, валдираш ж.б.у.с.

Окуучу чыгармадагы туздун канчалык маанилүү экендигин, Келгинбай үчүн туулган жеринин бир үзүмү, үмүт менен ишеним берүүчүсү, сагынуу менен кусадарлыктын таркатуучусу болуп калгандыгын ар бир тыным окулган сайын түшүнүүсү кажет. Ал эми Келгинбайдын монологун мугалим көркөм окуп, окуучуларга да өзүн тууратып окутса, жакшы натыйжаларды берет.

А. Саспаевдин бул чыгармасын өтүүдө мекенчил болууга тарбиялоо – башкы максат болуп эсептелет. Андыктан, мекенди сүйүүгө арналган дидактикалык чыгармаларды, лирикалык ырларды, турмуштук окуяларды байланышта караса болот.

Ошондой эле, теманы өтүүдө пайдаланылган эссе, башкарып окутуу стратегиялары класс чөйрөсүндө сабакка жандуу катышууга, өз пикирин туюнтууга, кеңири ой жүгүртүүгө, эркин көз караштын калыптанышына, дискуссия аркылуу маселени чогуу-чаран талкуулоого, чындыкты издөөгө, сабактын кызыктуу өтүлүшүнө өбөлгө түзөт.

1.3.5. Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабияты предмети боюнча класстан тышкаркы иштерди алып баруунун жолдору

Өзбек окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда ар жактуу усулдук, психологиялык, педагогикалык шарттарды түзүү менен адабий тексттерди окуучунун кабылдоосуна сиңирүү – мугалимдин негизги чеберчилигинин бири. Окутуунун формаларынын жана усулдардын ичинен окуучунун адабий текстти жакындан кабыл алуусуна, образдуу-аналитикалык ой-жүгүртүүсүн, чыгармачыл эмгектенүүсүн, кеп маданиятын өстүрүүгө класстан тышкаркы кошумча сабактар же ийримдер чоң көмөк көрсөтө алат.

Бүгүнкү күндө окуу программасына ылайык өзбек мектептеринде кыргыз адабияты сабагынын 1 саат өтүлгөнү бул жаатта иштеген мугалимдерге белгилүү. 1 сааттын ичинде текст менен жакындан таанышууга, сөз каражаттары менен иштөөгө, оозеки айтып берүүгө, чыгармадагы идеяны талкуулоого жана жазуу ишин жүргүзүүгө убакыт дээрлик жетпейт. Ошондуктан да, адабият сабагындагы материалды тереңирээк өздөштүрүүдө класстан тышкаркы иштердин жана ийримдердин мааниси чоң.

Өзбек мектептериндеги кыргыз адабияты боюнча уюштурулган ийрим окуучулардын сүйлөө кебин, окуяны түшүнүү деңгээлин өстүрүүгө жардам берет. Тигил же бул чыгарманын ичине кирип, каармандардын психологиялык-моралдык абалын сезүүгө мүмкүнчүлүк алат. Ошондой эле, ийримде даярдалган класстан тышкаркы иштердин массалык түрдө аткарылышы жагымдуу маанайды, анын ичинде окуучу жашап жаткан мамлекетке карата сыйлоону, патриоттуулукту ойготот жана ынтымакта болууга тарбиялайт. А.Муратов: «Адабиятты окутуу боюнча мектептен жана класстан тышкаркы иштердин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү (адабият кечелери, окурмандар конференциялары, адабий край таануу жумуштары, жазуучулар менен жолугушуулар, искусство жайларына баруу ж.б.), кошумча сабактарды уюштуруу - окуучулардын адабий ышкысын ойготууда чоң мааниге ээ» [104:35], - дейт.

Ийримге орто жана жогорку класстардын окуучулары тартылаары баарыбызга белгилүү. Айрым ийрим топтору бир класстагы балдардан түзүлсө, айрымдары класстык жактан айрымаланышы мүмкүн. Ошентсе да, өзбек мектептердин окуучуларына ийримге катышуусу кеп байлыгын өстүрүүгө, алынган чыгарманын идеясын тереңирээк түшүнүүгө, талдоого өбөлгө түзөт. Жалал-Абад областынын Ала-Бука районунун Келте айылынын Р. Кулуев атындагы мектебинин мугалими Г. Кочкорбаева ийримге катышкан өзбек окуучулары жөнүндө мындай дейт: «5-6-класстын окуучуларынан түзүлгөн «Адабият ааламы» ийриминин ишин жүргүзүп келем. Ийримде жалпы 20 окуучу катышат. Ийримдин сабагы жумасына 2 сааттан 4 саат өтүлөт. Сабакка катышкан окуучулардын кыргыз тилинде сүйлөөсү мыкты, өтүлүүчү чыгарманы бир эле окуганда (кээ бир түшүнүксүз сөздөрдү албаганда) түшүнүп, идеялык-тематикалык жагын дароо аңдап билишет. Анын үстүнө бул куракта атаандашуу күч болгондуктан, 5-класстын окуучулары 6-класстын окуучулары менен бирдикте чыгарманын мазмунун талкуулоодо талашып-тартышуу, көркөм окууну деңгээлинде окуу аракеттери сыяктуу маселелер жакшы жагына чечилет».

Ошондой эле, айрым мектептерде окутуу эки тилде жүргүзүлөт. Алсак, бир эле мектепте өзбек, кыргыз тилдүү класстар бар. Мындай мектептерде кыргыз адабияты боюнча ийримдин сабагын өзбек жана кыргыз окуучуларына бирге өтсө болот. Бул боюнча айрым окумуштуулар өзгө тилди окутууда эки тилдүү мектептерде (мисалы, өзбек-кыргыз же орус-кыргыз, тажик-кыргыз, орус-өзбек болушу мүмкүн) бирдиктүү ийрим сабактарын жүргүзсө жакшы натыйжа берет дешет [62:73], анткени окуучулар бири-биринин жашоо турмушун жакшы билүү менен турмуштук лексиканы үйрөнүү мүмкүнчүлүгү артат жана кеп ишмердүүлүгүнүн мыкты болуусуна шарт түзүлөт. Окуучулардын мындай кошулган ийримдери өзбек окуучусунун дагы да кыргыз адабиятын түшүнүүсүн тереңдетип, чыгарманы кыргыз окуучуларынын деңгээлинде талдоого болгон аракеттерин арбытат.

Өзбек адабияты жана кыргыз адабияты предметтеринин окуу программаларынын жанрдык-тематикалык жактан байланышкан темаларды алсак, окуучунун тигил же бул чыгарманы билүүсүнө, талдоосуна, салыштыруусуна өбөлгө түзүлөт жана окуучу өз эне тилиндеги адабий көндүмдөрдү кыргыз адабий тилинде түшүнүүгө аракет жасайт. Мисалы, кыргыз адабияты боюнча окуу программасында саат [73] 5-класста жөө жомокторго, дидактикалык чыгармаларга, элдик поэмаларга («Карагул ботом»), 6-класста эмгек ырларына, салт ырларына бөлүнгөн. Ал эми өзбек адабияты сабагында да жогорудагы тематикаларга байланышкан темалар өтүлүп, окуучу өз эне тилинде да, кыргыз тилинде да бирдей темалар менен таанышууга, салыштырууга жана айрымачылыктарды билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Өзбек жана кыргыз адабиятында окшоштуктар көп эле десек жаңылбайбыз. Ошентсе да, ыр жандуу өзбек калкында айрым бир салт ырлары: кошоктор, акыйнектер дээрлик айтылбайт, бирок өзбек калкы эмгек ырларын чеберчилик менен аткарууга жетишкен. «Оп майда» ырын өзбек эли да кыргыз эли сыяктуу обон менен ырдап келишкен. Өзбек эли тикмечиликке, чарбачылыкка байланыштуу ырларды көбүрөөк айтышкан.

Ал эми окуу программасындагы материалды турмуш менен айкалыштырып, сахнада чагылдыруусу көрүүчү окуучуларга да өзгөчө таасир калтырып, тарбия берүүдө зор мааниге ээ экендигин тана албайбыз. Мектепте адабият сабагынан билим берүүнүн башкы функциясы – тарбия берүү болуп саналат.

Акыркы мезгилде чыгармачыл иштеген мугалимдер ийримдин ишинин жыйынтыгы катары класстан тышкаркы иш-чараларды көбүрөөк өткөрө башташты. Жалал-Абад областынын Ала-Бука районунун Н. Бекменбетов атындагы орто мектебинин мугалими С. Баястанова өзбек жана кыргыз класстарынын окуучуларынын топтомунан турган «Дүбүрт» адабий ийримин көп жылдардан бери жетектеп келет. Ал өз тажрыйбасында ийримдин окуучулары мектептин кайсыл гана класстан тышкаркы иш-чарасы болбосун, активдүү катышканын белгилейт. Окуучулар мамлекеттик тилге, эне тил,

Нооруз майрамдарына карата уюштурулган райондук, айылдык сынактарда байгелүү орундарга жетишип, өзбек окуучулары тарабынан «Салтыңдан кагылайын, кыргыз калкым», «Саламат бол, санжыралуу Ноорузум», «Тил тагдыры – эл тагдыры», «Тоголок Молдо жана адабият», «Алыкулдун Ысык-Көлдөгү поэзия кемеси» ж.б.у.с. кечелердин мыкты өткөрүлгөндүгүн айтат.

Ош шаарындагы Панфилов атындагы өзбек мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Райымкулова Жийдегүл тарабынан Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасы Ош улуттук драма театрына коюлуп, өзбек окуучуларынын драманы эң мыкты аткарганы көпчүлүк элдин купулуна толгон. Демек, кыргыз адабиятын окутуу менен ийримдин ишин жандандыруу аркылуу окуучунун жашаган жерине, карым-катыш кылган өзөктүү элге болгон көз-карашы өзгөрүү менен патриоттуулугу күчөйт, өзү жашаган мамлекетти сүйүүгө, коргоого тарбияланат.

Адабият, мейли ал кандай түрдө болбосун (оозекиби, жазмабы) көркөмдүк касиети менен гана эмес, омоктуу ой, таасирлүү таалим-тарбия, табышмактуу сыр алып жүргөндүгү менен да кубаттуу, күчтүү, түбөлүктүү. Эгер илимпоздордун сөзүнө таянсак, анда адабият искусствонун негизги бир тармагына кирет да: эвристикалык (изденүүчүлүк), коммуникативдик (карым-катыш түзүүчүлүк), социалдык-уюштуруучулук, тарбиялык, агартуучулук, таанып-билүүчүлүк, проектирлөөчүлүк (долбоорлук-боолгочулук), баа бере берүүчүлүк, суггестивдүүлүк (ынандырып баш ийдирүүчүлүк), катарсистик (тазартып сергитүүчүлүк), компенсациялык (толуктоочулук), гедонисттик (ырахат, жыргал берүүчүлүк), көңүл көтөрүүчүлүк кызмат аткарат [100:3].

Ийримдин башкы милдети катары класстан тышкаркы иштердин ар кандай формасы жалпы билим берүү структурасы менен байланыштырылып, өздөштүрүлүп жаткан материалдын уландысы катары эсептелиши зарыл. Ошондо гана окуучунун бөтөн тилдеги кеби табигый мүнөзгө ээ болуп, класстан тышкаркы иштер мазмундуу, максаттуу болушу мүмкүн. Класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүдө төмөнкүдөй максаттар иш жүзүнө ашырылат:

- программалык материалды тереңдетүү;

- окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү;

- коммуникативдик жана дүйнө таанымын өстүрүү; -кыргыз элинин баалуулуктары, эстеликтери, артыкчылыктары жана улуу даанышмандары менен тааныштыруу;

- өз алдынча изденүүсүн өстүрүп, сөздүктөрдү адабияттардан пайдалануу;

- кошумча адабияттардан изденүү [112:24].

Жогорудагы максаттарды ишке ашыруу мугалим жана мектеп пландаган иш-чараларга, сабактарга карай иш жүзүнө ашат. Ал эми ийримдин сабактарында чыгармаларды тереңдетип окуу, образдарга, тилдик каражаттарга талдоо жүргүзүү да биринчи планга чыгуусу абзел. Анткени, чыгарманы окуу жана терең түшүнүү бул жакта турсун, окуучулардын китепке умтулуусу солгундап, көбүрөөк маалымат технологияларына ыктап кеткени көнүмүш адат катары кабылдап калдык. Ошондуктан, мугалим биринчи кезекте акын-жазуучулардын чыгармаларынын көркөм тексттеринде камтылган идеяларды сууруп чыгып, аларды азыркы замандын кырдаал-шартына ылайык, баланын аң-сезимине таасир бере турган деңгээлге көтөрүп чыгуу, тексттеги жана подтексттеги баалуулуктарды бала жүрөгүнө жеткирүү, көркөм сөздүн күчү менен бала дилин жараксыз жүрүм-турумдарга жеткирүүчү жолдордон бошотуу, баланын өзү менен өзүнүн, өзү менен сүрөткердин ортосундагы диалогун уюштуруу. Дал ушул диалогду уюштурууда адабият сабагы, адабият мугалими – чечүүчү фигура болсо, адабий текст – ошол сабак менен мугалимге жол көрсөтүүчү багыт, алардын ишин майнаптуу уюштуруунун куралы [101:166].

Ош облусунун Араван районунун Бабур атындагы өзбек мектебинин 7-8-классынын окуучуларынан түзүлгөн ийрим менен эксперимент жүргүзгөндө, төмөнкүдөй жыйынтыктар чыккан. Эки класста календардык план боюнча залкар акын Жеңижоктун чыгармалары өтүлгөн. Мугалим Жеңижоктун чыгармачылыгы менен дагы да тереңирээк таанышtыруу максатында, ийримдин сабагында акындын «Аккан суу» чыгармасынан үзүндү алып окуткан. Алгач суунун касиеттери, жан-жаныбарга пайдалуулугу, зыяны,

керектелиши тууралуу 10 мүнөттүк слайд көрсөтүлгөн. Андан кийин гана, чыгарманы окууга киришкен. Окуучулар Жеңижоктун ырларын өтө ынтаа менен угушуп, слайдда көрсөтүлгөн сүрөттөрдөгү көрүнүштөрдү улуу акын мурда эле айтып койгонуна ынанышып, суунун касиеттерин, баалуулугун баалашкан жана мындан ары кандай мамиле жасоо керектигине тарбияланышкан. Ошондой эле, адабият сабагын предмет аралык байланыштырып окутуу да өз деңгээлинде ишке ашкан. Окуучулар суунун зыян жактарын географиялык билимдерине, жан-жаныбардын, өсүмдүктөрдүн суу менен азыктануусун биологиялык илимдерге таянып айтышкан. Ал эми, Жеңижоктун сүрөттөөлөрүн сүрөткө тартышкан, мисалга, балдар элестетип тарткан сүрөттөрдүн маанисин келтирген Жеңижоктун ыр саптарынан келтирели:

Түн ичинде карасаң,
Өзөндүн ичи шуулдап,
Сан жылдызды батырып,
Табактай айды калкытып,
Аттай болгон балыгын,
Асманды көздөй атылтып.
Күкүмдөлгөн тамчысын,
Күргүштөп жээкке чачылып,
Желпип өткөн жерине,
Жемиш өсүп, бак болгон,
Келип кеткен жерине
Шаар орноп эл толгон [50:42].

Ийримдин сабагында бир дагы окуучу бош болгон эмес, белгиленген эки сааттын ичинде слайд көрүшкөн, көркөм окушкан, тилдик каражаттарды талдашкан, түшүндүрмө сөздүк менен иштешкен, сүрөт тартышкан, сууга бүгүнкү күндө кандай мамиле жасап жаткандыгыбыз, кантип мамиле жасообуз жөнүндө талкуу уюштурушкан жана эссе жазышкан. Окуучулардын айрым жазган эсселеринен да мисал келтирсек:

«Кыргыз элинин акыны Жеңижок сөзмөр, чукугандай сөз тапкан акын болгон. Ал «Аккан суу» ырында суунун бардык жан-жаныбарга керек экендигин айтат. Мурда биздин ата-бабаларабыз, чоң ата, чоң энелерибиз сууга жакшы мамиле жасоо керек деп айтышкан жана сууга жакын жерлерди мекендешкен.

Азыркы күндө суу акча сыяктуу. Анткени, айрым өлкөлөрдө таза суу сатылат. Ал эми биз суунун кадыр-баркына жетпейбиз. Мисалы, Ош шаарындагы Ак-Буура дарыясына таштандыларды, жаман нерселерди ыргытабыз, жууган кирлерибизди чайкайбыз. Бул туура эмес деп ойлоймун. Эгер, биз баарыбыз сууга жакшы мамиле жасасак, анда таза суу дайыма бизде болот. Сууну кордобош керек. Ал адамга жашоо берет. «Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор» деп Жеңижок абабыз бекеринен айтпаган».

Ийримде жазуу ишин жүргүзүүнүн максаты – окуучунун чыгарманы канчалык өздөштүргөндүгүн, ар тараптуу ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымынын канчалык өскөндүгүн, жазуу сабаттуулугун кандай деңгээлде экенин текшерип алуу. Андан башка айрым окуучулар оозеки жооп бергенге караганда жазуу ишинде ойлорун мыкты беришет.

Жазуу жана оозеки кеби бири-бири менен толуктап турчу процесстерден. Анткени, оозеки кепте окуучу көркөм текстти интонацияны, тынымды колдонуп, үнүн бирде жайлатып, бирде бийиктетип, кебине карата ар кандай мимика-жестти пайдаланса, жазуу кебинде бирөөнүн сөзүн берет, сүйлөмдүн курулуш формаларына көңүл бөлөт, ар кандай вариантта түзүүгө аракет жасайт, кетирген каталарың оңдоп-түзөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ош облусунун өзбек мектептеринин дээрлик көпчүлүгүндө кыргыз тили жана адабияты предметин кыргыз улутундагы адис мугалимдер эмес, өзбек улутундагы кыргыз тилчи мугалимдер окутушат. Ошондой эле, ал мугалимдердин көпчүлүгү сырттан окуу бөлүмүн бүтүргөндөр же атайын кошумча окуп, квалификациясын жогорулаткандар. Жазуу ишин жүргүзүүдө мугалимдин орду чоң эмеспи. Анткени кыргыз тилине мүнөздүү айрым бир тыбыштарды (ө, ү, ң, к, г, ж) жазууда, окуучулар мугалимдин кантип бул

тыбыштарды айтып жатканына көңүл бурат жана укканы боюнча жазууга аракет жасайт. Ал эми өзбек улутундагы кээ бир мугалимдер айрым тыбыштарды айтууда мүчүлүштүктөрдү кетирип жаткандыгын байкадык.

Ал эми кыргыз адабиятын окутууда «Мугалимдин милдети – окуучунун кандайдыр бир жекече өздөштүрүүсү боюнча эмес, окуучу кыргыз тилинин кайсы тамгасын же тыбышын өздөштүрүүдө кыйынчылык туудуруп жаткан тыбыш менен тамганын үстүндө окуучулар менен чогуу иштеп, окуучунун тилин жатыктырууга аракет жасалат» [148:3].

Айтайын дегенибиз, өзбек тилдүү кыргыз тили жана адабияты мугалими кыргыз тилиндеги айрым тыбыштарды туура айтууга, сабаттуу жазууга машыгуусу зарыл. Анткени, окуучуга мугалимдин кандай сүйлөп, жазгандыгы дайыма үлгү болот.

I глава боюнча корутунду

Учурда улуттук мектептерде (орус, өзбек, тажик) кыргыз адабиятын окутуу маселесине эми гана көңүл бөлүнүп, илимий жактан изилдөө иштери жүрө баштады. Бул өңүттөн караганда, улуттук мектептерде кыргыз адабиятын окутуу методикасы жаш илимдердин катарында.

Изилдөө ишибиздин I главасында окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык проблемаларын иликтөөгө алдык. Кыргыз элинин өзбек эли менен жанаша жашап, жашоо-тиричилигиндеги окшоштуктары, бала тарбиялоодогу этнопедагогикалык жагдайлары жөнүндө сөз кылдык.

Ал эми өзбек мектептеринде кыргыз адабияты предметин окутуу жагы көп жактан мүчүлүштүктөргө учураганын, атайын адистердин, окуу китептеринин, усулдук колдонмолордун жоктугунан өз башынан татаал процессти өткөргөнүн танууга болбойт. Кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин кошо кабыл алынган мамлекеттик тил мыйзамы, улуттук мектептерде кыргыз тилин, кыргыз адабиятын окутуу боюнча билим берүү стандарттары бул предметтин башка предметтер арасында өз орду бар экендигин тастыктады. Анткени, адабият предмети бөтөн улуттун окуучусун өз жерин сүйүүгө, Мекенинин патриоту болууга, эң башкысы инсан болууга тарбиялайт эмеспи.

Өзбек мектептеринде адабият предметин окутуу маселесин ар жактуу чечүүдө окумуштуу-педагогдордун (Б.Алымов, К.Иманалиев, И.Исамидинов, Н.Ишекеев, Н.Кангелдиев, С. Момуналиев, А.Муратов Н.Шнейдман ж.б.) илимий эмгектерин, сунуштарын пайдаландык. Ошондой эле, биздин теманын маселелерине жакын, шайкеш келген орус окумуштууларын (Л.С.Айзерман, Г.И.Беленький, Ф.И.Буслаев, В.И.Водовозов, В.В.Голубков, Н.И.Кудряшев, Т.Ф.Курдюмова, А.А.Липаев, В.Г.Маранцман, Н.Л.Молдавская, В.А.Никольский, В.П.Острогорский, З.Я.Рез, М.А.Рыбникова, В.Я.Стоюнин ж.б.) эмгектерине таянуу менен айрым ыкмаларды сунуш кылдык.

Алгач өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабияты предмети кыргыз тили предметинин ичинде өтүлдү. Убакыттын өтүшү менен окумуштуулардын (Ж.Шериев, С.Момуналиев) кыргыз адабияты боюнча окуу программасы түзүлүп, сунушталды. 2004-жылдан С. Момуналиевдин авторлугунда 5-класстын «Кыргыз адабияты» окуу китеби жарык көрдү. Ошентип өзбек тилдүү окуучулар мезгилдин өтүшү менен окуу китептерине ээ болушту.

I главанын 2-бөлүмүндө окуу программасы, окуу китептерине анализ жүргүзүлдү. Окуу программасынын түзүлүш принциптери, альтернативалуу программалардын түзүүчүлөрүнүн программа боюнча ойлору камтылды. Учурда, өзбек мектептеринде окуу программаларынын колдонулуусу жөнүндө түрдүү сунуштар мугалимдерден анкеталык суроолор аркылуу жыйналып киргизилди.

Окуу китептеринин жаралышы, мазмуну, сапаты жөнүндө да иликтөө жүргүзүлүп, окуучунун адабий билимин калыптандыруудагы орду тууралуу айтылды. Ошондой эле, келечектеги окуу китебин түзүүчүлөргө кандай критерийлерге басым жасоо керектиги жөнүндө сунуштар берилди.

Жыйынтыктап айтканда, өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун тарыхы көп мазмунду ээлебегени менен кыргыз жаранын тарбиялоодо эбегейсиз орду чоң экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Ошондой эле, бул главада өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуу өзгөчөлүктөрү жөнүндө да сөз болуп, окутуунун ыкмаларына кайрылып, айрым сабактардын өтүү моделдерин сунуштадык.

II ГЛАВА. ӨЗБЕК МЕКТЕПТЕРИНДЕ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ӨЗБЕК АДАБИЯТЫ МЕНЕН БАЙЛАНЫШТА ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

2.1. Өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптары, принциптери

Бүгүнкү күндө окумуштуулар, практик-мугалимдер адабиятты окутуу жагын ар түрдүү өңүттөн карап, окуучуларга тигил же бул материалды жеткирүүдө ыкмаларды, усулдарды сунуштап, предметтин илимий эффективдүүлүгүн арттыруу боюнча атайын изилдөөлөрдү жүргүзүштү. Ошентсе да, кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптары, принциптери боюнча атайын изилденген эмгектер жокко эсе. Бирок, бул маселе проблема катары адабият илиминде каралбаган маселе деп айтуу туура эмес. Анткени адабиятты улуттук мектептерде окутууда көптөгөн жалпылыктар, жакындыктар бар. Айтсак, орус, өзбек, тажик мектептериндеги фольклордук чыгармалардын окшоштугу, орус адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармаларынын өз эне тилиндеги адабиятта окулушу, жалпы орток түрк чыгармаларынын кыргыз жана өзбек, тажик адабиятында кезигиши, кыргыз элинин алп жазуучусу Ч. Айтматовдун чыгармаларынын улуттук мектептердин бардыгында окутулушу салыштырылып, анализдеп окутууга негиз болот. Учурда кыргыз адабиятын улуттук (орус, өзбек, тажик) мектептерде окутуунун өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар, мисалы:

1. Окуу компонентинде кыргыз адабиятын окутуу жагы каралган.
2. Кыргыз адабияты улуттук мектептердин өзгөчөлүгүнө (улутуна) карай окутулат.
3. Бир тилдүү жана кош тилдүү мектептердин болушу.
4. Жогорудагы өзгөчөлүктөр адабиятты окутууда өз таасирин тийгизет.

Кыргыз эли эгемендүүлүккө жаңы гана ээ болгон учурда орус тилдүү мектептер басымдуу болуп, окуп жаткан класстардын курамы негизинен 50 пайызын орус-татар улутундагылар, 50 пайызын ар түрдүү улуттардын

(кыргыз, өзбек, тажик, дунган, түрк, уйгур ж.б.) өкүлдөрү түзчү. Кош тилдүү мектептерде (кыргыз-тажик; кыргыз-өзбек) эки улуттагы окуучулардын саны тең-тең келип, же 2-3 пайыздык өлчөмдө көп же аз болгон (көп деле ажырым болгон эмес).

Демек, кыргыз адабиятын акыркы он жыл аралыгына чейин окутуу бир топ татаалдыкты алып келсе, азыркы мезгилде көптөгөн маселелер шарттын негизинде өзүнөн өзү чечилди. Биринчиден, эгемендүүлүктөн кийин жерибизде жашап жаткан көпчүлүк орус тилдүү жарандар өз жерлерине кетишти. Орус класстардын негизги курамын кыргыз, өзбек, тажик жана азыраак пайызда башка улуттун өкүлдөрү түзүп калышты.

Экинчиден, кош тилдүү мектептердин айрым бир (өзбек, тажик) класстары кыргыз класс болуп же саясий кырдаалга карай (1990-ж., 2010-ж.) тажик, өзбек улутундагы ата-энелер балдарын 1-класстан тартып кыргыз класста окута баштаган учурлар кездешти.

Белгилей турган нерсе, орус тилдүү класстардын курамынын көпчүлүгүн кыргыз улутундагы окуучулар түзгөндүктөн, кыргыз адабияты предметинин материалдарын түшүндүрүүдө, окуучулардын айрым бир айтууга кыйын болгон тыбыштардын (ө, ү, ң, қ, ж, ғ) үйрөнүүсүндө, сөздөрдүн лексика-семантикалык маанисин ачууда бир топ жеңилдиктер болду.

Кош тилдүү мектепте эки улуттун окуучулары дайыма карым-катышта болгондугуна байланыштуу жогоруда аталган кыйынчылыктарды жеңүү көп деле убакытты талап кылган жок.

Бир тилдүү улуттук (же өзбек, же тажик) мектептерди айтсак, мында окуучулардын тили өз эне тилинде калыптанып калгандыктан, өзгө тилди (кайсыл тил болсо да) түшүнүүдө, өздөштүрүүдө бир кыйла кыйынчылыктар кездешет. Анткени, окуучу кыргыз тили жана адабияты предметин сабактардын жадыбалына карай эле үйрөнбөсө, калган учурда өз эне тилинде сабактарды өтүп, пикир алышуусу да ошол тилде болот. Демек, мезгилдин кырдаалдык талабына карай улуттук мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун окуу

программаларын, окуу китептерин, мугалимдерге окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу учурдун зарылдыгы.

Өзбек мектептерде кыргыз адабиятын окутуу усулу илим тармагында жаңы гана телчигип келе жаткан илимдердин бири. Демек, кыргыз адабиятын окуу предмети катары жаңы ыктарга, усулдарга муктаж кези. Өзбек окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда ар жактуу усулдук, психологиялык, педагогикалык шарттарды түзүү менен адабий тексттерди окуучунун кабылдоосуна сиңирүү мугалимден изденүүчүлүктү, көп эмгекти талап кылат. Окутуунун формаларынын жана усулдардын ичинен окуучунун адабий текстти жакындан кабыл алуу, образдуу-аналитикалык ой-жүгүртүүсүн, чыгармачыл эмгектенүүсүн, кеп маданиятын өстүрүүгө кыргыз адабияты менен өзбек адабиятын салыштырып байланышта окутуу чоң роль ойнойт. Кыргыз адабияты менен өзбек адабиятын байланышта окутуу маселелери бүгүнкү күндө негизги маселелердин бири катары каралат. Бул боюнча окумуштуулар өзгөчө эки элдин чыгармаларынын тилдик каражаттарынын өзгөчөлүктөрү, каармандардын, окуялардын катышына көңүл бурушат. Ошондой эле, тили тектеш калктын адабий чыгармаларын салыштырууда темалардын окшоштугу, проблемалардын биримдиги, идеялардын, жанрлардын, сюжеттердин, образдардын обьект катары салыштырылышы адабияттагы улуттук өзгөчөлүктү, типологиялык жакындыкты ажыратат.

Эки элдин адабий чыгармаларын салыштырып окутуу окуучуларга чыгарманын маани-мазмунун идеялык-эстетикалык жактан терең баалоого, алардын адабий кебинин сулуулугун, адабий каармандардын өтмүшүн салыштырып түшүнүүгө, өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын улуттук өзгөчөлүктөрүн жакындан үйрөнүүгө жардам берет. Ошону менен катар салыштырып окутуу терең тарбиялык мааниге ээ.

Ар бир адам өз элинин маданиятынын алып жүрүүчүсү болот. Демек, кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта окутуу бир сабактын чегинде эмес, жалпы методикалык система катары иштелип чыгыш керек.

Кыргыз классикалык адабиятынын үлгүлөрү окуучуларга жогорку педагогикалык эффективдүүлүк жана адептик-эстетикалык, гуманисттик тарбия берет. Ошондуктан, өзбек мектептерине кыргыз адабиятын окутууда билим берүү жана тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн салыштырып окутуу негизги шарттардын бири болуп эсептелет.

Улуу жазуучу, кыргыз элинин сыймыгы Ч. Айтматов кыргыз адабияты гана эмес, дүйнөлүк адабиятта өз орду бар жазуучу. Жазуучунун чыгармаларынын мисалынын негизинде, о.э. байыркы орток түрк адабиятынын өкүлдөрү Ж. Баласагындын, А. Яссавинин, М. Бабурдун, М. Кашгаринин чыгармалары менен салыштырып окутууга негиз болуп берет.

Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын байланыштырып окутуу маселесин чечүүдө (кароодо) белгилүү орус адабиятчылары жана философтору М.М. Бахтин [25], В.С. Библер [30], А.Н.Веселовский [36], Г.Д.Гачев [34], В.М.Жирмунский [43], Н.И.Кондраддын [65], методист-окумуштуулар М.А.Зальдинер [44], К.В.Мальцева [80], З.С.Смелкова [130], Л.А. Шейман [145, 146], М.В. Черкезова [143], М.М. Хакуашева [140], В.В.Бамбаева [20] жана башка окумуштуулардын эмгектерине таяндык.

Окумуштуу А.Н Веселовский [36] өз эмгектеринде көп түрдүү элдердин адабияттарынын байланыштуулугун карайт жана элдердин чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, салыштыруу принцибин иштеп чыккан. Ал эми В.М.Жирмунский [43] жана Н.И.Конраддын [65] эмгектери адабий байланыштардын негизин түзүп, салыштырма адабият таануу методологиясында өзгөчө орунду ээледи.

Кабардин-Балкария окумуштуусу М.М. Хакуашева [140] Кабардин-Балкар Республикасындагы жалпы билим берүүчү мекемелерде адабият курсу салыштырып окутуу жагы өз деңгээлине жетпегендигин белгилейт жана педагогдордун орус жана эне тилдеги адабиятты салыштырууда негизинен жазуучунун чеберчилигиндеги каармандардын мүнөздөрүн салыштыруу сыяктуу аспектиде карап жаткандыгын айтат жана адабияттарды салыштырып

окутуу жагы методикалык адабияттарда кеңири сөз болбогондугу, ошондой эле калыпка салынбагандыгы боюнча өз көз карашын билдирет.

В.Б.Бамбаеванын [20] диссертациялык илимий-изилдөө ишинде болсо калмык адабияты сабагында калмык, бурят, орус жомокторун байланышта окутуу маселеси каралган. Мында башкы орунга этномаданий жаатта адабий билим берүүдөгү салыштыруу маселеси коюлган. Негизинен, окумуштуу берилген материалдардын негизинде чыгармалардын адептик, ыймандык жана гуманисттик потенциалын үйрөтүү менен элдердин маданий нарк-насилин үйрөнүүгө чыгармачылык маселесинин кеңири спектрин коет.

Окумуштуу М.В.Черкезова [143] орус жана эне тилдеги адабияттардын салыштырып окутуу маселесин изилдеп, улуттук өзгөчөлүктөрдү байланыштырып окутууда типологиялык жалпылык принцибин иштеп чыккан. Бул маселеге С.К. Бирюкова, Д.Л. Брудный, Н.Н. Вербовая, Г.И.Ломидзе, И.Х.Майорова, Н.С. Русина, А.В. Режеволова, Р.З. Хайруллин, М.В. Храпченко сыяктуу адабиятчы жана методисттер да көңүл бурушкан. Ошондой эле, М.П.Алексеев, Д.С.Лихачев жана И.Г.Неупокоевалар салыштырып байланыштуу окутуу негизги зарылдык деп белгилешкен

Регионалдык жактан да бул маселеге көптөгөн педагогдор кызыгып, өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүн жазышты. Мисалы, Р.С.Аллабердинова, В.А.Гамулов (өзбек мектеби), М.М.Абдувалиева (тажик мектеби), М.Г.Ахметзянов (татар мектеби), Г.А.Акимкулова (кыргыз мектеби) жана башкалар.

Адабият сабагын өзбек, тажик мектептеринде окутуу башка улуттагы окуучулардын жашап жаткан түптүү элдин тилин, тарыхын, маданиятын, каада-салтын үйрөнүүгө багыттайт жана ошол элдин патриоттору болууга, эли-жерин сыйлоого үндөйт. Ошондой эле, аларга руханий байлык берип, адеп-ахлактык мамилелерди жөнгө салат. Эки элдин жашоо-тиричилигинин нарктык үлгүлөрүн, кептик дараметин салыштырып, чыгармалар аркылуу дүйнө таанымын кеңитет. Эң негизгиси, адабият сабагы аркылуу түптүү элдин тили, мамлекеттик тилди – кыргыз тилин сыйлоого тарбияланат.

Кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта окутуу бир система катары каралат. Анткени эки предметтин тилдик өзгөчөлүгү гана башка болбосо, окуучуларды үйрөтүүчү көндүмдөрү, талаптары бирдей десек болот.

Демек, өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуунун дидактикалык талаптары дээрлик окшош. Ал эми анын принциптери жөнүндө сөз кылардан мурда орус адабиятын бөтөн аудиторияда окутуу боюнча айрым окумуштуулардын пикирлерине, тыянактарына токтолсок.

Окумуштуу М.А.Зальдинер орус адабиятын өзбек мектептеринде окутууда төмөнкү принциптерди негизги деп эсептейт:

Адабиятты искусство катары таануу принциби. Мында искусство аркылуу окуучулардын патриоттук демин ойготуу жана төмөнкү багыттарды эске алуу:

а) окуучулардын дүйнө таанымын калыптандыруу;

б) окуучуга тигил бул чыгарманын таасирдүүлүгү, автордук ойдун түшүнүктүүлүгү;

в) көркөм чыгарманы эмоционалдык жактан туура кабыл алуу;

г) ой жүгүртүүнүн логикалык ишмердүүлүгү.

2. Орус адабиятын окуучунун эне тилиндеги адабият менен салыштырып, байланышта окутуу принциби.

3. Салттык түшүндүрүү ыкмасы аркылуу маалыматтарды табуу принциби. Мисалы, Граждандык согуш мезгилинде жаштар «Молодая гвардия» ырын ырдашкан. Ал эми жазуучу Фадеев советтик жаштар – Улуу Ата Мекендик согуштун патриот-жаштары жөнүндө «Молодая гвардия» романын жазган. «Бул аталыштар эмнеден кабар берет?» деген сыяктуу суроолор ушул принципти жетекке алган.

4. Чыгарманын мазмуну аркылуу проблемалык кырдаалды каттоо принциби. Бул принцип: чыгармага анализ жүргүзүү, ар түрдүү көз караштагы окурмандардын оюн түшүнө билүү, каармандардын алдындагы проблемаларга сүңгүп кирүү ж.б.у. сыяктуу маселелерге таянат.

5. Ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана андан ары өркүндөтүү принциби. Мында изденүүчүлүк аркылуу ой-жүгүртүүнү өстүрөбүз.

6. Чыгарманын бүтүндөй мазмуну менен тексттин бөлүгүн карым-катышта кароо принциби.

7. Окуучулардын кептик (тилдик) ишмердүүлүгүн өнүктүрүү (ар түрдүү баскычтагы) принциби [44:58,59].

Ал эми Л.А. Шейман адабиятты бөтөн аудиторияда окутуу дидактиканын жалпы принцибине (тарбиялоо, илимийлүүлүк, системалуулук ж.б.) таянуу менен предметтин жеке принциптерин ишке ашыруу зарыл деп белгилейт. Ал бир нече принциптерди белгилеп, принциптердин ичинде подпринциптерге да токтолот. Мисалы, комплекстүү эки тилдүүлүктүн көркөм сөз каражаттарынын таасир этүү принциби. «Бул принцип,-дейт окумуштуу,- адабият сабагында эң зарыл принциптердин бири. Анткени биз сөз аркылуу окуучуга таасир этебиз жана адабий түшүнүктөрүн калыптандыруу аркылуу тарбиялайбыз. Демек, көркөм сөз өнөрү окуучунун психологиялык-эмоциялык ой жүгүртүүсүн, турмушка болгон көз карашын ойготот. Сөздөрдүн маанисин түшүнүү аркылуу өз эне тилиндеги сөздөргө, чыгармаларга, тексттерге салыштыра алат» [145:130].

Жогорудагы принциптин подпринцибинин бири катары окуучунун орус адабиятын өздөштүрүүсү аркылуу окуу-тарбиялык ишмердүүлүктүн негизинде инсанды калыптандыруу деп эсептеп, бир нече аспектилерди (сөз менен окуучуну инсан катары калыптандыруу, чыгармалар аркылуу адептик-инсандык сапаттарды сиңирүү, инсандын кептик чеберчилигин өстүрүү) бөлүп чыгат.

Экинчи принцип көркөм-адабий билим берүүнүн биэтномаданий интеграциялардын принциби (принцип биэтнокультурной интеграции литературно-художественного образования). Бул принцип улуттук мектептин окуучусунун адабият боюнча алган билимдерин класста жана класстан тышкаркы иштерде көрсөтүүдө өбөлгө болот. Белгиленген принцип адабият сабагында этномаданий билим менен айкалышып келет жана өз ичине өлкө

таанытуучулук, мекен таануучулук, тилдик өлкө таанытуучулук багыттарды камтыйт. Кыргыз окуучусу орус адабиятын окуу аркылуу орус жашоосун билет, жалпы маданиятына тиешелүү сөздүк кор менен таанышат жана ал сөздөрдүн чегинде элдин психологиясын, эмоциясын, көз карашын түшүнө алат.

Жогорудагы айтылган принциптерден башка окумуштуу адабий кубулуштарды концентрлөө-бүтүндүк принцибин жана адабий көркөм текст окуу материалы катарында тарбиялоочулук принципти ишке ашырат деп белгилейт [145].

М.Хакуашева болсо адабияттарды салыштырып байланышта окутуу дидактиканын жөнөкөйдөн татаалга принцибинин негизинде өнүгүүсү туура деп, окуучунун таанып болгон маалыматтан жаңы түшүнүктөргө ээ болуусу, жалпы улуттук өзгөчөлүктөрдү карап чыгуу менен таануу маселесине токтолот [140]. Ошондой эле, бул маселеге А.В. Рыжеволова [119:23], К.В.Мальцева да [80:13,27] кайрылып, бөтөн тилдүү аудиторияда адабиятты окутуу салыштырып байланышта окутуу принцибинин жетегинде ишке ашса бир топ майнаптуу болорун айтышат.

Окумуштуулардын бөтөн тилдүү (өзбек, кыргыз ж.б.) аудиторияда адабиятты окутуу боюнча тыянактарын карап чыгуу менен өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта окутуунун принциптери төмөнкүлөр деген деп жыйынтыкка келдик:

1. Өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын байланыштырып окутуунун жалпылык принциби. Өзбек эли кыргыз эли менен кылымдардан бери жанаша жашап келген калктардан. Алардын дини бир, тили тектеш. Жашоо-образы дээрлик окшош. Андыктан, эки элдин адабий чыгармаларынын жаралыш мазмунунда болобу, маани-мазмундук, идеялык-тематикалык жаатта болобу жалпылыктар миңдеп саналат. Ошондой эле, адабий-теориялык маселелер да ушул принциптин негизинде ишке ашат.

2. Өлкө таанытуучулук принциби. Бул принцип өз ичине лингвоөлкө таануу жана мекен таануу подпринциптерин камтыйт. Өзбек окуучусуна

кыргыз элинин адабиятынын кеп байлыктары аркылуу анын тарыхын, маданиятын, каада-салтын, жашоо-тиричилигин, жаратылыш кооздуктарын, белгилүү инсандардын, авторлордун эмгектерин таанышгырабыз жана тандалып алынган материалдар аркылуу кыргыз элинин руханий дүйнөсүн, кеп чеберчилигинин өзгөчөлүктөрүн үйрөтөбүз. Ошондой эле өз Мекенинин татыктуу жараны болууга тарбиялайбыз.

3. Салыштырып-байланыштырып окутуу принциби. Берилген адабий материалдардын негизинде кыргыз адабиятынын теориялык-мазмундук материалдарын салыштыруу жана элдик оозеки үлгүлөрдүн (жомоктор, эпостор, поэмалар, дидактикалык чыгармалар), жалпы орток түрк чыгармаларанын өзбек, кыргыз тилинде берилишин, тилдик каражаттардын колдонулуш өзгөчөлүгүн, акын-жазуучулардын чыгармаларда пейзаждык сүрөттөөлөрдү, каармандын портретин түзүүдөгү чеберчилигин, окуя болгон мезгилди, тарыхый доорду салыштыруунун негизинде ишке ашат.

4. Этномаданий билим берүү принциби. Бул принципти жетекке алганыбыздын себеби, өзбек окуучусуна кыргыз элинин өзүнө гана таандык этномаданий өзгөчөлүктөрүн үйрөтөбүз. Кыргыз адабиятындагы кайсы гана көркөм чыгарманы албайлы кыргыз элинин өзүнө таандык маданий турмушу, турмуш-тиричилиги, каада-салт, үрп-адатындагы тарбия берүүчүлүк үлгүлөрү бар. Демек, ушул өңүттөн караганда бул принциптин колдонулушу туура деп эсептейбиз.

5. Кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү же коммуникативдүүлүк принциби. Эксперименттик тажрыйбаларды жүргүзүү учурунда өзбек окуучуларынын тил билүү деңгээли ар түрдүү экендиги байкалды. Кыргыз, өзбек эли аралаш жайгашкан жерлерде окуучулардын адабий тилде сүйлөөсү мыкты, кебинде көркөм сөз каражаттардын колдонулушу, кырдаалга карай салыштырууларды колдонуусу эркин экендиги аныкталды. Ал эми өзбек эли жыш отурукташкан жерлерде окуучулардын кыргыз тилинде сүйлөөсү аксагандыгы, кыргыз кебин кураштыра албагандыгы, айрым тыбыштарды, сөздөргө мүчөлөрдү улоодо кыйынчылыктардын болуп жаткандыгы билинди. Андыктан, кыргыз адабияты

предметинин алдында окуучунун кырдаалга карай кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү да негизги талаптардын бири болуп саналат.

6. Кыргыз адабиятын өзбек адабияты жана башка предметтер менен интеграциялоо принциби. Соңку мезгилдерде маалымат технологияларынын окуучулар арасында көп колдонулушу, өзбек окуучусу гана эмес, дүйнө жүзүндөгү окуучулар маалыматтарды интернет түйүндөрүнөн алышы, китептин материалдарын көп окубашы билим берүү системасына залакасын тийгизүүдө. Демек, мындай учурда окуучулардын билим алуусун бир бүтүндүккө бириктирүү зарылдык болуп калды. Кыргыз адабияты предметин кыргыз, өзбек тили, адабияты, тарых, адеп, философия, география ж.б.у.с. предметтер менен байланышта окутуу сабактын эффективдүүлүгүн арттырат.

Бүгүнкү күндө инсанды ар тараптуу билимдүү кылууга жетиштирүү учурдун талабы болсо, ошол талапты натыйжалуу аткарууда интеграциялап окутуунун да өз орду бар. Анткени, орус жана боордош элдердин окумуштуулары, ошондой эле кыргыз педагогдору окутуудагы интеграциялоо сабактын мазмунун арттыруу менен инсанды көп маданиятуу болушуна өбөлгө түзөт деп белгилешет.

2.1.1. 5-класста Ч. Айтматовдун өмүрү-чыгармачылыгын окутуу

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабияты сабагы боюнча түзүлгөн окуу программаларында Ч. Айтматовдун чыгармаларын 5-11-класстарга окутуу боюнча сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн.

Окумуштуу С.Момуналиевдин 2012-жылы түзүлгөн окуу программасы боюнча сааттардын бөлүнүшү төмөнкүдөй [73]:

Таблица 2.1.1. – 2012-жылы өзбек мектептердин кыргыз адабияты программасына Ч. Айтматовдун чыгармаларынын сунушталышы

Класс	Сааты	Темалар
5- кл	3 с	«Атадан калган туяк»
6- кл	5 с	«Биринчи мугалим»

7- кл	4 с	«Эрте келген турналар»
8- кл	5 с	«Бетме – бет»
9- кл	3 с	«Фудзиямадагы кадыр түн»
10- кл	-	
11- кл	10 с	«Кылымга тете күн», «Кыямат», «Ак кеме»
Жалпы	30 с	8 чыгарма

Ал эми А. Муратов жана К. Акматовдор 2008-жылы түзгөн окуу программасы [72] боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

Таблица 2.1.2. – 2008-жылы өзбек мектептердин кыргыз адабияты программасына Ч. Айтматовдун чыгармаларынын сунушталышы

Класс	Чейрек	сааты	Темалар
5	2	3	«Маңкурт тууралуу баян»
5	4	3	«Атадан калган туяк»
6	1	2	«Чыпалак бала»
6	3	3	«Балалыгым»
6	4	4	«Бугу эне»
7	3	3	«Эрте келген турналар»
7	4	3	«Биринчи мугалим»
8	4	4	«Саманчынын жолу»
9	3	4	«Гүлсарат»
9	4	4	«Бетме – бет»
10	4	3	«Жамийла»
11	2	3	«Ак кеме»
	Жалпы	39 с	9 чыгарма

Жогоруда көрсөтүлгөн таблица боюнча С. Момуналиевдин окуу программасында жалпы чыгармаларды окутууга 30 саат бөлүнөт, ал эми А.Муратов жана К. Акматовдор түзгөн программада 9 чыгарма алынып, андан сырткары «Кылым карытар бир күн» романынан «Маңкурт тууралуу баян», «Ак кеме» повестинен «Бугу эне», «Чыпалак бала» жомоктору өз алдынча окутууга берилет.

Көрсөтүлгөн чыгармаларды 5-11-класстарга окутууда түзүүчүлөрдүн берген сааттары туура чыгар, бирок календардык планда өзбек тилдүү мектептерде жумасына адабият сабагына 1 саат гана берилет. Мына ошондуктан, шартка ылайык жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгына 1 саат, чыгарманы талдоого 1 саат алууга туура келет. Айрым түзүлгөн окуу программаларында жазуучунун өмүр баянына токтолбой, жөн эле маалыматтык справка берсе болот деп айтылат [73], бирок, «…жазуучунун өмүр баяны анын чыгармачылыгын үйрөнгөн сыяктуу эле билим берүүчүлүк жана тарбиялык максатта, б. а. адабий-педагогикалык жана дидактикалык мүнөздө үйрөнүүгө баш ийдирилиши керек. Анткени, жазуучунун өмүр-баяны – анын чыгармачылыгынын, чыгармачылыгы анын өмүр баянынын жыйынтыгы» [21:23].

Жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгын окутуу менен кийинки сабакта өтүлчү чыгармага кызыгуу туудуруу, ал чыгарманын канчалык деңгээлде жазуучунун өмүрүнө тиешеси бар экендигин окуучуларга жеткирүү, түшүндүрүү мугалимден чоң түйшүктү, чыгармачылыкты талап кылат. Айта кетчү жагдай, жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгы ар бир класстын жаш өзгөчөлүгүнө карай окутулат.

Киришүү сабагында мугалим жазуучунун өмүр-тажрыйбасына кызыгуу туудуруу үчүн ал жазуучунун канчалык деңгээлде окурмандарга таанымал экендигинен баштаса болот. Анткени Ч. Айтматов – дүйнөлүк жазуучу. Анын чыгармалары көп тилдерге которулган. Мындан жыйынтык чыгарсак, өзбек мектептердин өзбек адабияты сабагында балдар улуу жазуучу менен тааныш, анын өмүрү-чыгармачылыгынан кабардар. Ошентсе да, кыргыз адабиятынын

классиги Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын окутууда эмнеден баштоо керек? Б.Алымов «…Ч. Айтматовдун өмүрү-чыгармачылык жолунан кабар берүүдө мугалим эске алчу бир нерсе бар. Айтматов өзүнүн чыгармаларында балдар менен өспүрүмдөрдүн өзүнчө бир чоң дүйнөсүн түздү. «Жамийладагы» Сейит, «Ботокөздөгү» Кемел, «Ак Кемедеги» Бала, «Эрте келген турналардагы» Султанмурат, «Көздөн учкан көк жээктеги» Кириск. - Кичинелердин чоң дүйнөсү жөнүндө Айтматов ачкан балдар мүнөздөрү ушулар», - дейт [15:23].

Класс улам жогорулаган сайын жазуучунун өмүр-жолунан кабар берүү улам татаалданат, программа идеялык-эстетикалык принципте түзүлгөндүктөн, ар бир класста жазуучунун ар кандай тематикадагы, ар түрдүү жанрдагы, ар башка проблемадагы чыгармалары сунуш кылынган. Ошондуктан, балдар бир эле жазуучунун чыгармасын ар бир класста ар башка окушат. Демек, буга ылайык 4-5-класстарга караганда 6-7- класстардагы акын, жазуучулардын өмүр жолун окутуунун өзгөчөлүгү болууга тийиш.

Азыркы учурда кыргыз тили, адабияты мугалимдерине көркөм адабияттардын жетишпестиги, чыгарманын толук сюжети менен таанышпыгынын жоктугу окуучулардын материалды өздөштүрүүгө өз кедергисин тийгизет. Ошондуктан, мугалимдерге окуу-усулдук колдонмолордун, дидактикалык каражаттардын көбүрөөк болушу окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчүн жогорулатат.

Биз бул иште улуу жазуучунун өмүр-тажрыйбасын 5-7-класстарга окутуунун жолун карап чыкканга аракет жасадык.

5-класста эки программада тең Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» чыгармасы бар. Мына ошол чыгармадан мурун жазуучунун өмүр жолу менен таанышторууга туура келет. Китепте жазуучунун (түз. С. Момуналиев) өмүр жолунан кыскача кабар берилет. Китептеги маалыматка чейин мугалим аңгемелешүү ыкмасы менен окуучулардын кызыгуусун ойготуп, берейин деген керектүү маалыматтарды, көрсөтмө куралдарды ыктуу пайдалана билүүсү шарт. Сабактын жабдылышы бир гана сүрөттөр эмес, жазуучунун китептери (кайсыл тилде экендигине карабай), ал жөнүндө жазылган макалалар, китептер,

кинолордун топтому болушу мүмкүн. Сабактын киришүү этабы окуучуну окулуучу чыгармага кызыгууга, анын ичине сүңгүп кирүүгө даярдайт. Демек, киришүү сабагынын элементардуу комментарийлери окуучуга бүтүн бир чыгарманы түшүнүүгө негиз болуп берет [15:105].

Доскага Ч. Айтматовдун сүрөтүн илип, сүрөттөгү кишинин ким экендигин, кайсыл жерде төрөлгөндүгүн, анын кандай чыгармаларын, ал чыгармаларга тиешелүү кандай кинолорду көргөндүгүн сураса болот. Балдардын билген маалыматтары улам доскага жазылып, толукталууга тийиш, себеби окуучулардын билген маалыматы канчалык туура экендиги мугалим тарабынан көзөмөлгө алынат.

Окуучулардан жыйналган маалыматтан кийин гана мугалим окуучулардын жан-дүйнөсүнө жакын маалыматтарды бере билиши керек. Ал маалыматты жазуучунун өмүр жолун чагылдырган «Балалыгым» чыгармасынан үзүндү алып, окуйбуз.

«Балалыгымдын башталыш курагын чоң энем Айымкандын жаркын элеси менен энчилеш эстейм. Ал киши башкача бир инсандык касиеттерге ээ болуу менен айылдагы зоболосу зор, акыл-парасаты тунук, кудай өзү ыроологон тубаса билимдүү адам эле. Атам да андан көп нерсени үйрөнүптүр жана дайыма ошондой энеси бар үчүн сыймыктанып турчу. Чоң энемдин башынан ак элечеги түшчү эмес. Биздин калк каадасына караганда мындай элечекти бир үйдүн нарктуу-салттуу байбичеси гана кие турган.

... Кат-сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акыл-эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү» [8: 404, 405].

Жогорудагы текстте жазуучунун чыгармачылык башатына чыйыр ачкан чоң энеси жөнүндө айтылды. Тексттин жалпы мазмунун мугалим окуучуларга кылдаттык менен түшүндүрүүсү абзел. Анткени, «тематикалык тексттин көлөмү, мазмуну окуучуларга жеткиликтүү болуп, пайдаланууга ийкемдүү жана өз көз карашына дал келгендей болуп, андан ары логикалык ой

жүгүртүүсүнүн өсүп-өнүгүшүнө түрткү бергендей болушу керек. Андагы кыймыл-аракеттер, процесстер да так элестелип, түшүнүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, шыгын жаратууга багыт берүүсү абзел» [133:71].

Андан кийин, тексттин кептик, проблемалык, теориялык маселелерди сунуштоо, салыштыруу, катар коюу мүнөзүндөгү тапшырмаларды берүү, аларды кошумча дидактикалык тапшырма менен жабдуу жакшы натыйжаларды берет.

Текст мугалим тарабынан окулуп бүткөндөн кийин окуучуларга суроолор берилет. Ал суроолор жөнөкөйдөн татаалга карай берилип, чечмелениши кажет. Мисалга суроолордун болжолдуу түрмөгүн көрөлү:

1. Силерге чоң энеңер жомокторду айтып береби?
2. Чоң энеңерди кандай көрөсүңөр?
3. Жомокту көбүнчө кайсыл учурда айтып берет?
4. Үйдө чоң энеңердин орду кандай?
5. Ч. Айтматовдун да балалыгы ким менен байланышкан экен?
6. Анын чоң энеси кандай байбиче экен?
7. Ким андан көп нерсени үйрөнүптүр?
8. Чоң эне башына дайыма эмне кийип жүрчү жана андай баш кийимди кимдер кийишчү экен?
9. Ч. Айтматовдун чоң энеси кат-сабаты ачылганбы?
10. Ал эмнелерди көп билчү экен?

Берилген суроолор тексттин мазмунун түшүнүү үчүн берилди. Жооптор алынган соң, тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү окуучулар менен бирдикте чечмелейбиз. Мугалим тексттеги сөздөрдүн баарын түшүндүрүп койсо болот, бирок, окуучулар ал сөздөрдү өз эне тилинде колдонбосо да, маанисин түшүнүшү мүмкүн. Мисалга: «Балалыгымдын башталыш курагы» – кичинекей мезгил, «зоболосу зор» – мартабасы бийик, кадыр-баркы чоң ж.б.у.с.

Ч. Айтматовдун чоң энеси жөнүндөгү маалыматты берип, сөздөрдүн маанисин талкуулап чечмелегенден кийин, кайра эле жазуучунун балалык учурундагы урунттуу мезгилинен окуп беребиз.

«…Кыргыздар жайында улуу тоолорго боз үйлөрүн тигишет. Күз келери менен журттарын таштап, кайрадан кыштоого көчүшөт. Албетте, ашуу жабылып кала электе жакага үлгүрүү ылаазым. Кокус кыш эрте түшүп калса, кар жаап, жайлоодогулар кар көчкү алдында калып калуу коркунучуна кабылат. Мындай кар көчкүлөр адамдарды гана эмес үйүр-үйүр карышкырларды да карап олтурбайт, басып калат да, алардын баары кар көчкү алдында өмүрүн тамам кылат. Андыктан да, жайлоодогу шарылдап аккан дарыянын суусунун четиндеги муз каймактаганда дароо көчүп кетүү шарт. Бир ирет мен да чоң энем менен көчкө кошулдум. Айымкан чоң энем мени бир тайга мингизип койгон. Мен эч качан ошол тайды эсимен чыгара албайм. Беш-алты жашар баланын өзү жалгыз атка минип жүргөнү кызыктуу да?.. Ооп калбасын деген го, ээринин эки жагына жыгачтан таянгыч коюшкан экен. Чоң кишилер отурган ээрлерге салыштырып караганда, балдар үчүн атайын жасалган мындай ээрлер айрымач деп аталып, шаарлык балдардын отургучтарына окшошуп кетет. Менин өзүмө ыйгарылган атайын атым, анан ээрим бар үчүн аябай сыймыктанып, териме батпай толуп-ташып турам. Көч менен кошо атымды алкынтып, оюн салдырып дегдеңдеп жөнөйм. Ырысымбы, айтор мен минген тайым аябай эле жоош болучу. Чоң энем менен туугандарыбыздын жанында көч коштоп ат бастырар элем. Үйүр жылкылар менен короо- короо койлорду айдачубуз. Төө үстүндөгү жүк ары-бери чайпалып, биз соңуркаткан керемет жайлоого жөнөчүбүз [8:404,405].

Бул текстте автор керемет жайлоону, энчиленген тайы жөнүндө айтат. Беш-алты жашар баланын тай миниши, отургучтун атайын жасалышы анын эч качан эсинен чыкпайт. Көч менен кетип баратканда атын алкынтып, оюн салдырып жөнөгөндүгүн тамшануу менен билдирет.

Окуучуларга бул эпизодду түшүндүрүүдө кыргыз жеринин керемети-анын жаратылышын сүрөттөрдөн, картиналардан көрсөтүү алардын элестөө жөндөмдүүлүгүн арттырат, жазуучунун балалыгын кызыгуу менен элестетишет. Ошондой эле, бул текстте окуучуларга терс маанай туудурган

бөлүк бар, ал көчкүнүн жүрүшү. Балдарга жаратылыштын кубулуштарынын оор учурлары кезигээрин айтып, андан сактануунун жолдорун кыргыздар эбак таап, кайсыл учурда конуп, кайсыл учурда көчүп кетүү керек экендигин билишкендигин маалымат катары берүү керек.

Ч. Айтматовдун чыгармалары 5-класстан тартып, 11-класска чейин окутулат. Азыркы мектеп программасынын койгон талабына ылайык мектеп окуучулары Ч. Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы жана конкреттүү чыгармаларын окуп-үйрөнүүдө жеке эле өмүр жолу, чыгармалары менен таанышпастан, алар аркылуу, алар менен бирдикте, алар менен тыгыз карым-катышта көркөм чыгарма жөнүндө, адабият теориясы тууралуу, эмгек, чыгармачылык, изденүү, анын үзүрү деген эмне, Мекенди сүйүү, эне тилди урматтоо, адеп-ахлак, ата салтын сыйлоо, өз тарыхын, маданиятын билүү, элге, коомго, Мекенине пайдалуу эмгек кылуу, табигат менен тыгыз мамиледе болуу, интернационалдык достук сыяктуу өтө маанилүү адамзаттык нарк-насилге, сапат-касиетке да эгедер болуулары зарыл [21:23].

Жогорудагы текст сыяктуу эле жазуучунун өмүрүнөн берилген ар бир эпизодду суроо-жооп иретинде бышыктап, сөздөрдүн түз жана өтмө маанилерин чечмелеп, боектуу сөздөрдүн колдонулушун талдап, сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүндө жазуу ишине өтсө болот.

Жазуучунун өмүр жолу канчалык деңгээлде бардык окуучуларга түшүнүктүү болгондугу алардын жазуу ишинен билинет. Жазуу иши үй тапшырмасы катары да берилсе оң натыйжаларды берет.

Эскерте кетчү дагы бир маселе, бул сабакта жазуучунун балалыгы гана берилип калды деген ой болушу мүмкүн. Бирок, жалпы кыскача маалымат китепте берилет, ошондуктан сабакта балдар анын кандай чыгармалары бар, кайсыл жерде, качан төрөлгөндүгү жөнүндө маалыматты ала алышат.

2.1.2. 5-класста Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» чыгармасын окутуу

Өзбек тилдүү мектептердин 5-классынын кыргыз адабияты сабагында «Атадан калган туяк» чыгармасын өтүүгө жалпы 3 саат берилет (окумуштуулар С. Момуналиевдин да, А. Муратов, К. Акматовдун программалары боюнча бул чыгармаларга сааттардын бөлүнүшү дээрлик окшош).

«Атадан калган туяк» жазуучу Ч. Айтматов тарабынан атайын балдарга ылайыкталып, балдарга арналып, алардын кабыл алуусу, кызыгуусу эске алынып, бир топ повесттерди жаратып, дүйнөлүк атак-даңк алып калган соң жазылган чыгарма [2:72].

Бул чыгарманы өтүүдө А. Муратов «Аңгемени көркүү окуудан баштап, Авалбектин киного келгендеги кубанычын ачып берүүдө интонацияны жогорулатып, баланын эч нерседен капары жок романтикалуу дүйнөсүн, анын өмүрүндөгү сейрек болуучу «өпкөсү жарылып кете жаздоочу» абалын-кинонун келишине карата кубанычын өтө көтөрүңкү үн менен окуучуларга жеткирүү зарыл», - дейт [105:35].

Чынында эле, көркөм окуу аркылуу окуучулардын жан-дүйнөсүнө кирүү жана муну менен чыгарманы ар тараптуу түшүндүрүү мугалимдин чеберчилиги. Анткени, кыраат (көркөм) окуу «…биринчиден, орто мектептерге гана тиешелүү болуп, таалим-тарбия берүү формасы эсептелген сабак процесси менен ажырагыс байланышат да, бир сааттык сабакта чыгарманын мазмунун жана көркөм кооздугун үйрөнүү методу катары катары колдонулат; экинчиден, адабиятты мектепте үйрөнүү аныкталган программанын негизинде жүргүзүлүү аркылуу окуучулардын чыгарманы терең өздөштүрүүлөрүн, оозеки жана жазма кебин өстүрүүнү, көркөм жана эстетикалык табиттерин өркүндөтүүнү көзгө тутат; үчүнчүдөн, мугалим бир куралтагы окуучулар менен иш алып барат; төртүнчүдөн, кыраат окуу сабактын түрдүү этаптарында колдонулат да окулган чыгарманы түшүнүүнү гана көзгө тутуу менен аны андан ары талдоого даярдайт…» [99:123].

Өзбек тилдүү мектептин окуучулары кыргыз адабий тилинин бардык эле сөздөрүн түшүнө бербегендиктен, көркөм окуу тыныгуу, жай интонация менен окулуп, ар бир маанiге ээ болгон деталдарга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Мисалы, чыгарма мындай башталат:

«Өз атасын ал биринчи жолу кинодон көрдү. Анда беш-алты жашар эселек чагы.

Бул окуя тээ кыштактын сыртында агарып турган чоң кашарда жүн кыркууда болгон иш. Совхоздун жүн кыркымы жылыга ушул жерде өткөрүлүүчү. Камыш менен жабылган төбөсү кийин шиферге алмаштырылганы болбосо, чоң кашар азыр да ордунда, адырдан түшө берген этекте, жол боюнда турат.

Мында ал энесин ээрчип ыйлаар эле. Энеси, Жээнгүл, совхоздогу почта бөлүмүнүн телефонисткасы, ар жылы жай башталары менен кыркынчы болуп иштей турган. Ага кошумча кош айдоо, туут маалында «Алло эле! Алло» - деп, алоолоп туш-туштан шашылыш кабарларды, буйруктарды кабыл алып иштеп жүрчү...

Ал эми Авалбек үчүн бул мезгил чексиз эркиндиктин доору. Мындай жыргалды ким көрсүн! «Кой-ай» деген киши жок, күн жылуу, адырдан короо – короо кой биринин артынан бири айдалып, «Ай бала! Кайры! Тос!» - дешсе, шилтеген жакка тызылдата жүгүрөт. Араба, машина бири келип, бири кетип, ыгы келгенде араба артына жармаша да калып, айтор, бака- шака дүйнөнүн кызыгына батып, керели-кечке өзүнө окшоп ээрчий келген балдар менен карала-торала болуп ойногону ойногон.

Мына ушундай күндөрдүн биринде чоң кашарга көчмө кинонун машинасы келип калса болобу. Аны элден мурун эле Авалбек көрүп, өпкөсү жарылып кете жаздап:

- Кино келди! Тигинекей кино келди! – деп, балдардан мурун озунуп, кыркынчыларга кабар салды.

Кино жумуштан кийин башталды. Ал согуш жөнүндө экен [93:129].

Чыгармадагы бул үзүндүдө Авалбектин балалык чагы менен кошо айылдагы жалпы элдин ошол учурдагы жашоо-шарты сүрөттөлөт. Жээнгүлдүн иштегени, совхоздун кыркымы, кош айдоо, туут маалы, машиналардын кыймылы. Мына ушул жашоонун шар айлампасында кичинекей баланын айланганын, аны менен айылдын турмушу байланып, чыгарманын өзөгүн курууч кинонун келиши окуянын татаалданып баратканын билдирет. Авалбектин «бака-шака дүйнөнүн кызыгына батып», «карала-торала» болуп ойногонун кинонун келиши бузду.

Өзбек тилдүү окуучуларга айылдагы турмушту кеңири сүрөттөп, ошол убактагы жана азыркы учурдагы беш-алты жашар балдардын психологиялык абалын түшүндүрүү кажет. Тынчтык замандагы баланын абалы, согуш мезгилиндеги баланын абалы кандай болушу мүмкүн же балдар балалык дүйнөсү менен согуштун каарын сезишпейби? Анткени, чыгармада «ойногону-ойногон» деп сүрөттөлөт эмеспи.

Чыгарманын бул бөлүгүнөн кийин кино башталып, *«Экрандагы салгылашуу улана берди. Бул сапар танкаларга ок атар замбирекчилер чыкты. Сыягы, алар бир кармашуудан экинчи кармашууга жер ооштуруп жүргөн болуу керек. Замбиректин оозунан түтүнү кете элек, өздөрүн көрсөң, сүрүнөн айбыгасың.*

...Замбирекчилер жети-сегиз адам экен. Арасында кебете-ирең кыргызга окшогон бирөө, экранда улам көрсөтүлүп көзгө жылуу учурайт. Мындай ишти өзү капарына да албас беле... кандай десе болот... Энеси. Баарын энеси кылды.

- Тигиногу сенин атаң, - деп койду ал бир убакта, баланын кулагына шыбырап. Ушундан баштап жанагы замбирекчи Авалбектин атасына айланды да калды [93:131].

Бул бөлүктө экрандагы согуштун жүрүп жаткандыгын, танкаларга ок атар замбирекчилер чыккандыгы жөнүндө айтылат. Алардын «от кечип, снаряддарды аралап» өз Мекенин коргоо патриоттулугуна окуучуларды тарбиялоо максатын мугалим ушул эпизодду окуу менен түшүндүрсө болот.

Кийинки абзацта кыргызга окшогон бирөө *«көзгө жылуу учурагандыгын»*, бирок бала аны эч качан атам деп ойлобостугу, энеси гана аны ушул ойго түрткөндүгү чыгармадагы идеянын башталышын билдирет. Окуучулардын сезимине Жээнгүлдүн *«Тигине сенин атаң»* деп баланын кулагына шыбырашы, баланын жүрөгүн уйгу-туйгу кылгандыгын, мугалимдин көркөм окуусу аркылуу жетүү керек. Анткени, окуучулар, чыгарманы балалык сезими менен түшүнүшөт. Энесинин ошол учурдагы абалы кандай эле? Эмне үчүн ал балага кинодогу актерду *«атаң»* деп тааныштырды? Аны мындай деп айтууга эмне түрткү берди? Бул суроолорго мугалим кылдаттуулук менен жооп берүүсү оң, себеби бул чыгарманы бала кандай сезим менен кабыл алса, ал чоңойгондо да ошол бойдон калат.

Чыгарма андан ары чиелене баштайт. Авалбек кинодогу актерду атам деп чын көңүлдөн ишенди. Атасынын турган турпатынын баарына көңүл бөлдү. Бул бөлүктү окуп, бышыктаганда Авалбектин атасынын портретин окуучуларга түздүрүү оң натыйжаларды берет. Мисалы, «Авалбектин атасы кандай эле?» деген суроого алар төмөнкүдөй жоопторду бериши мүмкүн.

- Жапжаш
- Тыгырчыгынан келген
- Тоголок жүздүү
- Көздөрү курч
- Беттери кир
- Ачуулу кабак- кашы
- Кашкайган тиштери
- Темир каскачан
- Погондору бар
- Мышыктай чапчаң.

Адамдын портретин түзүүдө 5-класстын окуучусу башка сөздөрдү да айтышы мүмкүн. Бирок, мугалим бул сүрөттөө кайсыл учурду, кандай аракеттерди аткарып жаткандагы көрүнүш экендигин да эске салып, ар бир

сөздүн маанисин чечмелесе болот. «Кашкайган тиштери», «Мышыктай чапчаң» ж.б.у сыяктуу салыштырууларды башка улуттун өкүлдөрүнө астейдил түшүндүрүү кажет.

Баланын өз атасы менен сыймыктануусу, апасынан кайрадан сурашы, мугалимдин көркөм окуусу аркылуу окуучулардын сезимине жетүү зарыл. Көркөм окуп жатканда эне-баланын ички сезимин берүү – мугалим үчүн чеберчилик. Эгерде бул диалог жөн гана пафосто окула турган болсо, анда чыгармадагы баланын ишениминин чыгармадагы берилиши ачылбай калат.

«- *Ии ошол. Жөн отурчу деги, кишилер урушат»* - дейилет эне-баланын сүйлөшүүсүндө.

...Ошол замат сүйүнүп, ошол замат жүрөгү дүкүлдөп, ошол замат атага деген мээрими делебесин козгоду. Жоокер атасы менен кайсыл уул мактанбасын «Мына менин атам!» - деп көңүлүндө мактана берди. Мына, ата деген ушул! Атасы жок жалгыз деп кордогон балдар эми көрүп алсын! Эми алар тийип гана көрсүн! [93:131]

Бул баланын монологу. Апасынын жообунан кийин анын эркөөсү. Бул эркөө атасын такыр көрбөгөн наристенин жүрөгүндө болуп жатты. Баланын ошол учурдагы абалы менен окуучуларды тааныштырууда монологду кайра-кайра окуу менен аларды да мугалимди туурап окутуу керек. Анткени, мындай сыймыктанууну, сүйүнүчтү, атага деген эркөөнүн маанисин окуучулар дилдеринен сезиши зарыл. Алар менен аңгемелешип, «Силер да Авалбектин ордунда болсоңор сыймыктанар белеңер?», «Силер да кинодогу бирөөнү атаң десе ишенер белеңер?» у. с. суроолор менен кайрылып, Авалбек менен алардын жообун салыштырса болот.

Ошентип, киноаппарат чыртылдап, согуштун кандуу күндөрүн көрсөтүп жатты. «Атышуу кызыды. Өз кыялында Авалбек атасы менен кошо өрт жалынды аралап, салгылашууда жүргөнсүп жатты» [93:132]. Авалбектин ошондогу абалы окуучуларга кандай таасир этет? *«...энесинин алдында отурган бала кубанганынан тыбырчылап, туйлап жатты»* [93:132]. Бул

психологиялык абал сөзсүз түрдө окуучулардын көз алдына элестетилиши керек.

«…Авалбектин атасы замбирекке жулуна жетип, өзү дүрмөттөп, өзү мээлеп, өзү атты. Бул анын акыркы атышы болду. Жана да келип тийген снаряд, замбиректи талкалап жайлады» [93:133].

Автор чыгармада бир эле эне-баланын толгонуусун берген жок, ал көрүп олтурган элдин да толгонуусун бере алды. Демек, чыгармадагы кино көрүп олтургандардын абалы да эске алынышы шарт.

Киноаппарат токтоп, кино да аягына чыкты, согуш да үзүлдү. Бирок элдин тынчтыгын Авалбектин сүйүнүчтүү кыйкырыгы жарды. Ал кинодо өлгөн атасы менен сыймыктанып жатты. Бирок мектепте окуган балдардын бири чындыкты, анын атасы эмес экендигин айтты. Ошентсе да, Авалбек кебелген жок *«Жок, ал менин атам болчу, менин атам! – дей берди ызага туталанган Авалбек»* [93:134].

Мугалим бул эпизоддорду түшүндүрүүдө элдин толгонуусун, Авалбектин, апасынын сезимин салыштырып, түшүндүрүш керек. Жээнгүл кинону көрүп жатканда кандай абалда болду? Авалбектин абалычы? Окуучуларга Авалбектин кино башталганга чейинки, кино учурундагы жана кино бүткөндөн кийинки абалын салыштырып, атанын бала үчүн кандай орду бар экендигин сездирүүсү шарт. Анткени, чыгарманын темасы мына ушул жерде ачылып жатпайбы… Ал атанын уулу экендигин сезип жатпайбы.

Ошондой эле, бул чыгарманы толук өздөштүрүүдө аңгеменин негизинде тартылган А. Мисюревдин «Кино келди», «Баланын атасы жөнүндөгү экран жанындагы аңгемеси» деген сүрөттөрүн көрсөтүп, аны анализдөөнүн чоң мааниси бар. Ыгы келсе, аңгеме боюнча Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында инсценировкаланган «Солдаттын уулу» (сценарийи – Б.Карагуловдуку, режиссеру жана алып баруучу – Т. Уралиев, башкы ролдо – И. Райымкулова) деген чыгарманы угуп, көрүп талдоо жүргүзүүгө мүмкүн. Эгер окуучулар көргөн болсо аңгеменин негизинде тартылган («Кыргызтелефильм» студиясы, сценарийи – Э. Борбиевдики, режиссеру –

Э.Уразбаев, башкы ролдордо Ш. Сагынбаев, Т. Турсунбаева, К. Жусубалиев) кыска метраждуу телефильмди да пайдаланууга болот [102:294].

Чыгарма менен мындай «таанышуу, биринчиден, чыгарманы дагы тереңирээк түшүнүүгө; экинчиден, көрүү сезимдери аркылуу окуяны кабылдоого; үчүнчүдөн, эсинде көпкө сактоого; төртүнчүдөн, киноэпизоддор менен чыгарманын текстин салыштырып талдоого мүмкүнчүлүк алат» [2:76].

Чыгарманы бир гана окуу менен эмес, окуучулардын жан-дүйнөсүнө образдын мыкты сапаттарын киргизүү менен сабакты өз деңгээлине жеткизишибиз зарыл. Бул чыгарманы окутууда дагы бир эң эффективдүү ыкмалардын бири – сабак-сахна экендигин окумуштуу Э. Абдырасулова илимий-изилдөө ишинде белгилейт: «…Сценканы көрсөтүү ыкмасы менен мугалим жана окуучу ишмердүүлүгүнүн технологиясы сахна-сабакты ишке ашыруу менен биринчиден, материалды терең өздөштүрүү үчүн шарт түзүлөт; экинчиден окуя-кырдаалдын эмоционалдуулугу күчөйт; үчүнчүдөн, чыгармадагы сүрөттөлүп жаткан көрүнүшкө өздөрү аралашат; төртүнчүдөн, баланын жана эненин психологиялык абалын тереңирээк сезет; бешинчиден, согуштун алып келген кесепетин бир кыйла ичкериден туюп түшүнөт»[2:76].

Чыгармадагы тилдик каражаттардын көркөмдүүлүгүн талдап, айрым түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин ачып, залкар жазуучубуздун согуш мезгилиндеги баланын абалы менен миңдеген балдардын абалын бергендигин өзбек окуучуларга жеткире түшүндүрө алсак, сабагыбыздын максаты өз деңгээлине жетти деп эсептесек болот.

2.1.3. 6-класста Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасын окутуу

Адабият мугалими өз предмети аркылуу окуучулардын ыймандык сапатын өнүктүрүп, коомдук таанып-билүүсүн жогорулатып, сезимин калыптоого тийиш. Балдар бул сабактан өздөрүнө үлгү боло турган адамдарды табат, рухий дүйнөлөрүн байытат, бул эң негизги милдеттер – сабакта көркөм чыгарманы интерпретациялоо аркылуу ишке ашат.

Окутуу процессинде көркөм текстти интерпретациялоо – бул салтуу сабактардын көнүмүш ыкмаларын кайталоодон оолактап, сабак-лекция, сабак-семинар, сабак-конференция, жомок-сабак, сабак-инсценировка, диспут-сабак сыяктуу сабактын жаңы формаларын адабият сабагынын искусствосунун жана илимдин башка түрлөрү менен байланынышын, окуучулардын ар кандай чыгармачылыгын өстүрүүнү, чыгарманын жалпы мазмунуна карата алардын ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүнү талап кылат.

С. Момуналиевдин авторлугунда түзүлгөн «Кыргыз адабиятынын программасында» [73] 6-класска Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасына 3 саат берилет.

Албетте, китепте берилген чыгарманын үзүндүсүнө кеминде 4 же 5 саат берилиши керек, бирок кыска мөөнөт ичинде чыгарманы окуучунун жүрөгүнө жеткирүү мугалимден чоң чеберчиликти талап кылат. Чыгарманын үзүндүсүндө Дүйшөндүн, Алтынайдын, анын жеңесинин, Алтынайды алып качкан эски салттын зөөкүрлөрүнүн образдары берилет.

Чыгарманы мугалим менен бирдикте талкуулап, мазмунун түшүнгөндөн кийин, образдарды талдоо аркылуу анын тарбиялык пафосун ачуу чыгарманы андан да терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Мисалы, «Дүйшөн ким?» - деп суроо берип, анын ошол мезгилдеги каармандыгын, Алтынайдын алдында эбегейсиз эмгек жасап, анын адам болушуна чоң салым кошкондугун белгилешибиз керек. Бирок, жаңы замандан түшүнүгү жок элди түшүндүрүү, мектепке балдарды тартуу канчалык кыйын экендигин, аны көрүнгөн эле адам кыла бербестигин окуучу сезе билиши абзел.

Анда Дүйшөндүн портретин, анын иш-аракеттерин окуучулар менен бирдикте санап, доскада таблицаны толтурабыз.

Таблица 2.1.3. – Дүйшөндүн образын ачууда колдонулган таблица

Дүйшөн ким?
Таштанбектин баласы, балдарды окуткан мугалим, кубакай, аскер шинель кийген, кичипейил, бажырайган, күжүрмөн,

комсомол
Ал кандай иш-аракеттерди аткарды?
Мектеп ачты, балдарды мектепке жыйнады, мектепти балдар окуганга ыңгайлаштырды, окутууга каршы чыккан адамдар менен күрөштү, Алтынайды алып качкан зөөкүрлөрдөн куткарды, аны окууга жөнөттү, Алтынай менен бирдикте теректерди эгишти.

Бул жооптор окуучулардан алынды. Эми аны мугалим төмөнкү суроолорго жооп алуу менен таблицаны дагы толуктоо зарыл.

1. Эмне үчүн Дүйшөн калың элдин сабаттуулугун ачайын деди?
2. Эмнеге ал элден жашы чоң адамдарды жыйнабастан, жаш балдарды жыйнады?
3. Алтынайды жеңеси жемелеп, урушуп каргаганда кетип калса болот беле?
4. Эмне үчүн ал эч нерседен коркпостон, ошондой оор ишке белсенди? Анын ошол учурдагы аракети туурабы же жокбу?
5. Дүйшөн азыркы мугалимдердей сабаттуу беле?
6. Ал сабакты эмнеден баштады?
7. Ал теректерди эмнеге, кандай тилек менен экти?

Ушул сыяктуу суроолор окуучулардын билимин тереңдетет жана окуучу толук биле албаган жерде мугалим толуктайт. Мисалга, «Дүйшөн азыркы мугалимдердей сабаттуу беле?» деген суроого төмөнкү эпизод менен жооп беребиз: «Дүйшөн мугалим болуп жүрүп, билимим аз деп өкүнөр эле. Анысы ырас. Бирок кээ бир азыркы жогорку билимдүү, маданияттуу мугалимдер Дүйшөн сыяктуу өз кесибин сүйүп, жүрөк жалыны менен берилсе болор эле. Анткени, мугалим деген талмудист эмес, ал кайсы доордо болбосун, дайым - революциялык тарбиячы, антпесе, анын коомго берген пайдасы кем болот» [94:129].

Демек, Дүйшөн жогорку деңгээлде билимдүү болбосо да, ал өз кесибин чын дилден сүйө билген. Өзү эмнени билсе окуучуларга аны үйрөтө алган. Алтынайдын академик болушуна, адам болушуна чоң салым кошо алды.

Чыгармада дагы негизги каармандардын бири – Алтынай. Окуучулар Алтынайдын окуганга чейинки запкысын, азабын сезе билиши керек. Ата-энесинин жоктугу, жеңесинин колунда жеме угуп чоңойгону, ошентсе да окууга аракет кылып, миң кайталап демекчи билим алууга тырышканы – окуучуга Айтматовдун керээзи да, тарбиясы да.

Адабият сабагын окутууда көптөгөн окумуштуулар ролдоштуруп окутууну сунуш кылышат. Ролдоштуруу аркылуу окуучулар каармандын ролуна түшө алышат жана окуянын жүрүшүн дал өзүндөй сезим менен сезе албаса да, «…окуяга сүңгүп кирип, кейипкерди туурап, машыгып, өзүнүн чыгармачылык жөндөмдөрүн көрсөтүшөт» [26:40].

Ролдоштуруунун текстин мугалим бышыктоо сабагына даярдап келип, окуучуларды аткартса, убакыт үнөмдөлүп, жакшы жыйынтыктарды берет. Ролдоштуруу убактысы мугалим тарабынан көзөмөлдөнүп, чыгарманын башка бир деталдарын түшүнүүгө кедергисин тийгизбөөсүн эске алуу шарт. Окуу китебинде жок айрым үзүндүлөрдү мисал катары сунуштап көрөлү:

1-көрүнүш.

Дүйшөн мектепте иштеп жатат, колунда кетмен. Алтынай кыздар менен келет. Колдорунда кап.

Дүйшөн: Ии, келгиле кыздар, келгиле, тезектен келе жатасыңарбы?

(Кыздар уялгандай жер карап калышат)

Дүйшөн: Келгениңер жакшы болбодубу, кыздар! Мына мектебиңер даяр десек да болот. Азыр эле бир бурчуна меш өңдүү бир нерсе куруп бүттүм. Көрдүңөрбү, мору да үстүнө чыгып турат. Эми кыштык отунубузду тамдын бир жагына жыйып салабыз да, жерге самандан калыңыраак төшөп салып, окууну баштай беребиз. Кандай мектепке келесиңерби, окугуңар келеби?

Алтынай: Жеңем кое берсе келем.

Дүйшөн: Аа, дурус. Кое бербегенде кармап калат беле… Атың ким сенин?

Алтынай: Алтынай… (тик карабай, башын ылдый кылып сүйлөйт)

Дүйшөн: Алтынай… жакшы ат экен. Сен чоңоюп калган эстүү кыз экенсиң. Эмесе Алтынай, сен балдарды да мектепке окуйлу деп ээрчиткин, макулбу?

Алтынай: Макул, аке.

Дүйшөн: Мени ага деп жүргүлө. Мектептин ичин көргүңөр келеби? Кирип көргүлө кыздар, коркпогула.

Кыздар: Жок, биз кетебиз, кетебиз..

Дүйшөн: Мейлиңер эмесе, окууга чогуу келгенде көрөсүңөр, бара койгула. Мен күн баткыча отунга дагы бир сапар барып келе салайын [22:144].

2-3-көрүнүш.

Алтынай: Токтогула кыздар, кое тургула. Мектепке отун керек экен, тезегибизди тамдын түбүнө төгүп кетели, ичкери киргизип алсын.

1-кыз: Үйгө куру кол барабызбы анан, акылдуусун мунун!

Алтынай: Кайра барып, дагы терип келели

2-кыз: Койчу нары, күн кеч кирип баратат, апаларыбыз урушат

(Сахнадан кыздар чуркап чыгып кетишет. Алтынай тезекти төгүп, капты бош кылып чыгып кетет. Бош кап менен сахнадан чыгып кайрадан чыгат, экинчи жактан жеңеси чыгат. Жеңеси камыр кылып жаткан болот).

Жеңеси: Сен кайда жүрөсүң, ыя? *(колундагы капты жулуп алат)* Караңгы түнгө чейин сандалып, тергениң ушулбу? О, өлүкканаңды гана көрөйүн, шүмшүк, мектепте сенин эмнең бар экен?! Мектептен айланат бекенсиң! *(Алтынайды желкесинен нары койгулай баштайт)* Ит жетим, көк жетим, томояк! Бөрү баласы ит болбойт: элдин балдары үйүнө ташыса, сен үйдөн ташыйсың! Экинчи ошол жакка басып көр, шыйрагыңды ташка чагып, талпагыңды сыйрып, туз куям, мектепчилин мунун *(Алтынай үңүлдөп ыйлап олтурат)* [22:145].

Бирок, бардык эле методдор сыяктуу бул методдун да пайдалуу жана чектелүү жактары бар. Алар төмөнкүчө чечмелениши мүмкүн.

Методдун пайдалуу жактары:

• көрсөтүлгөн ролдорду ар кандай өңүттөн талдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт;

• көрсөтүүнүн натыйжаларын ар тараптан ачып берүүгө мүмкүнчүлүк ачылат;

• өз ара кызматташтык өкүм сүргөн билим берүү чөйрөсүндө окуучулар топ-топ болуп иштөө аркылуу алган билими менен аткарган тажрыйбаларын айкалыштырууга үйрөнүшөт;

• аткарган ролдор ар башка өңүттөн каралып, ар түрдүү пикирлер аркылуу сын-сыдыргыдан өткөрүлөт;

• окуучулардын жоопкерчилиги, маселе чечүү жана окуяга сүңгүп кирүү жөндөмдөрүн өркүндөтөт.

Методдун чектүү жактары:

• айрым окуучулар роль ойногондон ашкере уялышы мүмкүн;

• айрым окуучулар роль ойногондон коркушу мүмкүн;

• чоң тайпаларда колдонуу кыйла түйшүккө салышы мүмкүн [26:125].

Бул ыкмаларды мугалим сабак ичинде пайдаланганга караганда класстан тышкары сабактарда колдонсо алгылыктуу жыйынтыктарды берет десек жаңылышпайбыз.

Сабактын дагы бир максаты Алтынайдын Дүйшөнгө болгон ыраазычылыгын, алкышын окутуу менен окуучуларды устаттарды сыйлоого, жакшылыкты баалоого тарбиялоо. Мугалим мындай адепке тарбиялоочу бөлүктү өзгөчө сезим менен көркөм окуп берсе болот: *«Айылга жакындай бергенде, колхоздун жаңы салынган бак - даректуу көчөлөрүнө карап, биздин мектеп турчу дөбөгө көз жүгүрткөнүмдө, демим оозума тыгылып токтоду – шынаарлаган эки терек, жанаша кыналышып, дөбөдө чайпалып турушкан экен. Дайым ичимден «агай» - деп жүрчү кишини, биринчи жолу өз аты менен: «Дүйшөн!»- деп шыбырадым. «Ракмат, сага Дүйшөн, сенин бардык кылган*

жакшылыгыңа, мени унутпай жүргөнүңө ракмат! Жаным курман сага, мугалимим!» [94:127]

Мына, Алтынай академик болгон күндө да менменсинген жок, ал өз учурундагы устатына таазим этти. Ал жер ал үчүн ыйык, ал жердеги мектеп Алтынай үчүн сыйынаар жери, ал жазган катында *«...жаңы мектептин кадырлуу төрүндө мен эмес, сиз да эмес, башкалар да эмес – биринчи мугалимибиз Дүйшөн аксакал көрүш керек эле»,*-дейт. Бул сөздөр менен Алтынайдын ызасы да, таарынычы да берилген. Ушул таарынычты мугалим окуучуга жеткирүүдө Алтынайдын психологиялык абалын өзгөчө түшүндүрүшү зарыл. Алтынай менен Дүйшөн аркылуу автор Кыргызстандын алгачкы билимге умтулган жаштарын, билимге болгон күрөшүн көрсөтүп берди.

Бул чыгарманы андан ары анализдеп талдоо мугалимден чоң чеберчиликти талап кылат. Ар бир изденүү менен өтүлгөн чыгармачыл сабак башка улуттун өкүлдөрүнө өзгөчө таасир этип, анын тил байлыгына, көркөм тилдик каражаттарына болгон кызыгуусун күчөтүп, ошол элдин маданиятын тереңден таанууга көмөк түзөт.

2.2. Кыргыз адабиятын өзбек мектептеринде окутууда өзбек жана кыргыз адабияттарын интеграциялап үйрөтүүнүн жолдору, ыкмалары

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуу сөзсүз түрдө өзбек адабияты, кыргыз тили, тарых, адеп, табигый илимдер менен байланышта окулат. «Предмет аралык байланыш окутуунун илимийлүүлүгүн тереңдетет жана окуучулардын ар тараптуу ой жүгүртүүсүн өстүрөт», - дейт М.А.Зальдинер [44:244].

«Предмет аралык байланыш» деген термин советтик педагогикада кеңири кулач жайып, бул жаатта бир нече педагог-методисттер өз ойлорун билдиришкен жана окутуу ыкмаларынын негизги принциптерине кошушкан. Алсак, И.Бекбоев жана А.Алимбеков бул тууралуу мындай дешет: «Предмет аралык байланыш – бул окуу предметтеринин арасындагы обөективдүү

максатка ылайыкташкан мазмундук дал келүүчүлүк. Мындай өз ара байланыштарды окутуунун мазмунун, формаларын, методдорун жана ыкмаларын эске алуу зарыл.

Предметтер аралык байланыш мектеп программаларындагы жалпы мазмунду ажыратып берүүдө ачык көрүнөт. Мындай жалпы мазмундагы материал, биринчиден түшүнүктөр, фактылар жана закондор (законченемдүүлүктөр) түрүндө, экинчиден, билгичтиктер жана көндүмдөр түрүндө туюнтулат.

Ар бир окуу предметинин предметтер аралык байланышы, биринчиден предметти окуп үйрөнүүнүн максатына, экинчиден, предметтер аралык материалдын түрүнө, үчүнчүдөн, аны пайдалануунун убактысына көз каранды, ал бирдей билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууда пайдаланылат» [26:95,96]

Учурда жана буга чейин улуттук мектептерибизде предмет аралык байланышка негизделген сабактардын мындай бир формалары көп колдонулуп келет:

- материалга окшош же кайталаган билимдин мазмуну боюнча (адабиятты тарых, тил, орус адабияты, адеп сабактары менен байланыштыруу);
- көркөм сөз өнөрүндөгү чыгарманы анын искусствонун башка түрлөрүнө өткөн абалы менен салыштыруу (жазуучунун чыгармаларынын негизинде тартылган фильмдерди, живописти чыгармаларды, айкелдерди, бедиздерди, балеттерди, спектаклдерди ж.б. колдонуу менен);
- көркөм тексттин негизинде сүрөт тартуу;
- көркөм текстти сахналаштыруу.

Соңку учурда предмет аралык байланыш дегенден дагы кененирээк түшүнүк айтыла баштады, бул предметтерди интеграциялап окутуу [102:99,100].

Интеграция жана интеграциялык билим жөнүндө М.Тешебаев мындай деп жазат: «Интеграция бир нече предметтердин арасында болгон учурда да ар бир

предметтин өз алдынчалыктарын, ар биринин жеке ордун жокко чыгарбайт, кайра аларды байытат. Интеграция системалуу билим берүү, ал өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

интеграция-бүтүндүк;

интеграция-процесс;

интеграция-натыйжа.

Интеграция – билимдердин биримдигинин жана бирге өнүгүүсүнүн, балдарга бири-бирин толуктап туруусунун жалпы процесси. Предметтер аралык интеграция – бул билимдерди, ишенимдерди, практикалык аракеттерди бириктирүү. Интеграция – бул предметтерди айкалыштыруу, алардын тутумдашуу түйүндөрүн табуу жана ошонун оң натыйжасын көрүү» [134:13,14].

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын интеграциялап окутуу адабият предметин ар тараптуу ачууга, анын ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жол ачат. Анткени, адабият – өзү искусство. Кыргыз адабиятын өзбек мектептерде окутуу менен биз предметтин ичинде (внутрипредметный); предметтер аралык; же башка предметтер (межпредметный) интеграциялоону жүргүзө алабыз. Кыргыз адабиятын окуучуларга тааныштыруу менен өзбек адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармаларына токтолобуз. Окуянын жүрүшүнө, каармандардын портретине назар салып, адабий-теориялык маселелерди ачабыз.

Предметтин ички байланыштарында тигил же бул чыгарманы өтүүдө салыштырып талдоо окуучунун чыгарманы андан да тереңирээк түшүнүүсүнө өбөлгө болот. Алсак, бир эле акындын бир эле темадагы ырларын салыштырсак да, башка улуттун акынын ыры менен салыштырып талдасак да болот. Мисалы, А.Осмоновдун Ата-Журт, сүйүү темасындагы өзүнүн ырларын бири-бирине салыштыруу, же башка кыргыз акындарынын ушул эле темадагы ырларына салыштыруу, же орус же башка улуттун акындарынын мына ушул темадагы ырлары менен салыштырып үйрөнүү максатка ылайыктуу [99: 267].

Ал эми предмет аралык байланыштарга токтоло турган болсок, кыргыз адабияты өзбек адабияты, кыргыз тили, өзбек тили менен тыгыз интеграцияланат. Мисалы, элдик оозеки чыгармаларды өтүүдө, албетте өзбек адабиятынын элдик чыгармаларына токтолбосок болбос. Салт ырларын же эмгек ырларын ала турган болсок, кыргыз элинин жашоосунун өзгөчөлүктөрүн өзбек элинин өзгөчөлүктөрү менен салыштырууга шарт түзүлөт, айталы, өзбек элинде да, кыргыз элинде да бөбөккө карата мамиле «Алдей» ырында берилет, ырдын мазмуну ар түрдүү болгону менен, ырдоо мотиви, энелердин балага деген тилеги бирдей.

Өзбек тилдүү окуучулар ырды окуп, түшүнүү менен гана чектелбей, тилдик каражаттарды да талдашат, ал сөздөрдүн өз эне тилинде кандай айтылары, окшоштугу, айырмачылыктары жөнүндө талкуулашат. Тилдик каражаттарды талдоо – бир гана анын түпкү маани-мазмунун түшүнүү эмес, анын сүйлөмдөгү орду, берген маанисин, синонимдик, антонимдик, көп маанилүүлүк ж.б.у.с. тилдик мүмкүнчүлүктөрүн ачуу. Демек, кыргыз адабияты кыргыз тили предмети менен да тыгыз байланышта интеграцияланат экен. Ал эми ырдын мотивин уктуруу жана ырдоо, анын жаралыш доорун изилдөө, тарбиялык маңызын ачуу, адабий-теориялык маселерге токтолуу – бир нече предметтердин (музыка, тарых, адеп, адабият теориясы) интеграциясын өз кучагына алат.

Кыргыз адабиятында (деги эле адабият курсунда) интеграциянын 3 түрүн колдонууга мүмкүн.

Биринчиси, гуманитардык багыттагы предметтердин (тил, адеп, логика) арасынан бирдиктүү, универсалдуу курс иштеп чыгуу.

Экинчиси, адабият сабагында башка гуманитардык предметтер (тил, тарых, адеп, коом таануу) менен байланыш түзүү, алардын ортосунда кандайдыр бир жерге тогошкон идеяларды, билимдердин түйүндөрүн алардын ар биринин өз өзгөчөлүктөрүн таап чыгуу.

Үчүнчүсү, адабий чыгарманы интерпретациялоо үчүн көркөм өнөрдүн башка булактарын (живопись, архитектура, скульптура, музыка, театр, кино

ж.б.) пайдалануу, окурмандык ишмердүүлүктү (адабият) угармандык жана көрөрмандык ишмердүүлүк менен толуктоо, байытуу. Эгерде окуучулар менен адабият сабагында Т. Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгын өтүп жатсак балдардын кулагына акындын «Миң кыял» күүсү жаңырып турса, же Жеңижоктун санат ырларын үйрөнүү поцессинде Ж.Алыбаевдин аткаруусундагы «Балам жок» деген ыры угулса, К. Жантөшевдин «Курманбек» драмасын өтүп жатканда Р. Аманованын аткаруусундагы «Курманбек» дастанынан үзүндү жаңырып келсе, Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемесин өтүп жатканда «Солдатенок» деген фильм көз алдыбызга келсе, анда биздин сабактар көркөм өнөрдүк башка түрлөрү менен ыктуу байланышып жаткан болот жана мындай учурларда сабактардын эффективдүүлүгү алда канча жогорулайт [134:28].

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятынын милдеттери абдан көп. Анын ичинде сөз менен иштөө – биринчи талаптардын бири. Кыргыз адабияты сабагында ички жана предмет аралык интеграциялоону 5-класстын «Макал-ылакаптар» темасына карата ачып көрөлү.

Сабактын темасы: Макал-лакаптар

Сабактын максаты:

а) билим берүүчүлүк:

Макал жана лакаптын маанисин ажыратуу. Тематикалык маанисин тактоо. Эки элдин макал-лакаптарынын окшоштук жана айырмачылык чектерин ажыратуу. Макал-лакаптардын көркөм сөз каражаты экендигин түшүндүрүү.

б) өркүндөтүүчүлүк:

Окуучулардын кеп байлыгын өстүрүү. Макал-лакаптардын тилдик жагына анализ жүргүзүү

в) тарбия берүүчүлүк:

Макалдар аркылуу элдик тарбияны түшүндүрүү. Ар кандай тематикадагы макалдар аркылуу балдарды мекенчил, эмгекчил болууга тарбиялоо.

Сабактын усулу жана формасы: Аралаш усул, байкоо, суроо-жооп, топтордо иштөө.

Сабактын жабдылышы: окуу китептери, тексттер, усулдук адабияттар, сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу.

Мугалим: Балдар, сабакты баштаардан мурун, бөлүнгөн катар менен билген макалыбызды айтабыз. Биринчи катар кыргызча макалдарды, экинчи катар өзбекче макалдарды айталы. Эгер макалдардын маани-мазмуну бири-бирине дал келсе да боло берет. Анда, баштадык.

1-окуучу: Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болор.

2-окуучу: Гап билан шошма, иш билан шош.

3-окуучу: Туулган жердин топурагы алтын.

4-окуучу: Куш бутокка сигинар,

Одам – Ватанга.

5-окуучу: Кызга кырк үйдөн тыюу.

6-окуучу: Айбсиз дуст излаган дустсиз колар.

7-окуучу: Мекенди сүйүү – ыймандан.

8-окуучу: Айрилма кушнингга уятли суз айтма

(Балдар жогорудагыдай тартипте макалдарды айтууну улантышат).

Мугалим: Азаматсыңар! Баарыңар макал билет турбайсыңарбы! Макалдарды элибиз эмне үчүн айткан, билесиңерби? Өзбек эли да, кыргыз эли да өз кебинде макалдарды кошуп айтышат.

1-окуучу: Макалдар – тарбия, акыл- насаат берүү үчүн айтылат.

2-окуучу: Макалдарды элдер ойлоп таппайт, аларды элибиз мурдатан эле колдонуп келишкен.

Мугалим: Ооба, туура айтасыңар. Макалдарда эмне жөнүндө айтылат?

3-окуучу: Макалдар ар кандай темада айтылат. Мисалы, эмгек, Мекен, ата-эне жөнүндө болушу мүмкүн.

Мугалим: Туура. Силердин макал жөнүндө түшүнүгүңөр абдан жакшы экен. Бул тууралуу силер кайдан маалымат алдыңар?

4-окуучу: Өзбек адабияты сабагында «Маколлар» деген тема өткөнбүз.

Мугалим: Абдан жакшы. Бүгүн биз да силер менен макал-лакаптар жөнүндө тереңирээк түшүнүк алабыз.

Жаңы тема: Макал-лакаптар

Мугалим жаңы теманы түшүндүрүүдөн мурда, окуучуларды 4 топко бөлүп алат. Ал топторго кыска тексттер берилет. Тексттердин мазмунуна карай окуучулар ылайыктуу макалды таап, текстке тема коюшат.

1-топко берилүүчү текст

Илгери биринен бири өткөн үч жалкоо болуптур. Бар билгендери – баш көтөрбөй уктоочу экен.

Бир күнү ал үчөө жолго чыгышат. Токой арасына келишип, жамбаштап жата кетишиптир. Анан, бир жалкоо даректын башын карап:

- Ай, кудай ай, алма бышса…- десе, экинчиси:

- Ай, кудай ай, оозума түшсө…- десе, үчүнчүсү:

- Түү-үү, акмактар, ушуларды кантип эрикпей айтып жатасыңар?! – дейт имиш.

2-топко берилүүчү текст

Илгери-илгери бир жарды болгон экен. Ал үй-бүлөсү менен абдан кедей турушуптур. Курсагы такыр тойбоптур. Эри күндө байдын малын кайтарса, кемпири байдын кирин жууп күн көрөт. Бай алардын эмгек акысына жарты гана нан берет.

Күндөрдүн биринде жарды адатынча кой жайып, жайытка кетет, мына ошол жайыттагы булак башына келип, суу менен өзүнө тиешелүү нанды жеп олтуруп, нандын эки күкүмүн жоготуп алат. Ары издейт, бери издейт, бирок таппайт, таппаган соң, ошол жерге таягын сайып, ыйлап-ыйлап жөнөп кетет.

Эртеси күнү да байдын малын ошол жерге айдап барып, баягы күкүмдү издеп тапмак болот. Келсе сайып кеткен таягы алтынга айланып калыптыр. Жарды көргөн көзүнө ишенбейт.

Жарды таягын алып, аябай байып кетиптир.

3-топко берилүүчү текст

Илгери бир атагы чыккан ууру болуптур. Анын жалгыз баласы бар экен. Баласы чоңойгондо атасы чакырып алып, баласын ууру болушун суранат. Баласы атасынын айтканына көнбөй койсо, атасынын ачуусу абдан келет да, мындай дейт:

- Менин айтканым менен болосуң, төмөнкү айылдагы Жоошбай дегендин кызыл өгүзүн уурдап келесиң. Эгер бул ишти кыла албасаң, көзүмө көрүнбөй жогол.

Ошентип, уурунун баласы кечинде өгүздү атасынын алдына жетелеп келет. Атасы абдан кубанат. Өгүздү соердо бала атасына бир сураныч менен кайрылат:

- Ата, өгүздү жегенден мурда, экөөбүз тең таразага түшөлү, - дейт. Атасы макул болуп, экөө таразага түшүшөт.

Арадан бир жума өткөндөн кийин эт түгөнөт. Экөө таразага дагы түшүшөт. Баласы мурдагыга караганда анча семирип калат, ал эми атасы анча арыктап кеткен болот. Бул ишке атасы таң калып уулуна карайт:

- Таң кала турган эч нерсе жок, сиз эт жеп жатканда, уурулугум билинип калбаса экен деген ой менен коркуп жедиңиз. А мен өгүздү сатып келгем, ошондуктан коркконум жок, - дейт баласы.

4 -топко берилүүчү текст

Илгери бир кумурска жол жүрүп бара жатса, каршысынан куштар менен айбанаттардын тилин түшүнгөн бир адам жолугуп калат. Кумурсканы бир аз эрмектегиси келген адам ага суроо узатат:

- Эмне үчүн сенин башың чоң?

- Демек, мен акылдуумун.

- Эмне үчүн сенин белиң ичке?

- Себеби мен өтө аз жеймин

Адам кумурсканын айткан сөзүн сынап көрмөкчү болот да, жер төлөгө кумурсканы бир дан менен кошо таштап, камап коет.

Арадан бир жыл өтөт. Адам кумурска жөнүндө таптакыр унутуп калат. Экинчи жыл аяктай баштаганда анын эсине төлөгө бекитилген кумурска түшүп, аны бошотуу үчүн төлөгө баш багып, кумурсканын жанында дагы эле жарты дандын жатканына көзү түшөт.

- Сен бир дан мага бир жылдык азык болот дебедиң беле, андан бери эки жыл өттү. Сенин жаныңда дагы эле жарым дан жээлбей турат. Муну кандай түшүнсө болот? – деп танданат адам.

Анда кумурска:

- Мени отургузган аңкоо мени таптакыр унутуп калышы мүмкүн деп ойлоп, ачкадан өлбөш үчүн данды төрт бөлүккө бөлүп койгон элем, - деп жооп берген экен.

(Балдар берилген тексттерди топтордо окуп чыгышат да, ар бир жомокко карай макалдарды табышат).

Мугалим: Кана, балдар, тексттерди окуп чыктыңарбы? Эгер окуп чыккан болсоңор, анда кайсыл макалдар силердин текстиңерге туура келет?

1-окуучу: Биздин 1-топко жалкоолук жөнүндө текст берилген. Текстке ылайык төмөнкүдөй макалдарды таптык. Өзбекче макалдардан: «Бахт ялқовга бегона», «Беташвиш бош қайда, меҳнатсиз ош қайда», «Ишёқмас – роҳат топмас», «Ишламай еган – оғримай ўлар», ал эми кыргызча макалдардан «Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болор», «Эмгек менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт», «Мээнет кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан» ж.б. варианттарда.

Мугалим: Азаматсыңар, 2-топ, силердин жомогуңарга кайсыл макалдар ылайык?

2-окуучу: Биздин текст нан жөнүндө экен. «Нан тойгузат, суу кандырат», «Туз болбосо, тамак татыбайт, Нан болбосо, курсак тойбойт», «Көчөнүн көркү – үй, дасторкон көркү – нан», «Нан болсо – ыр болот»

3-окуучу: Биздин текст уурулук жөнүндө экен. Мында адилеттүүлүк, чынчылдык, ак эмгек менен нан табууга үгүттөгөн жомок болгондуктан, төмөнкүдөй макалдар туура келет деп чечтик. Мисалы, «Абийириңди

жашыңдан сакта», «Жакшы ката кетирсе, өзүн жемелейт, жаман ката кетирсе, жолдошун жемелейт», «Ак ойлоп, адал иште», «Уурунун жолу кууш»

4-окуучу: Биздин текст кумурска жөнүндө, анын акылмандуулугу, сабырдуулугу жөнүндө айтылат. Биздин топ төмөнкүдөй макалдар туура келет деп ойлодук. «Сабырдын түбү – сары алтын».

Мугалим: Балдар, азаматсыңар! Демек, баарыңар берилген текстке карай макалдарды таптыңар. Силерге төмөнкүдөй суроо: Жомоктогу ой менен макалдарда берилген ой бирдей болуп жатат, демек, акыл-насаат берчү сөздүн баарын эле жомок же икая түрүндө айта берсек болбойбу?

5-окуучу: Жок, кээ бир учурда жомок угуп, тарбия аласың, бирок алар айтылышы боюнча макалдардан айрымаланат. Жомокту бекер олтурганда угуш керек.

Мугалим: Ал эми макалдарды кандайдыр бир иш кылып жатканда угуу керекпи?

6-окуучу: Макалдар сөз арасында эле келе берет.

Мугалим: Туура айтасыңар. Демек, жомоктор менен макалдардын айтылыш өзгөчөлүгү ар башка экен. Берген идеясы бирдей болгону менен жомоктордогу окуя баяндалмайынча, аны түшүнбөйт экенбиз. Ал эми макалдар кыска, улуу, кичүү дебей баарына бирдей, тарбиялык мүнөзгө ээ, элдин көп турмуштук тажрыйбасынан улам келип жеткен көркөм сөз мурастары. Макалдарды элибиз ар бир сөзүнө кошуп сүйлөсө, кеби уккулуктуу, таасирдүү болот.

Ал эми «лакап» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

7-окуучу: Лакап деп тарбиялык маанидеги эле сөздү айтабыз, бирок ал макалдан айрымаланат. Лакап кайсы бир учурда бир окуя болсо, ошол окуянын түшүндүрмөсү катары каралат.

Мугалим: Ооба, лакап дегенибиз макалдын айдыңы менен жашап, ага кол-кабыш жасоо үчүн пайда болуп, айрым бир турмуш сүрөттөрүн кайрадан өндүрүп, айрым бир адамдардын терс мүнөздөгү жоруктарын ашкерелөө максатынан улам келип чыккан. Бирок ал маселени өтө так, таамай, бүткөрө

айтып бербестен, жүйөлүү нукта гана баяндаган чыгарма болуп эсептелет. Лакап макалга салыштырмалуу аз санда кезигет. Жыйынтыктап айтканда, макал лакаптан обочо туруп деле көркөм мурас катары жашай алат, ал эми лакаптын табияты андай эмес.

Макал тематикасы, мазмуну, камтыган маселеси боюнча деңизди элестетсе, лакап анын бир тамчысы гана. Мисалы, «Эр эмгегин жер жебейт» деген макалды алып көрөлү, ошондой эле «Карымбай битирге окшоп» деген лакапты салыштырсак, биринчи макалда ой толук бүткөн, ал эми экинчи лакапта маани толук ачылган жок.

Эми балдар, макалдын жасалышын карап көрөлү... Макалдар канча сөздөн же сүйлөмдөрдөн турат?

8-окуучу: Макалдар бир сүйлөм же эки сүйлөмдөрдөн турат.

Мугалим: Биз жогоруда белгилегендей, макалдар бир же эки сүйлөмдөн туруп, толук бир ойду түшүндүрөт. Алар айтканга жеңил, жаттаганга оңой. Мисалы, «Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт», бул макал эки саптан турду. Мында уйкаштык барбы?

9-окуучу: Бул макалда «билет», «күлөт» деген сөздөр уйкашты.

Мугалим: Ооба, дагы кандай сөздөр уйкашты, антоним сөздөр барбы?

10-окуучу: Антоним сөздөр «жаман», «жакшы»

Мугалим: Демек, макалдар айтууга жеңил, уйкаштыгы бар сөздөрдөн куралат экен. Жогорудагы макалда баш жагынан да, аяк жагынан да уйкаштык бар болуп, макалга көркөмдүк берип турат.

(Сабакты бышыктоо максатында мугалим окуучуларга атайын сүрөттөрдү таркатат, ал сүрөттөргө карата балдар ар кандай макалдарды эне тилинде жана кыргыз тилинде айтып беришет жана макалдарды салыштырышат).

Үйгө тапшырма: 1-топко – ынтымак, достук жөнүндө, 2-топко – Мекен, билим тууралуу макалдарды таап келүү жана алардын бирине кыскача эссе жазуу.

Берилген иштелмеде окуучулар макал-лакаптар жөнүндө жалпы маалыматты алышты жана өз эне тилиндеги адабият материалдарына салыштырышты. Андан башка, берилген тексттер аркылуу эки элдин тематикалык жактан окшош макалдарын айтышып, мазмунун талкуулашты. Ошондой эле, теориялык маселелерди кыргыз тили предметинин чегинде да карашты. Эң негизгиси, кеп чеберчилигин өстүрүү менен адептүүлүккө тарбияланышты. Сабактын структурасында кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта интеграциялоо менен башка байланыштар да жүзөгө ашырылды.

Өзбек мектептеринин V-XI класстары үчүн түзүлгөн кыргыз адабиятынын программасында [73] эмгек ырларына 2 саат бөлүнүп, эмгек ырларынан «Бекбекей», «Оп майда», «Шырылдаң» ырлары окутулат. Ал эми өз эне тилинде элдик ырларды 5-класстын адабият сабагында өтүшөт [5]. Бул элдик ырларды өзбек мектебинде окутуунун бир өзгөчөлүгү эки элдин жашоо шартынын ар түрдүүлүгү, өзбек эли калаага жана дыйканчылыкка жакын калк болгондуктан, алардын мындай мазмундагы «Оп майдадан» башка жылкычылыкка байланышкан «Шырылдаң» жана короо кайтарган «Бекбекей» сыяктуу ырлары жок.

Өзбек эли тикмечиликке, чарбачылыкка байланыштуу ырларды көбүрөөк айтышкан. Ошондуктан, кыргыз элинин жогорудагы ырларын балдарга чеберчилик менен түшүндүрүү керек.

Бул ырлар мурас катары муундан-муунга өтүп, бизге жеткени да, биринчиден, андагы эмгектик идеялардын да, салттардын өзү да муундан муунга өтүп келгени улуу нерсе. Экинчиден, ал салттар улам кийинки муунду улуулардын салттарына дал ошол ырлар аркылуу тарбиялап келген. Улам кийинки муун, болгондо да, улуулар менен аралаша жүрүп, ошол эмгек процессинде, тагыраак айтканда, темин басканда да «бекбекей» айтып, короо четинде кой кайтарганда да үйрөнүп, жадында бекем орноого шарт түзгөн [120: 96].

Өзбек окуучулары өз эне тилинде эмгек ырларынын мазмуну, жанрдык бөлүнүшү жөнүндө маалыматты 5-класста терең таанышышат. Анткени, алардын окуу программасынын башында эле элдик ырларга көбүрөөк саат берилип, эмгек ырлардын ичинен, жогоруда белгилеп кеткендей дыйканчылыкка байланышкан «Оп майда» ырынан башталат да, бул ырга жана ошондой эле тикмечиликке, чарбачылыкка байланышкан ырларга түшүндүрмө берилет. Жогорудагы «Шырылдаң», «Бекбекей» ырларындай, дыйканчылыкка байланышкан эмгек ырларын түшүндүрүүгө мугалимге көп кыйынчылык туулбайт. Бирок тилдик каражаттарды, ырдын мазмунун салыштыруу сабактын эффективдүүлүгүн арттырат.

Өзбек элинин фольклорунда дыйканчылыкка байланыштуу «Құш құшиқлари», «Ўриш ёки ўроқчилар құшиқлари», «Ҳирмон құшиқлари» жана «Хўп майда» деп жанрларга бөлүштүрүшкөн. Мунун ичинен биз программада берилген «Оп майда» ырына басым жасап, кыргыз адабияты менен интеграциялоонун элементтерин колдонобуз.

Эмгек маданияты ишти ак ниет менен берилип, көңүл коюп, «майын чыгара» аткаргандыгын билгизүүчү чен-өлчөм болмокчу. Ансыз курулай мээнет жумшоого айланары бышык да, өнүмү аз болмокчу. Ошон үчүн «Оп майда» ырында теминди мыктылап айдап, буудайды «майда-майда, мапмайда, майдаласын атты айда… Кар алдында калбасын, эртелеп барып майдала» деп, эмгектенгендерге дем берет [120:97].

«Оп майда» эмгек процессинен жаралып, дыйкандардын ой-тилегин таасын берген. Темин басып жаткан дыйкандын «Оп майда, оп майда» деген үнү эмгек ритмине айкалып, унаага дем берүү үчүн кайталанып жатат.

«Оп майда» – эзелки, байыркы ыр. Мала таш жок кезде дыйкан эгинди малдын туягы менен бастырган («ай туяк менен бастырып»). Ырдан биз эмгек процессин, эмгекти жандандыруу, шаңдандыруу иретинде айтылган дыйкандын күжүрмөн үндөрүнүн жана ой тилегинин органикалык бирдигин байкайбыз:

Орой-орой оп майда,

Ороо толсун оп майда!

Кырча-кырча басканың,

Кырман толсун оп майда!

Орокчунун балдары,

Нанга тойсун, оп майда!

Майда, майда,

Майда болсун,

Тартынбастан атты айда![144:28]

Өзбек эли да табиятынан ыр жандуу келип, эмгек ырларын чеберчилик менен аткарууга жетишкен. «Оп майда» ырын өзбек эли да кыргыз эли сыяктуу обон менен ырдап келишкен. Ыр чарчоону жоготот, ишке кубат берет деп билишкен. Негизги мазмунда түшүмдүн жакшы жанчылышы, кырмандын толушу, майдалап жаткан малга күч берүү жагы айтылат.

Хўп хайда- ё, хўп хайда, майда-ё, майда,

Қалқон кулоғим хайда, майда-ё, майда.

Темир туёғим хайда, майда-ё, майда,

Ҳирмонни қилгин майда, майда-ё, майда.

Остингда босган донни, майда-ё, майда,

Оёғинг қилсин майда, майда-ё, майда.

Сен пўстидан жудо қил, майда-ё, майда,

Сомони сенга фойда, майда-ё, майда [5:13].

Бул ырлардын бир нече варианттары эки элде тең кезигет. Мугалимдин мында көңүл бөлөр жери: окуу китебиндеги жана элдик ырлар жыйнагандагы ырлардын жалпылыгын, өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүп, элдик ырлардагы варианттарды жана элдик ырлардын коллективдүү мүнөзүн ачуу болуп олтурат. Андай варианттарды эл арасындагы таланттар жаратып, ага ар бири өз тилегин, байкоосун, көз карашын кошуп байытып келген. Ошондон улам бир эле ыр бир нече варианттан туруп, элдик ырлардын коллективдүүлүгүн пайда кылат.

Эки элдин тең «Оп майда» ырында «Ороо толсун оп майда, кырман толсун, оп майда» деп дыйкан түшүмүн көп болушун тилеп жатат. Ошондой эле,

«Талкандары бизге пайда, топондору сизге пайда» деп темин бастырып жаткан унаа-күчтөргө да кайрылып жаткандыгы даана байкалат. «Майда, майда, майда болсун!» деп күжүрмөн дыйкандын түшүмүн, кызыл данды коромжосуз жыйнап алуу тилеги, эмгек ритми чагылган.

«Нан – өмүрдүн гүл азыгы» деп акылман эл бекеринен макалдаткан эмес. Мында да, «Орокчунун балдары нанга тойсун, оп майда, кырманчынын балдары нанга тойсун, оп майда» деген дыйкандын негизги үмүт-тилеги берилген.

Бүгүнкү күндө бул ырлардын жашашы канчалык деңгээлде экенин, азыркы эгин жыйноодо элибиз кандай жетишкендиктерге жеткендигин да мугалим окуучуга көрсөтмө (сүрөттөр, техникалык каражаттар) аркылуу түшүндүрсө болот. Себеби, ырда учураган айрым сөздөрдү кандай сөздөр алмаштырды, окуучунун билүүсү шарт.

Адам баласынын турмушу, акылы, илим-билими өскөн сайын, эмгек шаймандары да өзгөрүп, улам жакшырды. Дал ушундай жетишкендиктер көркөм чыгармаларда улам барган сайын таасын чагылган. Илгерки эмгек ырларында «ай туяк», «мала таш, буурсун» сыяктуу арымсыз эмгек шаймандары айтылса, азыркы учурда жаңы техникалык эмгек шаймандардын өндүрүмдүүлүгү, элдин жыргалчылыгы даңазаланат.

Мындай багыттагы ырлар аркылуу элибиз үй-бүлөдө да, сырткы чөйрөдө да балдарды улуулар менен бирге эмгек кылууга чакырып, анын жоопкерчилигин сезүүгө үндөйт.

Кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта карап, эмгекке тарбиялоо сабактын түшүнүктүүлүгүн, жеткиликтүүлүгүн арттырат.

Адабият предметинин андан ары улантып окутууга ийримдердин мааниси чоң. Ийримдин сабагында окуучулар сабакта алган билимдерин тереңдетишет, адабий билимдерин андан ары өркүндөтүшөт. Өзбек мектептериндеги 7-8-класстардын адабият предметин башка предметтер менен интеграциялап өтүү боюнча ийримдин бир сабагын сунуштайбыз.

М. Тешебаев интеграциялык байланыштын типтерин бир нече топко ажыратат жана сейрек учураган төртүнчү тибин туш-туштан курчоочулук деп алат. Мында ортодо адабият болот да, анын материалын толуктоо үчүн башка предметтер аз-аздан болсо да өз үлүшүн кошуп, теманы ачууга жардам берип отурат [134: 30].

Сабактын темасы: Жеңижок

1. Сабактын билим берүүчүлүк максаты

1. 1.Жеңижоктун өмүрү-чыгармачылыгы жөнүндө маалымат берүү, ырларынын философиялык маанисин ачуу

1. 2. Адабият теориясы менен тааныштыруу

2. Сабактын өркүндөтүүчүлүк максаты:

2.1. Адабий тилдин нормасында сүйлөөгө, орфоэпиялык эрежелерди сактоого көнүктүрүү;

2.2. Оозеки жана жазуу кебинин сабаттуулугун калыптандыруу;

2.3. Көркөм окууга, эл алдына чыгып сүйлөөгө үйрөтүү.

3. Сабактын тарбия берүүчүлүк максаты:

3.1. Жеңижоктун өмүрү-чыгармачылыгы аркылуу мекенчил болууга, жаратылышты барктоого, өмүрдү, сүйүүнү даңктоого тарбиялоо;

3.2. Берилген тексттер аркылуу ыймандуулукка, адептүүлүккө тарбиялоо;

3.2. Топтордо иштөө аркылуу ынтымактуулукка, бирин-бири уга билүүгө тарбиялоо.

Күтүлүүчү натыйжалар:

Окуучулар сабактын аягында:

- Акындын чыгармачылыгы аркылуу сөздүк корун байытышат;

- Көркөм окууга, текстти тилдик жактан талдоого көнүгүшөт.

Сабактын тиби: аралаш.

Сабакта колдонулуучу усул-ыкмалар: СОнун усулдарынан пайдалануу, баяндоо, аңгемелешүү, талкуу, суроо-жооп, топтордо иштөө, атаандашуу.

Сабактын жабдылышы: тапшырмалар боюнча атайын даярдалган таратмалар, ватмандар, улуу акын Жеңижоктун китептери, көркөм адабияттар, маркер, тексттер, ватман, сүрөттөр.

Уюштуруу (2 мүнөт)

Муз жаргыч. «Накыл кеп» топтому

Муз жаргычтын максаты:

Накыл кептер аркылуу тарбия берүү жана көркөм окууга машыктыруу

Мугалим окуучуларга муз жаргычтын жүрүшүн түшүндүрөт. Мында акын Жеңижоктун «Насыят» деген ыры саптарга бөлүнүп, эки топто окулат. Ыр саптары мугалим тарабынан окуучуларга таратылат. Бул ырдын берилиши аркылуу мугалим жаңы теманы өтүүгө багыт берет, айтыш мотивинде көркөм окууга окуучуларга машыктырат.

Болжолдуу үлгүсү:

Мугалим: Урматтуу окуучулар, сабакты «Накыл кеп» топтомунан баштасак. Силерге улуу акын Жеңижоктун «Насыят» деген ырын таратма түрүндө беремин. Көркөм, айтыш мотивинде айтабыз. Кайсыл топ көркөм окуса, жесттерди туура пайдаланса, жалпы сабакка катышканына упай кошулат.

1-топтогулар баштайт, 2-топтогу окуучулар жооп берет, айтышуу тибинде улантылат.

1-топ	**2-топ**
1-окуучу:	**1-окуучу**:
Кулактууга кеп урсаң,	Жарды жардай жүргөндө,
Кулагынын учунда.	Жашыл бийик маласы.
Кулаксызга кеп урсаң,	Жанга салган болоттой,
Туягынын учунда.	Жакшы атанын баласы.
2-окуучу:	**2-окуучу:**
Жоргонун белин оорутпа,	Аргымак белин жоорутпа,
Жамандык иште колдогон,	Аманат назик жан деген,
Жолдоштун көөнүн оорутпа.	Адамдын көөнүн оорутпа.

3-окуучу:

Мүлктү жыйсаң, мылтык жый,
Жоого алдырбайт талаадан.
Малды баксаң койду бак,
Колуң кетпес чарадан.

4-окуучу:

Шамалда жүргөн коо болот,
Жаман менен дос болсоң
Акыр бир күн доо болот.

5-окуучу:

Жаман менен дос болсоң,
«Баягымды бергин» деп
Эки айдан кийин мушташат.

6-окуучу:

Аскар-аскар-аскар тоо,
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсоң да
Сыйлашпасаң жат болот.

7-окуучу:

Бек байлаган чечилбейт,
Бакпай багың жетилбейт.
Эстүү адам эсирбейт,
Кылмышты абийир кечирбейт.

3-окуучу:

Мылтыктан тез ажал жок
Бармак басым жарасы.
Булбулдан чечен бир куш жок,
Кол башындай карасы.

4-окуучу:

Жакшы менен дос болсоң,
Өлгүчөктү коштошот.

5-окуучу:

Атан төө мас болсо,
Тайлагы менен достошот.
Жаман киши мас болсо,
Жакыны менен касташат.

6-окуучу:

Ыргытсаң алыс таш кетет,
Пейли кеткен пенденин
Казанынан аш кетет.

7-окуучу:

Ойлобой кылсаң тартасың,
Туура эмес иштин азабын.
Карынын угуп кеңешин,
Акылың менен жашагын.

Муз жаргычты жыйынтыктоо.

Мугалим: Жакшы балдар, Жеңижок абабыздын накыл кеби дайыма жадыңарда болот деп эсептейм. Анткени, улуу сөздүн устаты – Жеңижок тарбиянын философиясын ыр саптарында терең берди. Мында ар бир айтылган

ыр саптары силерди бүгүнкү жана эртеңки келечекке жакшы тарбия менен барат деп үмүттөндүрөт.


Мугалим окуучуларды сабактын башында эле эки топко бөлүп алган, андыктан, сабакта бөлүнгөн топтор ошол боюнча кала берет.

Жаңы тема: Жеңижок

Мугалим: Сабактын башында биз силер менен акын Жеңижоктун насаат ырлары менен тааныштык. Ал накыл ырлардын берилиши бекеринен эмес. Демек, бүгүнкү биздин өтүлүүчү темабыз «Жеңижок».

Жогоруда эскерткендей, сабагыбыз жарыш тибинде өтөт. Азыр силерге тапшырмалардын топтому берилген конверт берилет. Андагы тапшырмаларды так, туура жана убакытты туура пайдаланып аткарган топтор жакшы упайларга ээ болушат. Ар бир тапшырмага убакыт бөлүнгөн. Демек, убакытты үнөмдүү пайдалануу – баарыбыздын милдетибиз.

Мугалим окуучуларга тапшырмалар топтому бар эки конверт берет (бир конверттин тапшырмалары тиркемеде берилди – Б.Б.) жана убакытты окуучулар өздөрү эсептөө үчүн эки топко саат коюп коет. Ташырмалардын кээ бири убакытты талап кылат, кээ бири талап кылбайт. Окуучуларга керектүү каражаттар (ватман, маркер, сүрөттөр) столдун үстүнө коюлган болот, эмне керек болсо, тапшырманын берилишине карай ала беришет. Окуучулар ташырмаларды аткарып жатканда мугалим модератор катары алардын суроосун толуктайт, бышыктайт, кошумчалайт жана ар кандай пикирлерди анализдеп, багыт берет.

1-топтун конвертинин ичиндеги тапшырмалар: 

1. Жеңижоктун өмүрү-чыгармачылыгын окугула жана айтып бергиле

Жеңижок Көкө уулу

Өтө Көкө уулу 1860-жылы Таластын Сары-Көбөн чөлкөмүндөгү Кызыл-Адыр (азыркы Кара-Буура районунун Жийде айылы) аймагында туулган. Өтөнүн чоң атасы Жээналы, андан Мураталы, Сейталы, Көкө. Көкөдөн Өтө,

Болотой, Карагыз. Атасы менен апасы Алтынай удаа кайтыш болгон. Ошентип, үч бала томолой жетим калган, аларды чоң атасынын бир тууганы Сейталынын баласы Баялы багып алган. Өтөнүн тестиер кезинде колуна барсылдак жара чыгып, айыккан жерлери ала болуп калат. Ошол ала оорусунун айынан Аксыга – таякелеринин колуна келет. Ал жактан сабаты ачылып, окуп, жазганды үйрөнөт. Анан ырчылыкка оойт. Нурмолдо менен айтышып, аны жеңгенден кийин, Өтө аты калып, Жеңижок атыгып кеткен. Турагы Аксы районундагы Кара-Суу кыштагы болгон. Өмүрүн ошол жерде өткөргөн. 1918-жылы оорунун айынан дүйнөдөн кайткан.

Жеңижок жана анын чыгармачылыгы жөнүндөгү залкар ойлор

Айылчы Озоке уулу: - Илгери Өтө бир үйдө ырдап жатса, Асылбек деген жигит кызыгып таңшып жатып, керегенин көзүнөн башы кантип өтүп кеткенин байкабай калат. Ыр бүтөт. Эл ордунан турса, Асылбек керегеге кылтакталып калган экен.

Малабек Шатман уулу: - Жеңижок кайнагам эле. Жеңижок сакалын тегиздетип, боюна карап, сыпаа жүргөн киши болчу. Көздөрү жайнап, аппак жүзүнө жарашып, адамдын сулуусу эле [50:257-259].

2. Ролдорго бөлүштүрүп окугула жана аткаргыла. Көркөм окугула жана интонацияны, дикцияны, басымды туура койгула.

Көксулуу

Автор: Көксулуу – күлгөн күлкүсү күмүш үн, жароокер кыз. Анын көркүнөн көз жалтанат, көмөкөйдөн бал тамат. Аны көрбөй калса, Жеңижоктун көзүнөн жаш көнөктөп агат. Ал Көксулуу жөнүндө мындай дейт:

Аргымак аттын басыгы,
Аксыдан чыккан Көксулуу
Ай тамак кыздын асылы.
Ашык бир болгон өзүңө,
Акындын кайсы жазыгы?
Ар түркүн ойго көп салчу

Айпери кыздын назыбы?

Ушинтип ашыгына ар түркүн сөздүн гүлүн терип, жүргөн кезде кыздын ата-энеси аны кудалашкан жерине берип жиберет. Ырчы кейиште калат. Ал эми Жеңижоктун Нурмолдону жеңгенин укканСулайманкул аны «ырда» дейт, акын эт бышым ырдайт. Ага ыраазы болгон датка мындай дейт:

Сулайманкул: Жеңижок, өнөрүңө баракелде! Каалаганыңды айт, балам, алакандай Аксы ачсам алаканымда, жумсам уучумда, келинби, кызбы, калыңы менден. Үйлөнтүп коеюн.

Жеңижок: Аркыттан Көксулуу деген кыз менен сөзүм бүтүшүп калды эле. Аркыттык Артыкбай дүнүйө, күч, бийликке салып менден тартып алып, келиндикке баласына алып берди, ошону алып берсеңиз.

Сулайманкул: Башка бирөө болсо, Артыкбайдын жанын кейишке салбайт болчум. Айтылган сөз оозумдан чыккан соң, ырчым, Көксулуу сеники болот.

Автор: Ошентип зор таланттын аркасы менен Жеңижок сүйгөнү Көксулууга жеткен. Аны өмүрү өткүчө кастарлап, алаканына салып баккан.

Чечендик менен жети күн
Чечип алган, Көксулуу.
Чердеңдеген эринен,
Четке кеткен жеринен
Жетип алган, Көксулуу, [50:258] - деп ырдаган экен.

3. Жеңижоктун «Аккан суу» ырын көркөм окугула жана ар бир куплеттин маани-мазмунун чечмелегиле.

Жоодураган бото көз,
Моймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү, күн жүздүү,
Жан эргиткен бал тилдүү,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Бирин-бири жүр дешип,
Аста күлүп шыңк этип,

Алтындан иймек сөйкөсү

Кулагында жылт этип.

Муну көргөн жигиттин

Эт-жүрөгү зырп этип,

Эки челек көтөрүп,

Кыздар келген аккан суу.

Ай тамагын кылайтып,

Ак көйнөгүн булайтып,

«Секетбай» деп ыр ырдап,

Аккан сууга сыр айтып,

Жанаша басып кыналып,

Өңүн суудан каранып,

Тоту куштай таранып,

Келиндер келген аккан суу![50: 283]

4. Айтылган ырга карай сүрөт тарткыла, силер кандай элестеттиңер, жооп бергиле.

Таң кашкайып сүргөндө,

Булутту шамал сүргөндө,

Суу катуулап киргенде,

Тараза жылдыз бөлүнүп,

Ой-тоонун баары көрүнүп,

Сүрүлүп жылдыз качканда,

Таңкы Чолпон батканда,

Өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап,

Суудан кара буу чыгып буркурап,

Асмандан жылдызы качып дыркырап,

Токойдо гүлдөр гүл бурак,

Бутакта булбул ыр курап,

Шыбакта торгой чулдурап,

Жылгадан алты миң булак шылдырап,

Жарашкансың аккан суу!..[50:284]

5. Суунун бүгүнкү күндөгү маниси жөнүндө айтып бергиле. Сууга жасаган мамиле өз деңгелиндеби, силерди канааттандырабы? Канааттандырбаса, кандай мамилени, иш-чараны сунуш кылат элеңер?

6. Суу жөнүндө обондуу ырлардан билесиңерби? (Жалпы топторго суроо)

7. Өзбек акындарынын да суу жөнүндө жазган ырларынын же чыгармаларынан билесиңерби?

Окуучулар тапшырмаларды аткарууда мугалимдин берген болжолдуу суроолору жана маалыматтары:

1. Жеңижоктун кереметтүү ыр саптарына көңүл бөлгүлө, сөздүк менен иштегиле:

Алтын канат, жез куйрук,

Балык толгон аккан суу.

…….

Таң кашкайып сүргөндө,

Булутту шамал сүргөндө,

Суу катуулап киргенде,

Тараза жылдыз бөлүнүп,

Ой-тоонун баары көрүнүп,

Сүрүлүп жылдыз качканда,

Таңкы Чолпон батканда,

Өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап,

Суудан кара буу чыгып буркурап…[50:284]

Жооптор (болжолдуу)

Алтын канат, жез куйрук – салыштыруу тибинде айтылды

Таң кашкайып – таң жаңы аткан мезгил

Тараза жылдыз – жылдыздын аталышы

Жылдыз качканда – жылдыз көрүнбөй калганда

Таңкы Чолпон – жылдыздын аталышы

Ак шамал – мелүүн шамал

Кара буу – суудан чыккан эпкин, суунун чачырандысы

2. Жеңижок Көксулууну Артыкбайдын баласынан тартып алганда, аны кайын энеси бата берип каргаган деп айтылат. Ошондон улам да Жеңижок балалуу болбой калды дешет. Жеңижоктун баласы жоктугу жөнүндө Жеңижок Арстанбек акын менен айтышканда, ал сөзү менен Көксулууну тартып алганы үчүн каргышка калып артында туяк калбаганын эскертет.

3. Адабият теориясынан: Ассонанс жана аллитерация

Ассонанс – бул уйкаштыкта же улам кийинки сөздөрдө үндүү тыбыштардын кайра-кайра кайталанышына негизделген көрүнүш. Ал эми аллитерация – көркөм чыгармадагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши.

Ассонанс жана аллитерация – поэзиялык чыгармаларда жыш кезигет.

Мисалы:

Аргымак аттын басыгы,

Аксыдан чыккан Көксулуу

Ай тамак кыздын асылы.

Ашык бир болгон өзүңө,

Акындын кайсы жазыгы?

Ар түркүн ойго көп салчу

Айпери кыздын назыбы? [41:78]– ассонанс болот.

Ал эми,

Жарды жардай жүргөндө,

Жашыл бийик маласы.

Жанга салган болоттой

Жакшы атанын баласы,- деген мисал аллитерация болот.

4. «Суу кордогон кор болор, суу сыйлаган зор болор» деген Жеңижоктун накыл сөзүн кандай түшүнөсүңөр?

5. «Мөл булак» деген ырды билесиңерби?

Тоолордун тунук мүрөгү

Тоолуктун таза тилеги.

…….

…….

6. Үйгө тапшырма: 1. «Суу кордогон кор болор, суу сыйлаган зор болор» деген темада эссе жазуу жана анда колдонулган тилдик каражаттарга колдонулушуна маани берүү.

7. Жеңижоктун «Дүнүйө» аттуу ырын окуп келүү

8. Баалоо *(Окуучулар өздөрү өзүнө жана бири-бирине баа коюшат, мугалим анализдеп, жыйынтыгын чыгарат)*

9. Жыйынтыктоо

Сунушталган сабакта окуучулар өздөрүн эркин алып олтурушат. Баалоодо мугалим тарабынан кошумчалоолор эле болбосо, алар өздөрүн демократиялуу түрдө баалаганга жетишет.

Жогорудагы сабактын формасынан предметтин ички жана тышкы интеграцияланышы эске алынды. Бир эле учурда окуучу топто иштей алуу менен адабият теориясы менен таанышты жана көркөм окууну, айтыштын үлгүлөрүн өз деңгээлинде аткарууга далалат кылды. Анткени сабак-жарышта өз атаандаштарынан мыкты аткаруу керек деген психологиялык аракеттер күчтүү болду. Ошондой эле, сабакта ролдошторуп аткаруу чеберчилиги, сүрөт тартуу, учурдагы экологияга элдердин мамилеси жөнүндө талкуу жүрдү. Аны менен катар, суу жөнүндө өзбек акындарынын айткан ырлары менен салыштыра алышты, обондуу ырларды ырдашты. Мындай интеграцияланган сабактарда топто иштөө өз натыйжасын жемиштүү берет деп ойлойбуз. Анткени, топто иштөөдө окуучунун аракети башка окуучулардын алдында кандай экендигин сын көз менен кароого мугалимге да, окуучуларга, окуучунун өзүнө да ыңгайлуу болуп, өзүн-өзү баалоого, командага кандайдыр үлүш кошууга аракет кылууну көздөө максаты алдыңкы планга чыгат.

Учурда предметтерди интеграциялоо боюнча биз кандай жетишкендиктерге ээ болуп жатабыз? Бул жөнүндө М. Тешебаев минтип жазат:

«Предметтерди интеграциялоо аркылуу азыркы мектеп практикасы кандай утуктарга жетишет?

Алар биздин изилдөөлөр боюнча төмөнкүлөр болду:

Интеграциялык сабактар окуучуларды жана мугалимдерди көндүм болгон салттуу сабактардын инерциясынан бошотуп, чыгармачыл жана активдүү болууга шарт түзөт. Бул учурда окуучунун ишмердүүлүгү эки тараптуу бааланып (мисалы, адабий талдоо жана сүрөт тартуу; музыкалык жана адабияттык талдоо; предметке тарыхый жана адабий анализ; ырды көркөм окуу жана ырдын негизинде сүрөт тартуу, дилбаян жана живопись ж.б.) анын чыгармчылыгынын өсүүсү үчүн стимул түзүлөт.

Азыркы мектепте окуу предметтеринин саны көп, айрым предметтер жумасына бир сааттан гана өтүлүп, өзүнүн майнабын жакшы көрсөтпөйт, (мисалы, эстетикалык, циклди түзгөн көркөм өнөр, музыка, адабият, дене тарбия сабактары), эгерде ошол предметтер башка бир предметтер менен интеграцияланган болсо, алардын таасирдүүлүгү артып, алган билимдер улам кайталанып, эске түшүрүлүп жатып, кыйла эффективдүү болмок.

Интеграциялоо убакытты үнөмдөөгө жана аны рационалдуу пайдаланууга шарт түзөт.

Окуучуларды майда нерсеге алаксып жүрө берүүдөн качырып, чоң проблемаларга кирүүсүнө жардам берип, алардын таанып билүү талантын башкы нерселерге топтоого көнүктүрөт.

Интеграция ааламдын бир бүтүн (целостное) илимий картинасын түзүү ишмердүүлүгүн калыптоого жардам берет.

Ал аркылуу окуучулардын социалдык коммуникативдик компетенттүүлүктөрү акивдешет ж.б.» [134:17,18].

Жогоруда белгилегендей, сабактарды интеграциялоо билим берүүдө бир топ эффективдүү болору тажрыйбабызда аныкталды. Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын өзбек адабияты жана башка предметтерди кошо интеграциялоо өзбек окуучусунун адабий билимдерин гана өркүндөтпөстөн эң башкысы кыргыз элинин патриот адамы болууга, ошону менен бирге өз эне

тилиндеги адабияттын түпкү мурастарын, маданиятын салыштырууга, тыянак чыгарууга үйрөтөт. Ички предметтик байланыштар адабий теориялык маселерди андан да терең түшүнүүсүнө жардам берет. Ал эми тышкы предметтик байланыштар болсо окуучуну ар тараптуу калыптандырууга, ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын өстүрүүгө, бир сөз менен айтканда көп жактуу интеллектин байытууга өбөлгө түзөт.

II глава боюнча корутунду

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта окутуу – окутуунун негизги принциптеринин бири болуп саналат. Дегеле улуттук мектептерде адабиятты окутууда салыштырып окутуу өзүнүн натыйжалуулугун берет деп көптөгөн окумуштуулар белгилеп кетишкен. Ушул мезгилге чейин кыргыз адабияты өзбек адабияты менен байланыштуу окутуу маселесине айрым мугалимдер, окумуштуулар (К.Акматов, К.Кимсанов, Т.Колдошов, С.Момуналиев, А. Муратов ж.б.) карашса, бул главада биз байланыштуу окутуунун дидактикалык талаптарын, принциптерин иштеп чыктык. Ал принциптердин сабакта натыйжалуу колдонулушу үчүн көптөгөн окумуштуулардын практикалык ойлоруна, тыянактарына таяндык жана эксперименттик тажрыйбада колдондук. Ошентип, өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуунун дидактикалык талаптары өзбек адабиятын окутуунун талаптарына дээрлик окшош экендигин белгилеп, бирок өзгөчөлүктөрү бар экендигин көрсөттүк. Ал эми өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын байланыштырып окутуунун натыйжалуу принциптери төмөнкүлөр деп эсептедик:

1. Өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын байланыштырып окутуунун жалпылык принциби.
2. Өлкө таанытуучулук принциби. Бул принцип өз ичине лингвоөлкө тааануу жана мекен тааануу подпринциптерин камтыйт.
3. Салыштырып-байланыштырып окутуу принциби.
4. Этномаданий билим берүү принциби.
5. Кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү же коммуникативдүүлүк принциби.
6. Кыргыз адабиятын өзбек адабияты жана башка предметтер менен интеграциялоо принциби.

Көрсөтүлгөн принциптерди таянуу менен Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу боюнча ыкмаларды сунуш кылдык. Сунуш этилген ыкмаларда жогорудагы принциптердин өлкө таанытуучулук, салыштырып-

байланыштырып окутуу, этномаданий билим берүү, кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү ж.б. принциптер камтылган.

Ошондой эле, бул главада кыргыз адабиятын окутууда өзбек жана кыргыз адабияттарын интеграциялап үйрөтүүнүн жолдору, ыкмалары жөнүндө сөз болот. Соңку мезгилде мектептерде предметтерди өтүү менен натыйжалуу ыкмалары сунуштала баштады. Алардын бири интеграциялоо аркылуу сабактарды өтүү.

М.Тешебаев: «...азыркы мектеп практикасында мугалимдер сабактарды предмет ичинде жана предмет аралык интеграциялоонун ар кандай жолдорун, ыкмаларын издеп жатышат» [134:126], - дейт. Чындыгында, кыргыз адабияты сабагын башка предметтер менен жана өзбек адабияты менен интеграциялоо сабактын эффективдүүлүгүн арттырат. Адабият предмети ички маани-мазмуну менен гана интеграцияланбастан, бир нече предметтер (адеп, тарых, экология, орус адабияты, сүрөт, музыка ж.б.) интеграцияланат. Ошондой эле, интеграциялап өтүүдө, албетте, өзбек адабияты четте калбайт. Өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын интеграциялоо аркылуу эки адабияттын өзгөчөлүктөрү жана өтүлүүчү чыгарманын маани-мазмунунун биримдиги, тилдик каражаттардын колдонулуу өзгөчөлүктөрү, адабий-теориялык маселелердин окшоштугу окуучуга тереңдетилип түшүндүрүлөт.

Биз бул главада кыргыз предметин өзбек адабиятын интеграциялап үйрөтүү боюнча 5-класстагы «Макал-ылакаптар» темасына кайрылып, айрым ыкмаларды сунуш кылдык жана ийримде сабак өтүүдө интеграциялоонун майнаптуу ыктарын стандарттуу эмес сабактын формасы менен «Жеңижок» темасы аркылуу көрсөттүк.

Жыйынтыктап айтканда, сабактын натыйжалуулугу түздөн-түз мугалимдин ишмердигине байланыштуу. Анткени, мугалимдин талбай изеденүүсү өзбек окуучусунун бир гана адабий билимдерин өркүндөтпөй, коомдо өз ордун табууга жол ачат.

III ГЛАВА. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИН ЖҮРҮШҮ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Учурда мектеп алдында чечилбеген маселелер абдан көп. Ал маселелердин эң башкысы бардык предметтер боюнча мыкты адис менен жана адистин сапаттуу иш алып баруусу үчүн колдонулуучу каражаттар менен камсыздандыруу болуп саналат. Республиканын көп мектептеринде жогоруда аталган маселелер дагы да болсо жолго коюлган жок. Демек, билим берүү системасында жогорку деңгээлдеги сапаттуу билим берилип жатат деп айта албайбыз.

Биздин педагогикалык тажрыйбалар окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн 5 мектепте жүргүзүлдү. Алар Ош облусунун Кара-Суу районунун Ч.Айтматов атындагы окуу-тарбия мектеп-комплекси, Ош шаарындагы №23 Панфилов атындагы мектеп-гимназиясы, Араван районунун С.Шарипов, А.Саломов жана Кара-Суу районуна караштуу Т.Алтыбаев атындагы орто мектептери.

Мектептерде кыргыз адабиятын окутуу жагы да бир нече проблемаларга тушуккан кези. Бул тууралуу С.Момуналиев мындай көз карашын билдирет: «Бүгүнкү күнү адабиятты окутуу багытынын алдында бир топ олуттуу проблемалар бар. Окумуштуулардын иликтөөлөрү боюнча да жана биздин баамыбызда да буларга төмөнкүлөр: көркөм чыгармаларды окууга болгон окуучулардын кызыгууларын жаратуу, окурмандык таасирге таянуу аркылуу окуучулардын окурмандык активдүүлүгүн ойготуу, окурмандык маданияттын жана көркөм табиттери менен эстетикалык табиттерин өркүндөтүү, кандай гана заман, коомдук түзүлүштөрдө болбосун чыгарманын эч качан жоготпоочу улуттук жана жалпы адамзаттык көркөм баалуулугунун маанисин сездирүү, сабактын түрдүү формаларын уюштуруу жана окутуу методдорун замандын талабына ылайык иргөө, тандоо, колдонуу, эң башкысы адамды – ар тараптуу жана гармоникалуу өнүккөн адамды калыптандыруу кирет» [99:12,13].

.

Ал эми жогорудагы маселелерди чечүүдө, белгилегенибиздей мыкты адистин, материалдык-техникалык базанын жетишпегендиги кейиштүү көрүнүш.

Илимий-изилдөө ишибиздин констатациялоочу жана жыйынтыктоочу эксперименти учурунда өзбек мектептеринин адис мугалимдердин жетиштүүлүгү, алардын окуу-усулдук китептери, техникалык каражаттар менен камсыздалышы, окуучуларга окуу китептери канчалык жеткендиги тууралуу абал аныкталды. Бул экспериментке Кыргызстандын түштүк аймагындагы Ош шаарынын жана Ош, Жалал-Абад облустарынын 20 мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери катышты жана алардын адистигин карап көргөндө ар кандай жыйынтыктарга ээ болдук. Өзбек тилдүү мектептерде негизги пайызды адис кыргыз тилчи мугалимдер эмес, жалпысынан орус тилчи, өзбек тилчи мугалимдердин окуткандыгы дагы байкалды.

Ошондой эле, өзбек мектептерде кыргыз тилин жана адабиятын окутуу жагын эки мезгилге бөлүп карооо болот: 2010-жылга чейинки мезгил жана 2010-жылдан кийинки мезгил. Мындай бөлгөнүбүздүн себеби, 2010-жылга чейин өзбек мектептерде бул предметти кыргыз улутундагы тажрыйбалуу жана жаш мугалимдер басымдуулук кылса, 2010-жылдан кийин кыргыз улутундагы мугалимдердин өзбек мектептеринде иштөөсү кескин түрдө азайган. Мындай мугалим жетишпей калган мектептерде кыргыз тили жана адабияты предметин «окуу планы аткарылыш керек» деген принцип менен сааттык өлчөмү (ставкасы) жетпей калган мугалимдерге берилди.

Түштүк аймактагы мындай саясий өткөөл мезгилде окуучулардын кыргыз адабиятын окуу жагы да психологиялык жактан да солгундап, окуучулардын бул предметке карата кайдыгер мамилесин жаратты.

Кыргыз адабиятын бөтөн тилдүү аудиторияга окутууда сөзсүз адис мугалимдердин сабак өтүшү жакшы көрсөткүчтөрдү берерине ынандык. Анткени, сырттан окуп билим алгандар же кошумча билимин өркүндөтүп сабак берип жаткан мугалимдер чыгармаларды балага түшүндүрүүдө баш-аламан

ыкмалардын колдонгондугун, сөздүктөр менен иштебегендигин, тилдик каражаттардын кандай колдонулуп жаткандыгына маани бербегендигин, эки элдин адабий мүмкүнчүлүктөрүн салыштырууда көптөгөн каталарга жол бергендигин же предметке тиешелүү айрым маселелерди таптакыр көз жаздымынан калтырганын байкадык. Экспериментке катышкан мугалимдердин 40%ын өзбек тилдүү мугалимдер түзөт, алардын 25%ы жазууда кыргыз тилинин грамматикасынан, сүйлөгөндө орфоэпиялык каталарды кетиришти.

Жогорудагы кемчиликтер менен кошо мугалимдер тигил же бул чыгарманы өтүүдө окуп берүү жана окуучуларга окутуу аркылуу түшүндүрөөрү аныкталды. Заманбап инновациялык-интерактивдүү ыкмалардын чар-жайыт колдонулушу да, окуучулардын чыгарманы толук түшүнүүсүнө бөгөт болду жана окуу программасындагы айрым бир чыгармалар таптакыр эле өтүлбөй калды. Жогорудагы көрсөткүчтөрдүн өз деңгээлинде болбошуна төмөнкү критерийлердин аткарылбагандыгы себеп болду:

- жогорку окуу жайларында улуттук мектептерде кыргыз тилин окутуу боюнча адистигине абитуриенттердин аз тапшырышы жана бюджеттик орундардын жоктугу;
- адистердин жоктугуна байланыштуу мектепте окуткан сабагынын белгилүү мерчеми толбогон мугалимдердин сабак алып окутушу;
- өзбек эли жыш жайгашкан жерлерге кыргыз улутундагы мугалимдердин барбашы жана өзбек тилдүү мугалимдердин сабак бериши.

Мугалимдердин жакшы сабак өтүшү үчүн маалымат булактарынын, окуу-усулдук колдонмолордун жана окуу китептеринин толук кандуу болушу сабактын натыйжалуулугун арттырат. Биз бул жагдайдын абалы канчалык деңгээлде экендигин карап чыкканда, төмөнкүдөй жыйынтыктар чыкты.

Таблица 3.1. – Өзбек тилдүү мектептердин окуу-усулдук, окуу китептери жана техникалык каражаттар менен камсыз болушу

Тематикалар боюнча жабдылышы	**Ош шаары боюнча**	**Ош облусу боюнча**	**Жалал-Абад облусу боюнча**
Окуу программасы	12%	8%	10%
Окуу-усулдук колдонмолор	20%	17%	15%
5-класстар үчүн окуу китеби	68%	67%	60%
6-класстар үчүн окуу китеби	63%	65%	67%
7-класстар үчүн окуу китеби	89%	93%	95%
8-класстар үчүн окуу китеби	94%	95%	98%
9-класстар үчүн окуу китеби	97%	96%	98%
Окуучулар үчүн кошумча көркөм адабияттар	52%	45%	37%
Техникалык каражаттардын (телевизор, акылдуу доска, проектор, DVD, CD дисктери ж.б.у.с)	40%	32%	28%

Мугалимдер үчүн окуу программалары менен камсыздоо өтө төмөн деңгээлде экендигин байкадык. Мугалимдердин көпчүлүгү китептин

мазмунуна карай эле, календардык-тематикалык планды түзүп, иш жүргүзүшөт. Айрым мектептердин китепканаларында кыргыз адабияты боюнча окуу программаларынын такыр жок экендиги да байкалды.

Эскерте кетчү жагдай, 7,8,9-класстардын «Кыргыз адабияты» окуулуктары 2011-жылы басмага сунушталып, 2012-жылы мектептерге таратылып берилди. Ошондуктан, китептин пайызынын көрсөткүчү кыйла жогору. Дагы бир айта кетчү маселе, 8-9-класска келгенде окуучулардын көпчүлүгүнүн мектептерден чыгып кетиши, класстарда баланын аздыгы да жогорудагы көрсөткүчтөрдү берди. Ал эми окуу-усулдук колдонмолорго токтолсок, шаардын мектептеринде (облусуна карабай) колдонмолордун китепканаларда бар экени аныкталды. Ал эми айылдык мектептерде дээрлик аз же жок учурлар да кезикти.

Окуучулардын кыргыз адабиятынын материалдарын кандайча кабыл аларын, жазуу жана оозеки формада канчалык түшүндүрүп берерин билүү максатында класстын өзгөчөлүгүнө карай 5-9-класстын окуучуларына фольклордон жана жазма адабияттан тексттер берилди. Бул эксперименттик бөлүктө өзбек-кыргыз тилдүү мектептин, орус-өзбек тилдүү жана өзбек тилдүү мектептин окуучулары катышты. 5-6-класска жомоктон үзүндүлөр, 7-8-класска Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасынан, 9-класска Жеңижоктун өмүрүнөн үзүндүлөр берилди. Мугалим балдарга тексттерди окуп, түшүндүрүп бергенден кийин, окуучулардын түшүнүүсүн оозеки сурады жана баяндама жаздырды. Ошондогу абал төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү көрсөттү:

Таблица 3.2. – Мектептер боюнча окуучулардын кыргыз адабиятынын материалдарын кабыл алуу абалы

Мектеп-тер	**Класс-тар**	**Топтор, деңгээлдер**	**Жазма кеби**		**Оозеки кеби**		**Жалпы тексттi түшүнүүсү**	
			Окуу-чунун саны	**% м-н**	**Окуу-чунун саны**	**% м-н**	**Окуу-чунун саны**	**% м-н**
Өзбек-	**5-6**	**текшерүүчү**	45		45		45	

кыргыз тилдүү мектеп-тер		**жогорку**	13	28,8	19	42,3	19	42,2
		ортоңку	17	37,7	18	40	20	44,5
		төмөнкү	15	33,5	8	17,7	6	13,3
	7-8	**текшерүүчү**	49		49		49	
		жогорку	20	40,8	28	57,2	25	51,0
		ортоңку	17	34,6	13	26,5	15	30,6
		төмөнкү	12	24,6	8	16,3	9	18,4
	9-10	**текшерүүчү**	37		37		37	
		жогорку	13	35,18	18	48,6	20	54,1
		ортоңку	14	37,8	12	32,45	12	32,4
		төмөнкү	10	27,02	7	18,9	5	13,5
Орус-өзбек тилдүү мектеп-тер	**5-6**	**текшерүүчү**	40		40		40	
		жогорку	18	45	21	52,5	21	52,5
		ортоңку	13	32,5	12	30	15	37,5
		төмөнкү	9	22,5	7	17,5	4	10
	7-8	**текшерүүчү**	39		39		39	
		жогорку	17	43,5	21	53,8	22	56,4
		ортоңку	16	41,2	13	33,4	11	28,2
		төмөнкү	6	15,3	5	12,8	6	15,4
	9-10	**текшерүүчү**	30		30		30	
		жогорку	17	56,6	21	70	22	73,4
		ортоңку	9	30,1	6	20	5	16,6
		төмөнкү	4	13,3	3	10	3	10
Өзбек тилдүү мектеп	**5-6**	**текшерүүчү**	35		35		35	
		жогорку	10	28,7	12	34,28	11	31,5
		ортоңку	15	42,8	17	48,5	14	40
		төмөнкү	10	28,5	6	17,17	10	28,5
	7-8	**текшерүүчү**	33		33		33	
		жогорку	10	30,3	9	27,4	9	27,2
		ортоңку	17	51,5	12	39,3	19	57,5
		төмөнкү	6	18,2	11	33,3	5	15,3

	9-10	**текшерүүчү**	36		36		36	
		жогорку	11	30,57	10	27,77	14	38,88
		ортоңку	15	41,66	17	47,22	13	36,12
		төмөнкү	10	27,77	9	25,01	9	25

Жогорудагы көрсөткүчтөргө токтоло турган болсок, кыргыз-өзбек тилдүү мектептердин окуучуларынын тексттин жалпы мазмунун жазып берүүсү, түшүнүүсү жана оозеки баяндоосу орус-өзбек жана өзбек тилдүү мектептин окуучуларынын билгичтигине салыштырмалуу бир аз жогору болгон. Демек, текстти түшүнүү жана жазуу отурукташкан калктын жайгашуусунан да көз каранды экендиги аныкталды.

Бул тажрыйбага Араван районунунун А.Саломов мектебинен 150 окуучу, Кара-Суу районунун Ч.Айтматов атындагы окуу-тарбия мектеп-комплекси 100, Ош шаарынын №23 Панфилов атындагы орто мектебинен 75 окуучу катышты.

Өзбек тилдүү мектептердин 5-класстарында биз сунуштаган ыкмалар менен «Акыл Карачач» жомогу, Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» поэмасы, 6-класстарга салт ырлары, 9-класстарга А.Саспаевдин «Татым туз» чыгармалары өтүлдү.

Байкоо класстарында чыгармалар салттуу ыкмалар менен түшүндүрүлүп, сөздүк менен иштөө, окуганын айтып берүү, сүйлөм түзүү сыяктуу ыкмалар колдонулган. Ал эми тажрыйба класстарында 5-класста «Акыл Карачач» жомогун өтүүдө, окуучулар «чечен» сөзүнүн маанисин чечмелешкен, топторго бөлүнүп, чыгарманы бөлүктөргө бөлүп окушкан, бири-бирине түшүндүрүшкөн, суроо беришкен, талкуулашкан, өзбек элинин жомоктору «Кедейдин кызы», «Хуснобад» менен салыштырышкан. Жаңы сөздөр менен иштешкен, аларды кебинде пайдаланып сүйлөөгө аракет кылышкан.

Ушул эле класста Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» поэмасы автордун позициясы менен интерпретацияланып, окуучулар алгач жер, суу, шамал, от, жамгыр жөнүндөгү түшүнүктөрүн, алардын адам баласына пайдалуу, зыян жактарын оозеки баяндап айтып беришкен. Тоголок Молдонун

өмүрү, чыгармачылыгына кызыгып, өз алдынча «Телибай тентек», «Кемчонтой» чыгармаларын окуп келишкен жана Тоголок Молдонун туулган күнүнө карата салтанаттуу кече уюштурушуп, «Жер жана анын балдары» поэмасын сахналаштырып аткарып, ырларын көркөм окушкан. Негизги жетишкендиктери болуп, чыгарманы терең түшүнүүгө, андагы окуяны сүрөттөп айтууга, өзбек элинин элдик оозеки чыгармачылыгынан, акындардын суу, жер, от, шамал жөнүндөгү ырларына салыштырууга, көркөм окууга үйрөнүшкөн.

6-класстарда «Каада-салт ырлары», «Эмгек ырлары» деген темалар өтүлөт, биз сунуштаган ыкма боюнча аудио-видео техникалык каражаттары колдонулуп, эки элдин бешик ырлары, балага арналган жөрөлгөлөрү, кишини акыркы сапарга узатуудагы ырым-жырымдар, кошоктун айтылышы, анын мааниси тууралуу маалымат алышкан. Эки элдин маданиятындагы жалпылыктарды, айырмачылыктарды, бешик ырларындагы тилдик каражаттардын окшоштугун, ырлардагы уйкаштыкты, айтылуу өзгөчөлүктөрүн билишкен. Салт ырлары аркылуу кыргыз элинин маданиятын таанып-билишкен. Ал эми эмгек ырлары «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаңды» үйрөтүүдө аудио каражаттар колдонулуп, балдардын обон созуп ырдоосуна, тууроосуна шарт түзүлгөн. Кыргыз элинин жакадагы, жайлоодогу жашоосу видеослайд менен чагылдырылып, окуучунун кыргыз адабиятына болгон кызыгуусу арткан жана Ош шаарынын, Ош облусунун мектептеринин арасында өткөрүлгөн 21-февраль – Бүткүл дүйнөлүк Эне тили күнүнө карата арналган фестивалда катышып, байгелүү орундарга ээ болушту.

9-класстарга А.Саспаевдин «Татым туз» чыгармасын интерактивдүү ыкмалардын бири «Тыным менен окуу» стратегиясы менен сабак өттүк. Мында негизинен балдарга чыгарма эмне тууралуу сөз боло тургандыгы жөнүндө багыт берилип, сабактын башында эссе жазууга жана чыгарманы окуп, түшүнүп бүткөндөн кийин кайра эссени жазуу тапшырмалары берилди. Бул тапшырмалар менен окуучунун чыгарманы түшүнгөнүн канчалык кагазга түшүрө алат, чыгармадагы берилген идеянын канчалык күчтүү экенин, татым

туздун адам баласынын жашоосундагы ролу жөнүндө, окуучунун чыгармага чейин ою жана чыгармадан кийинки ойлору талданып иликтенди. Натыйжада байкоо класстары менен тажрыйба класстарында фольклордук жана акын-жазуучулардын чыгармаларынын тексттерин түшүнүүдө байкоо класстарында көрсөткүчтүк пайыз орто эсеп менен 34,92% болсо, тажрыйба тобунда 10%га өсүш болгон.

Ал эми кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен байланышта окутуунун принциптерин ишке ашыруу боюнча бир нече ыкмаларды колдонуу менен принциптердин натыйжалуулугун аныктадык. Берилген принциптердин негизинде 5-6-класстарда Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуунун өзгөчөлүктөрүн карадык. Анда 5-класска Ч.Айтматовдун өмүрү-чыгармачылыгын, «Атадан калган туяк» аңгемесин окутууда, өлкө таанытуучулук, этномаданий билим берүү принцибинин негизинде окутулду. Өзбек окуучулары Ч.Айтматовдун өмүр-чыгармачылыгы менен өзбек адабияты сабагында тааныш болушат, ошондуктан аларга тааныш эмес маалыматтарды берүү максатында Ч.Айтматовдун «Балалыгым» чыгармасын сунуштадык. Окуучулар бул сабакта жазуучунун чоң энесинин сабаты ачылбаса да кошоктору, элдик ырларды, жомокторду айткандыгы жана дайыма ак элечек кийип жүргөндүгү, мындай элечекти нарктуу байбичелердин кийгендиги тууралуу айтылат. Окуучулар текстти тыным менен угушат. Кыргыздын үй-бүлөсүндөгү чоң эненин тарбиясы, балага карата мамилеси, элдик ырлар, кошоктор тууралуу талкуу жүргүзүшөт. Өздөрүнүн чоң энелерине салыштыруу мүмкүнчүлүгү артат. Экинчи тынымда элдин жайлоого көчкөндүгү, 5-6 жашар баланын тайга олтурушу, жайлоонун сүрөттөлүшү кыргыз элинин жашоосунан кабар берет. Жазуучунун балалыгы тууралуу айтылган аңгемеси өзбек окуучусун кайдыгер калтырбайт. Ал керемет жаратылышы бар Кыргызстанда туулганына жана улуу жазуучу Ч.Айтматовдун бала кезинен таасирлене алат. Бул сабакты өтүүдө жазуучунун китептерин, ал жөнүндөгү документалдуу фильмдерди, ырларды, сүрөттөрдү пайдаланса болот. Ошондой эле, кыргыз жаратылышын чагылдырган видеослайдды көрсөтсөк болот.

7-класстын окуу программасында А.Осмоновдун «Ата-Журт», «Ата-Журтум» ырлары окутулат, ушул эле ырлар өзбек адабиятында да сунушталат. Окуучулар ырдагы сөздүн табиятын кыргыз тилинде жана эне тилинде талдоого мүмкүнчүлүк ачылат. Котормодогу сөздөрдүн, уйкаштыктын канчалык ыктуу берилгендигин, сөздөрдүн лексикалык маанисин ача билишет. Ал эми кыргыз адабиятын, өзбек адабияты, кыргыз тили жана башка предметтерди кошуп интеграциялап өтүү ыкмасы ийримдин сабактарында пайдаланылды. Окуучуларга бул сабакта Жеңижоктун «Аккан суу» ыры өтүлгөн. Окуучулар сабакта адабияттын теориялык маселелери менен таанышкан, көркөм окушкан, сүрөт тартышкан, ырдашкан жана ролдук оюндарды аткарышкан. Ошондой эле окулган тексттин мазмуну география, биология, медицина, философия илимдери менен байланышып, окуучунун дүйнө таанымын жогорулаткан. Жыйынтыктап айтканда, байкоо класстардын текстти түшүнүү пайызы 54,43%ды түзгөн. Биз сунуштаган ыкмалардан кийин пайыздык көрсөткүч 12,43%га жогорулаган. Өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын салыштырып окутуу боюнча мындан башка бир топ эксперименттик тажрыйбалар өткөрүлдү жана өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөттү. Окуу өз эне тилиндеги чыгарма менен кыргыз адабиятындагы чыгарманы салыштыруу аркылуу:

- жазуучулардын өмүр-баянына кызыгат;
- чыгарманын жаралыш доорун аныктай алат, тилдик каражаттардын эки тилде колдонулушуна маани берет;
- каармандардын аракетин, портретин түзүүдө, оң же терс каармандарга ажыратууда, элдик айтуучулардын, жазуучулардын чыгармачыл дараметин байкай алат.
- троптун түрлөрүн эки тилде канчалык образдуу колдонулгандыгын ажыратат.
- бул же тигил чыгарманы салыштыруу аркылуу эки элдин жалпы маданияты менен кеңири таанышат ж.б.

- чыгармаларды салыштыруу аркылуу сөздүк кору байыйт, кеп чеберчилиги өнүгөт;
- салыштыруу аркылуу адабияттын – искусство катары орду чоң экендигин түшүнөт жана өз элинин патриоту болууга тарбияланат ж.б.у.с.

Жыйынтыктап айтканда, өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутууда мугалимге өтө чоң милдет жүктөлөт. Ал милдет биринчиден, коомго татыктуу инсанды тарбиялоо. Адабият сабагынын тышкы жана ички мазмуну менен окуучуну жакындан тааныштырып, сабакты окутууда жыйынтыктуу усулдарды пайдалануу жана тынымсыз чыгармачылык дарамет менен иштөө. Ушундай дем менен гана иштеп, кыргыз элинин керемет кеп чеберчилигин башка улуттун окуучусуна түшүндүрө алганыбызда гана, кыргыз жерин сүйгөн, ага ак дилден кызмат кылган келечектин мыкты инсандарын тарбиялай алабыз.

III глава боюнча корутунду

Бүгүнкү күндө баланы тарбиялоо боюнча мектеп алдына чоң милдеттер коюлган. Ал милдеттердин биринчиси коомго татыктуу инсандарды тарбиялоо болуп саналат. Ошондой эле, мектептин максаты коомдун, мамлекеттин керектөөсүнө жооп бериши шарт; алар окуучулардын психологиялык, биологиялык, социалдык керектөөлөрүнө шайкеш келип, максаттын конкреттүү мүнөзгө ээ болушу абзел жана аны жүзөгө ашыруу үчүн ага ылайык окутуу менен тарбиялоонун методдору колдонулушу керек; мектептеги билим менен коомдогу дайым өзгөрүп туруучу түрдүү шарттарга окуучулардын ыңгайлашууларына жана алардын өздөрүнө табият тартуулаган потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү толук колдоно билүүлөрүнө көнүктүрүүлөрү зарыл. Ошондой эле, «...окуучулардын өзүнө-өзү болгон кызыгуусун, ар кандай кырдаалда өзүн-өзү башкара алуусун, өзгөлөрдүн оюн сыйлоосун, турмуштун тынымсыз өзгөрүп туруусуна даяр болуусун, эмоционалдык ийкемдүүлүгү менен илимий ой жүгүртө билишин жаратуу, эң негизгиси, өзүн инсан катары таанып-билишин калыптандыруу да түйүндүү проблемалардан болуп калууда»[99:326].

Жогорудагы көрсөтүлгөн мектеп алдындагы проблемаларды чечүүдө мугалимдин орду чоң экендигин белгилейбиз. Ишибиздин үчүнчү главасында айтылгандай, мектептеги билим берүүнүн абалы адистен жана адис окутууда пайдаланган каражаттардан (окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор, көрсөтмө каражаттар, дидактикалык материалдар ж.б.у.с.), негизгиси, окутуунун майнаптуу ыкмаларын колдонуудан түздөн-түз көз каранды. Ошондой эле, кыргыз адабияты (анын ичинде кыргыз тили) предметине мектеп жетекчилигинин көңүл буруусу да негизги орунда турат. Анткени предметти окутууда материалдык жактан камсыздоо (окуу кааналары, техникалык каражаттардын, окуу-усулдук колдонмолордун ж.у.с. шарттардын), татыктуу адисти кызматка алуу чоң роль ойнойт.

Мектеп, үй-бүлөдөн кийинки тарбия берүүчү мекеме. Бала үй-бүлөдө жана мектепте татыктуу тарбия алса гана, ал коомдун мыкты инсаны боло алат.

Демек, адабият сабагынын башкы критерийи - инсанды тарбиялоо багыты, мектептин жүргүзүп жаткан принциптерин ишке ашырууда локомотив боло алат деп ишеничтүү айта алабыз. Ал үчүн мугалим өз билимин тынымсыз өркүндөтүү жана чыгармачылык жигердүүлүк менен иштөөсү абзел. Педагогикада белгиленгендей, мугалим кайсыл улуттун өкүлүнө сабак бербесин, андан балдарды чын дилден сүйүү менен окутуусу талап кылынат.

Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын жыйынтыктуу окутуунун негизги ыкмасы салыштырып окутуу. Өзбек адабияты менен кыргыз адабиятын салыштыруу аркылуу окутсак, окуучунун бир тараптуу гана билими өрчүбөстөн көп кырдуу билим алуусуна өбөлгө түзүлөт. Эксперименттик тажрыйбаларда бул тыянактар өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөттү. Ошону менен бирге адабият предмети боюнча кошумча иш-чараларды өткөрүү, ийримдин, факультативдик сабактарды өтүү өзбек окуучусунун кеп ишмердүүлүгүнүн бай болушуна, эл алдына чыгып сүйлөөдө кыргыз кебин туура сүйлөөсүнө, жазууда көркөмдөп сабаттуу жазуусуна жагдай түзүлөт.

Жогоруда адис маселесине токтолгонубуздун дагы бир себеби, сырттан окуу бөлүмүн бүтүргөн мугалимдердин сандык көрсөткүчү көп экендиги жана адабият предметин өзбек тили, адабияты мугалимдеринин өтүп жатканы да кейиштүү көрүнүш. Анткени, окуу курстарынан гана үстүртөн билим алып, кыргыз адабиятынын (ийне-жибине чейин десек, туура эмес болор), материалдарын түшүнүп-түшүнбөй окуучуларга түшүндүргөн сабатсыз мугалимдердин дале болсо көп экендигин тажрыйба жүргүзгөндө көрүп, ынандык. Ал эми өзбек тилдүү аймакка кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин жетишпестиги да бул предметтин өз деңгээлинде окутулбай жатканынан кабар берет. Предметтин кор болгону ушунчалык, аны башталгыч класстын мугалими да, тарых, эмгек мугалими да, жада калса, педагогдук кесиби жок маданият кызматкери да өтө берет.

Албетте, бул көйгөйлөрдү мектеп администрациясы колунан келишинче чечкенге аракет жасагандыр, бирок учурдагы саясий-экономикалык абал мыкты мугалимдердин иш таштоосуна, беш алган билимин базарда жана

каражат табуучу кызматка аламаштырганы мамлекет үчүн да билим берүү системасы үчүн да кейиштүү көрүнүш десек жаңылбайбыз.

ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР

Учурда өзбек мектептерде кыргыз адабиятын окутууда бир нече проблемалар бар экендиги, ал проблемаларды чечүүдө КР Билим берүү министрлигинин да, жергиликтүү бийликтин да, мектеп жетекчилигинин да орду бар экендигин белгилеп кетмекчибиз. Анткени, мектепте эң башкысы адис маселесин чечүү болуп саналат. Эгерде, ЖОЖдордо улуттук мектептерде кыргыз тилин жана адабиятын окуткан мугалимдерди даярдабасак, анда алы жеткендин баары эле кыргыз адабиятын окута беберине, бул предмет кыргыз элинин идеологиясын, рухий дүйнөсүн, маданиятын окуткан предмет катары эмес, жөн гана «өлбөстүктүн камын көргөн» предмет катары жашап каларына ынандык. Ал эми мектеп жетекчилиги бул маселеде ар кандай коррупциялык иштерге малынбай, кызматка жигердүү, чыгармачыл мугалимдерди алса, анда өзбек окуучуларынан кыргыз тилинде кеп маданияты өнүккөн, өз жерин, өз элин сүйгөн мыкты инсандар тарбияланып чыгарына шек жок деп айтабыз. Албетте, бардык эле жерде адис маселеси чечилген эмес дегенден алыспыз, бирок тажрыйба жүргүзгөндө бул маселе оор экендиги байкалды.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин улуттук мектептерге кыргыз тилин жана адабиятын окутуу маселеси мугалимдер үчүн да, окумуштуулар үчүн да кыйынчылык алып келгенин эмгектин жогорудагы мазмунунда сөз кылганбыз. Мектеп мугалимдердин тажрыйбасына жана өзүбүздүн көп жылдык иш стажыбызга, ошондой эле илимий-педагогикалык эксперименттердин тыянактарына таянып туруп, жалпысынан төмөнкүдөй корутундуларга келдик:

Бул эмгек өзбек мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун маселелерин изилдөө боюнча алгачкы эмгек болуп эсептелет жана кыргыз адабиятын окутууда чоң салым кошо алат.

Ошондой эле, эмгекте белгиленген максаттар толугу менен ишке ашты:

- Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабиятын окутуунун жалпы теориялык маселелери жалпыланды, аларга талдоо жүргүзүлүп, жыйынтыктар чыгарылды;

- Окуу программаларына анализ жүргүзүлүп, китеп түзүүгө карата сунуштар, сын-пикирлер берилди;
- Өзбек тилдүү мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун өзгөчөлүктөрүнө токтолуу менен окутуунун эффективдүү ыкмалары жана жолдору сунушталды;
- Өзбек жана кыргыз адабияттарын байланыштырып окутуунун дидактикалык талаптары жана принциптери иштелип чыкты;
- Окутуу өзбек тилиндеги мектептердеги кыргыз адабияты предметин окутуу боюнча жалпы абал эксперименттик тажрыйбалар аркылуу иликтенип, жалпылаштырылды.

Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын өзбек адабияты менен салыштырып окутуунун ыкмасы кыргыз адабиятын түшүнүүдө, окуучулардын тилдик каражаттарды талдоосунда, чыгарманы маанилик жактан түшүнүүдө эффективдүү болорун эксперименталдык тажрыйбалар көрсөттү. Ал эми кыргыз адабиятын өзбек адабияты жана башка предметтер менен интеграциялап өтүү ыкмалары окуучунун дүйнө таанымын ар тараптуу өнүктүрүүгө чоң салым кошот.

БИБЛИОГРАФИЯ

1. Абдыкадырова, М. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз адабияты сабагында эл акындарынын чыгармаларын үйрөтүүнүн методикасы (5-8-класстардын мисалында) [Текст]: пед.илим.канд.дис... / М.Абдыкадырова. – Б., 2011. – 198 б.
2. Абдырасулова, Э.Ч. Айтматовдун чыгармаларын V-VII класстарда окутуунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: пед.илим.канд.дис... / Э.Ч.Абдырасулова. – Б., 2007. – 196 б.
3. Абдухаликова, А.Г. Сопоставительное изучение произведений русской и татарской литературы в средней школе с русским (неродным) языком обучения: (этнолингвистический аспект) [Текст]: дис. канд. пед. наук/ А.Г. Абдухаликова. – Оренбург, 2002. – 215 с.
4. Абдухамидова, Б. А. Өзбек мектептеринин 1-4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кыргызча кеп адебине үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери [Текст]: пед.илим.канд.дис../ Б.А. Абдухамидова. – Б., 2007. – 189 б.
5. Адабиёт – дӯстлик кӯприги: умумтаьлим мактабларининг 5-8 синфлари учун мажмуа-кулланма [Текст] / С.Махсумханов, Р.Турсунов, М.Юлдашева, М.Холматова. – Б.: Ректайм, 2011. – 504 б.
6. Адылбек кызы Г. Көп кырдуу маданий билимдүүлүк – көп улуттуу мамлекеттин туруктуулукка алган багыты. [Текст] / Г.Адылбек кызы // Кыргызстандагы билим берүү системасы: кечээ, бүгүн жана эртең: Симпозиумдун материалдары. – Б.: Алтын тамга, 2007. – 25-б.
7. Азимова, Г. Орто мектептердеги окуу куралдарынын сапаты жана мазмуну. [Текст] / Г.Азимова // Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин стратегиялык мааниси жана окуу куралдарынын сапаты: Симпозиумдун материалдары.- Б., 2009. – 98-100-бб.
8. Айтматов, Ч.Т. Чыгармаларынын жыйнагы. [Текст] / Ч.Айтматов //5-том. Роман, аңгеме / түз. А. Акматалиев. Б.: Бийиктик, 2008. – 503 б.

9. Айтматов, Ч.Т. Чыгармаларынын жыйнагы. [Текст] / Ч.Т.Айтматов // 6-том. Роман, аңгеме/ түз. А. Акматалиев. Б.: Бийиктик, 2008. – 512 б.
10. Айтматов, Ч.Т. Чыгармаларынын жыйнагы. [Текст] / Ч.Т.Айтматов // 7-том. Роман, аңгеме / Түз. А. Акматалиев. Б.: Бийиктик, 2008. – 528 б.
11. Акматова, А. Орус тилдүү мектептер үчүн кыргыз тил окуу китептерин түзүүнүн илимий негиздери [Текст]: пед.илим.канд.дис... / А.Акматова. – Б., 2010. – 189 б.
12. Акматова, А. Кыргыз тилин өзбек мектептеринде окутуунун учурдагы абалы. [Текст] / А.Акматова // «Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы» илимий журналы. 2004. №3. – 12-13-бб.
13. Акматов, К. Элдик оозеки чыгармачылыкты өзбек мектептерде окутуу. [Текст]: усулдук колдонмо / К.Акматов, Т.Колдошов. – Ош, 2009. – 64 б.
14. Акыбаева, В. Мамлекеттик тилдин улуттук мектептерде окутулушу жана аны өткөрүүгө карата ой-толгоолор. [Текст]: маалымат-методикалык жыйнак / В.Акыбаева. – Ош, 2008. №3. – 18-б.
15. Алымов, Б.А. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы [Текст]: ЖОЖдун фил.факультетинин студ.үчүн окуу китеби / Б.А.Алымов. – Ф.: Мектеп, 1981. – 220 б.
16. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы [Текст]: ЖОЖдун фил.факультетинин студ.үчүн окуу китеби / Б.Алымов. – Ф.: Мектеп, 1984. – 336 б.
17. Антонова, А. Взаимосвязанное изучение русской классической и калмыцкой литератур в 5-8-классах общеобразовательных школ Республики Калмыкия. [Текст]: дис....канд.пед.наук / А.Антонова: 13.00.02. – М., 2008. – 218 с.
18. Аширбаев, Т. Кыргыз тили. 7-класс [Текст]: Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китеби / Т.Аширбаев, А.Кадырова, Г.Ашимбаева. – Б., 2002. – 96 б.

19. Бабанский, Ю.К. Методы обучения в современной общеобразовательной школе [Текст]: научное изд. ⁄ Ю.К.Бабанский. – М. : Просвещение, 1985. – 208 с.
20. Бамбаева, В.Б. Взаимосвязанное изучение калмыцких, бурятских и русских сказок на уроках родной литературы в 5-7-классах школ Республики Калмыкия. [Текст]: дис....канд пед наук: 13.00.02⁄ В.Б.Бамбаева.– М., 2003. – 301 с.
21. Байсабаев, Б. Жогорку класстарда Ч. Айтматовдун өмүрүн-чыгармачылыгын окутуунун илимий-методикалык негиздери. [Текст]: пед.илим.канд.дис...⁄ Б.Байсабаев. – Б., 2000. – 220 с.
22. Байтикова, Б. Өзбек мектептеринде кыргыз адабиятын окутуунун жолдору [Текст]: Окуу-усулдук колдонмо⁄ Б.Байтикова. – Ош, 2014. – 158 б.
23. Батаканова, С.Т. Лирикалык жанрдагы чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрү [Текст]⁄ С.Т.Батаканова.⁄ – Б.: Молор, 2003. – 20-б.
24. Батаканова, С.Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери [Текст] ⁄: монография С.Т.Батаканова. ⁄ – Б.: Кут бер, 2010. – 287 б.
25. Бахтин, М.М. Эстетика словесного творчества. [Текст]⁄ М.М. Бахтин // – М.: Искусство, 1979. – 424 с.
26. Бекбоев, И. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. [Текст] ⁄ И.Бекбоев, А.Алимбеков // Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Б.: Бийиктик, 2011. – 192 б.
27. Бекембай Апыш. Дидактика [Текст] ⁄ Бекембай Апыш // ЖОЖдордун студенттери жана мугалимдер үчүн колдонмо.–Б.: «Мектеп», 2006.–108 б.
28. Беленький, Г.И. Теория литературы в средней школе [Текст] ⁄ Г.И.Беленький// – М.: Просвещение, 1976. – 22 с.
29. Беленький, Г.И. Методическое руководство к учебнику-хрестоматии «Родная литература» для VIII класса [Текст] ⁄ Г.И.Беленький. // – М.: Просвещение, 1986. – 253 с.

30. Библер, В.С. Мышление как творчество [Текст]/ В.С. Библер // Введение в логику мысленного диалога. М.: Наука, 1975. – 199 с.
31. Биздин адабият. 5-класс үчүн окуу китеби [Текст] / Түз. Маленов Б., Садабаев А. // 13-бас. Ф.: «Мектеп», 1986. – 380 б.
32. Бурсов, Б. Национальное своебразие русской литературы [Текст] / Б.Бурсов // М., – Л., 1964. – 396 с.
33. Богданова, О.Ю. Методика преподавания литературы [Текст] / О.Ю.Богданова, В.Г.Маранцман. – М., 1995. – 123 с.
34. Гачев, Г.Д. Национальные образы мира [Текст] / Г.Д.Гачев // Курс лекций. – М.: Akademia, 1988. – 234 с.
35. Голубков, В.В. Методика преподавания литературы [Текст] / В.В.Голубков. – М.: Учпедгиз, 1962. – 492 с.
36. Веселовский, А.Н. Историческая поэтика [Текст] / А.Н.Веселовский // М.: Высшая школа, 1989. – 649 с.
37. Восприятие и изучение литературного произведения в средней школе [Текст] / под ред.д-ра пед.наук. Н.И.Кудряшева. – М.: Педагогика, 1973. – 560 с.
38. Голубков, В.В. Методика преподавания литературы [Текст] / В.В.Голубков.– М.: Учпедгиз, 1962. – 492 с.
39. Добаев, К. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууга арналган окуу китептеринин мазмуну жана түзүмү. [Текст]: окуу китептерин түзүүчүлөр үчүн усулдук сунуштар / К.Добаев, А.Акматова, Р.Сулайманова. – Б.: Бийиктик, 2009. – 90 б.
40. Жаныбеков, Ж. Кыргыз ойчулдары. [Текст] / Ж. Жаныбеков. – Ош, 2004. – 134 б.
41. Жеңижок: Ырлар, айтыштар. [Текст] / Түз. А.Жусупбеков. //- Б.: Бийиктик, 2006. – 313 б.
42. Жижина, А.Д. Требования к личности и профессиональной подготовке учителя. Методика преподавания русской литературы в национальной

школе [Текст] / под. ред. М.В.Черкезовой и А.Д.Жижиной.– Ленинград.: Просвещение, 1984. – 311 с.

43. Жирмунский, В.М. Сравнительное литературоведение. Восток и Запад [Текст]/В.М. Жирмунский. – М.: –Л., 1979. – 497 с.
44. Зальдинер, М. Методика преподования русской литературы в старших классах национальной (узбекской) школы. [Текст]/М.Зальдинер, Л.Тодоров, Ф.Губина, под общей ред. проф. М.А. Зальдинера.– Ташкент: «Укитувчи», 1980. – 295 с.
45. Збарский, И.С. Внеклассное чтение по литературе. (IV-VIII кл.) [Текст]: пособие для учителя / И.С.Збарский, В.П.Полухина.- 2-е. изд., доп.– М.: Просвещение, 1980. – 208 с.
46. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши [Текст]/К. Иманалиев – Ф.: «Мектеп», 1981. – 144 б.
47. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176 б.
48. Иманалиев, К. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери [Текст] /К.Иманалиев.– Ф.: «Мектеп», 1973. – 208 б.
49. Инновациялык билим берүү: абалы жана келечеги IV илимий симпозиумдун материалдары. [Текст]/Б.: 2012. – 180 б.
50. Исаков, Б. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 8-кл. үчүн окуу китеби. [Текст]/Б. Исаков, Б.Исакова.// 2-бас. «Билим + компьютер». 2007. – 384 б.
51. Исаков, Б. Кыргыз тили: 7-9-кл. үчүн окуу китеби. [Текст]/Б.Исаков // 1-бас.– Б.: Педагогика, 2002. – 352 б.
52. Исаков, Б. Кыргыз тили: 10-11-кл үчүн окуу китеби. [Текст]/Б.Исаков // – Б.: «Билим- компьютер», 2012. – 448 б.
53. Исамидинов, И.Ч. Кыргыз орто мектептеринде Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын үйрөнүүнүн процессинде окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруу [Текст] / И.Ч.Исамидинов. – Б.:Илим, 1993. – 244 б.

54. Исамидинов, И.Ч. Кыргыз мектептеринде адабият теориясын окутуу [Текст] / И.Исамидинов. – Б.: Архи, 2004. – 111 б

55. Ирисов, П. Ырчылар чыгармачылыгы: Окуу китеби. [Текст] / П.Ирисов – Б.: «Бийиктик» 2004. – 212 б.

56. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги: Окумуштуулар, мектеп мугалимдери жана ЖОЖдордун филол.фак. студ. үчүн. [Текст] / Н.Ишекеев. – Б., 2011. – 216 б.

57. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары: Окумуштуулар, мектеп мугалимдери жана ЖОЖдордун филол.фак. студ. үчүн. [Текст] / Н.Ишекеев. – Б., 2010. – 168 б.

58. Йўлдошев, Қ. Узбек адабиети: Умумий ўрта таьлим мактабларининг 7-синфи учун дарслик-мажмуа. [Текст] / Қ. Йўлдошев, В. Қодиров, С.Холтўраев. – Б., 2012. – 308 б.

59. Йўлдошев, Қ. Узбек адабиети. 6-синф учун. [Текст] /Қ. Йўлдошев, В. Қодиров, Б. Еркинова, Ж. Йўлдошбеков. Б.: «Учкун», 2008. – 332 б.

60. Йўлдошев, Қ. Узбек адабиети. 8-синф учун. [Текст] / Қ. Йўлдошев, С.Махсумхонов, В. Қодиров. Б.: «Учкун», 2012. – 400 б.

61. Кангельдиев, Н. Орто мектептин IV-VI класстарында эл чыгармаларын үйрөнүү [Текст]/Н.Кангельдиев. – Ф., 1985. – 135 б.

62. Каниметов, А.К. Школы интернациональной школы (Из опыта школ Киргизии с разноязычным обучением). [Текст] / А.К. Каниметов, А.В.Трусковец, Л.А.Шейман – Ф.: Мектеп, 1981.

63. Караван чудес: Узб. нар. сказки. (пер. с узб.) [Текст] / Под. общ. ред. М.Шевердина.– Т.: Издательство лит. и искусства, 1984. – 256 с.

64. Кебекова, Б. Кыргыз элинин каада-салт ырлары. [Текст]/ Б.Кебекова – Б.: «Шам», 2001. – 11-б.

65. Конрад, Н.И. Восток и Запад. [Текст]/ И.Н.Конрад. – М.: Наука, 1972. – 496 с.

66. Корсунский Е.А. Психология литературного творчества школьников. [Текст]/ Е. А. Корсунский. – Л.: Просвещение, 1983. – 90 с.

67. Култаева, Ү. Кыргыз адабияты сабагында жогорку класстардын окуучуларынын билимин тереңдетүү максатында предмет аралык байланышты колдонуунун методикасы [Текст]: пед.илим.канд.дис... ⁄ Ү.Култаева. – Т.: 1989. – 190 б.
68. Кудряшев, Н.И. Взаимосвязь методов обучения на уроках литературы [Текст]⁄ Н.И.Кудряшев. – М.: Просвещение, 1981. – 189 с.
69. Кулагин, П.Г. Межпредметные связи в процессе обучения [Текст] ⁄ П.Г.Кулагин. – М.: Просвещение, 1981. – 96 с.
70. Кыргыз адабиятынын программасы. Өзбек мектептеринин 5-9-класстары үчүн [Текст]⁄түз. Ж.Шериев, С. Момуналиев. – Ош: ОшКУУ, 2009.–28 б.
71. Кыргыз тилинин программасы. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 4-9-класстары үчүн [Текст] ⁄Түзүүчү: З.Тагаева, А.Акматова, Т.Аширбаев. - Б., 1997. – 25 б.
72. Кыргыз адабиятынын программасы: окутуу өзбек тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептердин V- XI класстары үчүн [Текст] ⁄ Түз: А.Муратов, К. Акматов⁄Программа. – Б., 2008. – 48 б.
73. Кыргыз адабиятынын программасы. Өзбек мектептеринин 5-11- класстары үчүн [Текст]⁄түз.С. Момуналиев. – Ош: ОшКУУ, 2011. – 32 б.
74. Кыргыз адабияты: 10-кл. үчүн кыргыз адабиятынын сынакка коюлган хрестоматиялык окуу китеби. [Текст]: окутуу мамлекеттик тилде жүргүзүлбөгөн (орус, өзбек, тажик ж.б.) мектептерге арналат / түз. А.Ж.Муратов, Б.А.Кыдырбаева. – Б., 2009.
75. Кыргыз тили, адабияты жана аларды окутуу [Текст] ⁄ жооптуу ред.–түз. А.Муратов. - Б., 2007.
76. Кыргыз тилинин программасы. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-11-класстары үчүн [Текст] ⁄ түз. Т. Аширбаев, С.Рысбаев, З.Тагаева, А.Акматова, Б.Абдухамидова. – Б., 2007. – 40 б.
77. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст]⁄ КРУИАнын корреспондент-мүчөсү, фил. ил. док., проф. А. Акматалиевдин жалпы редакциясынын астында. – Б.: AVRASYA JAYINCILIK, 2010. – 1460 б.

78. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. [Текст] /Программа. – Бишкек, 2006. – 307 б.
79. Мадаминов, Г. Устаттык өнөрү [Текст] / Г.Мадаминов. – Б.: «Билим – компьютер», 2011. – 136 б.
80. Мальцева, К.В. Развитие устной речи учащихся на уроках литературы: [Текст]: пособие для учителя/К.В.Мальцева. – К.: Родная школа, 1987
81. Мамбетакунов, Э., Педагогиканын негиздери [Текст]: окуу китеби / Э.Мамбетакунов, Т.Сияев. – Б., 2008. – 304 б.
82. Мамлекеттик тил боюнча расмий материалдардын жыйнагы. Кыргыз жана орус тилдеринде [Текст] / Расмий материалдардын жыйнагы. – Б.: Бийиктик, 2006. – 100 б.
83. Мамлекеттик тил – менин сыймыгым (1989-2014). / Түзгөндөр: А.Телекманова, Б. Байтикова, Н. Балтабаева. [Текст] / түз. А.Телекманова, Б. Байтикова, Н. Балтабаева. – Ош: 2014. – 100 б.
84. Маранцман, В.Г. Труд читателя. От восприятия к анализу литературного произведения. [Текст]/В.Г.Маранцман. – М.: Просвещение, 1986. – 128 с.
85. Маранцман, В.Г. Анализ литературного произведения и читательское восприятие школьников (Методическое пособие). [Текст]/В.Г.Маранцман. – Л.: ЛГПИ им. А.И. Герцена, 1974. – 176 с.
86. Миңбаев, К. Курак жана педагогикалык психология. [Текст]/К.Миңбаев.. – Ош:1992. – 167 б.
87. Межпредметные связи при изучении литературы в школе. [Текст] / Е.Н. Колокольцев, А.В. Дановский, М.А. Дмитриева и др.– М.: Просвещение, 1990. – 234 с.
88. Методы обучения в современной школе: Сб. статей. [Текст]/И.В.Душина, Р.Г.Иванова, В.И.Капинос и др.: под ред. Н.И.Кудряшева. –М.: Просвещение, 1983. – 150 б.
89. Методика преподавания литературы. [Текст] / под ред. З.Я. Рез.– М.: Просвещение, 1977. – 145 б.

90. Методика обяьснительного и литературного чтения в национальной школе. Пособие для учителей национальных школ союзных республик. [Текст] / Под.ред. К.В. Мальцевой и З.С. Смелковой. – Л.: Просвещение, 1978. – 262 с.
91. Методика преподавания русской литературы в старших классах национальной школы. Пособие для учителей национальных школ союзных республик. [Текст] / Под ред. К.В. Мальцевой И.Е.Каплана.– Л.: Просвещение, 1979. – 368 с.
92. Молдогазиев, Т. Элдик оозеки чыгармаларды V –VI окутуу: Кырг. адаб. мугалим. үчүн метод. колдонмо. [Текст] / Молдогазиев Т. – Ф.: Мектеп, 1988. – 152 б.
93. Момуналиев, С. Кыргыз адабияты: Хрестоматия: Окутуу өзбек тилде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-кл. үчүн окуу китеби. [Текст] / С.Момуналиев. – Уш – Б.: 2004. – 144 б.
94. Момуналиев, С. Кыргыз адабияты. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-класстары үчүн окуу китеби. [Текст] / С.Момуналиев.– Б.: Учкун, 2008. – 168 б.
95. Момуналиев, С. Кыргыз адабияты: (Хрестоматия-окуулук): Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-классы үчүн окуу китеби. [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2012. – 216 б.
96. Момуналиев, С. Кыргыз адабияты: (Хрестоматия-окуулук): Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби. [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2012. – 232 б.
97. Момуналиев, С. Кыргыз адабияты: (Хрестоматия - окуулук): Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 9-классы үчүн окуу китеби. [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2012. – 216 б.
98. Момуналиев, С. Орто мектептердеги лирика. (1-китеп): [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2008. – 158 б.
99. Момуналиев, С. Орто мектептердеги лирика. [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2014. – 592 б.

100. Момуналиев, С. Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык-методикалык негиздери. Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати. [Текст]/С.Момуналиев. – Б.: 2011. – 40 б.

101. Муратов, А. Ааламдашуу, адам жана адабият / Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин стратегиялык мааниси жана окуу куралдарынын сапаты. [Текст]/А.Муратов. Симпозиумдун материалдары. – Б.: 2009.

102. Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. [Текст]/ А. Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 554 б.

103. Муратов, А. Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары. [Текст] / А.Муратов. – Б.: Айат, 2009. – 176 б.

104. Муратов, А. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу. Текст]/ А. Муратов. – Б.: Айат, 2009. – 116 б.

105. Муратов, А. Адабият – ыйман сабагы: (А.Осмоновдун жана Ч.Айтматовдун чыгармаларын V-VI кл. окутуу б-ча метод. колдонмо) [Текст]/ А. Муратов.– Б.: Мектеп,1992. – 144 б.

106. Мурзакметов, А. Кыргыз ырым-жырымдары. [Текст] / А.Мурзакметов. – Ош: 2005. – 75 б.

107. Мурзакметов, А. Эл достугу – деңиз. [Текст]/ А.Мурзакметов. «Шоокум» – илим, турмуш жана маданият журналы. – 2013-жыл, №12. – 12-13-бб.

108. Мурзакметов, А. Кыргызстандык өзбектердин каада-салттары, ырым-жырымдары жана ишенимдери. [Текст]/ А.Мурзакметов. – Ош: 2012. –120 б.

109. Мурзакметов, А. Кыргыз-өзбек этномаданий жалпылыктары. [Текст] / А.Мурзакметов. – Ош: 2015. –140 б.

110. Мурас: [Текст] / Түз. М.К. Абдылдаев. редкол. А. Алдашев, З. Бектенов, Т. Иязалиев. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 448 б.

111. Мырзабаева, Н. Мамлекеттик тилди бөтөн тил катары окутуудагы класстан тышкаркы иштердин ролу жөнүндө. [Текст] / Н.Мырзабаева. Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы №3. – ОшМУ «Билим» басма борбору, 2004. – 45-46-бб.

112. Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин I-XI класстары үчүн кыргыз тилинин программасы / Түз.: Т. Аширбаев, С. Рысбаев, З.Тагаева, А. Акматова, Б. Абдухамидова. [Текст] / Программа. – Бишкек-Ош, 2007. – 32 б.

113. Оторбаев, Б.К. Адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод-ыкмалары, кызматташуу педагогикасы [Текст] / Б.К.Оторбаев. – Б.: 2008. – 96 б.

114. Оторбаев, Б.К. Адабиятты мектепте интерактивдүү окутуу. [Текст] / Б.К.Оторбаев.– Б.: Айат, 2012. – 6-б.

115. Оторбаев, Б.К. Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары. [Текст] / Б.К.Оторбаев. – Бишкек: Айат, 2010. –124 б.

116. Педагогикалык-психологиялык сөздүк [Текст] / түз. С. Момуналиев.– Б.: 2014. – 182 б.

117. Проблемы преподавания русской литературы [Текст] / под. ред. М.В.Черкезовой и И.В.Андреевой. – Ленинград, 1989. – 208 с.

118. Рыбникова, М. Очерки по методике литературного чтения [Текст]: пособие для учителя / М. Рыбникова // Изд.4-е, испр.– М.: Просвещение, 1985 . – 313 с.

119. Рыжеволова, А.В. Изучение русской литературы в взаимосвязах с родной литературой учащихся. [Текст] / А.В. Рыжеволова. – М.: Учпедгиз, 1963. – 143 с.

120. Рысбаев, С. Элдик балдар ырларындагы эмгекке тарбия берүү боюнча этнопедагогикалык идеялар [Текст] / С. Рысбаев // ОшМУнун Жарчысы илимий журналы. – 2004. - №3.

121. Рысбаев, С. Окуучунун сүйлөө ишмердиги (теориялык жана практикалык маселелер). [Текст] / С.Рысбаев, А.Акматова. (оңдолуп, толукталып 2-бас.) – Б., 2013. – 335 б.

122. Рысбаев, С. Окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун концепциясы. [Текст] / С.Рысбаев, К. Добаев, Б. Абдухамидова // Мугалимдер дүйнөсү гезити. – 2011. – №7-8.

123. Рысбаев, С.К. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстарында кыргыз тилин окутууда окуучулардын маек кебин өстүрүү жолдору [Текст]: пед илим.канд.дис... / С.К. Рысбаев. – Б., 1995. – 280 б.

124. Русский язык и литература в национальной школе: Из опыта изучения русского языка и литературы в союзных республиках. [Текст] / Сост. С.С. Шамсутдинова, В.М. Панькин. – Л.: Просвещение, 1983. – 125 б.

125. Саалаев, Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / Ө. Саалаев. – Б., 2009. – 128 б.

126. Сабаева, К. Мукай Элебаевдин чыгармаларын окутуу: Мугалимдер үчүн [Текст] / К. Сабаева. – Ф.:1979. – 100 б.

127. Саримсаков Б. Узбек адабиёти. 6-синф учун дарслик мажмуа. [Текст] / Б. Саримсаков, Т. Халилов, Б. Курбонбоев. – Ташкент: «Укитувчи» 1995. – 351б.

128. Сманбаев А. Кыргыз адабияты: Орто мектептердин 6-кл. Үчүн хрестоматия окуу китеби. 3-бас. [Текст] /А. Сманбаев, Н. Ишекеев. – Б.: «Учкун» 2007. – 320 б.

129. Сияев, Т.М. Ийгилик булагы. Рефлексия. [Текст] / Т.М.Сияев. Б.: 2016. – 85 б.

130. Смелкова, З.С. Слово в художественном тексте: Преодоление языковых трудностей при изучении русской литературы в национальной школе. [Текст] / З.С.Смелкова. – М.: Просвещение, 1980. – 262 с.

131. Сухомлинский, В. А. Тарбия жөнүндө [Текст] / В. А. Сухомлинский авт. ж-а түз. С. Соловейчик; котор. Д. Орозалиев – Ф.: Мектеп, 1985. – 268 б.

132. «Таалим» илимий-практикалык журналы. 2012-ж., №1

133. Тагаева, З. Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу. [Текст] / З.Тагаева.– Ош, 2008. – 204 б.

134. Тешебаев, М. Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери (5-7-класстар) [Текст]: пед.илим.канд.дис... / М.Тешебаев. – Б., 2010. – 185 б.

135. Тоголок Молдо: Изилдөөлөр. Эскерүүлөр. Жаштар үчүн [Текст] / Түз. С.Кайыпов. – Б.: Адабият, 1991. – 224 б.

136. Турдугулов, А. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу [Текст] / А.Турдугулов. – Б.: Кыргызстан, 1996. – 184 б.

137. Турсунов, Р. Узбек адабиёти: 5-синф учун. [Текст] /Р. Турсунов, С.Махсумханов. – Б.: Азур, 2010. – 304 б.

138. Үсөналиев, Т. Кыргыз тилин канткенде жакшы окутабыз (кайрадан кыргыз тили жана улуттук адабиятынын, мамлекеттик тилди окутуунун маселелери жөнүндө.) [Текст]: Метод. макала / Т.Үсөналиев // Кутбилим. – 2009. – №11(10328). - 20-март. – 7-б.

139. Окутуу процессинин эффективдүүлүгү үчүн макалалар жыйнагы [Текст] – Ф.: «Мектеп», 1981

140. Хакуашева, М. Сопоставительное изучение произведений русской и родной литератур в 5-7 классах общеобразовательных учреждений Кабардино-Балкарской Республики. [Текст] дис...канд.пед.наук / М.Хакуашева. – М., 2005. – 190 с.

141. Хайруллин, Р.З. Национальная школа: взаимосвязанное изучение литератур [Текст]: пособие для учителя / Р.З. Хайруллин. – М., 1995

142. Черкезова, М.В. Русская литература в национальной школе: Принцип общности и национального своеобразия литератур народов СССР: в процессе преподавания русской литературы [Текст] / М.В.Черкезова.– М.: Педагогика, 1981. – 152 с.

143. Черкезова, М.В. Методика преподавания русской литературы в 5-8 классах. [Текст] / под.ред.М.В. Черкезовой, А.Д. Жижиной. – Л.: 1984. – 243 с.

144. Шаимкулов, О. Адабияттык окуу курсунда повесть жанрын окутуунун методикасы [Текст]: пед.илим.канд.дис... / О. Шаимкулов.– Б., 2004.–200 б.

145. Шейман, Л.А. Основы методики преподавания русской литературы в киргизской школе: [Текст] / Л.А. Шейман. Пособие для учителей. Ч.1. Ф.: – Мектеп, 1981. – 238 с.

146. Шейман, Л.А. Основы методики преподавания русской литературы в киргизской школе: [Текст] / Л.А.Шейман. Пособие для учителей. Ч.2.– Ф.: – Мектеп, 1981. – 249 с.

147. Шарипова, М.С. Өзбек мектептеринде кыргыз алиппесин окутуу (методикалык колдонмо). [Текст] / М.С.Шарипова.– Б.: Бийиктик, 2013. – 42 б.

148. Шарипова, М. С. Өзбек мектептеринде кыргыз алиппесин окутуу. [Текст]: пед.илим.канд.дис... / М. С. Шарипова. – Б.: 2009. – 182 б.

149. Язовицкий, Е.В. Выразительное чтение как средство эстетического воспитания [Текст] / Е. В. Язовицкий. – М.: Учпедгиз, 1963. – 412 с.

ТИРКЕМЕЛЕР

1-тиркеме

Өзбек мектептеринде кыргыз адабияты боюнча ийримдин сабагынын план-иштелмеси (5-9-класстар)

Сабактын темасы: Жеңижок

1. Сабактын билим берүүчүлүк максаты

1.1. Жеңижоктун өмүрү-чыгармачылыгы жөнүндө маалымат берүү, ырларынын философиялык маанисин ачуу.

1. 2. Адабият теориясы менен тааныштыруу.

2. Сабактын өркүндөтүүчүлүк максаты:

2.1. Адабий тилдин нормасында сүйлөөгө, орфоэпиялык эрежелерди сактоого көнүктүрүү;

2.2. Оозеки жана жазуу кебинин сабаттуулугун калыптандыруу.

2.3. Көркөм окууга, эл алдына чыгып сүйлөөгө үйрөтүү.

3. Сабактын тарбия берүүчүлүк максаты:

3.1. Жеңижоктун өмүрү-чыгармачылыгы аркылуу мекенчил болууга, жаратылышты барктоого, өмүрдү, сүйүүнү даңктоого тарбиялоо.

3.2. Берилген тексттер аркылуу ыймандуулукка, адептүүлүккө тарбиялоо.

3.2. Топтордо иштөө аркылуу ынтымактуулукка, бирин-бири уга билүүгө тарбиялоо.

Күтүлүүчү натыйжалар:

Окуучулар сабактын аягында:

- акындын чыгармачылыгы аркылуу сөздүк корун байытышат;
- көркөм окууга, текстти тилдик жактан талдоого көнүгүшөт.

Сабактын тиби: аралаш.

Сабакта колдонулуучу усул-ыкмалар: СОнун усулдарынан пайдалануу, баяндоо, аңгемелешүү, талкуу, суроо-жооп, топтордо иштөө, атаандашуу.

Сабактын жабдылышы: тапшырмалар боюнча атайын даярдалган таратмалар, ватмандар, улуу акын Жеңижоктун китептери, көркөм адабияттар, маркер, тексттер, ватман, сүрөттөр.

Уюштуруу (2 мүнөт)

Муз жаргыч.«Накыл кеп» топтому

Муз жаргычтын максаты:

Накыл кептер аркылуу тарбия берүү жана көркөм окууга машыктыруу

Мугалим окуучуларга муз жаргычтын жүрүшүн түшүндүрөт. Мында акын Жеңижоктун «Насыят» деген ыры саптарга бөлүнүп, эки топто окулат. Ыр саптары мугалим тарабынан окуучуларга таратылат. Бул ырдын берилиши аркылуу мугалим жаңы теманы өтүүгө багыт берет, айтыш мотивинде көркөм окууга окуучуларга машыктырат.

Болжолдуу үлгүсү:

Мугалим: Урматтуу окуучулар, сабакты **«Накыл кеп»** топтомунан баштасак. Силерге улуу акын Жеңижоктун **«Насыят»** деген ырын таратма түрүндө беремин. Көркөм, айтыш мотивинде айтабыз. Кайсыл топ көркөм

окуса, жесттерди туура пайдаланса, жалпы сабакка катышканына упай кошулат.

1-топтогулар баштайт, 2-топтогу окуучулар жооп берет, айтышуу тибинде улантылат.

1-топ

1-окуучу:
Кулактууга кеп урсаң,
Кулагынын учунда.
Кулаксызга кеп урсаң,
Туягынын учунда.

2-окуучу:
Жоргонун белин оорутпа,
Жамандык иште колдогон,
Жолдоштун көөнүн оорутпа.

3-окуучу:3-окуучу:
Мүлктү жыйсаң, мылтык жый,
Жоого алдырбайт талаадан.
Малды баксаң койду бак,
Колуң кетпес чарадан.

4-окуучу:
Шамалда жүргөн коо болот,
Жаман менен дос болсоң
Акыр бир күн доо болот.

5-окуучу:
Жаман менен дос болсоң,
«Баягымды бергин» деп
Эки айдан кийин мушташат.

6-окуучу:
Аскар-аскар-аскар тоо,
Аягы барып чап болот.
Атадан алтоо болсоң да
Сыйлашпасаң жат болот.

7-окуучу:
Бек байлаган чечилбейт,
Бакпай багың жетилбейт.
Эстүү адам эсирбейт,
Кылмышты абийир кечирбейт.

2-топ

1-окуучу:
Жарды жардай жүргөндө,
Жашыл бийик маласы.
Жанга салган болоттой,
Жакшы атанын баласы.

2-окуучу:
Аргымак белин жоорутпа,
Аманат назик жан деген,
Адамдын көөнүн оорутпа.

Мылтыктан тез ажал жок
Бармак басым жарасы.
Булбулдан чечен бир куш жок,
Кол башындай карасы.

4-окуучу:
Жакшы менен дос болсоң,
Өлгүчөктү коштошот.

5-окуучу:
Атан төө мас болсо,
Тайлагы менен достошот.
Жаман киши мас болсо,
Жакыны менен касташат.

6-окуучу:
Ыргытсаң алыс таш кетет,
Пейли кеткен пенденин
Казанынан аш кетет.

7-окуучу:
Ойлобой кылсаң тартасың,
Туура эмес иштин азабын.
Карынын угуп кеңешин,
Акылың менен жашагын.

Муз жаргычты жыйынтыктоо.

Мугалим: Жакшы балдар, Жеңижок абабыздын накыл кеби дайыма жадыңарда болот деп эсептейм. Анткени, улуу сөздүн устаты – Жеңижок тарбиянын философиясын ыр саптарында терең берди. Мында ар бир айтылган

ыр саптары силерди бүгүнкү жана эртеңки келечекке жакшы тарбия менен барат деп үмүттөндүрөт.

Мугалим окуучуларды сабактын башында эле эки топко бөлүп алган, андыктан, сабакта бөлүнгөн топтор ошол боюнча кала берет.

Жаңы тема: Жеңижок

Мугалим: Сабактын башында биз силер менен акын Жеңижоктун насаат ырлары менен тааныштык. Ал накыл ырлардын берилиши бекеринен эмес. Демек, бүгүнкү биздин өтүлүүчү темабыз «Жеңижок».

Жогоруда эскерткендей, сабагыбыз жарыш тибинде өтөт. Азыр силерге тапшырмалардын топтому берилген конверт берилет. Андагы тапшырмаларды так, туура жана убакытты туура пайдаланып аткарган топтор жакшы упайларга ээ болушат. Ар бир тапшырмага убакыт бөлүнгөн. Демек, убакытты үнөмдүү пайдалануу – баарыбыздын милдетибиз.

Мугалим окуучуларга тапшырмалар топтому бар эки конверт беретжана убакытты окуучулар өздөрү эсептөө үчүн эки топко саат коюп коет. Ташырмалардын кээ бири убакытты талап кылат, кээ бири талап кылбайт. Окуучуларга керектүү каражаттар (ватман, маркер, сүрөттөр) столдун үстүнө коюлган болот, эмне керек болсо, тапшырманын берилишине карай ала беришет. Окуучулар ташырмаларды аткарып жатканда мугалим модератор катары алардын суроосун толуктайт, бышыктайт, кошумчалайт жана ар кандай пикирлерди анализдеп, багыт берет.

1-топтун конвертинин ичиндеги тапшырмалар:

1. Жеңижоктун өмүрү-чыгармачылыгын окугула жана айтып бергиле

Жеңижок Көкө уулу

Өтө Көкө уулу 1860-жылы Таластын Сары-Көбөн чөлкөмүндөгү Кызыл-Адыр (азыркы Кара-Буура районунун Жийде айылы) аймагында туулган. Өтөнүн чоң атасы Жээналы, андан Мураталы, Сейталы, Көкө. Көкөдөн Өтө, Болотой, Карагыз. Атасы менен апасы Алтынай удаа кайтыш болгон. Ошентип, үч бала томолой жетим калган, аларды чоң атасынын бир тууганы Сейталынын баласы Баялы багып алган. Өтөнүн тестиер кезинде колуна барсылдак жара чыгып, айыккан жерлери ала болуп калат. Ошол ала оорусунун айынан Аксыга – таякелеринин колуна келет. Ал жактан сабаты ачылып, окуп, жазганды үйрөнөт. Анан ырчылыкка оойт. Нурмолдо менен айтышып, аны жеңгенден кийин, Өтө аты калып, Жеңижок атыгып кеткен. Турагы Аксы районундагы Кара-Суу кыштагы болгон. Өмүрүн ошол жерде өткөргөн. 1918-жылы оорунун айынан дүйнөдөн кайткан.

Жеңижок жана анын чыгармачылыгы жөнүндөгү залкар ойлор

Айылчы Озоке уулу: - Илгери Өтө бир үйдө ырдап жатса, Асылбек деген жигит кызыгып таңшып жатып, керегенин көзүнөн башы кантип өтүп кеткенин байкабай калат. Ыр бүтөт. Эл ордунан турса, Асылбек керегеге кылтакталып калган экен.

Малабек Шатман уулу:- Жеңижок кайнагам эле. Жеңижок сакалын тегиздетип, боюна карап, сыпаа жүргөн киши болчу. Көздөрү жайнап, аппак

жүзүнө жарашып, адамдын сулуусу эле [49:257-259].

2. Ролдорго бөлүштүрүп окугула жана аткаргыла. Көркөм окугула жана интонацияны, дикцияны, басымды туура койгула.

Көксулуу

Автор: Көксулуу – күлгөн күлкүсү күмүш үн, жароокер кыз. Анын көркүнөн көз жалтанат, көмөкөйдөн бал тамат. Аны көрбөй калса, Жеңижоктун көзүнөн жаш көнөктөп агат. Ал Көксулуу жөнүндө мындай дейт:

Аргымак аттын басыгы,
Аксыдан чыккан Көксулуу
Ай тамак кыздын асылы.
Ашык бир болгон өзүңө,
Акындын кайсы жазыгы?
Ар түркүн ойго көп салчу
Айпери кыздын назыбы?

Ушинтип ашыгына ар түркүн сөздүн гүлүн терип, жүргөн кезде кыздын ата-энеси аны кудалашкан жерине берип жиберет. Ырчы кейиште калат. Ал эми Жеңижоктун Нурмолдону жеңгенин уккан Сулайманкул аны «ырда» дейт, акын эт бышым ырдайт. Ага ыраазы болгон датка мындай дейт:

Сулайманкул: Жеңижок, өнөрүңө баракелде! Каалаганыңды айт, балам, алакандай Аксы ачсам алаканымда, жумсам уучумда, келинби, кызбы, калыңы менден. Үйлөнтүп коеюн.

Жеңижок: Аркыттан Көксулуу деген кыз менен сөзүм бүтүшүп калды эле. Аркыттык Артыкбай дүнүйө, күч, бийликке салып менден тартып алып, келиндикке баласына алып берди, ошону алып берсеңиз.

Сулайманкул: Башка бирөө болсо, Артыкбайдын жанын кейишке салбайт болчум. Айтылган сөз оозумдан чыккан соң, ырчым, Көксулуу сеники болот.

Автор: Ошентип зор таланттын аркасы менен Жеңижок сүйгөнү Көксулууга жеткен. Аны өмүрү өткүчө кастарлап, алаканына салып баккан.

Чечендик менен жети күн
Чечип алган, Көксулуу.
Чердеңдеген эринен,
Четке кеткен жеринен
Жетип алган, Көксулуу, [49:258] - деп ырдаган экен.

3. Жеңижоктун «Аккан суу» ырын көркөм окугула жана ар бир куплеттин маани-мазмунун чечмелегиле.

Жоодураган бото көз,
Моймолжуган ширин сөз,
Күмүш үндүү, күн жүздүү,
Жан эргиткен бал тилдүү,
Шыбырашып сүйлөшүп,
Бирин-бири жүр дешип,
Аста күлүп шыңк этип,

Алтындан иймек сөйкөсү
Кулагында жылт этип.
Муну көргөн жигиттин
Эт-жүрөгү зырп этип,
Эки челек көтөрүп,
Кыздар келген аккан суу.
Ай тамагын кылайтып,
Ак көйнөгүн булайтып,
«Секетбай» деп ыр ырдап,
Аккан сууга сыр айтып,
Жанаша басып кыналып,
Өңүн суудан каранып,
Тоту куштай таранып,
Келиндер келген аккан суу!

4. Айтылган ырга карай сүрөт тарткыла, силер кандай элестеттиңер, жооп бергиле.

Таң кашкайып сүргөндө,
Булутту шамал сүргөндө,
Суу катуулап киргенде,
Тараза жылдыз бөлүнүп,
Ой-тоонун баары көрүнүп,
Сүрүлүп жылдыз качканда,
Таңкы Чолпон батканда,
Өзөндөн ак шамал жүрүп ыркырап,
Суудан кара буу чыгып буркурап,
Асмандан жылдызы качып дыркырап,
Токойдо гүлдөр гүл бурак,
Бутакта булбул ыр курап,
Шыбакта торгой чулдурап,
Жылгадан алты миң булак шылдырап,
Жарашкансың аккан суу!..

5. Суунун бүгүнкү күндөгү мааниси жөнүндө айтып бергиле. Сууга жасаган мамиле өз деңгелиндеби, силерди канааттандырабы? Канааттандырбаса, кандай мамилени, иш-чараны сунуш кылат элеңер?

6. Суу жөнүндө обондуу ырлардан билесиңерби? (Жалпы топторго суроо)

7. Өзбек акындарынын да суу жөнүндө жазган ырларынын же чыгармаларынан билесиңерби?

2-топтун конвертинин ичиндеги тапшырмалар:

1. Жеңижоктун өмүрү жөнүндө окугула жана айтып бергиле (3 мүнөт)

Мойнуна таш байлап…

Ташкара чакан той берет. Кара курсактын камын жеп, Өтө да кемегенин жанында от жаккандарга аралашып жүргөнүн Ташкара байкап, бир жигитин чакырып: «Тээтиги Өтөнү эмне кемегенин жанына жолотусуңар? Ала менен ооруп кетиптир го! Оорусу элге жугат, бир көк жетим менен таластык көбөйбөйт да, азайбайт, алып барып, мойнуна таш байлап, Кара-Бууранын суусуна салып ийгиле! Жообун мен берем», -дейт.

Эки жигит Өтөнү Кара-Бууранын жээгине алып келип, сууга салып жиберишмек болушканда, бала: «Жанымды аман койгула, акелер, Аксыдагы таякелериме качып кетейин», - деп жалынып жиберет. Эки жигит: «Экичи көзгө көрүнбөгүн», -деп Өтөнү Аксыга качырып жиберишет да, «Баланы Кара-Буура суусуна салып жибердик», - деп Ташкарага калп айтып коюшат.

Өтөнүн энеси Алтынай Аксыдан, азыркы Кара-Суу айылынан болгон. Өтө соодагерлер менен жүрүп олтуруп, Садыр деген кишиникине келет. Садырдын энеси Айыке да Таластан болуп, Өтөнү өз баласынан кем көрбөй, далычы дарыгерине алып барып, ала оорусунан таза айыктырып жиберет. Аны тирикарактыгын байкап окутат. Өтө ырчылык өнөргө абадан кызыгып, элдик жомокторду, эпосторду ынтаа коюп угуп ырчылык өнөргө өтүп кетет.

Жеңижок жана анын чыгармачылыгы жөнүндөгү залкар ойлор

Ч. Айтматов: - Жеңижоктун ысымы эл ичинде дайыма Токтогул, Эшмамбет сыяктуу айтылуу төкмөлөрдүн аты менен катар айтылыт. Анын ырчылык талантынын таң каларлыктай күчтүүлүгүн, жер-көктүн ортосунда куштай эркин чабыттап, он сегиз миң ааламды оодарыштырып, дүйнөнү колуна тегерете кармап тургандай ырдаган киши болгонун даңаза кылган сөздөр көп.

Элдин оозунан: Көлдөн чүрөк учуп чыккан. Жеңижок аны айтып түгөткүчө жолоочулар эки белди ашып, коно турган жерине жетип келишкен экен.

2. Ролдорго бөлүштүрүп окугула жана аткаргыла. Көркөм окугула жана интонацияны, дикцияны, басымды туура койгула (5 мүнөт)

Жеңижок атыгышы

Автор: Кеч күздө бир топ адам (ичинде Өтө да бар) Намангандан базарлап келатып, Кербен базарына кайрылышса, элдин ортосунда айтылуу Нурмолдо ырчы дин шарият жолунан ырдап жаткан экен.

Нурмолдо: Алла деген кар болбос,
А дүйнөдө зор болбос.
Кудай деген кар болбос,
Көрүстөнү тар болбос.
Пайгамбарга дос болор,
Бар сааба чалыяр.
Буйругунда ошонун

Бүт макулук жаныбар.
Периштелер башкарган,
Бейиш деген жайы бар.
……
Тозок деген от болот,
Күйүп турган чок болот.
Казып койгон ор болот,
Киши чыккыс тор болот.

Жеңижок: Пайгамбарга дос бекен
Бар сааба, Чалыяр?
Буйругунда деп айттың
Бүт макулук жаныбар.
Барсаң орун кең бекен,
Периштелер башкарган,
«Бейиш» деген жайыңар?
……..
Тозок менен бейиштин
Колуңда окшоп ачкычы.
Анык өзүң окшойсуң,
А дүйнөнүн «жарчысы»!
Жарык дүйнө-бейишим,
О дүйнөңдө бар бекен,
Ушунун бир тамчысы?
Билип туруп, чын сүйлө,
Бейиш мына бул-дүйнө!-

Автор: деп жооп кайтарган экен. Нурмолдонун шаштысы кетип, жооп бере албай калат. Ошондо Өтөнү биринчи көргөн эл эки жеңи карысынан жок кемсел кийген жаш жигиттин төгүп ырдаганына танданып: - Атаңдын көрү-оой, бу жеңи жок, жалмаңдаган анык жеңи жок эме экен го. Жеңижок бала жеңди, бу Жеңижок кыйын ырчы!-деп дуу дей түшөт. Ушундан улам Өтө Жеңижок атыгып кетет.

3. Жеңижоктун «Аккан суу» ырынан көркөм окугула жана сын атооч сөздөрдү тапкыла, маани-мазмунун чечмелегиле (2,5 мүнөт)

Аккан суунун белгиси:
Камчыланбай тез кеткен,
Мудаасына бат жеткен.
Жийиркенбей ичине
Кырк аяктуу курт күткөн,
Камыш чыгып көлүнө,
Кара бээ оттогон.
Балырынын ичине
Бака чардап токтогон.
Келишкенсиң аккан суу!
Көрүп адам жыргаган,

Бейиштенсиң аккан суу.
…….
Кемеринин ичине
Алтын канат, жез куйрук,
Балык толгон аккан суу.
Керектиги ааламга
Анык болгон аккан суу!

4. Айтылган ырга карай сүрөт тарткыла, силер кандай элестеттиңер, жооп бергиле (5 мүнөт)

Түн ичинде карасаң,
Өзөндүн ичи шуулдап,
Сан жылдызды батырып,
Табактай айды калкытып,
Аттай болгон балыгын,
Асманды көздөй атылтып.
Күкүмдөлгөн тамчысын
Күргүштөп жээкке чачылып.
Желпип өткөн жерине,
Жемиш өсүп, бак болгон,
Келип кеткен жерине
Шаар орноп эл толгон.

5. Суунун бүгүнкү күндөгү мааниси жөнүндө айтып бергиле. Сууга жасаган мамиле өз деңгээлиндеби, силерди канааттандырабы? Канааттандырбаса, кандай мамилени, иш-чараны сунуш кылат элеңер? (2,5 мүнөт)

6. Суу жөнүндө обондуу ырлардан билесиңерби? (Жалпы 3 мүнөт)

7. Өзбек акындарынын да суу жөнүндө жазган ырларынын же чыгармаларынан билесиңерби?

Окуучулар тапшырмаларды аткарууда мугалимдин берген болжолдуу суроолору жана маалыматтары:

1. Жеңижоктун кереметтүү ыр саптарына көңүл бөлгүлө, сөздүк менен иштегиле:

Алтын канат, жез куйрук,
Балык толгон аккан суу.
……..
Таң кашкайып *сүргөндө,*
Булутту шамал сүргөндө,
Суу катуулап киргенде,
Тараза жылдыз *бөлүнүп,*
Ой-тоонун баары көрүнүп,
Сүрүлүп ***жылдыз качканда****,*
Таңкы *Чолпон батканда,*

*Өзөндөн **ак шамал** жүрүп ыркырап,*
*Суудан **кара буу** чыгып буркурап…[49:284]*

Жооптор*(болжолдуу)*

Алтын канат, жез куйрук – салыштыруу тибинде айтылды
Таң кашкайып – таң жаңы аткан мезгил
Тараза жылдыз – жылдыздын аталышы
Жылдыз качканда – жылдыз көрүнбөй калганда
Таңкы Чолпон – жылдыздын аталышы
Ак шамал – мелүүн шамал
Кара буу – суудан чыккан эпкин, суунун чачырандысы

***2.** Жеңижок Көксулууну Артыкбайдын баласынан тартып алганда, аны кайын энеси бата берип каргаган деп айтылат. Ошондон улам да Жеңижок балалуу болбой калды дешет. Жеңижоктун баласы жоктугу жөнүндө Жеңижок Арстанбек акын менен айтышканда, ал сөзү менен Көксулууну тартып алганы үчүн каргышка калып артында туяк калбаганын эскертет.*

3. Адабият теориясынан: Ассонанс жана аллитерация

***Ассонанс** – бул уйкаштыкта же улам кийинки сөздөрдө үндүү тыбыштардын кайра-кайра кайталанышына негизделген көрүнүш.Ал эми **аллитерация** – көркөм чыгармадагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши.*

***Ассонанс жана аллитерация** – поэзиялык чыгармаларда жыш кезигет. Мисалы:*

*А**ргымак аттын басыгы,***
***А**ксыдан чыккан Көксулуу*
***А**й тамак кыздын асылы.*
***А**шык бир болгон өзүңө,*
***А**кындын кайсы жазыгы?*
***А**р түркүн ойго көп салчу*
***А**йпери кыздын назыбы? – ассонанс болот.*
Ал эми,
***Ж**арды жардай жүргөндө,*
***Ж**ашыл бийик маласы.*
***Ж**анга салган болоттой*
***Ж**акшы атанын баласы,- деген мисал аллитерация болот.*

4. «Суу кордогон кор болор, суу сыйлаган зор болор» деген Жеңижоктун накыл сөзүн кандай түшүнөсүңөр?

5. «Мөл булак» деген ырды билесиңерби?

Тоолордун тунук мүрөгү
Тоолуктун таза тилеги.
……
……

***6. Үйгө тапшырма:** 1. «Суу кордогон кор болор, суу сыйлаган зор болор» деген темада эссе жазуу жана анда колдонулган тилдик каражаттарга колдонулушуна маани берүү*

7. *Жеңижоктун* ***«Дүнүйө»*** *аттуу ырын окуп келүү*

8. Баалоо (Окуучулар өздөрү өзүн жана бири-бирине баа коюшат, мугалим анализдеп, жыйынтыгын чыгарат)

9. Жыйынтыктоо

2-тиркеме

5-класста кыргыз адабияты сабагы боюнча өтүлүүчү
“Макал-лакаптар” деген темадагы план-иштелме

Сабактын темасы: Макал-лакаптар

Сабактын максаты:

а) билим берүүчүлүк:

Макал жана лакаптын маанисин ажыратуу. Тематикалык маанисин тактоо. Эки элдин макал-лакаптарынын окшоштук жана айырмачылык чектерин ажыратуу. Макал-лакаптардын көркөм сөз каражаты экендигин түшүндүрүү.

Окуучулардын кеп байлыгын өстүрүү. Макал-лакаптардын тилдик жагына анализ жүргүзүү

в) тарбия берүүчүлүк:

Макалдар аркылуу элдик тарбияны түшүндүрүү. Ар кандай тематикадагы макалдар аркылуу балдарды мекенчил, эмгекчил болууга тарбиялоо.

Сабактын усулу жана формасы: Аралаш усул, байкоо, суроо-жооп, топтордо иштөө.

Сабактын тиби: жарыш сабак, аралаш

Сабактын жабдылышы: окуу китептери, тексттер, усулдук адабияттар, сүрөттөр.

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу

Мугалим: Саламатсыңарбы, балдар?

Окуучулар: Саламатсызбы, эжеке?

Мугалим: Балдар, сабакты баштардан мурун, бөлүнгөн катар менен билген макалыбызды айтабыз. Биринчи катар кыргызча макалдарды, экинчи катар өзбекче макалдарды айталы. Эгер макалдардын маани-мазмуну бири-бирине дал келсе да боло берет. Анда, баштадык.

Шахноза: Мээнетин катуу болсо, тапканың таттуу болор.

Рустам: Гап билан шошма, Иш билан шош.

Мафтуна: Туулган жердин топурагы алтын.

Мажит:Куш бутоққа сиғинар,
Одам – Ватанга

Махмуд: Кызга кырк үйдөн тыюу.

Ойхон: Айбсиз дўст излаган дўстсиз қолар.

Севара: Мекенди сүйүү – ыймандан.

Мохира: Айрилма күшнингга уятли сўз айтма.

Эскертүү: Балдар жогорудагыдай тартипте макалдарды айтышат.

Мугалим: Азаматсыңар! Баарыңар макал билет турбайсыңарбы! Макалдарды элибиз эмне үчүн айткан, билесиңерби? Өзбек эли да, кыргыз эли да өз кебинде макалдарды кошуп айтышат.

Рустам: Макалдар – тарбия, акыл-насаат берүү үчүн айтылат.

Санжар: Макалдарды элдер ойлоп таппайт, аларды элибиз мурдатан эле колдонуп келишкен.

Мугалим: Ооба, туура айтасыңар. Макалдарда эмне жөнүндө айтылат?

Севара: Макалдар ар кандай темада айтылат. Мисалы, эмгек, Мекен, ата-эне жөнүндө болушу мүмкүн.

Мугалим: Туура. Силердин макал жөнүндө түшүнүгүңөр абдан жакшы экен. Бул тууралуу силер кайдан маалымат алдыңар?

Мажит: Өзбек адабияты сабагында «Маколлар» деген тема өткөнбүз.

Мугалим: Абдан жакшы. Бүгүн биз да силер менен макал-лакаптар жөнүндө тереңирээк түшүнүк алабыз.

Жаңы тема: Макал-лакаптар

Мугалим жаңы теманы түшүндүрүүдөн мурда, окуучуларды4 топко бөлүп алат. Ал топторго кыска тексттер берилет. Тексттердин мазмунуна карай окуучулар ылайыктуу макалды таап, текстке тема коюшат.

1-топко берилүүчү текст

Илгери биринен бири өткөн үч жалкоо болуптур. Бар билгендери – баш көтөрбөй уктоо экен.

Бир күнү ал үчөө жолго чыгышат. Токой арасына келишип, жамбаштап жата кетишиптир. Анан, бир жалкоо даректын башын карап:

- Ай, кудай ай, алма бышса…- десе, экинчиси:

- Ай, кудай ай, оозума түшсө…- десе, үчүнчүсү:

- Түү-үү, акмактар, ушуларды кантип эрикпей айтып жатасыңар?! – дейт имиш.

2- топко берилүүчү текст

Илгери-илгери бир жарды болгон экен. Ал үй-бүлөсү менен абдан кедей турушуптур. Курсагы такыр тойбоптур. Эри күндө байдын малын кайтарса, кемпири байдын кирин жуун күн көрөт. Бай алардын эмгек акысына жарты гана нан берет.

Күндөрдүн биринде жарды адатынча кой жайып, жайытка кетет, мына ошол жайыттагы булак башына келип, суу менен өзүнө тиешелүү нанды жеп олтуруп, нандын эки күкүмүн жоготуп алат. Ары издейт, бери издейт, бирок таппайт, таппаган соң, ошол жерге таягын сайып, ыйлап- ыйлап жөнөп кетет.

Эртеси күнү да байдын малын ошол жерге айдап барып, баягы күкүмдү издеп тапмак болот. Келсе сайып кеткен таягы алтынга айланып калыптыр. Жарды көргөн көзүнө ишенбейт.

Жарды таягын алып, аябай байып кетиптир.

3-топко берилүүчү текст

Илгери бир атагы чыккан ууру болуптур. Анын жалгыз баласы бар экен. Баласы чоңойгондо атасы чакырып алып, баласын ууру болушун суранат.

Баласы атасынын айтканына көнбөй койсо, атасынын ачуусу абдан келет да, мындай дейт:

- Менин айтканым менен болосуң, төмөнкү айылдагы Жоошбай дегендин кызыл өгүзүн уурдап келесиң. Эгер бул ишти кыла албасаң, көзүмө көрүнбөй жогол.

Ошентип, уурунун баласы кечинде өгүздү атасынын алдына жетелеп келет . Атасы абдан кубанат. Өгүздү соердо бала атасына бир сураныч менен кайрылат:

- Ата, өгүздү жегенден мурда, экөөбүз тең таразага түшөлү, - дейт. Атасы макул болуп, экөө таразага түшүшөт.

Арадан бир жума өткөндөн кийин эт түгөнөт. Экөө таразага дагы түшүшөт. Баласы мурдагыга караганда анча семирип калат, ал эми атасы анча арыктап кеткен болот. Бул ишке атасы таң калып уулуна карайт:

- Таң кала турган эч нерсе жок, сиз эт жеп жатканда, уурулугум билинип калбаса экен деген ой менен коркуп жедиңиз. А мен өгүздү сатып келгем, ошондуктан коркконум жок, - дейт баласы.

4 – топко берилүүчү текст

Илгери бир кумурска жол жүрүп бара жатса, каршысынан куштар менен айбанаттардын тилин түшүнгөн бир адам жолугуп калат. Кумурсканы бир аз эрмектегиси келген адам ага суроо узатат:

- Эмне үчүн сенин башың чоң?

- Демек, мен акылдуумун.

- Эмне үчүн сенин белиң ичке?

- Себеби мен өтө аз жеймин

Адам кумурсканын айткан сөзүн сынап көрмөкчү болот да, жер төлөгө кумурсканы бир дан менен кошо таштап, камап коет.

Арадан бир жыл өтөт. Адам кумурска жөнүндө тапатакыр унутуп калат. Экинчи жыл аяктай баштаганда аны эсине төлөгө бекитилген кумурска түшүп, аны бошотуу үчүн төлөгө баш багып, кумурсканын жанында дагы эле жарты дандын жатканына көзү түшөт.

- Сен бир дан мага бир жылдык азык болот дебедиң беле, андан бери эки жыл өттү. Сенин жаныңда дагы эле жарым дан жээлбей турат. Муну кандай түшүнсө болот? – деп танданат адам.

Анда кумурска:

- Мени отургузган аңкоо мени таптакыр унутуп калышы мүмкүн деп ойлоп, ачкадан өлбөш үчүн данды төрт бөлүккө бөлүп койгон элем, - деп жооп берген экен.

Балдар берилген тексттерди топтордо окуп чыгышат да, ар бир жомокко карай макалдарды табышат.

Мугалим: Кана, балдар, тексттерди окуп чыктыңарбы? Эгер окуп чыккан болсоңор, анда кайсыл макалдар силердин текстиңерге туура келет?

Севара: Биздин 1-топко жалкоолук жөнүндө текст берилген. Текстке ылайык төмөнкүдөй макалдарды таптык. Өзбекче макалдардан: «Бахт ялқовга бегона», «Беташвиш бош қайда, Меҳнатсиз ош қайда», «Ишёқмас – роҳат

топмас», «Ишламай еган – оңримай ўлар», ал эми кыргызча макалдардан «Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болор», «Эмгек менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт», «Мээнет кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан»

Мугалим: Азаматсыңар, 2-топ, силердин жомогуңарга кайсыл макалдар ылайык?

Ойхон: Биздин текст нан жөнүндө экен. «Нан тойгузат, суу кандырат», «Туз болбосо, тамак татыбайт, Нан болбосо, курсак тойбойт», «Көчөнүн көркү – үй, дасторкон көркү – нан», «Нан болсо – ыр болот»

Мафтуна: Биздин текст уурулук жөнүндө экен. Мында адилеттүүлүк, чынчылдык, ак эмгек менен нан табууга үгүттөгөн жомок болгондуктан, төмөнкүдөй макалдар туура келет деп чечтик. Мисалы, «Абийириңди жашыңдан сакта», «Жакшы ката кетирсе, өзүн жемелейт, жаман ката кетирсе, жолдошун жемелейт», «Ак ойлоп, адал иште», «Уурунун жолу кууш».

Санжар: Биздин текст кумурска жөнүндө, анын акылмандуулугу, сабырдуулугу жөнүндө айтылат. Биздин топ төмөнкүдөй макалдар туура келет деп ойлодук. «Сабырдын түбү – сары алтын».

Мугалим: Балдар, азаматсыңар! Демек баарыңар берилген текстке карай макалдарды таптыңар. Силерге бирилчү суроо мындай: Жомоктогу ой менен макалдарда берилген ой бирдей болуп жатат, демек, акыл-насаат берчү сөздүн баарын эле жомок же икая түрүндө айта берсек болбойбу?

Гуламидин: Жок, кээ бир учурда жомок угуп, тарбия аласың, бирок алар айтылышы боюнча макалдардан айрымаланат. Жомокту бекер олтурганда угуш керек.

Мугалим: Ал эми макалдарды кандайдыр бир иш кылып жатканда угуу керекпи?

Шахноза: Макалдар сөз арасында эле келе берет.

Мугалим: Туура айтасыңар. Демек, жомоктор менен макалдардын айтылыш өзгөчөлүгү ар башка экен. Берген идеясы бирдей болгону менен жомоктордогу окуя баяндалмайынча, аны түшүнбөйт экенбиз. Ал эми макалдар кыска, улуу, кичүү дебей баарына бирдей, тарбиялык мүнөзгө ээ, элдин көп турмуштук тажрыйбасынан улам келип жеткен көркөм сөз мурастары. Макалдарды элибиз ар бир сөзүнө кошуп сүйлөсө, кеби уккулуктуу, таасирдүү болот.

Ал эми «лакап» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

Шохиста: Лакап деп тарбиялык маанидеги эле сөздү айтабыз, бирок ал макалдан айрымаланат. Лакап кайсы бир учурда бир окуя болсо, ошол окуянын түшүндүрмөсү катары каралат.

Мугалим: Ооба, лакап дегенибиз макалдын айдыны менен жашап, ага кол-кабыш жасоо үчүн пайда болуп, айрым бир турмуш сүрөттөрүн кайрадан өндүрүп, айрым бир адамдардын терс мүнөздөгү жоруктарын ашкерелөө максатынан улам келип чыккан. Бирок ал маселени өтө так, таамай, бүткөрө айтып бербестен, жүйөлүү нукта гана баяндаган чыгарма болуп эсептелет. Лакап макалга салыштырмалуу аз санда кезигет. Жыйынтыктап айтканда,

макал лакаптан обочо туруп деле көркөм мурас катары жашай алат, ал эми лакаптын табияты андай эмес.

Макал тематикасы, мазмуну, камтыган маселеси боюнча деңизди элестетсе, лакап анын бир тамчысы гана. Мисалы, «Эр эмгегин жер жебейт» деген макалды алып көрөлү, ошондой эле «Карымбай битирге окшоп» деген лакапты салыштырсак, биринчи макалда ой толук бүткөн, ал эми экинчи лакапта маани толук ачылган жок.

Эми балдар, макалдын жасалышын карап көрөлү... Макалдар канча сөздөн же сүйлөмдөрдөн турат?

Мажит: Макалдар бир сүйлөм же эки сүйлөмдөрдөн турат.

Мугалим: Биз жогоруда белгилегендей макалдар бир же эки сүйлөмдөн туруп, толук бир ойду түшүндүрөт. Алар айтканга жеңил, жаттаганга оңой. Мисалы, «Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт», бул макал эки саптан турду. Мында уйкаштык барбы?

Мафтуна:Бул макалда «билет», «күлөт» деген сөздөр уйкашты.

Мугалим: Ооба, дагы кандай сөздөр уйкашты, антоним сөздөр барбы?

Сирожиддин: Антоним сөздөр «жаман», «жакшы»

Мугалим: Демек, макалдар айтууга жеңил, уйкаштыгы бар сөздөрдөн куралат экен. Жогорудагы макалда баш жагынан да, аяк жагынан да уйкаштык бар болуп, макалга көркөмдүк берип турат.

Эскертүү: сабакты бышыктоо максатында мугалим окуучуларга атайын сүрөттөрдү таркатат, ал сүрөттөргө карата балдар ар кандай макалдарды эне тилинде жана кыргыз тилинде айтып беришет жана макалдарды салыштырышат.

Үйгө тапшырма: кайсы бир макалдын негизинде текст түзүп келүү, тематикаларга карай 10 макал жаттоо.

3-тиркеме

5-класста өтүлүүчү Т. Молдонун «Жер жана анын балдары» поэмасы боюнча сабак-сахнанын план-иштелмеси (бышыктоо сабагы)

Сабактын максаты:

1. Сабактын билим берүүчүлүк максаты:

1.1. Т.Молдонун өмүрү-чыгармачылыгы менен кыскача тааныштыруу.

1.2. Поэманын мазмунун актердук чеберчилик аркылуу түшүндүрүү.

1.3. Жаратылыш кубулуштарынын адам баласынын турмушундагы маанисин ачуу.

2. Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаты:

2.1. Окуучулардын көркөм окууга, актердук чеберчилигин өстүрүүгө машыктыруу.

2.2. Үндү, дикцияны туура пайдаланууну үйрөтүү.

2.3. Тилдик каражаттардын маанисин ачуу, өзбек тилиндеги сөздөр менен салыштыруу.

2.4. География, кыргыз тили, өзбек адабияты боюнча билимдерин тереңдетүү.

3. Сабактын тарбия берүүчүлүк максаты:

3.1. Менменсинүү, текебердиктен арылууга тарбиялоо.

3.2. Жаратылыш кубулуштарына аяр мамиле жасоону үйрөтүү.

3.3. Ак көңүлдүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо.

Сабактын тиби:

Сабакта колдонулган ыкмалар: салттуу эмес сабактын формалары, топтордо иштөө

Сабактын жабдылышы: музыка, формалар, Т.Молдонун сүрөттөрү, ватман, маркерлер, слайд.

Сабактын башка предметтер менен байланышы: музыка, география, кыргыз тили, өзбек адабияты

Сабактын регламенти:

1. Уюштуруу – 2 мүнөт
2. Топторго бөлүнүү – 3 мүнөт
3. Топто иштөө жана жаратылыш кубулуштарына баа берүү – 5 мүнөт
4. Таратмалардагы тапшырмаларга жооп берүү – 10 мүнөт
5. Сахналаштырылган көрүнүштү аткаруу – 12 мүнөт
6. Суроолорго жооп берүү – 5 мүнөт
7. Видеослайд көрүү – 3 мүнөт
8. Суроолорго жооп берүү – 5 мүнөт
9. Жыйынтыктоо

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу

Мугалим: Саламатсыңарбы, балдар?

Окуучулар: Саламатсызбы, эжеке?

Мугалим: Бүгүнкү сабак сабак-сахна болгондуктан, баарыбыз бул сабакка даярбыз деп ойлойм. Анткени, үй тапшырмасына акын Т. Молдонун өмүрү жөнүндөгү маалыматтарды билүү жана анын “Жер жана анын балдары” аттуу поэмасын сахна тибинде аткарууга даяр болобуз деген ой менен кеткенбиз. Анда сабакты баштайбыз. Алгач, Жер, Суу, От, Шамал, Жамгыр деп топторго бөлүнүп алабыз. (Окуучулар Жер, Суу, От, Шамал, Жамгыр деп 5 топко бөлүнүшөт).

Жакшы, азаматсыңар, балдар! Эми доскада 5 ватман илинип турат. Силер топтордо ойлонуп, жаратылыш кубулуштарынын адам баласына канчалык зарыл экендигин сөз айкаштары же кыска ойлор аркылуу жазып беришиңер керек. 2-тапшырма: айрым сөздөрдүн маанисин чечмелеп беришиңер зарыл. Топтордо биринчи талкуулап, топтун оюн доскада берүү үчүн экиден окуучу чыкса болот.

(Доскада жаратылыш кубулуштары жазылган актай ватмандар илинген, окуучулар жаратылыш кубулуштарын, касиеттерин жазышат)

Болжолдуу үлгү:

1-ватман

Жер
Жер – планета, адамдар жашайт. Жер – жашоо. Жер болбосо, биз башка планетада жашай албайбыз. Жер адамдарга азык берет. Жерде суулар агат, тоолорду көтөрөт. Жерде көп улуттар жашайт, а бирок жер бирөө. Жер – шар формасында. Жердин ар тарабында ар кандай климат болушу мүмкүн.

2-ватман

Суу
Суу – абадай керек нерсе. Суусуз жашоо жок. Эгер суу жок болсо, анда бардык жашоо токтойт. Суу жок болсо согуш да болуп кетиши мүмкүн. Кыргызстанда таза суу көп. Дүйнө элдери Кыргызстандагы сууларга кызыгат. Суу кор кылсак, кор болобуз.

3-ватман

От
От – бул жылуулук. От адамга эң зарыл кубулуш. Отту табыш үчүн адамдар аябай аракет кылышкан. Биз от менен жылынабыз. От менен тамак бышырабыз. Оттуу бардык учурда колдонобуз, курулушта, тамак-аш бышырууда, үшүгөндө ж.б.

4-ватман

Шамал
Шамал болуп турбаса, аба үп болот. Шамал мелүүн, катуу болушу мүмкүн. Шамал болбосо оорулар көбөйөт. Шамал болгон үчүн бак-даректар чаңдашат. Шамалдын зыяны да бар. Шамал менен илгери данды тазалашчу. Мурун элде шамалды атайын “Хайдар” деп чакырган. Жуулган буюмдарды кургатабыз. Мөмө-жемиштерди кургатууда да керек.

5-ватман

Жамгыр

Жамгыр болбосо, суу болбойт. Жамгыр болбосо, кургакчылык болот. Жамгыр жерди суугарат. Жамгыр бар үчүн эгиндер жакшы болот. Жамгыр болбосо, күн абдан ысып, чаң болуп кетиши мүмкүн. Кээ бир жерде тынымсыз жамгыр жаайт.

Мугалим: Азаматсыңар, балдар! Эми 2-тапшырмага өтсөк. 2-тапшырма берилген сөз маанилерин чечмелегиле. (Мугалим тарабынан топторго таратмалар берилет)

1-топко берилген таратма

1. Сөздөрдүн өзбекче котормосун жазгыла
Дыйкан – (өзб.) _____, кургак чөл - _____
Багуу – (өзб.) _____, заманасы куурулат - _____
2. Белгиленген сөздөрдүн маанисин чечмелегиле
Жаабай койсом бир жылга, Сасык бузук жыт болсо,
Жандын баары кысылат. **Айдаган бойдон кетемин.**

2-топко берилген таратма

1. Сөздөрдүн өзбекче котормосун жазгыла
Көөнү - _____, булак - _____
Мөңгү - _____, чагылган - _____
2. Белгиленген сөздөрдүн маанисин чечмелегиле
Жалганчы залим болбостон, Караңгыны **балкытып,**
Адил сүйлө адалды. **Шамдай кылам нур менен.**

3-топко берилген таратма

1. Сөздөрдүн өзбекче котормосун жазгыла
Дайра - _____, жүк - _____
Тиричилик - _____, күкүк - _____
2. Белгиленген сөздөрдүн маанисин чечмелегиле
Суусаганда жагымдуу. Саздар кургап, таш болот,
Балдан таттуу аккан суу. **Жандын төлү аз болот.**

4-топко берилген таратма

1. Сөздөрдүн өзбекче котормосун жазгыла
Айла - _____, мөңгү - _____
Кайрат - _____, мунарык - _____
2. Белгиленген сөздөрдүн маанисин чечмелегиле
Күрүлдөп үнүң басылбайт, **Кудугуң кургап ным калбайт,**
Күкүк болуп күүлөнүп. Булагың кургап суу калбайт.

5-топко берилген таратма

1. Сөздөрдүн өзбекче котормосун жазгыла
Залал - _____, ийри - _____
Кадыр-барк - _____, суусоо - _____

2. Белгиленген сөздөрдүн маанисин чечмелегиле	
Жандын баарын кубантып,	Түк токтобой **ырыскы,**
Кабагын ачып күлгүзөм.	Берип турат аккан суу.

Эскертүү: Окуучулар ватманда бир убакытта жазышат, ал эми таратмаларга кайсыл топ даяр болсо жооп бере берет, таратмага даярдануунга убакыт берилбейт. Мугалим окуучулардын жообун кошумчалайт, катасын оңдойт, жардам берет.

Мугалим: Азаматсыңар, балдар! Анда, силер берилген тапшырмаларды абдан мыкты аткардыңар. Жаратылыш кубулуштары адамдын жашоосунда абдан зарыл экен. Силер, жаратылыштын көрүнүштөрүнө туура баа бердиңер. Эгер бул кубулуштар жок болсо, анда биздин жашообуз токтоп калышы да мүмкүн. Мисалы, суусуз жашоо жок деп туура айттыңар. Ал эми Жер планетасы жок болсочу, анда баарыбыз кайда жашамакпыз.

Ал эми 2-тапшырманы да мыкты аткардыңар. Силер сөздөрдүн котормолорун жана белгиленген сөздөрдүн чечмеленишин да жакшы билет экенсиңер.

Эми сабактын негизги бөлүгүнө өтсөк. Биздин негизги бөлүккө атайын даярдык менен келгенбиз. Бул поэманы жазган Т.Молдо жөнүндө, анын чыгармасын канчалык мыкты көрсөтөбүз, сындан өткөрөлү.

САХНАЛАШТЫРЫЛГАН КӨРҮНҮШ

Алып баруучу:

Урматтуу достор, жазгыч акын, балдар адабиятында чоң орду бар акын Тоголок Молдонун урматына арналган сабагыбызды ачык деп жарыялап коюуга уруксат этиңиздер.

(Окуучулар Тоголок Молдонун өмүрү-чыгармачылыгына токтолушат, колдорунда акындын китептери, анын чыгармаларына карата тартылган сүрөттөр, портреттер, ал жөнүндө айткан замандаштарынын, адабиятчылардын сөздөрү бар)

1-окуучу: Улуу акын Тоголок Молдо 1860-жылы 17-июнда Нарын өрөөнүнүн күңгөй тарабындагы Куртка деген жерде кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Анын өз аты Байымбет, фамилиясы Абдыракманов болгон.

2-окуучу: Байымбеттин атасы Абдыракман ашкан кедей адам болгондуктан, үй-бүлөсүн багууга каражаты жеткен эмес. Алты баланы багуу үчүн бардык күчүн жумшоо менен көп кыйындыкты өткөргөн.

3-окуучу: Байымбет 14 жашка чыкканда атасы Абдыракман дүйнөдөн кайтат. Кичинекей Байымбет ар кимге жалчы жүрүп, байларга малай болот.

4-окуучу: Болочок акын Байымбет өзүнүн зээндүүлүгү, сергектиги аркасында билим алып, ак эмгеги менен адам катарына кошулат.

5-окуучу: 1936-жылдан тартып Байымбет илим-изилдөө институту менен байланыш жасап, өзүнүн ырларын жана элдик оозеки чыгармалардан жазып бере баштайт.

7-окуучу: Тоголок Молдо – биздин гана эмес, баардык бир боордош элдерге да белгилүү акын. Акындын чыгармалары көп тилдерге которулган.

8-окуучу: Тоголок Молдо – элдик үлгүдө көптөгөн чыгармаларды жаратты. Анын ырлары бүгүнкү күнгө чейин өз маанисин жоготкон жок.

Алып баруучу: Сиздердин назарыңыздарда сахналык көрүнүш «Жер жана анын балдары».

Катышуучулар: Жер, Суу, От, Шамал, Жамгыр, Чоң ата, небереси Арген жана 3-4 бала.

Эскертүү: Жер, Суу, От, Шамал, Жамгырдын формасын ак матага жогорудагы жаратылыштын кубулуштарын тартып, аткарган окуучуларга кийгизип койсо болот.

Сахнада жалгыз бала ойноп жаткан көрүнүштө отурат. Чоң ата башка жактан жай басып алардын алдына келет

Небере: Чоң ата, жомок айтып бериңизчи.

Чоң ата: Макул, балам, сага кандай жомок айтып берсем экен? Таптым, мен сага «Жер жана анын балдары» деген жомокту айтып берейин.

(Чоң ата жомок айтып бергенге камданганда, 3-4 бала чоң атанын небересин ойногону чакырышат)

Балдар: Арген, Арген ойнойсуңбу?

Арген: Чоң атам жомок айтып берет экен, келгиле жомок угасыңарбы? *(Балдар баш ийкешип, чоң атаны тегеректеп олтура калышат)*

Чоң ата:

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап.
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп,
Айтар сөздөн баштады. *(Сахнада жамгырдын үнүн берген музыканын коштоосунда жамгырдын ролун аткарган окуучу чыгат. Эскертүү: каармандардын чыгышына карай, өздөрүнө жараша музыка уктурулат)*

Жамгыр:

- Дүйнөнү бүтүн жашарткан,
Менден башка кайсың бар?
Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар.
Желип өткөн жеримен,
Жер жамгыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,

Байчечекей жазылат.
Жер жүзүнө бир бүтүп,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тиричилик,
Жер жүзүнөн жай алган,
Элге берем тиричилик.
Жаратылган ар түрдүү,
Жанга берем тиричилик.
Баарына көк чөп жедирип,
Малга берем тиричилик.

Суу *(башка жактан келет)***:**
- Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
Дүйнөгө бүт чырмалып,
Деңиз жатат сел болуп.
Жер жүзүндө нечен суу,
Кошулуп жатат көл болуп.
Атагың – жамгыр, өзүң – суу,
Аңгемең сенин мына бу.
Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир буу.
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
Дарыя, деңиз, көлдөрдөн
Сурап булут суу алган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусусуң,
Алып келген булуттун,
Суусу турсун буусусуң.

Шамал *(Сахнаны эки жолу тегеренип айланат да каардуу үнү менен айтат)***:**
- Шаркырабай үнүңдү,
Баса тургун.
Мен кызмат кылдым өзүңө,
Кулагың салчы сөзүмө.
Сага кылган жардамым,
Көрүнбөдү көзүңө.
Албай кетип барасыз,
Ансайын күчөп эсиңе
Эсирбегин мактанып,
Эми тийдиң безиме.

Көккө чыкса бууланган,
Жерге түшсө бууланган
Булут менин колумда.

Суу *(кекээрдүү, мыскыл аралаш):*
- Мактанбайм – деп мактандың,
Өзүңдү айтып актандың.
Сен жобурап сөзгө киргенде,
Жолуңду тоспой сактандым.
Аккан суу менин атагым,
Эч кимге жок чатагым.

От *(каармандар айтышып жатканда алардын алдына токтоо басып келип, сүйлөйт)***:**
- От болуп чыктым жаралып,
Оттук таштан таралып,
Табым ысык күйдүрөт,
Жандын баарын сүйдүрөт.
Айтып бергин сырыңды,
Бизден өйдө сырың жок.
Жашырып калаар кебиң жок,
Текебер көп сөзүңдө,
күрүлдөйсүң чениң жок.
- Текебер – деп өзүмдү,
Айтып өттүң бир катар,
Тескери айтып сөз менен,
Чарпып өттүң бир катар.
Шамал мага кызматчы,
Өчкөн болсом күйдүрөт.
Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет.
Караңгыны балкытып,
Шамдай кылам нур менен.
Ишене бер сөзүмө,
Ишим болбойт чыр менен.
Тоңгондорду эритем,
/шүгөндү жылытам,
Чийки болсо бышырам,
Бышык болсо күйгүзөм.

Жер (*башын чайкап, капа болгондой түр менен салабаттуу, токтоо баарына кайрылат)***:**
- Балдар, сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,

Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.
Мен болсом балдар карыңар,
Сөзгө кулак салыңар.
Калбассыңдар катардан,
Сөзүмдөн нуска алыңар.
Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды,
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды.
Өзүңдөн өзүң мактанбай,
Өлчөп жүргүн чамаңды.
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көмүккө түшүп камалды.
Көөп кетмек наадандык,
Көтөрүлбөй жүрүңөр,
Атаңар айткан бул сөздү,
Акылдуу балдар билиңер.
Жалпы балдар аман бол.
Ушул жолду көрсөткөн,
Атаңардай болсоңор!
Таап салган бул жолду,
Жашасын балдар, атаңар!
Жайдары заман бактыңар,
Балдарым эми жашаңар!

Сабакты бышыктоо этабы

Мугалим: Азаматсыңар, балдар! Силер саханалык көүнүштү абдан чеберчилик менен аткардыңар. Демек, бул чыгармада Жердин балдары кандай экен?

Окуучу: Жердин балдарынын ынтымагы жок, мактанчактар экен. Алар бири-бирин укпайт.

Мугалим: Туура, алар бири-бирине аябай мактанышты. Бирок өздөрү тууралуу айтканы туурабы?

Окуучу: Албетте, туура. Ар биринин сөзү кылган ишине жараша болду. Мисалы, суу баарыбызга тиричилик берет, жамгыр да керек, шамал болбосо жамгыр да болбой калышы мүмкүн. Ал эми от болбосо, биздин жашообуз кандай болот эле, элестетүү мүмкүн эмес.

Мугалим: Жер өзүнүн балдарын ынтымакка чакырды. “Анык жери түз жүрүп, өзүңдү жөнгө сала бер” дейт, муну кандай түшүнөсүңөр?

Окуучу: Ар бир жаратылыштын кубулушу өз ордунда жүргөнү оң дейт, анткени, ар бир нерсе өз орду менен колдонулса, анын зыяны тийбейт. Бул сөз адамдарга да тиешелүү, себеби биз да түз жүрүшүбүз керек.

Мугалим: Жакшы, азаматсыңар! Силердин сөзүңөрдөн жыйынтык чыгара турган болсок, жаратылышы кубулуштарынын баары бизге керек экен. Биз ар бирине аяр мамиле жасашыбыз зарыл турбайбы. Эгерде, бул кубулуштардын бири эле жок болсо, анда жашообуз кыйындайт. Эми силер менен жаратылыш кубулуштары жөнүндө кыскача видеослайд көрөбүз (3 мүнөт).

(Видеослайд көрсөтүлөт, анда негизинен жаратылыш кубулуштарынын пайдасы, ошондой эле зыян жактары тууралуу чагылдырылат.)

Мугалим: Балдар, бул видеослайддан эмнени көрдүңөр?

Окуучу: Жаратылыш кубулуштарынын пайдалуу жана зыяндуу жактарын.

Мугалим: Кандай зыяндары бар экен?

Окуучу: Эгер отко туура мамиле жасабасак, бардык жакты оңой эле күйдүрүп жиберет, ал эми шамал катуу болгон өлкөлөрдө деңиздеги, океандагы суулар көтөрүлүп, бардык жакты агызып, куюндар үйлөрдү учуруп кетиши мүмкүн. Адамдар үй-жайсыз, жада калса өмүрүнөн ажырашы ыктымал.

Окуучу: Катуу жамгыр жааса, сел болуп зыянын тийгизет. Сел да эгин талааларын, адамдардын үйлөрүн агызып жибериши мүмкүн.

Окуучу: Жердин да титиреп кетиши, адам баласына гана эмес, бардык жандууларга зыянын тийгизет. Жер титирөө – абдан коркунучтуу. Канчалаган адамдар үйсүз калышы мүмкүн.

Мугалим: Жакшы, балдар! Силер жаратылыш кырсыктарын абдан жакшы айтып бердиңер. Демек, жаратылыш кубулуштарынын бир гана пайдасы эмес, зыяны да бар турбайбы. Эгер байкаган болсоңор, акын Тоголок Молдо жаратылыш кубулуштарынын пайдалуу, зыяндуу жактарын көркөм сөз менен абдан мыкты айтып берди. Силер аны чеберчилик менен аткарып бердиңер.

Экинчиден, акын бул чыгармасы аркылуу баарыбызды ынтымакка чакырды, текебер, мактанчак болбоого үндөдү.

Силерге дагы бир суроо өзбек элинин да жаратылыш кубулуштары тууралуу ырларды билесиңерби?

Окуучу: Мен Рауф Парпи деген акындын “Ёмғир ёгар” деген ырын билемин:

Ёмгир ёгар, шиғалап ёғар,
Томчилар томчилар сочимга,
Ёмғир ёғар, шиғалап ёгар,
Ҳам кайғумга, ҳам қувончимга.

Ёмгир ёгар, шиғалап ёғар,
Мен унга очаман бағримни,
Ёмгир ёгар, шиғалап ёғар,

Аста унутаман ёмғирни.

Мугалим: Азамат, дагы ким билет?

Окуучу: Мен Ойбек акындын жер жөнүндөгү ырынан үзүндүдөн мисал келтирсем:

Кўксимдаги севинч шунча зўр,
Думалайман майсада танҳо.
Гоҳ тентираб кетаман узоқ,
Ерни қучиб ўпаман гоҳо.

Қир тепалар, адирлар чаман,
Кўклам ейган ҳар ерда гилам.
Олтинланган ҳушёқар ҳаво.
Шўх, маст шамол тинмайди бирдам.
Эскертүү: окуучулар ушул сыяктуу улантышат

Жыйынтыктоо

Мугалим: Азаматсыңар, балдар! Залкар акын Тоголок Молдонун “Жер жана анын балдары” чыгармасы аркылуу биз жаратылыш кубулуштарынын бизге канчалык зарыл экендигин, адам баласына пайдалуу жактарынын көптүгүн билдик. Ошондой эле, эгер кайсы бир жаратылыш кубулушунун бири эле жок болсо, Жер планетабыздагы жалпы абал туруксуз болушун да видеслайддан көрдүк. Бирок, акындын айтайын дегени ынтымактуу болуу идеясы. Бул чыгарманы окугандан кийин биз бири-бирибизге атандашпай, ынтымактуу болушубуз зарыл. Анткени ынтымак болсок, биз текеберликтен, көрө албастыктан арылабыз.

Андан башка, сабакта жаратылыш кубулуштарынын пайдалуу жактары менен кошо зыян жактары да бар экенинин байкадык. Мындан биз жалпы эле курчап турган дүйнөгө аяр, жакшы мамиле жасообуз зарыл экен.

Ал эми, жаратылыш кубулуштары тууралуу кыргыз акындары да, өзбек акындары да чыгармаларга кошуп, даңазалап ырдашкан. Алар жердин, суунун, оттун, жамгырдын, шамалдын касиеттери адам баласынын жашоосунда зор мааниси бар экенин айтышкан.

Баалоо.

Үй тапшырмасы.

Аягы.

4-тиркеме

Кыргыз адабияты 5-класс

Сабактын темасы: «Акыл Карачач» жомогу

Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк максаты;

Жомоктун сюжетин окуучуларга жеткирүү. Текстке тилдик талдоо жүргүзүүгө үйрөтүү. Конфликттер жана аларды жараткан кырдаал-шарттар, ыймандык кагылыштар жөнүндө да маалымат берүү. Жомоктун таасирдүүлүгүн арттыруу.

Тарбия берүүчүлүк максаты;

Окуучуларды сабырдуулукка, эмгекчилдикке, Ата Мекенди, ата-энени сүйүүгө тарбиялоо. Адамдык асыл сапаттарды калыптандыруу. Кыргыз элинин маданиятын таанытуу.

Өнүктүрүүчүлүк максаты;

Кыргыз адабияты менен адеп сабагынын байланыштуулугун ачып көрсөтүү. Сынчыл ойломдун стратегиялары аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү.

Сабактын жабдылышы:

Жомок боюнча тартылган түстүү сүрөттөр, дидактикалык таркатмалар, ватмандар, маркерлер, техникалык каражаттар, окуучуларды баалоо үчүн пайдаланылуучу улуттук буюмдардын үлгүлөрү ж.б.

Сабактын тиби: Сынчыл ойломдун стратегиясы

Сабактын түрү: Жаңы теманы түшүндүрүү

Сабактын жүрүшү:

а) Уюштуруу

в) Жаңы тема

Тема сынчыл ойломдун “Тыным менен окуу” стратегиясы аркылуу окутулат. Мында балдар эркин ой жүгүртүшүп, чыгармачылык шыгы артат.

1. ***Акыл Карачач, кырк ирик, жамгыр, Жээренче чечен, калп айтуу, хандын каары, акылдуулук, сөздүк күчү, Төлөмырза, узун жолду кыскартуу, отун алуу.***

а) бул ачкыч сөздөрдү пайдаланып ар бир окуучу өз алдынча кыскача текст түзүп чыгышат;

б) түзгөн тексттерин жуп-жупта талкуулап чыгышат;

в) каалоочулар жазган тексттин окушат;

г) текстти оозеки талкуулашат;

(Окуучулардын жазган тексттери чогуу тиркелет)

2. Балдарга тексттин кыскача 1-бөлүгү таратылат.

а) Көңүл коюп шашпай окуп чыгышат;

б) Кимдин жазган тексттине дал келгендигин талкуулашат.

(Текст окулуп жатканда күү уктурулат)

1-тыным

Өткөн бир заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче **чечен** деген киши болуп, анын Төлөмырза деген уулу бар экен. «Өмүрүндө чын айтпаган калпычы бала» деген сөздү Жээренче чечен күн сайын элден уугучу болду. Бир күнү Төлөмырзаны сынамакка караңгы түндө ээрчитип келе жатып: «Балам, менден көрө көзүң курч эмеспи, асты жагыңды карачы, мага аркарга окшош нерсе көрүнөт», - деди. Анда Төлөмырза: «Аркар экен, козусун эмизип турат», - деди. Ошондо жээренче чечен: «жаның чыккан жалганчысы экен», - деп өкүндү. Төлөмырза карга атса, кийик аттым деп элге мактанат. Анын колунан эчтеке келбейт, бул иш эл үчүн да, атасы үчүн да маалым болду. Төлөмырза бир күнү көпчүлүк элге адатынча калп айтып калды: «Баягы күнү бир кийикти атып жиберсем, кулагынын учу менен туягынын учуна тийип, кийигим аман кутулуп кетти», - деди.

Анда Жээренче чечен: «Атаа, балам ай, туягы менен кулагын кашынып турганда аткан экенсиң ээ», - деди. Төлөмырзанын калптыгына айраң калып турган элге Жээренче чечендин сөзү орун болуп бастырып кетти. Үйүнө келгенден кийин: «Атаа, жаның чыккан балам, эпсиз жерден калп айтып, эбине келтире албай эсим кетпедиби, мындан кийин адам болом десең, калп айтпа. Калп айтсаң, өмүрүң менен ырысыңа чоң зыян келтирет» - деп жалгыз баласы жанына тынчы жок, сөзүндө чыны жок, жаман бала чыгып калганына капаланды.

Бир күнү баласын ээрчитип жолдо келе жатып: «Ат жалына казан ас», - деди. Төлөмырза түшө калып аттын жалына от коюп, өрттөп жиберди. Жээренче чечен: «Ээ, балам, ат жалына казан ас» деген канжыгадагы тамакты ат үстүнөн жейли деген сөз болот», - деди. Дагы бир топ узагандан кийин: «Балам, узун жолду кыскарт» - деди. Төлөмырза түшө калып жолду кетмендеп калды. Жээренче чечен: «Кетмен менен кыскарта албайсың, балам, «узун жолду кыскарт» деген өткөн-кеткенден кеп сал деген сөз. Кеп эрмек болот: адамга жолдун кандай өткөнү билинбей калат, узун жолду жүрүштүү ат менен кызык сөз кыскартат», -деди. «Бул боюнча калганда жалгыз уулум, Төлөмырзам, мырза да болбойт, тукум да, туяк да болбойт экен, «аял жакшы болсо – эр жакшы болот, акыл оошот, ырыс жугушат» деген эл сөзү бар эмеспи. дүйнө жүзүнөн издеп, бир жакшы колукту алып берейин» - деп, Жээренче чечен атты келиштирип минип, тонду кийип, эл аралап кыз издөөгө жөнөдү. Барбаган эли калбай, бастырбаган жери калбай, алты ай чамасында жүрдү. Кыз элде көп, бирок Жээренче чечендин издеген кызы жок.

3.Эми окуя кандайча уланат, мындан ары эмне болору божомолдонот.

а) жеке;

б) жупта талкуулашат;

4. Балдарга тексттин кыскача 2-бөлүгү таратылат.

а) көңүл коюп шашпай окуп чыгышат;

б) кимдин жазган тексттине дал келгендигин талкуулашат;

(Текст окулуп жатканда күү уктурулат)

2-тыным

Элдин баарын карап жүрүп капаланып-кайгыланып, Жээренче чечен үй жагына кайтмак болду. «Баламдын бактысы жок жаралган экен да, ушунча журттан бир ылайыктуу кыз табылбаганы», - деп келе жатса, айылдын четинен бир топ кыз-келиндердин отун көтөрүп келе жатканын көрдү. Ал аңгыча күн жаады. Келиндер, алы келгендери музоосун жетелей, отунун көтөрө үйлөрүнө качышты. Кыздардын баары музоосун эмизип, отунун таштап, үйүн көздөй чуркап кетишти. Бир кыз музоосун эмизбей кармап, отунун чапаны менен жаап, өзү отундун астына олтуруп калды. Жээренче чечен кыздын жанына келип: «ээ, балам, тиги кыздар жүгүргөн бойдон үйүнө кетти, сен эмне себеп менен жаанды тосуп отуруп калдың?» - деди. Кыз: «ээ, ата, ал кыздардын төрт зыяны бар, менин бир зыяным, үч пайдам бар», - деди. Жээренче чечен: «Пайдаң кайсы?» - деп сурап калды. Кыз: «Музоом эмген жок, отунум кургак калды, өзүм суу болгонум жок, энем үйгө барганда урбайт, бул үч пайдам, чапаным суу болду, бир зыяным ушу. Кыздардын музоосу эмди, отуну суу болду, кийими да суу болду, музоону эмиздиң деп энеси урат, качып кеткен кыздарга төрт жагынан тең зыян болду», -деди.

Жээренче чечен: «Жарадың, балам, силердин үйүңөр кайсы?» -деп сурады. Кыз: «ээ, ата, айылга барсаңыз эле таап аласыз, келиштирип кырк найза сайган үй биздики», - деди. «Издегеним табылды, - деп сүйүнүп, айылды аралап жүрүп кырк найза сайган үй жок болгондуктан, кыз мага табышмак кылып айткан экен, кырк найзасы үзүгүнөн кырк уук көрүнүп турганы го», -деп Жээренче чечен ойлонуп баягы үйгө барып түштү. Ата-энеси дагы жакшы адамдар экен. Алынча сыйлап, сүйлөшүп отурушту. Аңгыча күн ачылды, отунду көтөрүп, музоону жетелеп кызы келди. Кыздын аты – Карачач экен, конок тамагын жеп, эл жатар мезгилде Жээренче чечен Карачачтын ата-энесине сөз баштады: «Менин жалгыз уулум бар эле, өзүмдүн атым Жээренче чечен, баламдын аты Төлөмырза, балама элден кыз жакпай, алты ай болду жолго чыгып кыз издегениме. Ушул сиздин балаңызга көңүлүм түштү, Кудай буйруп куда болсом, балам экөөнүн бактысы ачылса деген талабым турат. Эгер силерге бул сөзүм эп болсо», -деди.

Кыздын ата-энеси: «Сиздин айтканыныз жакшы кеп, биз өзүбүз бечара адамбыз, бир жаман жалгыз кызыбыз бар, сиз айтылуу Жээренче чечен деген Жаныбек хандын чечени болсоңуз, балаңыз Төлөмырза элден-журттан кыз жактырбай тандап жүрсө, менин кызым көңүлүнө жакпас бекен? Буга жоопту кызым өзү билип берсин»,-деди.

Карачач атасынын сөзүнө карата: «Бул киши алыстан келген азил конок экен, кызым билет деп мага шылтаганыңар туура эмес, кадимкиден калган нускалар, нарк-насаатыңар бар, бир кызды ата билип берет, бир кызды эне билип берет, акыры иш ордуна келет, берер болсоңор мага шылтоо кылбай эле, абийирдүү киши көрүнөт, түз жооп бербейсиңерби»,-деди. Бул кыздын айтканына Жээренче чечендин ичи ысып, сөзгө кирди. «Кана, кудагый оозум батып айта албай отурдум эле, мага балам өзү жооп берди. Карачачтын аты – Акыл Карачач болсун, бактысы ашык болсун, жей турган калыңынарды

айткыла, эл көзүнө көркөмдүү түшкөнүм жакшы болот, төөдөн, уйдан, жылкыдан, койдон канча менен келейин, атыбыз кыргыз болгон соң, салтыбыз, наркыбыз орду менен болгону жакшы, жакшылык талап өмүр соодасы эмеспи»,-деп Жээренче чечен айтып калды. Буга кыздын энеси: «Жалгыз кызымдын калыңын айтып, башына аркан салгансып, малга кантип айырбаштайын, жол-жобосун, наркын-салтын кызым өзү эле билсин», - деди. Акыл Карачач: «менин ата-энем бечара кишилер, кызын малга сатууга алдары келбейт. Кызы малга сатылып барбайт, орду табылса Карачач кадыр-көңүл түз келген жерге барат, калың, мал деп каржалбаңыз», - деди.

5.Эми окуя кандайча уланат, мындан ары эмне болору божомолдонот.

а) жеке;

б) жупта талкуулашат;

6. Балдарга тексттин кыскача 3-бөлүгү таратылат.

а) көңүл коюп шашпай окуп чыгышат;

б) кимдин жазган тексттине дал келгендигин талкуулашат;

(Текст окулуп жатканда күү уктурулат)

3-тыным

Тойго Жээренче чечен малды арбын союп, башына той башкаруучу коюп той берди, сегизинчи күнү Жээренче чечен Акыл Карачачты үйүнө алып кетти. Акыл Карачач келгенден тартып, Жээренче чечендин иши оңоло баштады. Мунун кабары Жаныбек ханга угулду: «Келини келишимдүү жакшы болгон экен, баягы Төлөмырза жок, салабаттуу киши болуп калыптыр» - деп уккандан кийин, барып келинин көрөйүн деп, Жаныбек хан келди. Жээренче чечен алынын бардыгынча кызмат кылып, Жаныбектин келгенине сүйүнүп конок кылды. Жаныбек Төлөмырзанын колуктусун үстүнө чакыртып алып, ичинен: «Муну алуучу аял экен», - деп ойлонуп: «Келинде төрт суроом бар. Акыл Карачач жооп берсин», - деп кепке кармады. Акыл Карачач: «Эби келсе сурооңузга жооп берейин, сурооңузду сураңыз», - деп айтып калды.

«Тулпарды уйга сатса не болот?

Атты эшекке сатса не болот?

Туйгунду каргага сатса не болот?

Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот?

Ушул сөзүмдүн жообун таап койгун, эртең кабар аламын», - деп Жаныбек хан аттанып кетти.

Бул сөзгө Жээренче чечен капа болуп калды. Акыл Карачач: «Атаке, бул сөзгө эмне үчүн капа болосуз, жооп табылар, «Хандын пейили бузулса, калкына бүлүк түшөт, башына чүлүк түшөт» дептир, хан Жаныбек жакшылык көрбөс, өзүнүн жакынынан өлөр, аман болсоңуз аны көрөрсүз, мен анын сөзүнө жооп берем», - деди.

Хан Жаныбек эртеси энтелеп келип, сөзүнүн жообун сурады.

Камыкпаган Карачачтын Жаныбекке берген жообу:

«Жаныбек ханым, бузулду заңың,

Бул кандай жорук, тынчыбаган жаның.

Тулпар тушунда, күлүк күнүндө.

Күч бербеген тулпардан – сүтүн берген уй жакшы.

Пайдасы жок туугандан – пайдасы тийген кыйыр жакшы.

Чабал аттан чарчабаган эшек жакшы.

Жаш жыгач отундан – жаркырап күйгөн тезек жакшы.

Карга конгон, кузгун тойгон каздын тарпынан үксүйүп үмүт кылган туйгун оңчубу?

Эски наркта мындай шумдуктуу жорук болчубу?

Ханым, менин тапканым ушу, сиздин укканыңыз ушу», - деп ханды карап бир аз ойлонуп туруп, Акыл Карачач басып кетти. Хан Жаныбек арданып, үйүнө кайтты.

Хан Жаныбек Карачачты алууну ойлонуп, каарын төгүп, ар түрдүү кыстоо салмакчы болуп, Жээренче чеченге желдет жиберди. «Эртең Жээренче чечен алдыма келсин, келгенде ат минбесин, төө да минбесин, жөө да келбесин, жол менен да келбесин, жолсуз жер менен да келбесин», - деп буйрук кылды. Желдет буйрукту угузганда Жээренче чечен убайымга түшүп, келини менен кеңешти. Акыл Карачач атасы Жээренче чеченге мындай деди:

- Эрте туруп текени жука токуп минип, эки жолдун ортосундагы кыры менен барыңыз, хан суроо сураса: ат, төө мингеним жок, теке минип келдим, жол менен да, талаа менен да келгеним жок, кыр менен келдим деп жооп бериңиз, хан Жаныбек сөзгө жыгылат.

Жээренче чечен тепейтип теке минип, эки жолдун ортосундагы кырга кирип, хан жаныбектин ордосуна барды. «Ханым, буйругуңузду аткарып келдим: ат, төө мингеним жок, жөө да келгеним жок, теке минип келдим. Адам учкаштырбай жеке минип келдим. Жол менен да, талаа менен да келгеним жок, эки жолдун ортосундагы кыр менен келдим. Ханым, каарына калгандай көрүнөм, кайгылуу сыр, калың чер менен келдим», - деди. Кырк ирикти айдап капа болуп, Жээренче чечен үйүнө келди. Акыл Карачач алдынан тосуп чыгып: «Ата, бүгүн койлуу болуп калыпсыз го», - деди. «Ээ, балам, атаңдын өлбөгөн жаны курусун, кararган ханы курусун, ушул ириктин көзүн бурбай козулатып бер дейт, айла барбы, айдап келдим» - деди. «Ата, капа болбоңуз, бул арзан иш турбайбы» - деп, кырк күнгө чейин Акыл Карачач койду бирден союп, бере берди. Жээренче чечен: «Эрте өлгөн кулмун», - деп этин жеп жата берди. Кырк күнү бүткөндөн кийин, хан Жаныбек салтанат менен аттанып, койдун жообун алмакка Жээренче чечендин үйүн көздөй жөнөдү.

7.Эми окуя кандайча уланат, мындан ары эмне болору божомолдонот.

а) жеке;

б) жупта талкуулашат;

в) балдар чыгарманы кандайча бүтүрөрү жөнүндө айтышат;

4-тыным

Келер күнүндө Карачач отун алымыш болуп, хан Жаныбектин жолун тосуп чыкты. Көңүлү кызып калган хан Жаныбек Карачачты көрө салып, бура

тартып: «келиним, отун алып жүрүпсүң, атаң эмне кылып жатат?» - деп сурады. Карачач: «Өзүм жалгыз болгон соң отунга келдим. Атам болсо үйдө толготуп төрөгөнү жатат», -деди. – «Жаның чыккан Карачач, эркек киши да төрөчү беле», - деди. «Ханым, сөзүңүзгө кулдук, хан сөзү эки эмес, айла канча, сиздин эркек коюңуз да туучу беле?» – деди.

Хан Жаныбек өзүнүн сөзүнө өзү байланып, сөзгө жыгылып кайтты. Хан кетери менен Акыл Карачач үйүнө келип, ханга берген жообун кайнатасына айтып берди.

Бул сөзгө Жээренче чечен өтө ыраазы болуп: «Бир өлүмдөн калдым», - деп кубанды.

Эртесинде хандын дагы бир жигити кели: «Бул буйругум эки эмес, отуз күндүн ичинде, таштан тарамыш кылып, кумдан өтүк тигип берсин», - деген хандын буйругун айтты. Жээренче чечен мойнуна жүк түшкөнсүп: «Иш кыйын, таштан тарамыш, кумдан өтүк болчу беле, кулак угуп, көз көрбөгөн мындай иш болучубу, мындан көрө каарына албай, мынчалык азаптабай, колунан келип турат, өлтүрүп салып, бир жолу жанымды тындырбайбы», - деди.

Анда Акыл Карачач: «Ата, сабыр кылыңыз, сабырдын түбү сары алтын. Сабыры жок Жаныбек саманын сапырып жатат, өз калкын өзү кыстап, напсисин бузуп жатат, аман болсоңуз, мындан арзан кутуласыз, шашпай сабыр кылып отуруңуз, мен сизге айтпадым беле:

Адамды шайтан азгырат,
Артык дөөлөт мас кылат.
Тумшугу таштай катарда,
Тууганы менен кас кылат.

Жалаң эле биз эмес, жандын баарына көзү өтүп, жабыры ашып кетти. Жетим-жесирдин ыйлаган үнү жетер, ашыгып сабырсыздык кылбаңыз» - деп Акыл Карачач атасы Жээренче чеченге насаат айтты.

Жаныбек убада кылган күнүнө чейин Акыл Карачач оокатын кылып жүрө берди. Убадасы бүткөн күнү башкача кийинип, түсүн буруп жооп алмакка Жаныбектин алдына барды: «Хан азиретим, бечарачылык кыйын экен, кумдан бир өтүк тиктирип жаттым эле, буга таштан тарамыш табылбады, сиздин казынаңызда бардыр деп сурап келдим эле», -деди.

Айтканы эсинен чыгып калган жаныбек хан: «сен кандай акмаксың, соосуңбу же жиндисиңби, кумдан өтүк, таштан тарамыш болчу беле, калжырабай кет», - деди. Акыл Карачач бетине түшүрө салынган жоолугун өйдө тартып, түсүн көрсөтүп: «Ханым, оюңузга кулдук, сиз буюруган кум өтүктүн, таш тарамышынын камында жүрдүм эле, андай болсо хандын буйругунан кутулган турбайбызбы?», -деп жүгүнүп тура калды. Жаныбек айтылуу Карачач экенин билип, токтолуп башка сөз айталбай жерди карады. Акыл Карачач үйүнө келип, Жээренче чеченге окуяны айтып берди. Жээренче чечен Акыл Карачачтын акылына ыраазы болуп: «Кайырлуу жакшы өмүр сүргүн, канча бир өлүм, ажалдан аман алып калдың», - деди.

Ал аңгыча болбоду, камынып турган Жээренче чечендин колун байлап Алтай тоосундагы кара калмакка айдап, буга кошуп Толубай сынчынын уулу

Миңжашарды, Асанкайгынын уулу Төлөнгүттү жиберди. Калмактын ханы булардын жайын байкап көрүп, үчөөнү үч жерге таратып бөлүп таштады.

Жаныбек Төлөмырзаны жан ордуна көрбөй жабыркатып ишке салып, Карачачты алайын деп кашына көчүрүп алды. Бирок Акыл Карачачты ала албай бир жыл өттү. Акыл Карачач жакшы сөз менен Жаныбектин өз иниси Бердибекти бузуп: «Жаныбектен жан адамга пайда болбойт, бул агаңды өлтүрүп, калкыңа хан болгун, мен сенин койнуңдагы зайыбың, колуңдагы айымың болоюн» - деп, Бердибекти кепке көндүрүп алды. Бул кабар тарап, Алтайдагы туткунга байланган Жээренче чеченге угулду.

Кабарды уккандан кийин, Жээренче чечен жалпы элине табышмак менен кабар салды: «Эгиниңер жакшы чыгып, жакшы бышты деп уктум, орокчуңар шай экен, кыштын арты кандай болот? Кышка калтырбай эрте оруп бүтүрүп алгыла. Толубай, Токтогул, Асан кайгыга кабар салыңар. Бир сокур кара кашка текем бар, сакалынан байлап, көзүн оюп, көлгө салыңар, бир тик мүйүз эчким бар, кой баштатып ала келгиле. Болор-болбос бычагым бар, мизи курч кестигим бар, унутулуп журтта калбасын», - деп жазып жиберди.

Кат тийген соң, сөздүн түйүнүн казак, кыргыз жалпы түрк балдары кепке канып, келтирип чече албай айраң калышты, акырында Жээренче чечендин өзүнүн келини айтылуу Карачач чечет го деп катты алып барышып, калктын мыктысы, чоңдору башында карап турушту.

Катты окуп, Карачач бир баштан айтып, табышмак сөзүн таап чече баштады: «Айдаган баштыгыңар бышты дегени – душманыңар болушунча болду, толушунча толду дегени. Орокчуңар шай экен, кышка калтырбай оруп бүтүрүп алыңар дегени – мынчалык кайрат кылыпсыңар, эми катылыңар, орок менен буудайды оргондой кылыңар деп айтканы. Кыштын арты кандай болот дегени – иштин арты кандай болор экен дегени. Толубай, Токтогул, Асанкайгыга кабар салыңар дегени – элдин карыялары иштер убагы келди, жаштарга сөзүңөрдү айткыла дегени. Сокур кара текем бер эле, сакалынан байлап, көзүн оюп, көлгө салыңар дегени – Жаныбек ханды өлтүрүп, сакалынан кыркып, көзүн чукуп, көлгө салгыла дептир. Тик мүйүз кара эчким бар, муну кой баштатып ала келгиле дегени – Жаныбектин иниси Бердибекти колуңарга алып, калкка хан көтөрүп койгула дептир. Болор-болбос бычагым деп – Төлөмырзаны айтыптыр, **мизи курч кестигим** дегени Акыл Карачач – мени кептен-сөздөн калып кемчилик тартпасын, кеп-кеңештен калтырбай ала жүрүңөр дептир.

Калк атасы карыялар, кайраттуу эр жигиттер кайрат кылып, кара сокурга тезинен катылыңар» - деп, Акыл Карачач айтып өттү.

Бул сөздү угуп: «залимдин айтканына, айдаганына көнүп жүрүп да мүйүзүбүз чыккан жок» - деп элдин кыжыры кайнап, Жаныбекти иниси Бердибекке өлтүрүп, Бердибекти хандыкка көтөрүп, Алтайга айдалып кеткен Жээренче чеченди жолдоштору менен алдыртып, чоң той берип, өз жеринде туруп калышат. Ошол убактан ушул убакка чейин эл оозунда:

Толубайдай **сынчыны** айт,

Токтогулдай ырчыны айт.

Жээренчедей чеченди айт,

Алдар көсөө кестикти айт, - деген сөз сакталып калган экен.

8. Беш мүнөттүк эссе жазууга тапшырма берилет.

Сөздүк жумуштары

чечен
айраң калуу
сынчы
кыжыры кайноо
мизи курч кестик
оруп бүтүрүү
сөзгө жыгуу
эски нарк
туйгун
тулпар
музоо
найза
пайда
кадыр-көңүл
калың
мүйүз
орокчу
эчки

Суроолор жана тапшырмалар

1. Жомокту окуп маанисин кыргызча сүйлөп бергиле.
2. Өзбек элинин жомокторунан Акыл Карачачка окшогон каармандарды кездештирүүгө болобу?
3. Залим хан сыяктуулар бүгүнкү турмуштан кезигеби? Мисал келтиргиле.
4. Чечен дегенди кандайча түшүнөсүңөр?
5. Акыл Карачачтын жандырган табышмактарын жатка айтып бергиле?
6. Төлөмырзанын жалганын Жээренченин жаап-жашырган учурларын айтып бергиле.
7. Акыл Карачач кайын атасын хандын залиминен кандай куткарды?

Окуучуларды баалоо: Окуучулардын сабакка болгон активдүүлүгүнө жараша мугалим тарабынан бааланат.

Үйгө тапшырма:

Жомоктогу нускалуу сөздөрдү дептериңерге жазып, окуп тилиңерди жатыктыргыла. Жомоктун негизинде сүрөт тарткыла.